А. Ж. Муратов, Р. А. Асакеева, Б. А. Кыдырбаева

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

5-класс

Жалпы билим берүүчү мектептер
үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлиги тарабынан сунушталган*

Бишкек – 2018

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я721
М 91

*Эксперт* – В. И. Мусаева, педагогика илимдеринин доктору, И. Арабаев атындагы КМУнун Кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын профессору

**Муратов А. Ж., ж. б.**

М 91 Кыргыз адабияты: 5-кл.: Жалпы билим берүүчү мектеп. үчүн окуу китеби./А. Ж. Муратов, Р. А. Асакеева, Б. А. Кыдырбаева – Б.: Билим-компьютер, 2018. – 244 б.

ISBN 978-9967-31-810-6

Бул окуу китеби жалпы билим берүүчү мектептер үчүн программанын негизинде түзүлдү. Китеп 5-класстын окуучуларына арналып, андагы чыгармалардын тексттери жана ошол тексттердин айланасында жүргүзүлүүчү иштер берилет.

## Шарттуу кыскартуулар:

- СӨЗДҮК
- суроолор жана тапшырмалар
- үй тапшырмасы
- кошумча окуу үчүн
- ойлонуп көргүлө
- кино көрүү
- Интернеттен издөө

**М 4306020400–18**

**УДК 373.167.1**
**ББК 83.3 Ки я721**

ISBN 978-9967-31-810-6

© Автордук жамаат, 2018
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2018

# I ЧЕЙРЕК (18 саат)

*Биринчи сабак*

## КИТЕП ЖАНА АДАМ

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Силер, балдар, жайкы каникул мезгилинде кандай китептерди окуп чыктыңар?
2. Ал китептин автору ким, кандай каармандары эсиңерде калды?
3. Ошол китеп эмнеси менен силерге жакты, же жакпады?

### ОЙЛОНУП КӨРГҮЛӨ

1. Адамдар эмнеге китеп окушат?
2. Алгачкы китеп азыр биз кармап тургандай формада болгонбу?

Жок, балдар, адамзаттын тарыхында китеп дароо эле ушул силер кармап тургандай абалда боло калган жок. Китептин тарыхы узак. Адегенде китеп да болгон эмес, китеп болуш үчүн жазуу болушу керек, бирөөлөр жазып, анан аны башкалар окуй билиши керек. Алгач сүрөт жазуулары пайда болгон. Айрым элдерде **тамгаларды ылайга жазып**, анан аны кургатып, катырып коюп, ошолорду окуп, азыркы китеп сыяктуу пайдаланган. Папирус деген өсүмдүктү кагаз ордуна колдонгон доорлор да тарых барактарында жазылып калган.

Кытайда биздин заманга чейинки XVI–XI кылымдарда **иероглиф жазууларын** ойлоп табышкан. Адегенде аларды таш бакалардын таш тонуна, жаныбарлардын терисине, дарактардын кабыгына жазган, кийин **бамбук дарагынын** сөңгөгүнө, жибекке жазууну ойлоп тапкан. Жазууда **дарактардын ширелерин** пайдаланышкан. Биздин заманга чейинки III кылымда тушту ойлоп таап, аны менен жазган. Ата-бабаларыбыз да таш бетине жазгандыгы маалым, ал эстеликтер Орхон-Эне-Сайда, Таласта, Кочкордо азыркы күнгө чейин сакталып келет. Алар жылмакай таштарды таап, ошого чегип, ар кандай окуяларды жазып кылтырган.

I кылымда Кытайда кагаздын ойлоп табылышы менен жазуу маданиятын өнүктүрүүгө жакшы жол ачылган. Кагазга жазуу кыйла ыңгайлуу да, туурабы? Бара-бара китеп басуунун сырлары өздөштүрүлгөн. Байыркы доордо эле Александрияда дүйнөдөгү эң бай китепкана түзүлгөн, мында кол менен жазылган 700 000ге чейин китептер орун алган. Кийин жазуу жана китеп басуу өндүрүшү – басмаканалар ачылган.

Адамдар бири-бирине айта турган ойлорун, кийинки муундарга калтырар сөздөрүн жазып, аларды китеп кылып чыгарышкан. Ошондуктан да кул ээсиби, феодалбы, ханбы, падышабы, диктаторбу, кимиси болбосун, жанына **акыл кошчуларын** алып жүргөн жана эч бир



Ташка жазылган, тартылган сүрөттөр





Шумер жазуулары



Папируска жазган египеттик жазуулар





Кагазга жазылып, кагаз менен тараган китептер





Электрондук китептер

*1-сүрөт.* Жазуунун жана китеп басуунун тарыхы




*1-сүрөт.* Берлин шаарында китепке коюлган эстелик. *Германия*

байлыгын аябай тарбия-таалим берүүчү китептерди жаздырган, алыс жактардан китептерди алып келип өз элине тараткан. Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» китеби дал ушундай жаштарга **насаат берүү** максатында колдонулган. Жусуп Баласагын мындан миң жылдай мурун азыркы Токмок шаарына жакын Баласагын, дагы бир аты Куз-Ордо деген шаарда туулган. Жазган китебин Кашкардын башкаруучусу Арстан хандын небереси Али-Хасандын уулу Табгач Караханга тартууга берсе, ал бул сыйга аябай ыраазы болуп Жусупту сарай кызматына алып Хас Хажиб мансабын ыйгарат. Жусуп Баласагын ошол китептеги тарбиялоо тууралуу, кандай кылганда жакшы адам болуу керектиги жөнүндө пикирлерди, албетте, элден алып, өзүнчө **ырааттуу кылып жазып** чыккан.

Азыркы учурда дүйнөдө 130 миллиондон ашык аталыштагы китептер бар деп болжолдонот, алар адабий-көркөм, саясий, илимий ж. б. китептер. Булардын ичинен биз сөз кылчу адабий-көркөм китептер адамдарды аруу жолго баштоо үчүн, аларды тарбиялоо үчүн, окуганда кубанып, кайгырып, ызалантып, күлдүрүп ж. б. ар кыл сезимдерин чыгаруу үчүн окурманга кызмат кылат. Жазуучу Чыңгыз Айтматов мындай дейт: «Бала кезде Мухтар Ауэзовдун китептери менен кезигип, **өмүргө тете арууланганым эсимде**, Шолоховдун романдарына муюганымды да унута албайм, ошондо мен сөздүн өз кенчи болорун биринчи ирет түшүндүм жана **жан дүйнөм менен сездим**, жазуучулук өнөрдүн азгырыгы ушунчалык белем, кагазга тизилген сөздөрдүн ар бирин аңтарып, ары жагында катылган сырдуу күчтү көргүм келчү». Мына ушундай китепке берилип окуп, жан дүйнөсүн байыткан үчүн ал аалам аралаган айтылуу чыгармаларын жаратты.

ОЙЛОНУП КӨРГҮЛӨ

Жогорудагы эстелик эмне үчүн жасалган? Эмнеге ал Германияда коюлган?

Китеп – адашканда жол көрсөткөн шам чырак, ал кишинин **башына мүшкүл түшкөндө** аны унуттурчу дары, аны көп окуган адам **кыянатчылыкка**, абийирсиздикке бара албайт.

Акын Алыкул Осмонов мындай ыр саптарын жазат:

Китепти сүй, баркын бил,
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал ошонун жакыны.

Сүттөй таза тилеги,
Деңиздей кең талабы.
Көктөй тунук акыйкат,
Анын ар бир барагы.

Мына ошондуктан, балдар, китеп менен дос болгула! Ар дайым жаныңарда окуй турган китептер болсун!

СӨЗДҮК[1]

тарыхы узак
тамгаларды ылайга жазуу
иероглиф жазуулары
бамбук дарагы
дарактын ширеси
акыл кошчулар
насаат берүү
ырааттуу кылып жазуу
өмүргө тете арууланyy
жан дүйнө менен сезүү
башына мүшкүл түшүү
кыянатчылык

МАКАЛ-ЛАКАПТАР[2]

Тарбия кени – китепте.
Китеп – элге, суу – жерге.
Китеп – окуу булагы, өнөр – турмуш чырагы.

ЖАҢЫЛМАЧТАР[3]

Ээр жээрденики, жээрде жезденики.
Жезде жээниникинде, ээрди жездесиз бербейм деди.

* * *

Ээрчигендер ээрчибегендерди ээрчибедиңер деп,
Ээрчибегендер ээрчигендерди ээрчидиңер деп,
Ээрчигендер менен ээрчибегендер айтышты кеп.
Же эми ээрчибегендер ээрчигендерди жеңет,
Же ээрчигендер ээрчибегендерди жеңет.

---

[1] Бул жерден ар бир сөздүн же сөз айкашынын маанилерин мугалимдин жана сөздүк китептеринин, Интернеттин жардамы менен издеп таап, «Сөздүк дептерине» жазуу жумуштары жүргүзүлөт.
[2] МАКАЛ-ЛАКАПТАР жаттоого берилет.
[3] Жаңылмачтар жаттоо үчүн берилет.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Сен китеп жазгың келеби? Китеп жазсаң эмне тууралуу жазар элең?
2. Үйүңөрдө китепкана барбы? Ата-энелериңердин, сенин канча китебиң бар?
3. Жупта иштегиле. Адамзаттын басып өткөн жолундагы китептин тарыхы: туурасы жана катасы.

| Ырастоолор | Туура | Ката |
|---|---|---|
| Адегенде китеп басуу станогу табылган | | |
| Компьютер китепти жеңип кетти, эми китеп окулбайт | | |
| Таш бетиндеги жазуулар бир элден бир элге жиберилген | | |
| Александрия китепканасын өрттөп ийишкен | | |

4. Таблицаны толтуруп жазуу.

| № | Учкул сөздөр | Сенин түшүнүгүң | Өз кебиңе кошуп сүйлө |
|---|---|---|---|
| 1. | «Китеп – билим булагы» | | |
| 2. | Китеп «Арамдыктан тазалап, жакшылыкка ээрчитет» (*А. Осмонов*) | | |
| 3. | «Кайгырсам да, муңайсам,<br>Китеп ачат көөнүмдү.<br>Көп окусам китепти,<br>Көрө баштайм өөнүмдү». (*А. Токомбаев*) | | |
| 4. | Китепсиз дүйнө – караңгы. | | |
| 5. | Китепсиз үй – көрүстөндөй. | | |

**ОЮН УЧУРУ.** 6 окуучудан 2 топко бөлүнгүлө, калгандар калыстар тобу болот. Ар бир топ баракка окуган китептерин, авторлорун, башкы каарманын жазат. Убакыт 3 мүнөт. Кайсыл топтун окуган китеби көп болот. Чын эле ошол китепти окудубу? Башка топ суроолор берүү менен текшерип алса болот. Калыстар жыйынтык чыгарат.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. «Китеп – менин дүйнөмдө» деген темада дилбаян жазуу.
2. Улуу адамдардын китеп тууралуу айткандарын жазып келүү.
3. Жазуучулар кандайча китеп окушкандыгы тууралуу аңгемелешүүгө материал даярдап келүү.
4. Инсерт таблицасын толтуруу.

| Билем (V) | Жаңы билимге ээ болдум (+) | Мурдагы билимге каршы келет (–) | Түшүнбөдүм, талкуулоого туура келет (?) |
|---|---|---|---|
| | | | |

[1] ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ мугалимдин тандоосу жана алымча-кошумчасы менен сунушталат.

## ЭЛДИК ЖОМОКТОР

*Экинчи сабак*

### КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖОМОКТОРУ ТУУРАЛУУ

Жомоктор – кыргыз фольклорунун эң кеңири тараган жанры. Аларды айбанаттар тууралуу, кереметтүү-укмуштуу жана турмуштук жомоктор деп үчкө ажыратып караганыбыз менен бул бөлүштүрүү өтө эле шарттуу, турмуштук жомоктордун ичинен дале айбанаттар тууралуу окуялар, баяндар кошулуп кете берет. Айбанаттар тууралуу жомоктордо окуянын катышуучулары ар кандай жаныбарлар болуп, ошол каймаланалган жандыктар барып-келип эле адамдарды көрсөтүп берет, андыктан да мындай жомоктордон тигил же бул кишини аңдап түшүнүүгө болот.

Бул жомоктор – адамдар өзүнүн ыйманын көрө турган күзгү. Айбанаттар тууралуу жомоктор элдик тамсилдер менен тамырлаш, алар түпкүлүгү бир эле жанрлар. Мындай чыгармаларда айрым учурда айбандар менен бирге адамдар да катыша берет, бул болсо адам менен табияттын жакындыгынын көрсөткүчү. Байыркы мезгилден тартып, соңку кылымдарга чейин эле кыргыздар аңчылык менен күн көрүп, ар кандай жаныбарлардын кулк-мүнөзүн, кебете-кешпирин жакшы байкашкан, ошол байкоолорун жомоктордо пайдаланган. Айбанаттар тууралуу жомоктордо туруктуу образдар кездешет. Мисалы, түлкү – куу, митайым болсо, карышкыр – ичкич, жегич, каардуу, коён – коркок, сагызган – сүйлөөк, алдамчы ж. б.

Ал эми кереметтүү, укмуштуу окуялар жөнүндө жомоктордо болбой турган, болууга мүмкүн эмес фантастикалуу сюжеттер, каармандар орун алат. Каармандар жалгыз көздүү дөө, жети баштуу желмогуз кемпир, сүйлөгөн таш, сыйкырчы ж. б. нерселер болот, мында жайыл дасторкондор, уча турган килемдер, дүйнөнү көрсөтүүчү күзгү ж. б. буюмдар каармандарды коштоп жүрөт.

Турмуштук жомоктордун окуялары турмушта болушу мүмкүн болуп сезилет, бирок алар чындыкка негизделбейт, жомоктук сүрөттөө жана образ түзүү жолу тандалат.

Эң негизги жомоктун касиети – окуялуулугу, ошол окуянын кызыктуулугу, түшүнүүгө жеңилдиги.

Жомокторду адамдар ушундай болсо деген тилектен улам чыгарган, алардын каармандарынын каршысында кандай кара күчтөр турса да, кыйналып-кысталып жүрүп акыры жеңип чыгат. Андыктан да анын башкы каармандары жетим бала, жетим кыз, жалгыз бала, бир кемпир-чал, акылдуу дыйкан, таз бала ж. б. бей-бечаралар болот, алар акыры максат-муратына жетип, «жыргап-куунап» жашап калат.

Жомоктордун тарбиялык таасири – кандай гана оор, кыйын нерсе болбосун адам баласы аларды жеңе алат, акыры чындык, актык адам-

ды бакытка бөлөйт деген ойду сиңдире алгандыгында. Жомоктордун окуяларын жана каармандарын сүрөттөөдө чек жок, каармандар ойго-тоого, жер астына, асманга кете берет, андыктан мындай чыгармалар биздин учкул кыялыбызды өстүрүүгө, көтөрүүгө аябай жакшы көмөк берет. Биз өзүбүз да жомокторду чыгарып, жомок дүйнөсүндө жашап калган учурлар болот.

Жомоктор өтө кыска 2–3 саптан тартып, бир нече күндөп айтса да түгөнбөгөн көлөмдө эл арасында тарайт.

Кыргыздарда ар бир ата-эне, чоң ата-чоң эне түпкүлүгүндө жомок айтып бере алат, дүйнөдө жомок чыгаруу жана жомок таратуу жагынан кыргыздардай таланттуу калк жок болсо керек. Элибиздин тоолору, токойлору, суулары, аскалары, жаныбарлары, асманы, өсүмдүктөрү, булуттары... туруш-турпаты менен эле жомокту элестетет.

Анда силер менен элибиз жараткан ошондой сыйкырдуу дүйнөгө киребиз.

## АЛТЫН КУШ

(*Кыргыз эл жомогу*)

Бар экен, жок экен, илгери өткөн заманда бир кедей абышканын жалгыз уулу жана жалгыз түп алмасы бар экен. Алма дарагынын эң башына жалгыз алма түйүлүп, ар жылы бышкан кезде абышка-кемпир аны жеп, жашарып турушчу.

Бир жылы алмасы быша элек кезинде белгисиз бирөө жеп кетет. Алманы ким үзгөнүн билбей, алар айран-таң болушуп, **кезек менен кайтарууга** алышат.



Биринчи жылы алманы абышка кайтарат. Бир түнү уктап калып, **дагы үздүрүп жиберет**.

Экинчи жылы алманы кемпир кайтарат. Бир түнү ал да уктап калып, үздүрүп жиберет.

Үчүнчү жылы алманы кайтаруу кезеги балага келет. Абышка-кемпирдин баласы **чырм этип кирпик талдырбаган, чычканга кебек алдырбаган чыйрак** бала экен. Бала уктабай карап жатса, бир алтын куш учуп келип, алмага конуп жей баштайт. Бала жаасы менен атып, куштун **бир тал канатын түшүрүп** калат.

Эртеси бала канатты ата-энесине көрсөттү да: «Мен бул алтын кушту кайдан болсо да тапмайынча койбойм» – деп, сапарын кезеп шайланып, **күлазыгын** байланып, алтын кушту издеп жүрүп кетет.

Бала жүрүп олтурат, жүрүп олтурат, күн артынан күн өтөт, ай артынан ай өтөт. Бала бир күнү жолдун эки айрылышына келет. Жол боюндагы таштан: «Сол жакка баргандын өзү өлөт, оң жакка баргандын аты өлөт», – деген жазууну окуп: «Өзүм өлгөнчө, атым өлсүн» – деп, оң айрылышына түшөт.

Бала дагы кырк күн, кырк түн тынбай жол жүрдү. Аты **ыргайдай, өзү шыргыйдай болду**. Күлазыгы түгөнүп, арып-ачып келе жатса, туурасынан бир чоң көк карышкыр чыгып, качырып сала берди.

Бала атынан түшө калып, атын өзү мууздап: «Курсагың ач го, андай болсо ме, жей кой!» – деп, карышкырга этти сала берип, өзү артын көздөй кача баштады.

Баланын бул ишине карышкыр аябай ыраазы болду: «Өзүң жаш болсоң да, акылың бар экен. Атыңдын тең этин бышырып ал да, менин жонума мингин. Кайда барсаң да, сени самаган жериңе жеткирейин», – деди.

- Сапарым алыс, самаганым алтын куш, – деди бала.

- Андай болсо жонума мин да, көзүңдү жумгун! – деди карышкыр.

Бала карышкырдын жонуна минип, көзүн жумду. Карышкыр ашуу-ашуу белди ашып, аябаган жол басып жүрүп отурду. Бир мезгилде: «Ач көзүңдү, бала», – деди карышкыр.

Бала көзүн ача салса, бир чоң шаардын ичине келип калган экен. Карышкыр балага бир үйдү көрсөтүп:

- Алтын куш ушул үйдүн ичинде, алтын **туурда конуп олтурат.** Акырын кирип бар да, куштун боосунан кармабай, канатынан көтөрүп чык! – деди.

Бала алтын кушту көргөндө сүйүнүп кетип, карышкырдын сөзүн унутуп койду да, аны боосунан кармады. Куштун бутундагы коңгуроосу шыңгырап кетти, кароолчулар туюп калып, баланы кармап калышты. Эртеси баланы суракка хан алдына алып барды.

Хан балага каарын төгүп:

- Сен эмне үчүн менин алтын туурда олтурган кушумдун уйкусун бузуп, түн жамынып чоочун бирөөнүн короосунда жүрөсүң? – деди. Анда бала хандын каарынан эч коркпой туруп:

- Ханым, кулдугубуз бар. **«Баш кесмек бар, тил кесмек жок»** деген. Менин карыган ата-энемдин жалгыз түп алмасы бар эле. Анын башына ар жылы бирден алма бышып, аны жеген сайын карыган ата-энем дайыма жашарып турушчу. Төрт жылдан бери ошол алманы куш барып жеп кетет да, ата-энем улам картайгандан картайып баратат. Алтын кушту ошон үчүн издеп келдим эле, – деди.

Ошондо хан баланын жообуна ыраазы болгондой башын ийкеп:

- Оо, сен картаң ата-энеңдин камын жеп жүргөн азамат экенсиң да! Андай болсо, алтын кушту мен сага берейин. Бирок сен мага туура жакта бир хандын булуттуу **көктүн асты менен, муундуу чөптүн үстү менен канаттуу куштай сызчу, алтын көкүл, кулун жал,** ашкере күлүк аты бар. Сен мага ошону алып келип бер! – деди.

Баланын айласы кетти, ыйламсырап карышкырга жетти. Карышкыр баланы жонуна мингизди да, көзүн жумдуруп коюп, сызган бойдон жөнөп кетти.

Бир кыйла жол баскандан кийин, карышкыр балага:

- Ач көзүңдү! Кыдыра бассаң, кыркасынан кырк сарай бар, кырк сарайдын нары жагында дагы бир сарай бар. Ошол сарайдын ичинде алтын акырдан жем жеп, алтын көкүл, кулун жал, буудан ат турат. Акырын кирип бар да, **аттын чылбырын жетелебей, жалынан кармап** алып чык, – деди.

Бала сарайга кирип барып, алтын көкүл, кулун жал атты көргөндө, эсинен танып кала жаздап, карышкырдын айткан сөзүн дагы унутуп койду, атты чылбырдан кармаганда, коңгуроо кагылды, кароолчулар туюп калышты, баланы кармап алып, ханга алып барышты.

Бала ханга иштин жайын түшүндүргөндө, хан балага ыраазы болду да:

- Сен ата-энеңди жашартуунун камында жүргөн эстүү бала турбайсыңбы! Андай болсо, алтын көкүл, кулун жал атымды мен сага берейин. Бирок сен мага туура жакта бир хандын бели кындай, бети айдай, күмүш үндүү, күн жүздүү, ааламдын ашкан узу, айдай сулуу кызы бар. Мага ошону алып келип бересиң, – деди.

Баланын айласы кетти, ыйламсырап карышкырга жетти. Карышкыр баланы жонуна мингизди да, көзүн жумдуруп коюп, сызган бойдон жөнөп кетти.

Бир кыйла жол жүргөндөн кийин карышкыр балага:

- Ач көзүңдү! Жерге түшкүн да, сен мени күтүп тур. Эми кызга мен барайын, – деди да, жолго түштү.

Хандын кызы кырк нөөкөрүн ээрчитип, сейилдеп чыккан экен. Карышкыр бир чоң чынардын түбүнө жашырынып жатып калды. Ал чынардын жоондугуна сегиз киши кучагын жайса жеткидей эмес. Чынардын дал түбүнөн атырылып чыгып жаткан тунук булак бар экен.

Хандын кызы ар күнү ал чынардын көлөкөсүнө келип эс алып, кырк **нөөкөрү** менен булактын суусуна жуунуп кете турган.

Кыздар чынарга жакындап келген кезде, аңдыган карышкыр качырып келип, хандын кызын көтөрө качты. Карышкыр түз эле балага



келди да, кыз экөөнү жонуна мингизип алып, артына карай зымырап жол тартты.

Жолдо келе жатканда, кыз менен бала бирин-бири аябай жакшы көрүп калышат. «Бир айла кылып, экөөбүздү бири-бирибизден ажыратпоонун амалын таап берсең экен!» – деп, бала карышкырга жалынды.

Карышкыр баланын жакшылыгын эстеп, сөзүн кыйган жок. Шаарга келгенде кубулду да, тиги кыздан да сулуу бир кыз болуп калды. Бала аны ханга ээрчитип барып берди да, андан атын алды.

Кыз экөө булуттай сызган тулпарга минип, жол тартты.

Хан сулуу кыздын жанына жакындап келгенде карышкыр аны жара тартып өлтүрдү да, жылт коюп жолго түштү. Көп узабай карышкыр кыз менен балага жете келди.

Бала карышкырга жалынып, мындай деди:

- **«Эрдик кылсаң сүрө кыл»** деген баатыр. Бир айла таап, ушул атты да бизге алып бер.

Карышкыр баладан көргөн жакшылыгын эстеп, сөзүн дагы кыя алган жок. Хандын шаарына жакындаганда дагы кубулду да, тигил аттан да жакшы бир ат болуп калды. Бала аны ханга жетелеп барып берди, да андан алтын кушту алып, атын минип, кызын ээрчитип, кушун кондуруп, элине кайтты.

Хан ошол күнү баладан алган атына минип, көзгө атар мергендерин, тоодон теке тергендерин ээрчитип, тайган, куш салып, сейилге чыкты.

Мергендер **жейрен** атышып, жер танабын тартышып, тайганга түлкү тиштетип, далай кызык иштешип, көңүлдүн мээрин кандырып, көлдөн өрдөк алдырып, чер жазышты. Бир кезде аттарын тушап коё беришип, өздөрү кийиктин этинен шишкебек бышырып жеп эс алышты.

Кечке жуук кетели деп аттарына келишсе, хандын атынын эч дайыны жок, башкалардын аттарынын карындары жара тартылып өлүп жатат.

Ал күнү хан мергендери менен шаарына жөө кайтты.

Баласы келгенден тартып, абышка-кемпирдин үйүнө береке кирди.

Ошентип, алар тилеген максатына жетип, кайгы-капа билбей, жыргап-куунап жатып калышкан экен.

А СӨЗДҮК

кезек менен кайтаруу
үздүрүп жиберүү
чырм этип кирпик талдырбаган
чычканга кебек алдырбаган
чыйрак
бир тал канат
күлазык
аты ыргайдай, өзү шыргайдай болуу
туурда конуп отуруу
баш кесмек бар, тил кесмек жок
булуттуу көктүн асты менен
муундуу чөптүн үстү менен
канаттуу куштай сызчу
алтын көкүл
кулун жал
аттын чылбырын жетелебей
жалынан кармоо
нөөкөр
эрдик кылсаң сүрө кыл
жейрен

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Баш кесмек бар, тил кесмек жок.
Эрдик кылсаң сүрө кыл.
Жамандын жыргалы – уйку.
Жаманды мактасаң, жардан алыс кетет.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Үйдөн уйду уурдады,
Уйду үйдөн уурдады.
Уй үйдө беле,
Үйдө уй беле,
Ууру үйдөнбү,
Үй күйгөнбү,
Ууру Чүйдөнбү?

* * *

Мүйүздүү козунун колунун коозун кара,
Мүйүзсүз козунун колунун жоонун кара.
Мүйүздүү козунун колунун карасын кара,
Мүйүзсүз козунун колунун аласын кара.


### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Тексттин негизинде план түзгүлө.
2. Тексттин мазмунун ошол план боюнча сүйлөп бергиле.
3. Кайсы жерлери жомокко окшоп, а кайсы жерлери чындыкка окшоп турат, түшүндүргүлө.
4. Тест суроолору:

Жомок эң негизгиси эмнени көрсөтүүгө багытталган:

а) баланын акылмандыгын; б) адамдын айлакерлигин;
в) алтын куштун амалын; г) жигиттин үйлөнүшүнүн себебин.

5. Уйкашкан жорго сөздүү сүйлөмдөрдү таап, дептериңерге жазгыла.
6. Венндин диаграммасын толтургула:




### ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Куштар жөнүндө баяндап аңгеме жазгыла.
2. Дагы бир кыргыз эл жомогун окуп, маанисин класста айтып бергиле.
3. Жаңы жомок жаратып, ал тууралуу баяндап бергиле.
4. «Акылдуу баланын сапары» деген темада дил баян жазгыла.
5. Жомоктун негизинде сүрөт тарткыла.
6. Жомокко негизденип слайд жасагыла.

## «АЛТЫН КУШ» ЖОМОГУ ТУУРАЛУУ

Бул жомок кыргыз элинин көпчүлүк жомокторундай эле «Бар экен, жок экен, илгери өткөн заманда...» дегендей салттуу башталыш менен башталат. Андан ары бир кедей жана анын жалгыз уулу тууралуу айтылат.

Жомоктордогу салттуу көрүнүш үч деген сан. Каармандардын эки жолку аракети оңунан чыкпай калат да, үчүнчү аракет ийгиликтүү болот. Ошол сыяктуу «Алтын кушта» да үчүнчү жылы абышка менен кемпирдин баласы алманы кайтарууга алат. Ал кандай бала экендиги «чырм этип кирпик талдырбаган, чычканга кебек алдырбаган чыйрак» деген сүрөттөөдөн көрүнүп турат. Адабиятта муну гипербола, же ашыра сүрөттөө деп айтышат. Адам кирпигин сөзсүз ирмейт, б. а., талдырат, ал эми кебек деген өтө эле кичине нерсе, аны көрө да албайт, демек, чычканга кебек алдырбаган адам болушу мүмкүн эмес. Жомокто мындай сапаттагы адамдар боло берет. Себеби жомоктун негизин апыртуу, чындыкка дал келбегендик түзөт. Жомоктун жомоктугу ошондо. Жолго чыккан адамдын жол боюндагы таштан (дарактан) «Сол жакка баргандын өзү өлөт, оң жакка баргандын аты өлөт» деген жазууга кезигүүсү да көптөгөн элдердин бир катар жомокторунда учурайт.

Бул жомок кыйынчылыкты жеңген акылман бала тууралуу. Адам акылдуу болсо ага карышкыр да кара санатайлык кылбайт деген ой айтылат. Негизи карышкыр адамдын душманы эмеспи.

Турмушта адам карышкырды минбейт да, туурабы? Бирок жомокто андай окуялар кездеше берет. Мында адам менен жырткычтын достугу көрсөтүлүп жатат.

Жомоктордо каарманды аябай адам чыдагыс кыйынчылыктар тосуп турат, мында да ошондой болот. Хан баланы колунан келбес ишке жумшайт. Ал жакта «булуттуу көктүн асты менен, муундуу чөптүн үстү менен канаттуу куштай сызчу, алтын көкүл, кулун жал, ашкере күлүк аты бар». Муну алып келүү тапшырмасын бала аткарууга тийиш. Аны үчүн дагы акыл, айла керек.

Дагы кийин экинчи тапшырмага кабылат. Ал ханга башка бир хандын «бели кындай, бети айдай, күмүш үндүү, күн жүздүү, ааламдын ашкан узу, айдай сулуу кызын» алып келип бериши керек болду.

Бала карышкырдын жардамы менен муну да аткарат.

Жомок – адамдардын тилегинен жарылган чыгарма эмеспи. Мында да ошондой. Абышка-кемпирдин жалгыз баласы күрөш менен, ак ниеттүүлүгү, акылмандуулугу менен бүт кыйынчылыкты жеңип, карышкыр досунун көмөгүнө таянып, жалпы жомоктордо айтылгандай «тилеген максатына жетип, кайгы-капа билбей, жыргап-куунап жатып калышкан экен».

Алтын куш – бул алыскы максат, кол жетпес жердеги бакыт. Ошол бакытка жетүүгө болот деген идея бул жомоктун негизги идеясы болуп саналат.

***Үчүнчү сабак***

## АКЫЛ КАРАЧАЧ

*(Кыргыз эл жомогу)*

Илгерки заманда Каракан деген кан болуптур. Бир күнү кан өзүнө караштуу элдердин ичинен акылдуу аял тандап, ар кимдин **акылын сынамакка** суроолорду берет. Кезек Карачач деген кыздын атасына жетип, аны **ордосуна** чакырат.

Карачач атасын жиберип жатып ага: «Ата, кан оңой суроо берсе жооп бериңиз. Эгер кыйын суроо бере турган болсо, «үч күнгө чейин уруксат бериңиз», деп кайра үйгө келерсиз, – дейт.

Чал кан ордосуна барат. Кан аны чакыртып алып:

- Менин мурда тогуз аялым бар эле, бирок бир да балалуу болгон жокмун. Эми айтарым, Карачач кызыңды мага аялдыкка бергиниң. Мен **эрке токол** кылып алайын. Өзүңө көп дүйнө беремин. **Жокчулук** менен өмүр өткөргөн адам экенсиң, сени өмүрүң өткөнчө байлыкка тундурам, – дейт.



- Сизге кызымды токолдукка берип, көп дүйнө алып байыгандан көрө, өзүмдүн күндөлүк эмгегим менен **балык кармап оокат** кылганым артык эмеспи, – деп чал жооп берет.

Чалдын бул сөзүнө ачуусу келген кан:

- Чалды **даргага** тарткыла, – деп **желдеттерине** буйрук берет. Ошондо чал коркуп кетет да, үч күнгө уруксат сурап, үйүнө кайтмак болот. Чалды үч күнгө бошотуп жатып кан:

- Үч күнгө чейин сөзүмдү орундатпасаң, баары бир курулган дар ушул калыбында турат. Тирүү кутуламын деп ойлобогун. Мен айткан сөзгө макул болуп, кызыңды бересиң! – дейт.

Чал корккон боюнча **сандалып үйүнө келет** да, тескери жаткан калыбында ыйлай берет.

- Ээ ата, эмнеге ыйлайсыз? «Миң күнкү караңгылыктан, бир күнкү жарыкчылык артык» деген бар. Ата, кайта канга барып сөзүнө макул дей бериңиз. Кантсе да, кан кызыңды мага бер деп айткан чыгар. Сиз **калыңга** мал сураңыз, ошондо гана кызымды беремин деңиз. Ал калың жайы мындай: биринчи, **кийиктин он улагын, жыйырма түлкү, отуз карышкыр, кырк арстан, элүү ат, алтымыш чидер, жетимиш аркан, сексен каны жок кургаган жүрөк** бериңиз деп айтыңыз. Ушуну берсеңиз кызымды беремин. Андан соң кайгысы жок картаң молдого кызым экөөңөр **никеңерди** кыйдыргыла, деңиз. Ушуну айтып келе бериңиз, – деп атасына сөз үйрөтүп жөнөтөт. Кызынын бул сөзүнө чал аң-таң калып, канга барганда коркуп жатып араң айтат. Чалдын сөзүнө кан кубанып, сураган малыңдын баарын таап берем деп, үйүнө кайтарат.

Кан өзүнүн **вазирлерин, карыя кеңешчилерин, билимдүү көсөмдөрүн** жыйнап алып, алиги чалдын айткандарын кандай кылабыз деп акылдашат. Отургандардын арасынан бир карыя:

- Түлкү, карышкырды кармоо оңой, арстанды кармоо кыйын, – дейт.

- Муну айткан Карачач кыздын өзү арстанды кармоону билет. Кызды алдырып сурайлы, – деп сунушун айтат дагы бири. Кан макул болуп, Карачач кызга киши жиберип алдыртат. Кыз келгенден кийин кан:

- Жырткыч айбандардын сага жана ата-энеңе эмне кереги бар? Андан көрө алтын-күмүш алып ата-энеңе берсең, ичип-жеп, жыргап жата бербейби, – дейт. Кыз унчукпай көпкө отурду да, анан бир кезде:

- Аталар, агалар, мен жырткыч айбандарды сураган эмес элем. Урматтуу каным менин башыма боштондук берсин деп, боштондук сураган элем. Мен айттырган калың мал эмес. Силер өзүңөр ойлоп көрсөңүздөр, кан экөөбүздүн башыбызга келе турган табышмак. Калың үчүн он улак берсин дегеним, менин жашым ондо, **улактай ойногон кыз кезим.** Жыйырма түлкү берсин дегеним, киши жыйырмага чыкканда **түлкүдөй булактабайбы**, отуз карышкыр дегеним, адам отузга чыкканда **карышкырдай жулунбайбы**. Кырк арстан дегеним, кыркка чыкканда адам арстандай күчкө келбейби. Элүү ат берсин дегеним, элүүдө адам ат болбойбу. Алтымыш чидер дегеним, алтымыштагы адамдын **бутуна чидер түшүп**, өзүнчө басып кете албайт дегеним. Жетимиш аркан берсин дегеним, адам жетимишке чыкканда аркандалбайбы. Сексен каны жок жүрөк дегеним, сексенге чыкканда адам **каны жок жүрөктөй кургабайбы.** Кайгысы жок картаң молдого нике кыйдырсын дегеним, картаң адамдардын ичинен кайгы-капасы жок бир да адам болбойт. Ошондуктан менин никемди кыйдыра албай, мага уруксат бербейби, – деген менин канга карата айткан табышмактуу суроом болчу. Ушул отурган аксакалдар, кан баш болуп, менин суроомду териштирип көргүлөчү. Айткандарымдын катасы болсо, кайта алайын. Болбосо, канга тийбеймин! Кан мени албайт деген сөзүм эмеспи. Бул сөзүмдү ойлоп чечип, мени кыйноодон бошотуп, уруксат берүүңүздөрдү сураймын, – деп кыз таазим кылды.

Ошондо отургандардын ичинен бир аксакал адам:

- Балам, Карачач кызым, бактың ачылсын, жолуң болсун! – деп кандын уруксаты жок эле кызга бата берип жиберет. Отургандар жалпы эле бата тилешет, кызга каалоо-тилектерин билдирип жаалап кетишет.

Кан айласыздан аксакалдардын сөздөрүн кубаттап, көпчүлүктөн чыга албай, бир жагынан кызга ыраазы болуп уруксат берүүгө макулдугун билдирет. Ошондон кийин кыздын атына кошумча Акыл Карачач деп акылдуулугунан айтылып, **эл оозунда алиге сөз болуп жүрөт.**

A СӨЗДҮК

| | |
|---|---|
| акылын сыноо | элүү ат |
| ордо | алтымыш чидер |
| эрке токол | жетимиш аркан |
| жокчулук | сексен каны жок кургаган жүрөк |
| балык кармап оокат кылуу | нике |
| дар | вазир |
| желдет | карыя кеңешчи |
| сандалып үйүнө келүү | билимдүү көсөм |
| миң күнкү караңгылыктан, | улактай ойногон кыз кези |
| бир күнкү жарыкчылык артык | түлкүдөй булактоо |

калың
кийиктин он улагы
жыйырма түлкү
отуз карышкыр
кырк арстан
карышкырдай жулунуу
бутуна чидер түшүү
аркандалуу
каны жок жүрөктөй кургаган
эл оозунда алиге сөз болуп жүрөт

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Акыл – баштан, асыл – таштан.
Акыл байлыгы – азбас байлык.
Акылдуу мактанса, ишти тындырат, акмак мактанса, бутун сындырат.
Акылдуу элге тартат, акмак тууганына тартат.
Акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.

## ? СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Акыл Карачач дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2. Адамдардын аттарынын маанисин чечмелегиле (Кара-чач; Кара-кан).
3. Каармандарды мүнөздөө: Каракан кандай киши? Карачач кандай кыз? Карачачтын атасычы? Каракандын кеңешчилери, вазирлери кандай? Желдеттеричи?
4. Кан эмне үчүн акылдуу аял издеди?
5. Карачачтын акылуулугун кандайча байкадыңар?
6. Текстти бир нече диалогго бөлүп, сүйлөп бергиле: Каракан жана Карачачтын атасы; Карачач жана анын атасы; Кан кеңешчилери жана Карачач.
7. Жомоктон кыргыз элинин турмушуна байланыштуу кандай өзгөчөлүктү байкадыңар?
8. Тест суроолору:
   *Жалпы текстте негизги ой кайсыга бурулат*?
   а) Акыл Карачач деген аттын келип чыгышына
   б) Каракандын аял тандоо салтын көрсөтүүгө
   в) Карачачтын акылмандыгын көрсөтүүгө
   г) Боштондуктун маанисин белгилөөгө

## ! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Дил баян жазуу. Болжолдуу темалары: «Акыл Карачач – менин сүйүктүү каарманым», «Карачач кантип боштондукка чыкты?», «Карачач жана Каракан» ж. б.
2. Акыл Карачачтын башка окуялары жөнүндө жомокторду таап окуп келүү.
3. Төмөнкү сөздөрдүн, түшүнүктөрдүн маанисин дагы тереңдетүү: *ордо, дар, желдет, вазир, токол, калың, чидер.*
4. Карачачка синквеин түзүү:
   1) Зат атооч (1 сөз)
   2) Сын атооч (2 сөз)
   3) Этиш (3 сөз)
   4) Пикир же сүйлөм (4 сөз)
   5) Синоним (1 сөз)

## «АКЫЛ КАРАЧАЧ» ЖОМОГУ ТУУРАЛУУ

Кыргыз элинде акылдуу аялга карата «Акыл Карачач» деген сөз айтылат. Бул салыштыруу. Анын акылдуулугун жомоктогу каарманга окшотуу. Жогорудагы жомоктогу Карачач деген кыз кыздарга, аялдарга акылмандыктан символу катары үлгү, өрнөк болуп келет. Акыл Карачач тууралуу дагы башка жомоктор бар. Алардын баарында адамдын акыл-эси, айлакердиги жогору бааланат.

Жомок – эрөөл, башкача айтканда, эки адамдын таймашы тууралуу. Ошол эрөөлдүн биринчи жагында байлык, бийлик ээси Каракан турат, экинчи жагында байлыгы да, бийлиги да жок жөнөкөй бир кыз турат. Каракандын максаты тогуз аялдан кийин онунчу аял кылып Карачачты алуу. Ал эми Карачачтын максаты акыл менен Карakandан кутулуп чыгуу.

Кыздын калыңга кийиктин он улагын, жыйырма түлкү, отуз карышкыр, кырк арстан, элүү ат, алтымыш чидер, жетимиш аркан, сексен каны жок кургаган жүрөк суратышы – бул терең акыл менен ойлонуп табылган нерселер. Анан дагы кайгысы жок картаң молдого нике кыйдыруу андан бетер табышмактуу суроолор.

Муну бийликтин жана байлыктын өкүлдөрү кан өзү, анын вазирлери, карыя кеңешчилери, билимдүү көсөмдөрү чече албаганы кандай? Көрсө, акыл башка, байлык, бийлик башка экен! Бийлик менен байлыктын өкүлдөрү ал сөздү өздөрүнүн түшүнүгүнө ылайык жандык, мал, жапайы жаныбарлар деп түшүнөт. Көрсө, андай эмес экен. Мындай экен:

он улак – он үч жаштагы кыздын улактай ойногон кези;

жыйырма түлкү – кишинин жыйырмага чыкканда түлкүдөй булактап калышы;

отуз карышкыр – адамдын отузга чыкканда карышкырдай жулунуп калышы;

кырк арстан – кыркка чыкканда адамдын арстандай күчкө келиши;

элүү ат – элүүдө адамдын аттай болушу;

алтымыш чидер – адамдын алтымышта бутуна чидер түшүшү, өзүнчө басып кете албашы;

жетимиш аркын – адамдын жетимишке келгенде арканга байлангандай абалда калышы;

сексен каны жок жүрөк – сексенге чыкканда адамдын каны жок жүрөктөй кургашы.

Анан да кайгысы жок картаң молдого нике кыйдырсын дегени – картаң адамдардын ичинен кайгы-капасы жок болбошу.

Жомокто акылдуу болсо адам ар кандай кыйынчылыктан чыга алат деген идея айтылат. Адамдын акылдуулугу байлыктан да, бийликтен да жогору турат. Акылдуу адам – элдин байлыгы, ырыскысы. Карачач мына ошондой каарман.

Жомок бизди акылдуу, тапкыч болууга үгүттөйт.

Силердин классыңарда да «Акыл Карачач» кыздар көп болсо керек ээ?

*Төртүнчү сабак*

## АКЫЛДУУ ДЫЙКАН

(*Кыргыз эл жомогу*)

**Бар экен, жок экен, байыркы-байыркы өткөн заманда** бир **кыйшык ооз эселек** хан болгон экен. **Артын ойлобой** иштеген ишинен, анын айткан сөзүнөн эч натыйжа чыкчу эмес экен. Бирок эси жок болсо да ханыбыз деп, эл ага **баш ийишчү** экен.

Кыргыз элиндеги «Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн» деген макал ошондон улам айтылып калган дешет.

Хан бир күнү **иштерге иши жок, саларга кушу жок**, эсирип отуруп, шашылыш түрдө жигиттерин чакыртып, эки жигитине:

- Силер азыр баргыла да, мага **акмакты** таап, алып келгиле, – деп буйрук берди.

Айла канча, хан буйругу эки эмес, акмакты таап келиш үчүн ал эки жигит жөнөп кетти.

Мындай чыкканда, жигиттердин бирөө:

- Мына, эми бизди **мээнет анык чырмабадыбы!** Акмакты эми кайдан таптык! Аны таппай барсак, **башыбыз алынат**, – деди.

- Ой, сен да бир жеткен келесоо көрүнөсүң! Ким деп, киши тандап отурмак белек. Биринчи эле жолуккан кишини жетелеп барабыз. Хан чакырат дегенде, барбай турган эрки барбы, – деди экинчи жигит.

Алар келе жатып, **карагай сүйрөтүп бара жаткан бир кишиге** жолугушту да:

- Карагайыңды таштап, ханга жүргүн, сени хан чакырып жатат, – дешти.

Ал кишинин жүрөгү шуу дей түштү да:

- Токтоңуздар, карагайымды үйүмө жеткизип коюп, анан барайын. Хан мени эмне жумуштап чакырды экен? – деп **элтеңдеп калды.**

- Сен да бир кызык киши экенсиң. Эмнеге чакыргандыгы жөнүндө сенин ишиң эмне. Хан акмакты таап кел деген. Жүр дегенде жүрбөйсүңбү, – деп, жигиттер шаштыра баштады.

- Жок, жигиттер, карагайды атайын тоодон мээнет кылып алып келе жатып, жолго таштап, баса бергидей мен акмак эмесмин, – деп, ал киши кетип калды...

- Иштин жөнүн айтып отурганда болбойт экен. Эми кезиккен эле кишини зордоп алып кетели, – дешти.

Алар келе жатып, жолдон **жер айдап жүргөн бир дыйканга** кездешти да:

- Ой, дыйкан, жүр ханга, – деди.

Анда дыйкан туруп:

- Минтип эмгек кайнап турган мезгилде, эмнеге барам? – деди.

- Көп сүйлөбөй, жүр дегенде жүргүн. Хан акмакты таап кел деген. Сен акмак экенсиң, – деди.

Жигиттерге дыйкандын ачуусу келип:

- Силер үчүн акмакты сээп койгон киши жок. Көзүмө көрүнбөй жоголгула, – деди.

- Андай болсо, сен акмакты таап бергин, – деп, эки жигит дыйканды туткактап коё бербеди.

- Мени коё бергиле. Күн ысып бара жатат. **Жер кургай электе айдоомду** бүтүрүп алайын, – деди дыйкан.



Анда жигиттер:

- Жок, болбойт. Же өзүң ханга жүргүн, же бизге акмактын ким экенин айтып бергин. Баарыңар эле акмак эмеспиз дейсиңер, кимиңер акмак экениңерди биз кайдан билебиз, – деп, дыйканды коё берди.

Дыйкан анда:

- Макул эмесе, мен акмакты айтып берейин, – деди.

Жигиттер батыраак айт дешип шаштырышты.

Дыйкан ойлонуп туруп:

- Акмакты таап кел деген хандын өзү акмак, же акмакты издеп жүргөн экөөң акмаксың. Мындан артык акмакты дүйнө жүзүнөн таппайсыңар, – деди.

Жигиттердин ачуусу келип:

- Сен ханга **сөз тийгиздин**, барып айтабыз, – деди.

Дыйкан анда:

- Бир айтмактан миң айткын, деги ушуну ханга угузуп айтсаңар экен, – деди.

Эки жигит келип, кабар кылышты.

- Ошол дыйкандын колу-бутун байлап, мага алып келгиле! – деп, хан буйрук берди.

Дыйкан хандын астына келип отурду. Хан дыйканды кекетип:

- Менин акмак экенимди сен билген экенсиң, билгич болсоң, кудай кайсы жерде турат, айтчы, – деди.

- Ханым, мен ушул кебетем менен ханга акыл үйрөтүп, кудайдын кайсы жерде турганын айтсам, **кусур уруп кетет**. Сиз менин кийимимди кийип, кечирим сурап тизелеп туруңуз, мен сиздин кийимиңизди кийип, тагыңызга отуруп, хан болуп туруп айтайын. Болбосо, ушул кейпим менен кантип айтам, – деди.

Хан макул болуп, кийимин чечип берди да, өзү **айыптуу** киши болуп тизелеп отурду.

Дыйкан хандын кийимин кийип, тагына отуруп, жигиттерди чакырды.

- Ушул убакка чейин акмакты таппай жүрөсүңөр. Мындан артык акмак болчу беле, алып барып, акмактын башын кескиле! – деди.

Көпкөн жигиттер башка сөздү уксунбу, ханды желкелеп барып башын кесип, кумардан чыгышты.

**«Ойлобой сүйлөгөн оорубай өлөт»** деген эл макалындагыдай, элдин башын айланткан эси жок хандын башы кесилип, дыйкан элине хан болуп, акыл менен журт сурап, эл башкарып, өзү да жыргап, эли да жыргап-куунап жатып калган экен.

A СӨЗДҮК

бар экен, жок экен
байыркы-байыркы өткөн заманда
кыйшык ооз
эселек
артын ойлобой
баш ийүү
оозу кыйшык болсо да,
байдын уулу сүйлөсүн
иштерге иши жок
саларга кушу жок
акмак
мээнет анык чырмады
башыбыз алынат
карагай сүйрөтүп бара жаткан бир киши
элтеңдеп калуу
жер айдап жүргөн бир дыйкан
эмгек кайнап турган мезгил
сээп койгон
көзүмө көрүнбөй жогол
туткактоо
жер кургай элек
айдоо
сөз тийгизүү
кусур уруу
айыптуу
ойлобой сүйлөгөн оорубай өлөт

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн.
Иштерге иши жок, саларга кушу жок.
Ойлобой сүйлөгөн оорубай өлөт.
Адамдын көркү – акыл.
Адамды сөзүнөн таанybайт, ишинен тааныйт.
Акмакка акыл айтсаң укпайт, пайда кылсаң жукпайт.
Акылдуу ишине ишенет, акмак түшүнө ишенет.
Акылдуу мактанса, ишти тындырат, акмак мактанса, бутун сындырат.
Акча деген – суу.

ЖАҢЫЛМАЧТАР


Топ тебелиби,
Таш терелиби
Ташты терип топ тебели.
Топту терип таш тебелиби,
Таш тербей топ тебели.
Топ теппей таш терели.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Бул окуя качан болгон?
2. Эсирген хан эмне ойлоп тапты жана ал акмакты неге издетти?
3. Жигиттердин акылдашуусу.
4. Биринчи жолуккан киши.
5. Экинчи жолуккан киши.
6. Дыйкан жигиттерден кантип кутулду?
7. Акмак кантип табылды?
8. Бул жомоктун мааниси эмнеде?
9. Текстти ролдоштуруп окугула.
10. Жомок сага жактыбы, жаккан жокпу: себеби?
11. «Ойлобой сүйлөгөн онтобой өлөт» дегендин маанисин чечмелегиле.
12. Жомок жана чындык: тексттин кайсыл жерлери жомокко, кайсыл жерлери чындыкка окшойт.
13. Ушул жомокту сахнада аткаргыла.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Кыргыз эл жомокторунан бирден жомок окуп келгиле да, мазмунун оозеки айтып берүүгө даярдангыла.
2. «Акылдуу дыйкан» жомогуна окшош башка жомоктордон окугула жана салыштыргыла.
3. Дыйканга кластер түзүү:



## АКЫЛДУУ ДЫЙКАН» ЖОМОГУ ТУУРАЛУУ

Бул жомок дыйкандын акылдуулугу тууралуу экенин байкадыңар. Дыйкан – өз эмгеги, маңдай тери менен адал иштеп, мээнети менен жанын баккан киши. Анын колу кара жумуштан бошобойт: эртеден кечке талаада иштейт. Ошол иши менен башкаларды да багат, себеби анын эмгегинин үзүрүн башкалар да, анын ичинде эл башкарган хан да көрөт. Хан болсо дыйкандай эмес, иштерге иши жок, салар-

га кушу жок, эсирип отура берет. Ошентип эсирип отура бербей бир күнү оозуна келгенди айтып акмакты издетип атпайбы.

Ушул жерде суроо туулат: хан акмакты табабы, акмак ким болушу мүмкүн деген.

Акмакты издегендер биринчи жолукканы – карагай сүйрөтүп бара жаткан бир киши.

Экинчи жолуккандары – жер айдап жаткан дыйкан.

Экөө тең колу-жолу бош эмес, эмгек кылып аткандар. Дыйкан айткандай: «Акмакты таап кел деген хандын өзү акмак, же акмакты издеп жүргөн экөөң акмаксың. Мындан артык акмакты дүйнө жүзүнөн таппайсыңар».

Ошентип, акмак бул хандыкта эмгекчил элде жок экен. Алар жумуш менен, жан багуу менен алек экен. Көрүнгөн нерсени жасап, көрүнгөн нерсени дөөрүп сүйлөгөн хан өзү акмак экен.

Жомокто акыл менен акылсыздыктын, эмгек менен бекерчиликтин таймашы көрүнөт. Адамдарды, өзгөчө балдарды эмгек кылууга үндөө ойлору айтылат. «Ойлобой сүйлөгөн оорубай өлөт» деген эл макалы бул жомоктун идеясына ылайык келет. Хан ойлобой сүйлөдү, акылдуулардын арасынан акмакты издеди, ошон үчүн хандык бийлигинен айрылды. Эми бул элге акылман, эмгекчил адам башчы болуп келди. Демек, бул эл өнүгөт, өсөт, эмгек менен көгөрөт. Эмгек менен акыл – бактылуу күнгө алып баруучу жол. Жомок мына ушуну насааттайт.

***Бешинчи сабак***

## ӨНӨРЛҮҮ БАЛА

(*Кыргыз эл жомогу*)

Илгери өткөн заманда бир кан болуптур. Ал **кандын** жалгыз кызы бар экен. Ал сулуу десе сулуу, акылдуу десе акылдуу болуптур.

**Күндөрдүн биринде** кандын төрт **тулпарын** багып жүргөн абышканын жалгыз баласы, кандын жалгыз кызына ашык болот да:

- Ата, сен мага **кандын кызын алып бер**, – деп атасына айтат.

- **Иттин гана баласы!** – деп абышка баласына ачуусу келет. – Мен киммин, **кейпим** бул болсо, сенин кейпиң алдагы болсо, кан кантип бизге кызын берет?! – дейт.

Бирок бала ага болбой атасын кыйнай берет. Абышка болсо баласына ачууланып, канча айтса да тиги укпайт.

Бир күнү кан эшигинин алдында ары-бери басып жүрүп, абышканын баласына ачууланып жатканын угуп, абышканы өзүнө чакырып алып: «Сен баланды эмнеге эле **тилдеп жатасың?**» – деп сурайт.

Абышка коркуп, сөз эмнеден болгонун айтпайт. Ага болобу, кан абышканы коркутуп жатып себебин айттырып алат.

- Андай болсо, – дейт кан. – Сенин балаӊ мага **күн-түн дебей күйүп** турган алтын **чырак** таап келип берсин, андан кийин мен кызымды балаӊа беремин, – дейт.

Абышка үйүнө келет да, баласына кандын тапшырмасын айтат. Бала макул болуп, алтын чыракты таап келүүгө жол тартат. Бала чыракты издеп бир нече ай жол басат. Бир күнү **түш ченде ээн талаада** чарчап келип уктап кетет.

Бир убакта **чочуп** ойгонуп кетип, ылдый жагын караса, **кумдан** оргуштап кичинекей булактын агып жатканын көрөт. Бала тура калып калпагы менен булактагы сууну башка жакка төгүп жатып, булакты **соолтот**. Андан кийин булактын түбүн караса, түбүндө күйүп алтын чырак турат. Бала түшүп барып алтын чыракты алат да, кайра бир нече ай жол басып келип, атасынан алтын чыракты канга берип жиберет.

Кан алтын чырактын күн-түн дебей күйүп турганына ишенет да, абышкага: «Эми балаӊ элимде жок, жеримде жок өнөр үйрөнүп келсин!» – дейт.

Абышка кандын тапшырмасын айтып келди эле, бала угар менен өнөр издеп жол тартат. Ал нечен шаарды кыдырып, өз элинде жок өнөр таппайт. Ошентип бир топ жылды өткөрөт. **Чарчап-чаалыгып** да, аябай **арып-ачып** да бүтөт. Кайра үйүнө келүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, бир жарды кемпирдикине отун-суусуна каралашып, оокат кылып жүрөт.

Бир күнү түн ортосунда эшикке чыкса, бир жаман тамдын жанынан жылтылдап күйүп жаткан отту көрөт. Бала жүгүргөн бойдон жетип барат да, бул эмне болду экен деп акмалап турат. Бир киши акырын **оттун ысыгына** бутун салып **күйгүзүп, күл кылып,** кайра бут жасап, колун отко салып күйгүзүп, кайра кол жасап жаткандыгын көрөт да, кантип үйрөнүш керек деп карап тура берет.

Бир убакта эшикти «шарак» эттирип ачып, үйдөн бир кыз чыгып келет да, баланы кармап алат.

- Сен кайдан жүргөн баласыӊ? Бул шаарда сендей неме жок эле, чыныӊды айт! – деп кыйнай баштайт баланы. Бала айласы кетип, башынан өткөндүн баарын айтып берет. – Андай болсо, сен биздикинде тургун. Тигил менин атам, анын андан да артык өнөрлөрү бар. Атам кээде ат болот, кээде канаттуу куш болот, кээде төө болот, кээде адам жей турган тамак болот. Мен сага ошол өнөрдүн баарын үйрөтөмүн. Үйрөнүп болуп, анан үйүӊө кетесиӊ, – дейт кыз.

Кыз балага атасынын бардык өнөрүн үйрөтөт. Бала кызга алкышын айтып коштошуп, баягы өзү жатып жүргөн кемпирдин үйүнө келет.

- Энеке, мен азыр чоӊ кара ат боломун, сен базарга алып барып **саткын** да, ошол акчага өзүӊө оокат алгын, бирок менин башымдагы **ноктону** сатпа. Эгер аны сатсаӊ, менден **ажырайсыӊ,** сатпасаӊ мен кайра келем, – дейт кемпирге.

Кемпир ага макул болуп, атты базарга алып барып, бир топ акчага сатат. Ноктосун **шыпырып алып** кайра жүрө берет.

Ошентип жатып кемпир ашкан байлыкка ээ болот.

- Эне, – дейт бала бир күнү кемпирге. – Эртең шаарда чоң базар болот. Мен эртең **чоң кара нар** болоюн, сен мени базарга алып барып саткын, бирок ноктомду сатпа, эгер сатсаң менден айрыласың, – дейт.

Эртеси бала чоң кара нар болот. Аны базарга алып барат. Базарда кемпир бир топ киши менен соодалашып жатканда, баягы өнөрдүн ээси көрүп калат да, «бул менин өнөрүмдү үйрөнүп алган кандай неме» деп караса, баягы өзүнүн үйүндө жүргөн бала. «Ии, буга өнөрдү менин кызым үйрөткөн экен. Кой, муну сатып алып, үйгө алпарып, баланы **балталап өлтүрөйүн**», – деп ойлоп:

- Ай кемпир, кара нарыңды мага сат. Мен көп теңге берем, – деп сүйлөшө баштайт. Кемпир макул болот. – Төөңдү ноктосу менен сат! Жалаң ноктоң үчүн беш жүз теңге берем! – дейт абышка.

Кемпир теңгеге кызыгып, нарды ноктосу менен сатып жиберип, үйүнө жүрө берет.

Абышка кара нарды жетелеп алып келип, үйүнүн алдындагы **мамыга** байлап коёт. Аңгыча баягы өнөр үйрөткөн кыз, баланын эшикте кара нар болуп байланып турганын көрүп: «Кой, бул байкушту **агытып жиберейин**. Бул да бирөөнүн жалгызы эмеспи, эптеп күнүн көрсүн», – деп баланы агытып жиберип: «Сен эми куш болуп сызган бойдон качып жөнө да, өз айлыңа жеткин», – дейт.

Абышка сыртка чыгып, баланын артынан бүркүт болуп кубалап жөнөйт.

Бала менен абышка бири бүркүт, бири куш болуп куушуп жүрүп отуруп, **кечки бешимде** бала турган шаарга келишет.

Бала **зымырап учуп** келип, дөбөдө отурган кандын жанына конуп калат. Абышка баланын артынан келет да, обочороок барып конот да, бирде **кыргый**, бирде **каз**, бирде **өрдөк** болуп кубулуп турат. Бир кезде бала таруу болуп, кандын **төш чөнтөгүнө куюлуп** кетет. Абышка чоң кызыл короз болуп, «эми тарууну терип жеп коёюн деп» кандын жанына келип жер чукуп турган кезде, бала кайра куш боло калат да, кызыл корозду басып өлтүрүп салат. Ал **адам кейпине айланып** өз үйүнө барат.

Кан кечинде көргөн укмуштуу ишине таң калып, эртеси элин чогултуп: «Бул ишти ким билет? Мен ушул жашка келгенче бир канаттуунун кубулуп, экинчи канаттуу болгонун көргөн эмесмин. Бул кандай укмуш? Ушул ишти көргөн-билгендер болсо, айтып бергиле? – дейт.

Эл жымжырт болуп калат. Бир убакта баягы бала чыгып келип:

- Каным, уруксат бериңиз, ал ишти мен билем! – дейт.

Кан балага уруксат берет. Ошондо бала канга карап:

- Сиз мага менин элимде, менин жеримде жок өнөр үйрөнүп кел дегенсиз, ал эсиңизде болсо керек? Жанагы куш болуп корозду басып жеген мен болчумун! Менин үйрөнгөн өнөрүмдү ошол короз болуп



кубулган адам да билчү. Бирок ал мага душман эле. Ошондуктан ал менин артымдан кууп келген. Бирок ал мени жей албай, мен аны жеп койдум. Душманымды өлтүрдүм, каным! – дейт бала.

Баланын айтканына элдин баары таң калышат.

- Ошол куш сен болсоң, анда азыр элге бир өнөрүңдү көрсөтчү? – дейт кан балага ишене бербей. Бала макул болуп, дароо бир чоң аргымак болуп элдин ортосуна алчаңдап чыга калат.

Кан менен эл баланын өнөрүнө ыраазы болушуп, кан болсо **убадасы** боюнча кызын берип, чоң той өткөргөн экен.

## СӨЗДҮК

жалгыз
күндөрдүн бириңде
тулпар
кандын кызын алып берүү
иттин гана баласы
кейпи
тилдеп жатат
күн-түн дебей күйүп турган
чырак
жол тартат
түш чен
ээн талаа
чочуу
кум
соолутуу
чарчап-чаалыгуу
арып-ачуу
нокто
ажыроо
шыпырып алуу
чоң кара нар
балталап өлтүрүү
мамы
агытып жиберүү
кечки бешим
зымырап учуу
кыргый
каз
өрдөк
таруу
төш чөнтөгүнө куюлуп кетүү
адам кейпине айлануу
аргымак

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Бугунун бугун кара,
Бугунун муңун кара.
Муңдуу бугунун бугун кара,
Бугунун бугун айтайын сага.

Жезкемпирди тез кетир,
Тез кетирбесең жез кемпир,
Жез тырмагын желпилдетер,
Бир балээни тез келтиртер.

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Жат – жарытпайт, өз – өлтүрбөйт.
Көрбөс – төөнү да көрбөйт.
Көп түкүрсө – көл болот, көл толкуса – сел болот.
Өз тууганын кордогон, душманына кор болот.
Санаасы жок – уйкучул, акылы (ары) жок – күлкүчүл.

**СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Жомок эмне үчүн «Өнөрлүү бала» деп аталат?
2. Ата менен баланын диалогу.
3. Кан жана анын кызы.
4. Кан балага кандай тапшырмаларды берди?
5. Баланын акылмандыгы.
6. Өнөр үйрөнүү үчүн аракеттер.
7. Өнөрдүн даңазаланышы.
8. Баланын сыйкырдуу окуялары эмнеге байланыштуу чыкты деп ойлойсуңар?
9. Макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү жазуу.
10. Ролдоштуруп окуу.
11. Сахналаштыруу.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Кыргыз эл жомокторунан дагы ушул сыяктуу бир жомок окуп келүү.
2. Аалы Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы» деген жомогун окуу.
3. Жомоктун негизинде дил баян жазуу.

## «ӨНӨРЛҮҮ БАЛА» ЖОМОГУ ТУУРАЛУУ

Кыргыз элинде өнөр ар дайым жогору бааланып келген. «Өнөрүң болсо – өргө чап» дешкен. «Өнөрлүү – өлбөйт» дешкен. Бул жомок да ошол өнөр тууралуу. Жогорудагы жомоктордой эле мында да хан менен абышканын жалгыз баласынын карама-каршылыгы көрсөтүлөт. Ханда баары бар, а түгүл төгөрөгү төп келген «сулуу десе сулуу, акылдуу десе акылдуу» кызы да бар. Ошол хандын кызы бир жакта, кедейдин баласы бир жакта турат да, жомок башталат. Жомоктун окуялары улам өнүгүп отурат. Хан баланы сыноо үчүн биринен бири кыйын, такыр эле колдон келбес тапшырмаларды берет. Биринчи тапшырма – күн-түн дебей күйүп турган алтын чырак таап келүү. Бала аны аткарат. Экинчиси – элде жок, жерде жок өнөр үйрөнүп келүү. Аябай көп кыйынчылыктардан кийин бала сыйкырчылык өнөр үйрөнүп келет да, хандын тапшырмаларын аткарып, кызына үйлөнөт.

Жомоктогу негизги ой – адам максат койсо, ошол максатына жетет деген идея. Ошол максатка жетүү үчүн ал бел байлап, жолго чыгышы

керек, кыйынчылыктарды жеңе билиши керек, чыдамдуу, кайраттуу, акылдуу болушу зарыл. Өнөр адамды өлтүрбөй турган нерсе. Силер да, балдар, көп өнөрлөрдүн ээси болсоңор турмушуңарда бийик-бийик максаттарга жетесиңер.

**Адабият теориясынан**

## ЖОМОК ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Жомок оозеки адабиятта кеңири тараган, ойдон чыгарылган, окуяларды апыртмалуу, фантазиялуу чагылдырган, сюжети кызыктуу, баяндоо түрүндөгү чыгарма. Жомоктор ыр түрүндө да, кара сөз формасында да болот. Жомоктордо туруктуу башталыш («Илгери-илгери...») жана туруктуу бүтүм («...Ошентип жыргап-куунап жашап калыптыр») болот. Аларга жорго сөздүүлүк мүнөздүү, дайыма адилеттүүлүк жеңип чыгат.

***Алтынчы сабак***

## ДИЛБАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ[1]

Болжолдуу темалар:
1) Китеп – менин дүйнөмдө.
2) Менин сүйүктүү жомогум.
3) «Алтын куш» – акылдуулук тууралуу жомок.
4) Акыл Карачач – кыргыз элинин акылмандык тууралуу асыл мурасы.
5) Кыргыз эл жомокторунда өнөрлүү адамдын даңазаланышы.
6) Менин жомогум (жомок чыгаруу).
7) Азыркы күндүн жомогу (жаңы жомок жазуу).

**Тапшырмалар:** Өзүң жакшы билген беш-алты адамдын сырткы көрүнүшүн (өңү-түсүн, кейпин, ажарын, кийим-кечесин, баскан турганын) сүрөттөп жаз. Мына ушул жазган сүрөттөө дил баяныңды жолдошторуңа окуп бер, алардын пикирин ук. Өзүң да алардын ушундай дил баяндары менен таанышып чык.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен кеңеш ж. б.

[1] Дил баян жазуу сабактарын мугалим башка материалдар менен байытып алышы мүмкүн. Окуу китебин үлгү катары гана алуу керек.

## ЭЛДИК ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДАН

***Жетинчи сабак***

### МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Кыргыз эли да башка элдер сыяктуу эле өздөрүнүн турмушунда көрүп-белгиндеринин натыйжасында кийинкилерге сабак болсун деп макал-лакаптардыды чыгарган. Алар кыска болот, көбүнчө **уйкашып** турат. Адамдарды **тарбиялоо** максаты көздөлөт. Чечен адамдар **куюлуштуруп,** макал-лакаптарды сөзүнө көп кошуп айткан. Ошондо анын **кеби таасирдүү, таамай жетип, кооз угулган.**

Эл турмушу кеңири болгондой эле макал-лакаптардын тематикасы да кеңири болгон. Андай макал-лакаптарды адегенде бир адам айткан болсо да, кийин эл жактырып, жалпы калкка тарап, элдик макалдар болуп калган.

Макалдарды башка тилге которгондо алардын мааниси өзгөрүп кеткен, же макал катары **наркын жоготуп койгон.**



Төмөндө биз бир топ макалдарды окуп көрөбүз:

1. Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт.
2. Адам адам менен адам.
3. Адам болмок **аста-аста, айбан** болмок бир паста.
4. Акыл – жаштан, **асыл** – таштан.
5. Базары жакын байыбайт, калп айткан киши жарыбайт.
6. Бай болом деп шашылганың – кедейликке ашыкканың.
7. Бererге **бешимде** – кымыз, бербеске **шашкеде** – саамал.
8. Билимдүү зор, билими жок **кор.**
9. Бир ата отуз уулду багат, отуз уул бир атаны бага албайт.

10. Бирөөнүн **ат көтөргүс бөзү** бар, бирөөнүн ат көтөргүс сөзү бар.
11. Бөрү азыгы – жолдон.
12. Гүлсүз – **булбулдун** үнү жок, элсиз – ырчынын күнү жок.
13. Даам таткан **кудугуңа** түкүрбө.
14. Дан – аш, алтын – таш.
15. Жазгы суук жандан өтөт.
16. Жакшы аял – үй ээси, жаман аял – жол ээси.
17. **Жакшыга – жанаш, жамандан – адаш.**
18. Жакшы ишке келет, жаман ашка келет.
19. Жалгыз дарак токой болбойт, жалгыз **таруу ботко** болбойт.
20. Жаман айтпай, жакшы жок.
21. Жаманга жалынба, жакшыга таарынба.
22. **Зергер** билет **зер** сырын, дыйкан билет жер сырын.
23. **Ийне** көзүнөн сынат, адам сөзүнөн сынат.
24. Кайсы жериң ооруса, жаның ошол жерде.
25. **Калпычынын** чын сөзү да калпка чыгат.
26. Карга өзүн куш ойлойт.
27. Карынын кебин **капка** сал.
28. **Качкан кой – карышкырга той.**
29. Колу ачыктын жолу ачык.
30. Малды баккан билет, отунду жаккан билет.
31. Оору кадырын соо билбейт, ач кадырын ток билбейт.
32. От жаккандын кадырын **отун алган** билет.
33. **Өгүз** өзүн мактайт.
34. Өзү тийген бала ыйлабайт.
35. **Соодада** достук жок.
36. **Тил албасты** жумшаганча **тына-тына** өзүң кыл.

А СӨЗДҮК

| | |
|---|---|
| макал-ылакап | бөрү азыгы |
| уйкашып турат | кудук |
| тарбиялоо | булбул |
| куюлуштуруу | жакшыга – жанаш, жамандан – адаш |
| кеби | таруу |
| таасирдүү | ботко |
| таамай жетүү | зергер |
| кооз угулуу | зер |
| наркын жоготуп коюу | ийне |
| аста-аста | калпычы |
| айбан | кап |
| асыл | качкан кой – карышкырга той |
| бешим | отун алуу |
| шашке | өгүз |
| кор | соода |
| ат көтөргүс | тил албас |
| бөз | тына-тына |

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Көп көпөлөк көкөлөп өтөт,
Көп көпөлөк көкөлөп өтөт,
Төрт көпөлөк бөлөк өтөт.

Үч күчүк үшүп
Үнү бүтүп.

Чоң ача таш,
Кичи ача таш.

Чыт тыштуу эски ичик,
Чыт тыштуу эки ичик

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. МАКАЛ-ЛАКАПТАР деп кандай чыгармаларды айтабыз?
2. Эл эмне максатта макал-ылкаптарды чыгарган?
3. Сенин эң сүйүктүү макалың.
4. Жогорудагы ар бир макал-ылакаптын маанисин, андагы айтылып жаткан ойду чечмелегиле?

### ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Кыргыз элинин кеңири колдонулган он макал-ылакабын жазып келгиле.
2. Өзүңөрчө макал ойлоп тапкыла.
3. Бир сүрөт тартып, ошол сүрөт үчүн макалды тема кылып алгыла, сүрөт макалдын маанисин берсин.

***Сегизинчи сабак***

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

(*Уландысы*)

Макал-лакаптар түз маанисинде да, **каймана** түрүндө айтылса да, таалим-тарбия берүүгө чоң **өбөлгө** түзөт. Макал-лакаптар байыркы замандан эле жаратылган болсо да, алардын айрымдары колдонуудан чыгып, унутулду, ал эми көпчүлүгү азыркы мезгилге чейин өз маанисин жоготпой, **эскирбестен** элге кызмат кылып келет. Алар акылдуулукка, **билимдүүлүккө**, адептүүлүккө, **ата-эненин сыйлоого**, достукту бекемдөөгө, жаратылышты сүйүүгө тарбиялоодо чоң мааниге ээ.

Айрым элдер макал-лакаптарды «Аталар сөзү» деп айтат. Алар колдонууга ыктуу, кыска, таасирдүү болгондуктан кээ бир чечен адамдар кебинде кеңири колдонуп келет.

Дагы бир нече макал-лакаптарды окуп чыгабыз:

1. Жолдон чыксаң да, **көптөн чыкпа**.
2. Аз сүйлө, көп тыңша.
3. Туз таткан жериңе кара санаба.
4. Сөз доодон куткарат.
5. Көп чогулса **көл** болот.
6. **Ийри** жыгач түзөлбөйт.
7. **Жүйөлүү** сөз **жүлүнгө** тиет.
8. Азды билбеген көптү да билбейт.
9. Акыл – **деңизден** терең, билим – тоодон бийик.

10. Акылдуу бала – **элпек**, акылсыз бала – **тентек**.
11. Баатыр чын айтат, коркок калп айтат.
12. Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт.
13. Далили жок сөз – чала күйгөн **чычала**.
14. Калп ырыс кесет.
15. Кеп чынынан бузулбайт.
16. Ооздон чыккан сөз – колдон учкан куш.
17. Сөзүң өлгөнчө, өзүң өл.
18. Айтылган сөз – атылган ок.
19. **Өзгөгө** өлүм тилегенче, өзүңө өмүр тиле.

## СӨЗДҮК

| | |
|---|---|
| каймана | ийри |
| өбөлгө | жүйөлүү |
| эскирүү | жүлүн |
| билимдүүлүк | деңиз |
| ата-энени сыйлоо | элпек |
| көптөн чыкпоо | тентек |
| доо | чычала |
| көл | өзгө |

**ОЮН УЧУРУ.** 6 окуучудан 2 топко бөлүнгүлө, калган окуучулар калыстар тобу болот. Ар бир топ баракка билген макалдарын жазып чыгат. Убакыт 3 мүнөт. Кайсыл топтун жазган макалы көп жана маңыздуу болот. Калыстар ошого карап жыйынтык чыгарат.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. МАКАЛ-ЛАКАПТАР эмнеге үйрөтөт?
2. Өзүңөр эки макал тандап, анын маанисин чечмелеп бергиле.
3. Өз алдыңарча макал чыгаргыла.
4. Окуган чыгармаларда кездешкен макалдарды эстеп, класста айтып бергиле.
5. МАКАЛ-ЛАКАПТАРдан үчөөнү тандап, чечмелөө таблицасын толтургула:

| Макал-лакап | Чечмелөө |
|---|---|
| | |

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

4. Кыргыз элинин кеңири колдонулган он макал-лакабын жазып келгиле.
5. Өзүңөрчө экиден макал ойлоп тапкыла.
6. Бир сүрөт тартып, ошол сүрөт үчүн макалды тема кылып алгыла, сүрөт макалдын маанисин берсин.
7. Беш макал жаттап, аларды чечмелөө таблицасын толтуруп келгиле.
8. Жалаң макалдарды аралаштырып байланыштуу текст түзүп көргүлө.

**Адабият теориясынан**

МАКАЛДАР ЖАНА ЫЛАКАПТАР ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**Макал** – адамдардын көп жылдардан бери келе жаткан ой корутундуларын жыйынтыктап, алардын турмуш тажрыйбаларынын негизинен алынган, уйкашкан, бир ыргакта айтылган бир же бир нече сүйлөмдө ойду бүтүрө айткан, тарбиялоо максатында колдонулган фольклордук чыгармалар. Макалдар элдин турмуш тажрыйбасынан улам чыгат. Алар акын-жазуучулардын чыгармаларында да кеңири учурайт, сөзүбүздө да кеңири колдонобуз.

**Ылакаптар** кандайдыр бир окуянын негизинде же адамдардын жүрүш-турушунан, мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн жыйынтыктап, так, элестүү, өзүнчө чечмеленүүчү таржымал-тарыхы бар, көбүнчө каймана айтылат. Кыска, образдуу болот. Ылакапта ой кыйыр түрдө айтылып, жыйынтыкты угуп жаткан адамдын өзүнүн чыгарышы талап кылынат («Сүткө оозу күйгөн, айранды үйлөп ичет»). Ылакаптардын айтылып калуу себеби, чыгыш тарыхы болот («Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени, Семетейдин ажалынын жеткени», «Шодокондун бүркүтүндөй жутунган»).

***Тогузунчу сабак***

## ТАБЫШМАКТАР

**Табышмактар** – кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында **кеңири тараган чыгармалар**. **Кыштын узун түндөрүндө**, же **мал жайып жүргөндө**, болбосо **короо четинде** адамдар бири-бирине табышмак айтышкан. Анда кандайдыр бир заттын, буюмдун, көрүнүштүн, же түшүнүктүн өзүнүн аты айтылбайт да, анын **негизги белгилери** гана берилет. А табылуучу нерсенин атын жашырып коёт. Ошол атты табуу керек болот.

Табышмак өзгөчө балдарга көп айтылган, алардын турмушту жакшы билүүсүнө, **аң-сезимин өстүрүү** үчүн чоң ролду ойногон.

Төмөндө бир топ табышмактарды жана алардын жообун сунуш кылабыз.

1. Ааламга бир жан келди, үнү бар, сөзү жок.
2. **Чытырман** токой.
3. Эки **таяктын** бири алдыга кетсе, бири артта калат.
4. Кичинекей медерим, жер түбүнө жетерим.
5. Эки тууган бирин-бири көрбөйт.
6. Эки суу бар бирине-бири кошулбайт.
7. **Сөөгү жок**, эти бар, сүйлөгөн сөзү бар.
8. «Тий-тий» десем тийбейт, «тийбе» десем тиет.
9. Бассам, басат, жатсам жатат, **чапсам чабылбайт, көмсөм көмүлбөйт**, карыңгыда көрүнбөйт.



10. Итче отуруп, адамча жуунат.
11. Төрт буттуу, төөдөй күчтүү.
12. Жыл мезгилин ылгабас, кыштыр-жайдыр кургабас.
13. Жерге бекем түптөдүм, кийиз менен каптадым.
14. Атасы баласын көтөрөт, баласы калпагын көтөрөт.
15. Уучтаса ундан майда, **уютса таштан катуу**.
16. Буту жок, басат, канаты жок, учат.
17. Өзү – тегерек, жарыгы эң керек, күндүзү көрөм, түндөсү көрбөйм.
18. Канаты бар, учпайт, куйругу бар, конбойт, буту жок, сойлойт, буттуудай ойнойт.
19. Сааганга сүтү бар, мингенге күчү бар.
20. Узун **терек** жыгылды, учу менин колумда, булбулдары сайраса, кушу менин колумда.

**Жооптору:** 1. Жаңы төрөлгөн бала; 2. Баш, чач; 3. Эки бут; 4. Көз; 5. Көз; 6. Көз; 7. Тил; 8. Эрин; 9. Көлөкө; 10. Мышык; 11. Пил; 12. Арча; 13. Боз үй; 14. Боз үй; 15. Цемент; 16. Булут; 17. Күн; 18. Балык; 19. Бээ; 20. Комуз.

A СӨЗДҮК

табышмактар
кеңири тараган
кыштын узун түндөрүндө
мал жайып жүргөндө
короо четинде
негизги белгилери
аң-сезимин өстүрүү
чытырман
таяк
сөөгү жок
чапсам чабылбайт
көмсөм көмүлбөйт
уютса таштан катуу
терек
эрин
көлөкө

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Эй конок, эт ашатчы,
Эт ашатсаң, бат ашатчы.

* * *

От үстүндө бал каймак,
Бал, бал каймак, бал каймак.

Мынабул кай арал,
Көк иримдүү кең арал, ал арал.

* * *

Чоң казандан кырмычык
Кырып жедим тырмышып.

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Жыландан сыр сурасаң, чаянды калыс кылат.
Жыландын сырты жумшак, ичи заар, жыландын териси кооз, тиши уу.
Бака майрыгын билбей, жыланды «ийри» дейт.
Бакча баксаң – макта, акча тапсаң – сакта.
Жетим жүрүп жетилет.

**СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Табышмактар кандай максатта чыгарылган?
2. «Табышмак» деген сөз кандай маанилик бөлүктөргө ажырайт?
3. Класста конкурс өткөргүлө: бир байге эң көп табышмак айтканга; дагы бир байге табышмактарды эң көп тапканга; дагы бир байге өзү көп табышмак ойлоп тапканга ыйгарылат.
4. Класс буюмдарын жашырып, аларды табышмакка айланткыла.

**ОЮН УЧУРУ.** 6 окуучудан 2 топко бөлүнгүлө, калган окуучулар калыстар тобу болот.

Топтор бири-бирине табышмак айтат. Жеңилгенин «тай» кылып, «саткыла».

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Бештен табышмак жазып келүү.
2. «Тап-тап, табышмак» деген темада аңгеме түзүү.
3. Өзүңөр табышмак ойлоп таап, аларды улууларга айтып бергиле, алар жообун айтсын.

## Адабият теориясынан

### ТАБЫШМАК ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**Табышмак** – дүйнөдөгү бардык эле элдердин оозеки адабиятында кеңири учураган жанр. Кандайдыр бир затты, көрүнүштү же башка түшүнүктөрдү өз аты менен атабай, алардын негизги белгилерин айтып, аталышын башка бирөөлөрдүн табуусун талап кылган тапшырма түрүндөгү чакан чыгармалар. Мисалы, «Асты таш, үстү таш, ортосунда бышкан аш» деген табышмактын жообу «данек» болууга тийиш. Анткени, анда данектин негизги белгилери көрсөтүлүп жатат. Табышмактар жорго сөз түрүндө, ыр түрүндө, суроолуу табышмактар, айтыш табышмактары, жомок түрүндөгү табышмактар, эсеп табышмактары түрүндө кездешет.

Табышмактар адамдарды байкагыч, акылдуу, изденгич кылып тарбиялоого салым кошот.

*Онунчу сабак*

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**
1) Макал – адеп күзгүсү.
2) Менин сүйүктүү макалым.
3) Макал-лакаптар – кыргыз элинин ыйык мурасы.
4) Мен эмне үчүн табышмактарды жактырам.
5) Жалаң макал катыштырып каалаган бир темада дил баян жазуу.

**Тапшырмалар:** Өзүң көрүп турган нерселерди табышмактантып, макал-ылакап катыштырып дил баян жаз. Дил баяндарыңарды топто, жалпы класса талкуулоо.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

*Он биринчи сабак*

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

**Жаңылмачтарда** бирөөнүн айткан сөздөрүн башка бирөөлөр **кайталоо** керек. Ал эми аларды кайталоо оңой эмес, атайын **жаңылып калуу үчүн ылайыктуу сөздөр** тандалат. Биз буга чейин да бир топ жаңылмачтар менен таанышып келгенбиз, демек, силерге кыргыз эл жаңылмачтары анча-мынча жеткен десек болот.

Байыркы доорлордон жаңылмачтар **бат сүйлөшүүгө, кеп токуу өнөрүн** өркүндөтүүгө кызмат кылган. **Сөздү куюлуштуруп айткан** чечендер ар кандай жаңылтуу багытындагы тексттер айтылса да, жаңылбай кайталап бере алышкан. Мындай чыгармаларда сөздөр көбүнчө **уйкашып, үндөшүп** келет. Жалпы тексттин мааниси, ою анча жакшы болбосо да, башка бирөөлөрдүн кайталап айтуусуна кыйын болуусу керек.

Төмөндө биз бир топ жаңылмачтарды сунуш кылабыз:

Жогор жактан сел келет,
Эки теке тең келет

Шалгамбайдын шагында бир түп **тыт** бар экен,
Тыттын түбүндө бир түп **түрп** бар экен,
Түрптү тыт түртүп туруптурбу,
Тытты түрп түртүп туруптурбу?

Кырк кызыл куйрук, кызыл куйрук,
Ичинде кызыл кылдырык кыл куйрук.
Жогортодон келемин **шыргый** минип,
Шыргыйыма ыргый минип.

**Белестеги** беш кашка кой,
Бешөө беш башка кой,
Бешаласы кунан кой,
Бешаласы дөнөн кой.

Кырк кыл куйрук,
Кырк кызыл куйрук,
Кырк кыл куйрук ичинде,
Ылгый кызыл кыл куйрук.

Кезек-кезек,
Тезек терсек,
Керек дешет,
Кезек тезек.

Көзү бүтүк,
Үч күчүк үшүп,
Үч күчүк үшүп.
Үнү бүтүп.

Былкы-былкы былкы таш,
Былкылдаган кызыл таш,
Таар токум чаар таш,
Тайгаланма кара таш.

Сен эмне олураясың?
Олураяраңа олурай!
Кудаяр менин кудам эле,
Кудаяр мени кудалай албады,
Же Кудаярды мен кудалай албадым.

Жаш кайышты токмоктошпойсуздарбы?
Жаш бүркүттү томоголошпойсуздарбы?

A СӨЗДҮК

| | |
|---|---|
| жаңылмач | уйкашуу |
| кайталоо | үндөшүү |
| жаңылып калуу үчүн ылайыктуу сөздөр | сел |
| бат сүйлөшүү | тыт |
| кеп токуу өнөрү | түрп |
| сөздү куюлуштуруп айтуу | шыргый |
| | белес |

МАКАЛ-ЛАКАПТАР
Жаралуу кийик жата албас.
Ит жадаса – үрөт, киши жадаса – күлөт.
Конок бир күн консо – кут, эки күн консо – жут.

Мал сактаба – ар сакта.
Өзөн башы ашуу болот, жардын башы кечүү болот.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Жаңылмачтар деп кандай чыгармаларды айтабыз?
2. Жаңылмачтар кандай максатта чыгарылган?
3. «Жаңылмач» деген сөздүн лексикалык мааниси эмнеде?
4. Өзүңөр жаңыдан жаңылмач ойлоп тапкыла.
5. Жаңылмач болуш үчүн тексттеги керектүү нерселер кайсылар экен? Мисалдары менен айтып бергиле (Адабият теориясынын материалын карагыла).

**ОЮН УЧУРУ.** Алты окуучудан 2 топко бөлүнгүлө, калган окуучулар калыстар тобу болот. Бир топ экинчи топко жаңылмач айтат, алар жаңылбай айтып берет. Анан жаңылмач айтуу кезеги алмашып отурат. Кайсыл топтун жеңгенин калыстар жыйынтыктайт.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Үй-бүлөңөр менен жаңылмач айтышып көргүлө.
2. Кыргыз элинин жаңылмачтарынан бешти жазып келгиле.
3. Өзүңөр эки жаңылмач ойлоп таап, дептериңерге жазгыла.
4. Жаңылмачка байланыштуу инсерт таблицасын толтуруп келгиле:

| V | + | - | ? |
|---|---|---|---|
| | | | |

### Адабият теориясынан

## ЖАҢЫЛМАЧ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**Жаңылмачтар** – айтууга татаал, уйкаш жана бири-бирине үндөш сөздөрдү, тыбыштарды айтуу менен адамды жаңылдыруучу чакан чыгармалар.

Анда чыгармалар төмөнкүдөй жолдор менен түзүлөт:

1. Айтууга кыйын бир нече мүчөлөрдүн кошоктолуп айтылышы керек болот («Жаш кайышты токмок-то-ш-по-й-суз-дар-бы, жаш бүркүттү томого-ло-ш-по-й-суз-дар-бы»). Мында биринчи саптын соңундагы «токмок» деген сөзгө жети мүчөнүн уланышы жана экинчи сапта токмокко уйкаш «томого» деген сөзгө биринчи саптагы муундардын кайра кайталанышы ошол сөздү айтууда татаалдыкты жаратат да, жаңылмачты түзүүдө.

2. Бир эле сөздүн кайра-кайра кайталанышы да жаңылтуу максатында атайын пайдаланылат («Бир ак чымчык, эки ак чымчык, үч ак чымчык, төрт ак чымчык»).

3. Уйкаштыктардын тыбыштык жактан өтө эле жакындыгы жана кайталанып келиши да жаңылмачтарды жаратат («Бул кайсы оозу май тайлак, бул кайдагы сары май бал каймак, бул оозанган оозу май тайлак, бул сур сары май бал каймак» ж. б.).

## АПЫРТМАЛАР

Кичинемде **турна** бактым,
**Арка-арыгына жабуу жаптым.**
Өз энемдин ичинде экенимде
Чоң атамдын жылкысын бактым.
Чоң атамдын баскан изине көл токтоттум,
Көл токтотуп, **бир кулач** балык алдым,
**Балыгымдын жон терисин тилип алдым,**
Олтуруптур дегенде олтуруптур,
Карагайдын башына
**Кайнап-кайнап** көл туруптур.
Бир кумурска менен бир карышкыр күрөшүп туруптур,
Карышкырды кумурска өлтүрүптүр,
Кумурсканы кой кылып кумга жайдым,
**Чегирткени** ат кылып көл кыдырдым,
Чылым кылдым **чычкандын куу башынан,**
**Чылбыр эштим торгойдун чуудасынан.**
Бир торгойдон бир табак сөөк алдым,
Сөөгү менен көккө көпүрө салдым,
Башкасы калп болсо да ушунум чын.

* * *

Калп айтып кары-жашка бирдей жактым,
Кайтарып кумурсканы койдой бактым,
Айгырын чегирткенин чертип минип,
Башынан кара тоонун түлкү қактым.
Бооруна кара тоонун жетип барсам,
Жолборсту чычкан чайнап өлтүрүптүр.
Бир жайдан чычкан көрдүм андай семиз,
Чымындан чыгат экен мындай семиз.
**Чымындын чылк семирген убагы** экен
**Томугу тогуз карыш казандай** бар,
**Жилиги кара өгүздөн жоон** экен.
Ойлонуп он беш жигит жыга салды.
Терисин денесинен сыйрып алды.
Алтымыш бычак курчутуп жүнүн алды.
Терисин сүйрөп барып суга салды.
**Он бучкак,** он беш сабаа бычып алды,
Анда да төрт бучкагы артып калды.

* * *

Бир күн айлыбыз ууга чыкты,
Айлыбыз ууга чыккандан кийин мен да чыктым.
Кашка байталымды минип алдым,
Минип алып бара жатсам,
Бир жерге баргандан кийин,
Кашка байталым бир кашка кулун тууп берди,
Кашка кулунду ушул жерден токуп минип алдым.
Минип алып кетип бара жатсам,
Бир жерде алты элик турган экен.
Алтоону тең атып алдым,
Бут-бутунан байлаштырып,
Кулунума артып алдым.
Үстүнөн баса минип алдым,
Үстүнөн баса минип алып кетип бара жатсам,
Кашка байталым башы-көзүн калтаңдатып баспай калды.
Баспай калганын билип алдым.
Ыйык жалдан кармап алдым,
Байталымды алдыма басып алдым.
Алты күнчүлүк жолго,
Бир күндө, куптан маалында жетип алдым.
Башкам калп болсо да, ушунум чын.

* * *

Өз атам туула электе, чоң атамдын жылкысын бактым. Багып жүрсөм бир күнү, сары бээм жок. Чокуга чыгып карасам, бээм көрүнбөйт. Чокудан түшүп, жерге укуругумду сайып башына чыгып карасам көрүнбөйт. Жанымда бир чолок кестигим бар эле, кестикке чыгып карасам, эки суунун аралыгында турган экен. Суудан кечип алып барсам, бээм тууп калган экен. Бээмди минип алып, кулунумду өңөрсөм, бээм көтөрө албай койду. Кулунду минип, бээмди өңөрүп алып суудан чыктым. Суудан чыгып кетип бара жатсам, чыга элек чийдин арасынан туула элек туу коён качты. Аны чаап алдым. Андан кетип бара жатсам бир топ өрдөк оюла элек музга кире качты. Музга бардым дагы, башымды кесип алып, музду ойдум. Өрдөктү кармап алдым кармап алып өрдөктү алып кетип баратсам, башымды унутуп калыптырмын. Башымды издеп кайрадан барып алдым. Менин кылган сонунум ошо.

* * *

Эл өөдө чыгарда бир жаңгыз атым бар эле, жоор болду. Былтыркы коон айдаган жер бекен, кандай экенин биле албадым, балчыкты аттын жооруна жайдым. Ошону бир салкын жайга чыгарып оттоого койдум. Эки жарым айдан кийин барсам, эки жагына эки коон бышып калыптыр. Көргөн сонунум ошо...

## СӨЗДҮК

турна
арка-арыгына жабуу жаптым
бир кулач
балыгымдын жон терисин тилип алдым
кайнап-кайнап
чегиртке
чычкандын куу башы
чылбыр эштим торгойдун чуудасынан
чымындын чылк семирген убагы
томугу тогуз карыш
казандай
жилиги кара өгүздөн жоон
он бучкак

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Күндүн кызы – Күмүшай,
Айдын кызы – Алтынай.
Алтынай менен Күмүшай,
Биринен өтүп бири Ай,
Айдай кыздар пай, пай, пай!

* * *

Таягың каякта,
Таягың Саякта.
Саяк каякта,
Саяк тежакта.

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Жата берсе, ат арыйт, жүрө берсе, жол арбыйт.
Жазгы суук жандан өтөт.
Жайдын күнү жаш баладай.
Керектүү таштын оордугу жок.
Ай талаада аткан ок ажалдууга тиет.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Апыртма угуп көрдүң беле? Эстечи? Ал кандай эле?
2. «Апыртма», «калп» деген сөз кандай маанини түшүндүрөт?
3. Кишилер эмне үчүн апыртма айткан?
4. Жогорудагы тексттеги жаныбарларга мүнөздөмө бергиле.

**ОЮН УЧУРУ.** 6 окуучудан 2 топко бөлүнгүлө, калганы калыстар тобу болот. Апыртма айтышуу боюнча мелдеш уюштургула. Калыстар жыйынтык чыгарат.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Жакын туугандарыңдын: ата-энеңдин, ага-эжеңдин, же дагы башкалардын жардамы менен жаңы апыртма чыгарып, дептерге жазып келгиле.

2. Бири-бириңе апыртма айткыла. Анда төмөнкү сөздөр катышсын: **жай; ат; жүк; каймак; быштак; арча; карагай; бүркүт; карышкыр; коён; улак; козу; түлкү; сары май; кулун; тай; тушоо кесүү; чуркоо; устукан.**

3. Кыргызстандын жаныбарларын чагылдырган видеотасма көргүлө.

**Адабият теориясынан**

## АПЫРТМА – АДАБИЙ ЖАНР КАТАРЫНДА

Калп, же апыртма фольклордук жанр катары каралбаса, чынында тескери мааниде болуп калат, башка элдер кыргыздар эмне балдарына калп айтууну үйрөтүшкөн деши мүмкүн. Калп бул жерде жалган, чын эмес маанисинде кабыл алынбастан, элдик оозеки чыгармачылыктагы апыртма жанры катары кабылданышы керек. Апыртмалар кара сөз түрүндө да, ыр түрүндө да айтылат, көбүнчө жорго сөз формасында кездешет. Сөз кунун жакшы билген, балдарга ошол сөз дүйнөсүн үйрөтүүгө аракет кылган сөзмөр, чечен, ой жүгүртүүсү мыкты өскөн кишилер кээде учкул кыял, ар нерсени романтикалуу ойлогон, жомоктор дүйнөсүндө жашаган, али акыл токтото элек балдар алдыларында кеп тыңшап отурса, алардын жаш курагына, кабылдоосуна ылайык апыртмаларды ойлоп чыгарган. Анда айтуучу турмушту болбогон жана болууга мүмкүн эмес нерсени апыртып калп кылып айтып берген. Анда фантастикалык сүрөттөө орун алып, күлкүлүү окуя айтылат. Алар уккулуктуулукту, кызыктуу болуп, анын апыртылып жаткандыгына маани берилбей калат.

Алар негизинен төмөндөгүдөй тематикада: аңчылыкка байланыштуу, курт-кумурскалар жөнүндө, үй жаныбарлары, жапайы айбанаттар, кээде белгилүү бир буюм-тайымдарга байланыштуу жаралган. Ыр түрүндөгү калптарда уйкаштык бар (туруктуу эмес, өтө сейрек), айрым тексттерде метафоралык каймана маанидеги туюнтмалар, салыштыруулар, гиперболалык салыштыруу, эпитеттер жолугат.

Ыр саптарынын акырында келген «экен», «эле», же болбосо «бардым», «келдим», «кетти», «салдым», «чыктым», «жедим», «өттүм», «куудум», «олтуруптур», «өлтүрүптүр» деген сыяктуу этиш сөздөр дайыма шарттуу бир кыймылдын ачкычы катары пайдаланылып, анын негизинде уйкаш, кайталоо колдонулат.

Калптарга жорго сөздүүлүк, кайталоочулук, суроолор, уйкаштык мүнөздүү болуп, ошол нерселер жалпы тексттин туздуулугун арттырып, угумдуулугун жогорулатып турган касиеттер болгон да, балдарды сөз өнөрүнүн дагы бир керемет дүйнөсүнө баштап кирген. Ар бир элде айтылуу, таланттуу апыртмачылар жана апыртмалар болуп, балдар алардын кеп-сөзүн жалган экен дебестен, кумарлануу менен, берилүү менен уккан жана ошол уккандары аркылуу сөз өнөрүнүн дагы бир керемет казынасына саякат жасаган.

*Он үчүнчү сабак*

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**

Менин апыртмаларым.
Мергендин аңгемеси.
Менин досум.
Биз билим алган мектеп.
Жалаң бир гана тамга (мисалы, к) менен башталган сөздөрдөн турган сүйлөмдөр менен дил баян жазуу.
Терезеден көрүп турган нерселерди сүрөттөп дил баян жазуу.

**Тапшырмалар:** Бүгүн эрте менен мектепке келе жатып көргөн нерселерди элестетип дил баян жазуу, аны жалпы класса талкуулоо.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

## ЭЛДИК ЭПИКАЛЫК МУРАСТАН

*Он төртүнчү сабак*

### «МАНАС» ЭПОСУ ТУУРАЛУУ

Кыргыз элинин турмушунда «Манас» дастанынын орду өлчөөсүз чоң, ал элге, алардын руханий керектөөсүндө күнүмдүк азыктар: нан, суу сыяктуу эле зарыл болгон. Андагы каармандарга карап балдарды тарбиялаган, андагы окуяларды насааттап, муундан-муунга таберик катары өткөрүп келген. Дүйнөлүк маданиятта кайталангыс бул улуу чыгарманын ичинде өтө көп окуялар, адабий көркөм сүрөттөөлөр абдан жыш учурагандыгына карабастан каармандарды эл тарыхта жашап өткөн адамдар, сюжетиндеги чагылдырылган баяндарды болуп өткөн чыныгы окуялар катары кабыл алышкан. Андыктан «Манас» элдин каны, жаны менен бир болуп калган, кечээги Улуу Ата мекендик согуш учурунда да кыргыз жоокерлери ок учуп, от бүркүп турган жерге «Манастын арбагы колдосун» деп «манастап» ураан чакырып кирип кете берген.

#### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Манасчылар деген кандай өнөрдү аркалаган кишилер болгон? Силер манасчылардан кимдерди билесиңер?
2. «Манас» эпосу тууралуу дагы кандай маалыматтарды айта аласыңар?
3. Ким манас айтып жиберет? Класстын эң мыкты манасчысын аныктап алалы.

#### ОЙЛОНУП КӨРГҮЛӨ

1. Силер, балдар, «Манас» эпосу кылымдардан бери оозеки айтылып келгенин билесиңерби? Китеп болбосо, жазууга түшпөсө, анан кантип биздин күндөргө жетти деп ойлойсуңар?

Жусуп Мамай атабыздын вариантынын «Жомок соңу» бөлүмүндө мындай деп жыйынтыкталган жери бар:

Байыркылар кеп салат
«Баатыр Манас арбагы,
Узартып айтсак ар жагы,
Кыямат кайым болгуча,
Кыргызды колдойт», – деп салат.

Дал ушул байыркылардан келе жаткан, муундан-муунга өткөн «Манастын арбагынын колдошу» тууралуу сөз бүгүн менен, эртең менен, силер менен жана биз менен эле бүтүп калбайт экен, адамзат түгөл түгөнүп, жер бетин кыямат каптаган күнгө чейин уланат экен.

Чыңгыз Айтматов ата-бала болуп калган залкар манасчы Саякбай Каралаев менен Чүйдүн бир айылына барганын жазып кеткен. Анда жай саратанда колхоз кеңсесинин алдында аксакалдар бири отургуч-

ка, бири дөңгөчкө отурушса, балдар тал-теректин башына чымчыктай конуп алышып, бири атчан, бири эшекчен, бир бала төөсүн жаткырып өркөчүнө жайма-жай отуруп, тегерете ак жоолукчан аялдар болуп «Манас» дастанын угууга камынат. Саякбай ата манасын айтып кирет. Бир убакта күтпөгөн жерден асман алай-дүлөй болуп, чагылган кошо чартылдап, күндүн түбү түшкөндөй жамгыр жаап, элдин баары шөмтүрөп суу болот, ат үстүндө манасчынын да башынан бутуна чейин суу өтөт. Ушундай табияттын алааматында бир да киши Саякбайдын манасын таштап кете албайт, аларды «Манас» дастанынан бир керемет күчү байлап алгандай ордуларынан козголуп да койбой, былк да этпей, ыйлаган жерде ыйлап, кайгырган жерде кайгырып, «Манастын» ичине кирип кетишет. «Нөшөрлөп жааган жамгыр, төгүлүп айтылган сөзгө кошулуп, кадыресе жашоодогу турмуштук өзгөрүүлөрдүн жеңиши менен кыйроосу, баатырдыгы менен кайраты, даанышмандыгы менен көсөмдүгү, арзуусу менен айрылуусу, ачуусу менен ырайымдуулугу, салтанаты менен жыргалы, өлүмү менен төрөлүүсү, даңкы менен кара санатайлыгы, көрө албастыгы агын болуп жаап жатты...

Ошол тапта жааган жамгыр, чагылган алдында биз бардыгыбыз бир ооздон Саякбай Каралаев менен бирдикте ураан чакырып турдук...», – деп жазат улуу жазуучубуз.

Мына ушундай ураан чакырткан, жамгыр-карга, күн-түнгө карабай адамдарды өзүнө тарткан «Манастын» күчү эмнеде?! Аны биз алдыдагы чакан эки үзүндүсү менен таанышкан соң билебиз.

## МАНАСТЫН БАЛАЛЫК ЧАГЫ

### МАНАСТЫН ТӨРӨЛҮШҮ

Он бештеги баладай
Көтөргөндө салмагы,
Берген экен кудайым
**Берекелүү** баланы.
**Көзү каткан** Бакдөөлөт
Көтөрүп өөп алганы.

Куртканын зайыбы
Канышбек
**Оозантмакка** баланы
**Оозуна эмчек салганы.**
**Өзөгүн үзө бир соруп,**
Өлө жазып калганы.
Сандык толо май деди,
Салган кошо бал деди,
Эки, үч **карын май** алып
Эми оозуна сал деди.
Үч карын май алганы,
Үч кайтара салганы.
Үч карындын майларын
Үч саатка койбой жалмады.

Астына алып Чыйырды
Оң эмчегин салганы.
Абалкысы сүт чыкты,
Экинчиси суу чыкты,
Үчүнчүсү кан чыкты,
Чыдай албай ошондо
Байбичеден **жан чыкты**.

Чыгарып алып эмчекти,
Чакырып журтка бериптир
Сегиз бээ союп жентекти.
**Тоюнбаган тоюнуп**,
Топтогон малдар союлуп,
Ачтын баары тоюнуп,
Ар түрлүү малдар союлуп,
Балдарын катын жетектеп,

Май көтөрүп этектеп,
Бай Жакып кайда экен деп,
Айылдагы жигиттер
Баары шашып энтеңдеп.
Баланы Жакып алганы,
Бала деген шубу деп
Баркырап ыйлап калганы.
Кубанды Жакып ыйлады,
**Кучакта бала** туйлады,
Баланын үнү баркырап,
Айбатынан атасы
Баары бою калтырап.

Баркырап ыйлап баласы
Жалмалап тамак карады,
Атакеси бай Жакып
Аяк-колун кармоого
Алы келбей баратты.
Балаң кандай ыйлаак деп
Байбичени карады.
Берсең эмчек нетти деп,
Бир баланы тойгузбай
Пейлиң кандай кетти деп.
- Жакшы эле менин сүтүм
деп,
Эки сорсо эмчектин
Немесин койбойт бүтүн деп,
Эң ачкараак балаң бар
Тамагына күтүн деп,
Байбиче сөзүн салганы.
Байкайын деп баласын
Бай Жакып көзүн салганы:
**«Маңдайы жазы, башы кууш,**
**Бар боюнда турат тууш,**
**Кочкор тумшук, кош кирпик,**
**Көркү калча, көзү тик,**
**Жалаяк ооз, жар кабак,**
**Жаагы жазы, ээги узун,**
**Эрди калың, көзү үңкүр** –
Эр мүнөзү көрүнөт.
Алакан жазык, колу ачык,
Аттанып чыкса жолу ачык –
Алп мүнөзү көрүнөт.
**Кең көкүрөк, жайык төш,**
**Аркасы кең, бели түз,**



**Айбаты катуу, заар жүз** –
Пил мүчөсү көрүнөт.
Жолборс моюн, жоон билек,
Жооруну калың, таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз,
**Бөрү кулак, жолборс төш,**
Бөлөкчө түрү бар экен.
Кут кылган болсо кудайым,
Кудайдан жашын сурайын,
Кеткенден алар кегимди,
Кек алганын көрөрмүн,
Кетирбесе эбимди.
Өткөндөн алар өчүмдү,
Өч алганын көрөрмүн
Өлтүрбөсө өзүмдү».

Баштагы мүнөз жоголду
Бай Жакыптын нээтинен.
Бар кудайым берген деп
Баланын өптү бетинен.
Байбиче баланы алганы,
Балкайтып эмчек салганы.

ЭНЧИЛҮҮ АТТАР

Жакып – Манастын атасы.

Бакдөөлөт – Жакып хандын кичүү аялы. Андан Абыке, Көбөш деген балдар төрөлөт.

Куртканын зайбы Канышбек – эпизоддук каарман. Манас төрөлгөндө аны жерден биринчи алып, эмчек менен оозантат.

Чыйырды – Манастын энеси.

## СӨЗДҮК

береkелүү
көзү каткан
оозантмак
оозуна эмчек салуу
өзөгүн үзө бир соруу
карын май
жан чыкты
тоюнбаган тоюнуп
кучакта бала туйлады
маңдайы жазы
башы кууш
бар боюнда турат тууш
кочкор тумшук
кош кирпик
көркү калча
көзү тик
жалаяк ооз
жар кабак
жаагы жазы
ээги узун
эрди калың
көзү үңкүр
кең көкүрөк
жайык төш
аркасы кең
бели түз
айбаты катуу
заар жүз
бөрү кулак
жолборс төш

## ЭЛДИК ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР[1]

Бала бош идишти башына кийип алса – кымбатчылыкка.

Бала бош идишти бутуна кийип алса – арзанчылыкка.

Бала бүк түшүп жатып уктаса – уялчаак болот.

Бала жаздыктын гана үстүнө жатып уктаса – эл башкарган көсөм болот.

Бала жаңы аяк шилтегенде оң бутун көтөрсө – жакшылыкка.

Бала жаңы аяк шилтегенде сол бутун көтөрсө – жамандыкка.

Бала жаңы туулганда апасы жоолугунун маңдайына төөнөгүч тагынып жүрөт, ал ымыркайды жаман күчтөрдөн, көз тийүүдөн сактайт.

Бала жаңы туулганда ымыркайды жума күндөрү киринтпейт.

Бала жаңы туулганда ымыркайды таразага тартпайт.

Бала жаңы туулганда ымыркайды эч кимге көргөзбөйт.

Бала колу-бутун керип уктаса – кеменгер, акылман болот.

Бала көзүн ачып уктаса – аялы (күйөөсү) сулуу болот.

Бала көзүн ачып уктаса – ыйлаак болот.

Бала көмкөрөсүнөн жатып уктаса – кызганчаак болот.

Бала көмкөрөсүнөн түшүп, чөгүп жатып уктаса – дөөлөттүү, бай болот.

Бала муштумун кеңири жазып уктаса – берешен болот.

Бала муштумун түйүп уктаса – өзүнө тың болот.

---

[1] Элдик ишенимдер жана тыйымдар окуу, түшүнүү жана турмушта колдонуу үчүн берилет.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Беш таш – ак таш,
Бешинчиси – баш таш.
Беш ташка акиташ алышты,
Баш ташты актай салышты.

* * *

Беш-Терекке беш киши керек,
Беш киши Беш-Терекке келет.
Беш-Теректен беш терек кесиш керек,
Беш теректи Беш-Теректен кесүүгө бербеш керек.

* * *

Биздин айыл – Ак-Терек,
Ак-Теректе – көп терек,
Ак-Теректе – көк терек,
Көк терек – бизге керек,
Көп терек Ак-Терекке көрк берет.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Манастын төрөлгөндөгү көрүнүшүн сүрөттөп айтып бергиле?
2. Балада баатырдык белги кандайча көрүндү?
3. Манас төрөлгөндө эл эмне үчүн түйшүк тартты?
4. Кыргыздар баатыр баланын туулушун эмне үчүн күтүп атты эле.
5. Ата-эненин балалуу болбой жүргөндөгү абалын айтып көргүлө.
6. Манастын төрөлгөндөгү портретин жаттоо.
7. Тексттин негизинде төмөнкү таблицаны толтуруу:

| Фразеологиялар | Фразеологиянын мааниси | Ушуга окшош фразеологиялар | Эмне максатта, ким тарабынан колдонулду? |
|---|---|---|---|
| көзү каткан | | | |
| өзөгүн үзө бир соруу | | | |
| жан чыгуу | | | |
| кочкор тумшук | | | |
| жар кабак | | | |

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1) «Манас» тууралуу фильмдерди көрүү.
2) «Манас» тууралуу сүрөттөрдү чогултуу.
3) Түшүнүксүз сөздөрдү дептерге жазып алуу, алардын маанилерин мугалимдерден суроо.
4) Манаска карата кластер түзүү.

## МАНАСТЫН БАЛАЛЫК ЧАГЫ

Ат коюлуп, той тарап,
Жер-жерине кеткени.
Арадан жети жыл өтүп,
Сегизге Манас жеткени.
Сегиз жылдын быягы,
Бала да болсо башында,
Быйыл сегиз жашында,
Пендеден башка сыягы.
Эркелетип энеси,
**Аркалап жүрдү атасы.**
Аркалабай не кылсын,
Артында жалгыз ботосу.
Ар мүчөсүн караса
Адамдан башка **жотосу.**
Кээ бир күнү караса
**Кездей белин буунат,**
Кerээли кечке жуунат.
Кете берет бир күнү
Билгенин кылып, турбастан,
Жүрүп кетет кээ бирде
Бир ай да колун жуубастан.
Арам-адал түк билбейт,
Ар бир түрдүү иш кылат,
Ага-инисин көзгө илбейт.
Болуп турат кээ күнү
**Байлоодо** буудан мингендей,
Басып жүрөт кээ күнү
**Байлатпаган жиндидей.**
Улук мазар дегенди
Кыйык атып ойногон,
Кыялына келгенин
Кылбай асты койбогон
Балдарды көрсө жыйыптыр,
**Мазарды көрсө кыйыптыр,**
Бай Жакыптын бул уулу,
Бир балакет кылат деп
Калайык ушак кылыптыр.
**Дубана** көрсө уруптур,
**Асасын** тартып алыптыр,
Азапка бөөдө салыптыр,
Андайын көргөн эл-журту
Акыр бир балаа кылат деп
Айыңдашып калыптыр.
Кожону көрсө коркутат,
Бир сабада кымызды
Колуна берсе бир жутат.
Акылы кетип аз болбойт,
Жарым челек аракты
Жалгыз ичсе мас болбойт.
**Доргону** көрсө токмоктойт,
**Жамбы** тийсе колуна
Чака пулча токтотпойт.
Баркын билбейт дүйнөнүн,
Бай Жакып байкап күйгөнү,
Баары сөзүн бай Жакып
Байбичеге сүйлөдү:
- Аңдасам балаң акыл аз,
Жөнүн таппайт, дөөлөт мас,
Тил азар деймин, динге кас.
Мал азабын балага
Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга
Алты ай малай берели,
Эркелетип олтурбай
Катыктырып көрөлү.
Сөз айтууга жатыксын,
**Сөөгү бышып катыксын.**
Малдын баркын билгизип,
Малай кылып киргизип,
Дүнүйө баркын билгизип,
Түк кап барып киргизип,
Ошпур деген койчу бар,
Ондоп койсун ошолор.
Ал акылды бай Жакып
Байбичеге айтып салганы,
Макул экен бу сөз деп
Байбиче кабыл алганы.

Чакырды Жакып баланы,
Бай Жакыптын балага
Мал бактыруу талабы.
- Карыгамын атаң деп,
Кагылайын ботом деп,
Жылкы, төө малым бар,



Карып калдым, мал табар
Кайда менин алым бар,
Араң бир жүз коюм бар,
Ошпур деген бир бай бар,
Алты ай баксаң козусун
Коюбузга кошумча
Кой берер деп оюм бар.
Бабаң Жакып мен деди,
Балам мал табар кезиң сен
деди,
Барып Ошпур козусун,
Аз күнү багып бер деди.
Жооп берди баласы,
Жоругу бөлөк Манасы:
- Ошпур кайда бай деди,
Баласы жок, малы көп,
Ал куруган кандай жан деди,
Ачка кылып койбосо
Жеткирип мени сал деди.
Бай бекен малы мол деди.
Арасы канча жол деди.

Анда Жакып кеп айтат,
Арасы күндүк деп айтат.
- Кой берүүчү бай болсо
Андан не үчүн качайын,
Жегениме май болсо,
Орун-төшөк жай болсо,
Чоң эмесмин, баламын,
Жообуңду ата алайын,
Токтобоймун, барамын,
Байкуш болор нээтим жок,
Мал табууга барамын,
Мени коюп, атаке,
Өз алыңды карагын.

Бармакка бала кубанды,
Бай Жакып келип токуду
Кула чабдар **кунанды.**
Ээрчитип Жакып алганы,
Эрмек кылып баланы,
Өз койчусу Ошпурдун
Короосуна барганы.
- Барсыңбы, Ошпур бай деди,
Жатырсыңбы жай деди.
Ошпур бай күттүң далайды,
Алып келдим мен сизге
Козу багар **малайды.**

Ошпур үйдөн чыкканы,
Жакыптын сөзүн укканы.
Түшүңүзчү аттан деп
**Чылбырынан тутканы.**
Аттан түшүп Жакып бай,

Акылдашты жайма-жай.
Ал айылда бар экен
Атасы кыргыз Кадообай,
Анын бардыр бир уулу,
Баласынын аты Чегебай.
Манас менен Чегебай
Козу баксын жайма-жай.
Бай Жакып айтты ушуну,
Баксын деди козуну.
Ошпур менен Кадоого,
Баланы багып кароого:
- Кээде ач болсун, кээде ток,
Кеби тийсе ур да, сок.
Катыксын деп баламды
Хан Жакыптын талабы.
Жашырып айтып Жакып бай
Кайтты үйүнө жайма-жай.

Кайтып Жакып кеткенин,
Манастын көргүн неткенин,
Арасынан булардын,
Жетинчи күнгө жеткенин.
-Чеге бала чором деп
Жеке менин жором деп,
Жүр козуга баралы,
Жүдөтпөй малды багалы.
Козусун айдап кобурап,
Тоону көздөй жобурап,
Баланын сөзүн сөздөшүп,
Бара жатат бул экөө
Бадалдуу тоону көздөшүп.
Козусун балдар жайыптыр,
Колуна **чыбык** алыптыр,
Каршы алдынан бир бөрү
Качырып чыга калыптыр.
Карышкыр деп, бөрү деп
Кабарын мурун укпаган,
Жашы жеткен тогузга,
Карыш үйдөн чыкпаган.
Көзүн Манас салганы,
Баса калып козунун
Куйругун жулуп алганы,
Бул эмине шумдук деп
Көрүп айран калганы.
Манас туруп кеп сурайт,
Он бирдеги баладан
Бул эмине деп сурайт.
Көрө салып Чегебай:
-Атасынын көрү деп,
Аты мунун бөрү деп,
Коё берсе эркине
Кете берет тоо жакка
Бу козунун баарын жеп.
Чегебай айгай салганы.
- Кыйкырганың эмине?
Кыңк этпегин дегеле,
Бөрү болсо нетер деп
Карды тойсо кетер деп
Манас айтып салганы.
- Козуга убал болор деп,
Баарын жесе, капырдын,
Карыны араң толор деп
Бала чурап калганы.
Бара жаткан балага
Бөрү көзүн салганы.
Кайрат кылды күркүрөп,
Кайта качты Чегебай
Кара бою дүркүрөп.
Коркоксуң, кайра качтың деп,
Акылыңдан шаштың деп,
Кыжыры кайнап эр Манас:
- Кулагынан алайын,
Өлбөгөн жерде калайын.
Мунун атын бөрү дейби деп,
Адамды бөрү жейби деп,
Кашына чуркап барганы.
Көтөрүп алып козуну
Качып карышкыр кеткени.
Чала-була куйруктап
Кууган менен жетпеди.
Тогузунда коркпогон
Эрдиги эмей неткени.
Көтөргөн бойдон көк бөрү
Тоодон ашып кеткени.
Токтобостон кубалап
**Капчал улуу** зоо менен,
Көз учкан бийик тоо экен
Карышкыр кирип кеткени,
Козунун канын кубалап
Артынан Манас жеткени.

Жетип барып караса
Аттары бар канаттуу,
Адамдан башка санаттуу,
**Аргымак, бедөө** минишкен,
Аземдүү тонду кийишкен
Бир үңкүрдө кырк киши,
Бир өтөктө жык киши.
Чайдоосто чайы кайнаган
Дасторкону жайнаган,
Албан түрдүү жемиштер
Оозго салып чайнаган.

Аларды көрүп алганы,
Жартысын жеген козусун
Жанына байлап салганы.
Козусу аман маарап тур,
Козуга Манас карап тур.

Жартысын жеп козунун
Көтөрүп алып кетти деп,
Көрдүм эле көз менен
Бу козуга нетти деп,
Көтөрүп келип козумду
Карышкыр кайда кетти деп,
Кана, карап турган адамдар,
Айтыңарчы кепти деп
Бала минтип сурады,
Көпкөрүнөө көзүмчө,
Төгүлдү козу каны деп,
Өлгөндөй болду жаны деп
Эми келип бу жерден
**Эч бир жерде тагы жок,**
Тирүү көрдүм аны деп,
Бала токтоп калганы,
Баягы турган кырк адам
Балага көзүн салганы.

ЭНЧИЛҮҮ АТТАР

Ошпур – Манасты тарбиялаган койчу.
Кадообай – Ошпурдун атасы.
Чегебей – Ошпурдун уулу, Манас менен теңтуш бала.

СӨЗДҮК

аркалап жүрдү атасы
жото
кездей белин буунат
байлоодо
байлатпаган жинди
мазарды көрсө кыйыптыр
дубана
аса
дорго
жамбы
сөөгү бышып катыксын
кунан
малай
чылбырынан тутканы
чыбык
капчал улуу зоо
аргымак
бедөө
эч бир жерде тагы жок

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Бала, баланын иши чала.
Бала боор эт менен тең.
Балага атасы сынчы.
Бала жакшысы – атанын даңкы, кыз жакшысы – эненин даңкы.
Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе.
Жардылык жаман эмес, жалкоолук жаман.
Жан ооруган жерде.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Булакты турак кылдым,
Турагым – булак,
Булагым – турак.
Туруктын булагы бар,
Булактын улагы бар.
Улак – булактыкы,
Булак – турактыкы.

Күнкарама – күн караба,
Күн караба – күнкарама.
Күнкарама күн карабадан чыккан,
Күн карап күнкарама бышкан.

## ЭЛДИК ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

1. Баланы өз ата-энеси чоң ата-чоң энесинин көзүнчө эркелетпейт, өппөйт, ичи элжиреп сүйбөйт.
2. Баласын ата-энеси чоң ата-чоң энесинин алдында, алардын көзүнчө урбайт, урушпайт.
3. Баланы наристе кезинде көп карай бербейт.
4. Баланын кичине чакта бетине көө сүртүп коёт.
5. Жаңы төрөлгөн балага сары май оозантат.
6. Бешиктеги баланы жабуусуз калтырбайт.
7. Баланы алдыга алып кош алаканга салып көтөрбөйт. Алдыга алып кош алаканга салып көтөрүү – өлгөн адамды көтөрүүнүн белгиси.

## ? СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Кичине чагында Манас кандай сапаттарга ээ болду?
2. Манас кандай бала болгон деп ойлойсуңар?
3. Эмне үчүн баласын атасы Ошпур деген койчуга берүүнү ойлонду?
4. Карышкыр жана Манас.
5. Бул эпизоддо кандай гиперболалык сүрөттөөлөр (элдик эпоско байланыштуу апыртуулар) бар жана алар кандай максатта колдонулат?
6. Манас угуу, аны талкуулоо, ошондой кылып айтып берүүгө аракеттенүү.
7. Текст менен иштөө жумуштары. Тексттин бир учурун кара сөзгө айлантып жазуу жана төмөнкү таблицаны толтуруу:

| | |
|---|---|
| Тексттин бөлүгүнө ат коюу | |
| Текст эмне тууралуу | |
| Текстте сен мурда билбеген кайсы сөздү биринчи жолу колдондуң? | |
| Текстте синонимдер кандайча колдонулду? Мисалы. | |
| Текстти айтып берүүдө эң түйүндүү төрт сөз | |

## ! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. «Манас» тууралуу фильмдерди көрүүнү улантуу.
2. «Манас» тууралуу сүрөттөрдү чогултууну улантуу.
3. «Манастын төрөлүшү, бала чагы» деген темада аңгеме жазуу.
4. Манастын балалык чагын башка элдердин эпосторундагы баатырлардын балалык чагы менен салыштыруу.
5. Түшүнүксүз сөздөрдү дептерге жазып алуу, алардын маанилерин мугалимдерден суроо ишин улантуу.
6. Манаска синквейн түзүү.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

Кеңеш Жусупов. «Манас» (*кара сөз варианты*).

**Адабият теориясынан**

## САЛЫШТЫРУУ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү башка нерсе, көрүнүш менен окшоштуу, салыштыруу.

Салыштыруу негизги төрт элементтин катышынан куралат:

1) окшогон нерсе;

2) окшотулган нерсе;

3) окшош белги;

4) окшоштукка кошумча каражаттар (*-дай*, *-ча* мүчөлөрү, сыяктуу, сыңары, окшош, түстүү, бетер, куду, өңдүү деген кошумча кызматчы сөздөр). Мына, ушул төрт элементтин болушу салыштыруу түзүүнүн негизги материалы болуп саналат. Кээде мүчөлөр түшүп калып да айтыла берет.

Салыштырууга мисалдар:

Болуп турат кээ күнү
Байлоодо буудан мингендей,
Басып жүрөт кээ күнү
Байлатпаган жиндидей.

***Он алтынчы сабак***

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ ЖУМУШТАРЫ

1. Өткөн темалар боюнча байланыштуу текст түзүү жумуштары:

а) Калтырылып кеткен сөздөрдү таап, көп чекиттин ордуна жазгыла:

«Кезек... алышат»
«... кебек алдырбаган»
«... ыргайдай, ... шыргайдай»
«Чал корккон ... келет».
«... кыйшык ... сүйлөсүн».
«Ойлонбой ... өлөт»

ж. б. ушундай тапшырмалар мугалим тарабынан сунуш этилет.

2. Кыргыз эл жомокторундагы төмөнкү каармандардын кандай болорун мүнөздөп жазып бергиле: куш, кедейдин баласы, кыз, падыша, хан, бай, ууру, каракчы, дыйкан, акылман, акмак.

3. Макал-лакаптар деп кандай чыгармаларды айтабыз? Ар бириң ондон макал-ллакап жазып бергиле.

4. Бештен жаңылмач, бештен табышмак жазгыла.

5. Бирден кыска жомок жазып жана аны топто окуп талкуулагыла.

6. Бул сөз айкаштары боюнча жомоктун үзүндүлөрүн жазуу:
**илгери өткөн заманда; бир жигит; бир кыз; бир дыйкан; бала мындай деди; көп жыл өттү.**

7. Чакан дил баян жазуу. Төмөнкү темалардан тандап алгыла:
   1) Акылдуу адамдын акмактарды жеңиши.
   2) Кыргыз эл жомокторунун көркөм тили.
   3) Макал-лакаптар – эл казынасы.
   4) Табышмактар кантип чыкты?
   5) Жаңылбай айт, жаңылмачты.

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Бир көргөн – билиш, эки көргөн – тааныш
Билбеске – айтпа, толбоско – куйба, тойбоско – бербе
Билим – адамдын канаты
Кара сууда каймак жок – муз болбосо, кой этинин даамы жок – туз болбосо
Карайлаган там сүзөт

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Белдин үстү белеске,
Белек баатыр келет де.
Белек белдеги белесте,
Берүүчүсүн берет де.

Ай, ак кеме, ак кеме,
Ак кеме келер бат эле.
Бат эле келсе ак кеме,
Ак кеме келди бат дебе.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Кыргыз элинин жомоктору тууралуу кеңири айтып бергиле.
2. Үч макал жазып, маанисин чечмелегиле.
3. Жаңы макал, табышмак, жаңылмач ойлоп тапкыла.
4. Апыртмалардан ойлоп таап, дептериңерге жазгыла.

***Он жетинчи сабак***

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ОКУУ БОЮНЧА АҢГЕМЕЛЕШҮҮ

1. Бүт окуучулар окуп келген чыгармаларын кагазга жазышат. Ким көп окугандыгы билинет.

2. Андан кийин кыргыз эл жомокторунан көпчүлүк окуп келген бир жомок талкууга алынат:
- сюжети (мазмуну) бир нече окуучу тарабынан уланып-уланып айтылат;
- башкы каармандарына мүнөздөмө берилет;
- жомокту айтып берип жаткандардын кимиси көркөм айтып бергендиги калыстар тарабынан белгиленет;
- тексттеги түшүнүксүз сөздөр чечмеленет ж. б.

***Он сегизинчи сабак***

## ЧЕЙРЕКТИК КАЙТАЛОО

1. Кайсыл жомокто акыл-эс, тапкычтык тууралуу кандай ойлор айтылат, эске салгыла.

2. Силер окуган жомокто кандай ой айтылып жатат?

3. Табышмактар деп кандай чыгармаларды айтабыз? Табышмактар эмне максатта чыгарылган?

4. Эки команда болуп табышмак айтышкыла.

5. Мелдеш өткөрүү. Биринчи команда макалдын биринчи бөлүгүн айтат, экинчи команда анын экинчи жарымын таап, улап айтат жана бул тапшырмалар командалар арасында кезектешип жүрүп отурат.

6. «Класстын жомокчусу» деген темада эң мыкты жомок айткан окуучуну табуу.

7. Командага бөлүнүп жаңылмач айтышуу конкурсу.

8. Кыргыздар жомокту кандайча, качан, эмне максатта айтышканын түшүндүрүп, байланыштуу текст жазуу. Класстын окуучуларынын баарынын бириктирилген эң мыкты текстин түзүү.

9. Төмөнкү сөздөрдүн же синонимин, же антонимин, же омонимин тапкыла: калп, булак, жаз, күл, ат, жылга, белес, шам, от, таш, бет алды, баш, койчу.

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Чындап ыйласа, сокур көздөн жаш чыгат
Чымынды дөө кылба, бетинди көө кылба
Эт – этке, сорпо – бетке
Эмне эксең, ошону оросуң
Миң карганы бир таш качырат

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Кыргыз десе, Чыңгыз дейбиз,
Чыңгыз десе, кыргыз дейбиз.
Кыргызды Чыңгыз дейбизби,
Чыңгызды кыргыз дейбизби?

* * *

Асманда жылдыз көппү,
Жерде кыргыз көппү?
Жылдыз кыргыздарбы,
Кыргыздар жылдыздарбы?
Жылдыздын жарыгы кыргызга тиер,
Кыргыздын жарыгы жылдызга тиер.
Кыргыз жылдызды сүйөт,
Жылдыз кыргызга күйөт.

**! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Кыргыз эли колдонуп келген беш макал, беш табышмак, беш жаңылмач таап, анын ар биринин айтылыш учурун, маани-максатын түшүндүрүп бергиле.
2. Классыңардагы абал, балдар-кыздар тууралуу макалдарды, табышмактарды жазгыла.
3. «Мен кыргыз жомокторун эмне үчүн уккум келет» жана «Акыл кени – макал» деген темаларда ой жүгүртүү дил баянын жазгыла.
4. Эл арасынан кыргыз элинин макалдарын-ылакаптарын, табышмактарын, жаңылмачтарын жыйнагыла.

# II ЧЕЙРЕК (14 саат)

## АДАБИЙ ЖОМОКТОР

*Он тогузунчу сабак*

### *А. ТОКОМБАЕВ*
(1904–1988)



Акын, жазуучу, коомдук ишмер Аалы Токомбаев 1904-жылы Кемин районундагы Чоң-Кемин өрөөнүндөгү Кайыңды айылында туулган. 1924-жылы биринчи ыры «Октябрдын келген кези» деген ат менен «Эркин-Тоо» газетасынын биринчи санына басылат. «Кандуу жылдар», «Жараланган жүрөк», «Өз көзүм менен», «Таң алдында», «Күүнүн сыры» ж. б. кыргыз адабиятында өз орду бар чыгармаларын жараткан.

1988-жылы 19-июнда каза болгон.

### ЖЕТИМ МЕНЕН СЫЙКЫРЧЫ

Бир жесир эски чакта болгон **карып**,
Адам жок бул карыпты алган багып.
Жарынан айлык бала **бойдо калган**,
Уул тапты аман-эсен көзүн жарып.

Бул шордуу далай жылдар жүрдү куурап,
Баланын узун өмүр жашын сурап.
Көп мээнет, ыза сөздөр **эттен өтүп**,
Өлбөстүн күнүн көрүп, суусун суулап.

Ачкадан буралышат, кийип жыртык,
Жаңыртып кийген эмес кийим жыртып.
**Чөңөргө** тамандарын жырдырышып,
Буйдалып кээде басат, кээде сылтып.

Беш жылы оокат кылды колдо барын,
Жети жыл кызмат кылып бакты жанын.
Беш жылы кызмат таппай сендиректеп,
Кетирди кордук менен сайда-санын.

Баланын он жетиге келди жашы,
Агарды кордук менен кемпир чачы.
Баласы оокат издеп жеке кетсе,
Эненин мончок-мончок кетет жашы.

Себеби каранганы жалгыз бала,
Койгон жок эгиз кылып Кудай таала.
Бир иштен жаздым болуп кетеби деп,
Зарланып ойлогону ошол гана...

Бир күнү кемпир билди бала жайын,
Жан сактоо, бала сыры болду кыйын.
Бир айла ушул сөздөн болобу деп,
Муңайып кемпир айтты өмүр жайын.

- Кулунум, жашта калдым жубайымдан,
Чыга албай келе жатам **убайымдан.**
Жаныма он жети жыл медер кылып,
Тиледим өмүрүңдү Кудайымдан.

Бул кезде, балам, жашым калды кыска,
Кетем деп, оокат үчүн мени кыспа.
Тирүүлөй эки тозок көрсүн десең,
Кете бер, зар өксүтүп мени ташта!

Болбосо, колуң менен көмүп кеткин,
Кыйналып өлүгүмө таппа кепин...
Сен кетсең, кайрылышар теңиңди тап –
Көрбөй кет куурал тарткан элдин четин.

Бала айтат: «Асыл – таштан, акыл – жаштан»,
Ушундай макал уктум акылдаштан.
Эчен жыл тарбиялап, азап көрдүң,
Соңунда өлбөс керек жатып ачтан.

Мен сени такыр бакпай кетем кандай?
Өстүрдүң азап көрүп балапандай.
Бул күндө ак сүтүңдү актап берем,
Өзүңсүң жалгызыңа жаккан шамдай.

Болбосо жамандыгым – жаштык кайда!
Чоң намыс жатып өлмөк – эмес пайда.
Көтөрүп өлөр кезде, адам кылдың
Жибергин, жокчулукка табам айла.

Ошондо кемпир жообун айта албады,
Кулагын уккан сөздөн тарта албады.
Байкушум, не кылса деп көптү көргөн,
Бул сөзгө кубангандан калтаңдады.

- Көп жүрдүм оокат үчүн жанды кыйнап,
Берген жок Кудай оокат, жокту сыйлап
Пайдасы болор, балам, окугандын,
Окугун, мен жүрөйүн ыйлап-ыйлап...

**Көз нурум** бар өнөрдү алып калсын,
Ар ишке бала көзү канып калсын.
Ар кимдин эшигинде жүргөн менен
**Кор болор**, анын билем жарытпасын.

Ошентип, байкуш кемпир санап калды,
Бала да окуганды самап калды.
«Мен жалгыз, бала кетет, бала кетет»,
Жүрөгү канткен менен канап калды.

Окууну бала мыктап кабылдады,
Так бүгүн күндүк оокат табылбады.
Тапса да, окуу, тамак калаа жакта,
Жүр, балам, – деди кемпир адымдады.

Карыптар беш күн ачка чымырканды,
Коргоого мүмкүн эмес бир күн жанды.
Ошентип, шайы кетип баратканда,
Табышты жолдо жаткан жарты нанды.

Эң мурун кемпир көрүп басып калды,
Баласы энекелеп шашып калды.
Чочуба, мен аманмын, таптым тамак,
Таңыркап бала мойнун кашып калды.

- Кулунум, жүргүн эми дем алалы,
Насипти буюрганын жеп алалы.
**Бейитти** караан кылып олтуралык,
Коркпогун, өлмөйүнчө жер алабы!

Келишти, бир бейитке сүйөнүштү,
Наны бар жарты тапкан сүйүнүштү.
Ошентип, олтурганда нан кемирип,
Өөх! – деди байкуш кемпир күйүнүчтүү.

Чоң сакал, тартайган чал болду даяр,
Чочушту көрө салып жан жок даяр.
Чал айтты: – Максатыңды айткын, кемпир,
Кылайын жардамымды ишке жарар?

- Тилегим, – кемпир айтты, – жалгыз, карым!
Биздерге күйөр жан жок жалгыз-жарым.

Баламды өнөр үчүн окутмакмын,
Тилегим, сурасаңыз, ошол барым.

Алаңдап, чал сүйлөдү башын чайкап,
Чоң сакал, бир кулачтай чачын жайкап.
- Балаңды эки жылы окутайын,
Толгон соң эки жылың кеткин алып.

Келем деп эки жылсыз жүрбө бекер,
Мээнетиң келген менен текке кетер.
Так ушул жерге келип жанакындай,
Өөх! – десең, ушу чалың келип жетер.

Үндөбөй кемпир, бала таңга калды,
«Куу кудай туш кылды, – деп, – кандай жанды?»
Бала айтты: – Бар эмесе, кайткын, эне!
Көрөйүн не болсо да, болгон алды.

Ойлонду **ылаажысыз** кемпир карып,
Макул – деп, кайтмак болду кабыл алып.
Чал туруп: – Кайткын, кемпир, жүргүн, бала! –
Дээр менен боло калды көздөн кайым...

Ойлоду кемпир муну **«Кыдыр ата»**,
Сан-санаа кетип жатты сыдыр ата.
Энеси байга келип кызмат кылды,
Тамак-аш, акысына – жалгыз мата.

Күн-түнү эстен чыкпай жалгыз бала,
Жүрөгү бул кемпирдин болду жара.
Күндүз иш, түн ичинде уйку көрбөйт,
Карыпка эрмек болуп узун санаа...

Энеси ошол жерде жүрө турсун,
Кордугун санаа менен көрө турсун.
Билелик чалдын жайын – ал ким экен?
Аны да окугандар биле турсун.

## ТАБЫШМАКТУУ ЧАЛ

Чал өзү өткөн экен сексен бешке,
Күн көргөн сыйкыр менен жаштык кезден.
Жеткен соң карылыгы, жан сактоого,
Жыйнаптыр селсаякты эрте-кечтен.

Бар экен окшош балдар баары тегиз,
Болуптур соңку менен туура сегиз.

Чунак чал сыйкыр менен байлаштырып,
Баарысын кылат экен окшош эгиз.

Максаты: өз жолунан билдирмекчи,
Жан багып далайларды илдирмекчи.
Балдарды окутам деп алдап алган,
Канткенде үйлөрүнө жибермекчи.

Жасаптыр ар бирине кыйла **аркан**,
Байланат сыйкыр менен жакын барган,
Тагдыры сегизинин арканында,
Жан болбой ал аркандан бошото алган.

Үйрөнүп чал өнөрүн баары билди,
Алышты сыйкыр менен далай миңди.
Өзгөрүп ар кимиси сыйкыр менен,
Кубулуп түрдүү жандык жүрө билди.

Өздөрүн «Бол!»– деп жерге урат экен,
Бар болуп не бол десе турат экен.
Суу айбан, кургак айбан, же куш болуп,
Ошентип, аңгемени курат экен...

Өнөргө булар мындай жеткен кезде,
Кемпир да жылы бүтүп, келди кечте,
Белгилүү бейитине келип алып,
Өөх! – деди,
Я – деди чал ошол кезде.

Чал айтты: – Келдиңизби?
- Келдим, пирим!
Баламды жыйырма төрт ай бердим, пирим.
Окутсаң, койсоң дагы ыраазымын,
Колума кулунумду бергин, пирим!

- Макул, мен чакырайын балаңызды,
Балаңды өзүң таанып аласызбы?
- Баламды кантип, пирим, таанывайын!
Кыйнайын таанып бер деп кантип сизди!

Чал жерге келгиле деп таруу салды,
Окшошкон сегиз чымчык келип калды.
Балаңды, кана, кемпир, таанып алгын!
Эки жыл таанывасаң, дагы калды.

Калтырап кемир шашып калды карап,
Көзүнүн жашы мончок тара-тарап,

Чымчыкты шордуу кемпир кайдан билсин,
Тамшанды улам-улам колун жалап.

Айла жок кемпир кетти ыйлай-ыйлай,
Кан аккан эки көздөн жашын тыйбай.
Канетсин, өлөйүн дейт, үмүт кылат.
Көрөм деп жалгызымды жанын кыйбай.

Эки жыл алда нече жылдай болуп,
Арыктап кемпир калды кылдай болуп.
Келатты көмөлөнүп тура калып,
Кең дүйнө буркандай, ылдай болуп.

Ошентип, так эки жыл толгон кези,
Сенделип кемпир жолдо болгон кези.
Токулган жол боюнда бир аргымак,
Энеге эптеп араң айткан сөзү:

- Энеке, мен жалгызың, билесиңби?
Эсен-соо өлбөй тирүү жүрөсүңбү?
Бир жолу бакты ачылса кутулармын,
Балаңдын толук жүзүн көрөсүңбү?

Апакем жолдо экен деп билдим сени,
Жаңылбай таанысын деп келдим эми.
Аргымак кылып тизет бүгүн бизди,
Ар качан солдон үчү, коет мени.

Качмакмын эрким болсо мен, энекем!
Сыйкырдап эрксиз кылып койгон бекем.
Сен эми жаңылбагын, солдон үч де,
Бошоном, жок дей албайт, үйгө кетем.

Көтөрүп, бейитине алып жетти,
Үшкүр деп мурункудай, – желип кетти.
Байбиче каадасындай өөх! – дегенде,
Сыйкырчы колун жайып буйрук этти.

Аргымак окшош кара тизип куу чал,
Деп айтты: – Таанысгын да, балаңды ал,
Так бүгүн таанбасаң өз балаңды,
Түбөлүк кайгырмактан, каңгырап кал.

Ошондо кемпир эстен танып кетти,
От болуп тулку бою жанып кетти.
Кантерин биле албастан мууну бошоп,
Оңбо чал, оңбогун деп наалып кетти.

Эс алып, кемпир айтты: – Кантип алам
Болсочу, эч болбосо, биздей адам...
Көнбөссүң айтканыма, жаңылбасам,
Сол жагында үчүнчүсү – менин балам!

Адамды айбан кылып үйрөтүпсүз,
Мойнуна аркандарын сүйрөтүпсүз,
Муну мен кандай кылып бакмакчымын?
Сырын айт, күнүн көрсүн мендей күчсүз!

Чал айтты: – Өз балаңды таптың-таптың!
Пайдасын көрмөк болдуң аргымактын.
Мейлиң ал, мейлиң ташта, жумушум жок,
Сырларын сурабагын өзүң ачкын.

- Кантейин, андай болсо, сактап алам,
Ат болду, адам эле жалгыз караан...
Түшөт деп мындай түргө ойлобогом,
Кантейин, жүргүн эми, жалгыз балам.

Ат айтты: – Кайгырбагын, мингин, эне!
Балаңдын ар өнөрүн билгин, эне!
Кадимки мен балаңмын, айбан эмес,
**Бутуңду үзөңгүгө илгин**, эне!

Кубангын мени таанып алганыңа!
Табармын дары толгон арманыма.
Кайгыргам көрбөсмүн деп, энекебай,
Зарланып тентип кетип калганыңа...

Колуңа капылестен келдим, эне,
Жүзүңдү кордук тарткан көрдүм, эне!
Айланып элдин четин кайта көрдүм,
Байланып бир душманга калдым эле.

Бошондум, эми сени көтөрөйүн,
Мен кантип мээнетиңди өтөбөйүн!
Сен тартпаган азаптар калбагандыр,
Анын баарын жоюуга төтөлөйүн!

Актасын ак сүтүңдү баккан балаң,
Мээнетин жыйырма жыл тарткан балаң.
Мен үчүн не көрбөдүң, карып эне,
Дениңден бүтө жазды бардык чамаң.

Алпаргын үйгө барбай, ат базарга,
Талашат көргөн адам миңге-санга.
Мени сат канча болсом ошончого,
Бербегин жүгөнүңдү жүз миң малга.

## СӨЗДҮК

карып
бойдо калган
эттен өтүп
чөңөр
убайым
көз нуру
кор болор
бейит
ылаажы
Кыдыр ата
аркан
бутуңду үзөңгүгө илгин

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Жаман тайын таанbайт.
Жаманы өлсө – бир өлөт, жакшысы өлсө – баары өлөт.
Калк кадырына жетүү – кымбат, урмат-сыйдан ажыроо – уят.
Кайгырып уктасаң, ооруп ойгоносуң.
Карга учуп шумкар болбойт, эшек жүгүрүп тулпар болбойт.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Бул – булбул,
Булбул – бул.
Бул булбулдун булбулдугун кара,
Бул булбулдун булдурашын сана.

* * *

Босогодо босого таяк болбосо,
Босого босогодой болбойбу?
Босого таяктын ордуна башка эле койбойбу?

* * *

Бөжөңдөгөн бөжөктөр,
Бөжөңдөбөй бөлүнгүлө.
Бөлүнбөй бөжөктөсөңөр,
Бөрүлөр бөктөрүшөт,
Бөжөңдөтпөй жеп тынышат.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Жомок эмне үчүн «Жетим менен сыйкырчы» деп аталат?
2. Эненин эмгегин силер кандай баалайсыңар?
3. Сыйкырчы турмушта болобу? Жомокточу? Сыйкырчы кандай киши экендигин мүнөздөп бергиле?
4. Бала айтат: «Асыл – таштан, акыл – жаштан» деген саптар бар. Ошол саптын чыгармадагы маанисин түшүндүрүү.
5. Чал менен кемпирдин диалогун ролдоштуруп окуу.
6. Жомоктун кандай аяктashы мүмкүндүгүн божомолдоп көргүлө

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Жомокту окуп, мазмунун кара сөзгө айлантып айтып бергиле.
2. А. Токомбаевдин башка чыгармаларынан окуп келгиле.
3. Чал деген сөзгө синквеин түзүп жазгыла.

## ЖЕТИМ МЕНЕН СЫЙКЫРЧЫ

(*Уландысы*)

**Жүгөн кетсе** мен кайтып келе албаймын,
Жүзүңдү өмүрүмчө көрө албаймын.
Сен өзүң ала кетсең жүгөнүңдү,
Алганга сатылсам да жүрө албаймын.

Аңгыча мал базарга жакындады,
Кемпир да айткан сөз макулдады.
Түшкөнчө ат базарга далай адам,
Кемпирге сатыңыз деп такымдады.

Көп болду алам деген жалгыз атты,
Биринен ар бириси жүздөн артты.
Семиз бай аягында миң сом деди,
Макул көрдү кемпир да, миңге сатты.

Жүгөндү, атты берип, колуна алды,
Ар түрдүү акчасына сонун алды.
Турмушта көрбөгөндүн баарын көрүп,
Кечинде баланы ойлоп жолго салды.

Баласы энесинен мурун келген,
Секирип энекелеп турду жерден.
Жалгызым айбан болду деп ыйлайсың,
Түңүлбө, өлгөнүңчө, эне, менден!

Ошентип, кучакташып, амандашты,
Ачылып кабактары, көлдөй ташты.
Чыгалбай кыл тузакта каларында,
Куткарды толкун турмуш карып жашты.

Ал эми көп табылды ага-тууган,
Акылдаш жакыным деп белди бууган.
Тууганы, мен жакыны дегендер көп,
Жолотпой үйгө жакын алыс кууган.

Бүгүн да кемпир базар бармак болду,
Базарга аргымакты салмак болду.
Жектеген душмандарын кекетпестен,
Дос кылып акча менен алмак болду.



Сыпаты аргымактын малдан ашты,
Көп адам мен алам деп соодалашты,
Соңунда үч миң сомго бир чал алып,
Жүгөнүн бер дегенче минип качты...

Ал эле сыйкыр чалдын анык өзү,
Өзүнө мыйзам экен айткан сөзү.
Баланы кантип кайта аламын деп,
Куу чалдын жүгөндө экен эки көзү.

Айрылып кемпир аттан тентиреди,
Кемпирге учкул сыйкыр жеткиреби!
Сыйкыр чал минип келип бир сарайга,
**Аса байлап**, ашпозго келди бери.

Ошентип кайта ороду чалдын тору,
Кайнайт го бошонбосо жаштын шору.
Бир уруп өзүн жерге бошотууга
Айла жок, асып койгон жетпей колу.

## ТАБЫШМАКТУУ КЫЗ

Ошондо ат сарайга бир кыз келип,
Таӊ калды порумуна атты көрүп.
Жарыктык кандай жердин малы экен деп,
Сылады, эркелетти жалын өрүп.

Карып жаш көӊүлүндө убайым жеп,
Сүйлөсөм бийкеч чочуп кетеби деп,
Сүйлөдү чыдабастан жерди чапчып,
Көзүнөн мончоктогон жашын ирмеп.

- Чочуба, эркелеткен карындашым,
Мен – адам, туткун болгон азиз башым!
Ат кылып бир сыйкыр чал минип жүрөт,
Бошоткун, чын аясаӊ, карлыгачым.

Селт этти, кыз белим деп чочуп койду,
Жүгүрттү кыялында нечен ойду.
Ырас го, жылкы кайдан сүйлөсүн деп,
Карындаш жумшак көӊүл, чечип койду.

Жыгылды, ат бошонду жолго салды,
Аябай бардык күчүн зорго салды.
Ал дагы өзүн жерге уруп алып,
Айбаттуу арстан болуп тура калды.

Карады ар жак-бер жак, эки жагын,
Тез эле көрө салып аттын чаӊын.
Күркүрөп аркасынан жүрүп калды,
Жетүүгө аргымакка кылып камын.

Аӊгыча аялдабай жакындады,
Узуусу ачууланып шакылдады.
Жуп жетип жара тартып саларында,
Каз болуп бийик учуп каркылдады...

Аӊгыча арстан турду бир аз карап,
Айырбай эки көзүн казды карап,
Билген соӊ каз экенин, чүйлү болуп,
Соӊунан жан аябай учту сабап.

**Чүйлү** да кууп жетип алмак болду,
**Тумшугун ысык канга малмак** болду.
Коӊур каз шашканынан сууга түшүп,
Ким болмок бир айлага салмак болду.

Шашылыш коно калды, түштү барып,
Өзгөрүп боло калды **сазан балык**.
Чүйлү да кошо түшүп **жаян** болуп,
Сазанды жутмак болду тосуп алып.

Жаяндан күн-түн качып саны кетти,
Уктабай, тамак жебей, алы кетти,
Как жарып кара сууну кара жаян,
Алмакчы бөгөп жатып андан кекти.

Сазан да ойлой-ойлой акыл тапты,
Болду да алтын шакек, жолдо жатты.
Сейилде суу боюнда хандын кызы,
Таап алып, колго салып жаркылдатты.

Кубанып кыз обочо тамга барды,
Жаян да жигит болуп ханга барды:
- Калыптыр суу боюнда бир шакегим,
Кызыңыз берсе экен, – деп кабар салды.

Хан дароо кызын бери кел деп айтты,
Таап алган шакегиңди бер деп айтты.
Шакеги, шакек экен жаханда жок,
Мынакей мага ылайык көр деп айтты.

Ошентип, ме дегенде быркырады,
Чачылып таруу болуп шыркырады,
Өзгөрүп турган жигит короз болуп,
Бүткөнчө терип жеди жалгыз даны.

Жапжалгыз дан чокулбастан четте калган,
Кандайдыр короз сыйкыр көрбөй калган.
Жалгыз дан тегеренип, тегеренип,
Оолактап алыстады сыйкыр чалдан.

Айбаттуу бүркүт болду бардыгы шай,
Короздун болсо керек көңүлү жай.
Жеңишти жарыялап жибердиби?
Үнүнүн бардыгынча салды айгай...

Мен короз! Мен тилекке жеттим деди,
Ичиме шордуу бала кеттиң деди,
Тапканың ушул беле, шордуу бала!
Таруу болдуң, мен жедим неттиң деди.

Ошентип, кубангандан короз баатыр
Күбүндү кош канатын тапыр-тапыр.

Анан ал «кукуку-куу»дей бергенинде,
Шыпырды бүркүт болгон бала бакыр…

Бала айтты: – Кыймылдачы, баатыр чалым!
Ушулбу нечен жылдык жыйган алың?
Өлчөбөй өз көрүңдү терең каздың,
Эр короз, эми кайда сенин жаның!

Деди да чалдын көзүн оюп алды,
Таманга бапестелеп коюп алды.
Азаптын нечен жылдык жыйнагы деп,
Тамызбай канын жерге, тоюп алды.

Анан ал чал жашаган жерге барды.
Жетөөнө кылганынан кабар салды.
- Бир туткун, бир тилектеш карып элек,
Боорум ай! Чынбы, – дешип тосуп алды.

Байкуштар кыйышалбай чуркурашты,
Үй-жайын бири билбей буркурашты.
Атанын атын билсе, элин билбейт,
Билишпей энелери төккөн жашты.

Ыйлашты кучакташты, бөлүнбөдү,
Бирөө да жайын табар көрүнбөдү.
Баарысы чурулдашты: муңдаш өстүк,
Болбойлук түбөлүккө бөлүнмөлүү!?

Бир жашап, бирге өмүр кечирелик,
Ачтарга кийим берип, ичирелик.
Туткунда биз сыяктуу калгандардын,
Душманын суу сепкендей өчүрөлүк.

Бардыгы бул тилекти кабылдашты,
Антташты арамдарга жалынбасты.
Бардыгы каркырадай тизилишип,
Белгилүү бир энеге адымдашты…

А СӨЗДҮК

жүгөн кетсе
аса байлоо
чүйлү
тумшугун ысык канга малуу
сазан балык
жаян

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Асыл – таштан, акыл – жаштан.
Өз энесин энелей албаган, башка бирөөнүн энесин сагалайт.
Эненин көөнү – балада, баланын көөнү – талаада.
Чырактын жарыгы түбүнө түшпөйт.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Тойдогулар тойдуңарбы,
Тойдогулар тойбодуңарбы?

Ойногондор болдуңарбы,
Ойногондор болбодуңарбы?

Кызыл аяк бул – таяк,
Таяк – кызыл аяк.
Таяктан кызыл аяк кылалы,
Кызыл аякты таяктан кылалы.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Баланын акылмандыгын бир нече мисалдар менен далилдегиле
2. Жомоктун тексттин ролдоштуруп окугула
3. Каармандарга талдоо берүү:

| Каармандар | Сырткы кебетеси | Мүнөзү | Максаты | Максатка жетүү үчүн аракети |
|---|---|---|---|---|
| Бала | | | | |
| Эне | | | | |
| Сыйкырчы чал | | | | |

4. Жомоктун жалпы сюжетин айтып бергиле.
5. Тексттин ичинен салыштырууларды, фразеологияларды, гипербола, эпитет, метафораларды табуу.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Жаңы сөздөрдү дептериңерге жазгыла.
2. Ыр түрүндөгү чыгарманын мазмунун кыскача кара сөзгө айлантып жазып келгиле.
3. Жомоктун негизинде слайд жасагыла.
4. Чыгармага байланыштуу сүрөт тарткыла.
5. Инсерт таблицасын чийип, анан толтургула.

## «ЖЕТИМ МЕНЕН СЫЙКЫРЧЫ» ЖОМОГУ ТУУРАЛУУ

Кыргыз акын-жазуучулары эл арасында көптөгөн жылдар бою оозеки айтылып келген жомокторду кайра иштеп чыгып, алардын көркөмдүк жагын жогорулатып, өздөрүнүн алымча-кошумчаларын киргизип жаңыдан жазып чыккан. Бул поэма да ошондой, анын жазылышына элдик жомок негиз болгон. Аны силер «Өнөрлүү бала» деген жомокту окуу кезинде таанышканыңар боюнча билип калдыңар. Эки чыгарманы салыштырып көрсөңөр да болот. А.Токомбаев жомокту ыр формасына келтирген, жаңы окуяларды киргизген. Ыр түрүндө жазылган көлөмдүү чыгарманы поэма дейбиз, ал эми бул чыгарманы жомок-поэма десек болот.

Окуялардын бир жагында амалдуу, куу, жаман ойлуу сыйкырчы чал турат, экинчи жагында тайманбас, акыл-эстүү бала турат. Жомоктордо ар дайым акылмандык, чындык жеңгендей эле мында да бала жеңип чыгат. Бирок ошол жеңиш татаал жолду басып өткөндөн кийин гана келет.

Мындагы эсте кала турган каарман – эне. Анын энелик мээрими өтө жогору: баласы он жетиге келгенче анын чачы кордуктан агарды, эми баласы оокат издеп кетип жатса, эненин көзүнөн мончоктогон жашы төгүлдү. Ошон үчүн ал:

Кулунум, жашта калдым жубайымдан,
Чыга албай келе жатам убайымдан.
Жаныма он жети жыл медер кылып,
Тиледим өмүрүңдү Кудайымдан, –

деп айтып жатат.

Демек, эне күйөөсүнөн эрте ажыраган, ошондон анын башына түйшүк түшкөн, баласын жалгыз өзү багып келген, бир гана ошол баланын өмүрүн тилеп келген. Эми ошол баласы окуу үчүн, өнөр үйрөнүү үчүн кетип жатат.

Жакшы ойду тосуп, жакшы адамдарга жамандык кылып ар дайым жамандык турат. Булар ошондой сыйкырчы чалга жолугуптур. Ал арам ойлуу, жаман тилектүү киши экен. Акын ырларында диалогду, б. а., каармандардын сүйлөшүүлөрүн ыр менен бир кыйла чебер берет:

Өнөргө булар мындай жеткен кезде,
Кемпир да жылы бүтүп, келди кечте,
Белгилүү бейитине келип алып,
Өөх! – деди,
Я – деди чал ошол кезде.

Чал айтты:

- Келдиңизби?
- Келдим, пирим!
Баламды жыйырма төрт ай бердим, пирим.
Окутсаң, койсоң дагы ыраазымын,
Колума кулунумду бергин, пирим!

- Макул, мен чакырайын балаңызды,
Балаңды өзүң таанып аласызбы?
- Баламды кантип, пирим, таанныбайын!
Кыйнайын таанып бер деп кантип сизди!

Акын биздин алдыбызга эки адамды элестүү көрсөтүп бере алды.

Окуя андан ары чиленип отуруп, сыйкырчы чалдын да, баланын да, эненин да максат-тилектери көз алдыбызга тартыла берет. Акыры бала жеңип чыгат. Ал өнөрү менен жеңип чыгат, башкалардын жардамы менен көздөгөн максатына жетет.

Автор окуяларды жай өнүктүрүп, айта турган нерселерин таасирдүү жана көркөм чагылдырат.

*Жыйырма биринчи сабак*

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**

«Жетим менен сыйкырчы» жомогундагы эненин энелик касиети.

«Жетим менен сыйкырчы» жомогундагы эне жана бала.

«Жетим менен сыйкырчы» жомогундагы кыянатчылык.

«Жетим менен сыйкырчы» жомогундагы акылмандыктын даңазаланышы.

Жомоктогу бала – менин сүйүктүү каарманым.

Мен бул жомокту башкача кылып жазат элем, мисалы, мындай...

Биздин агай

Биздин эжей

Классташтарым

Биз бир жолу саякатка барып...

Жалаң бир гана тамга (мисалы, м) менен башталган сөздөрдөн турган сүйлөмдөр менен дил баян жазуу.

Терезеден көрүп турган нерселерди сүрөттөп дил баян жазуу.

**Тапшырма:** Бүгүн эрте менен мектепке келе жатып көргөн нерселерди элестетип дил баян жазуу, аны жалпы класста талкуулоо.

Телевизордон көргөн нерселериң тууралуу ойлоруңду жаз.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

*Жыйырма экинчи сабак*

## *ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ*

(1928–2008)



Жазуучунун өмүр баяны менен буга чейин таанышкансыңар. Кыргыз элин дүйнөгө тааныткан атактуу жазуучу, коомдук ишмер болгон. Ал 1928-жылы 12-декабрда азыркы Талас облусунун Кара-Буура районунда (ал кезде Киров деп аталчу) Шекер деген чакан айылда туулган. Ал айыл тоонун түбүндөгү, кыргыздын байыркы салттарын сактаган жер эле. Атасы советтик-партиялык кызматкер болгондуктан Чыңгыз бала чагын Ош шаарында, Араван райондорунда бир аз өткөрүп, ал киши Москвага окууга кеткенде ошол жакта да убактылуу жашашат. Болочок жазуучу ошол күндөрү тууралуу «Балалыгым» деген чыгармасында эскерет. Ал эскерүү төмөндө силер окуй турган «Ак кеме» повестинен алынган «Бугу эне» деген үзүндүлөрдөн соң кошумча окуу үчүн берилет.

Ч. Айтматовдун «Жамийла», «Бетме-бет», «Саманчынын жолу», «Биринчи мугалим», «Гүлсарат», «Ак кеме», «Эрте келген турналар», «Кыямат», «Кылым карытар бир күн», «Тоолор кулаганда» ж. б. чыгармалары дүйнөнүн 160тан ашык тилине которулган, алардын негизинде кинофильмдер тартылып, спектаклдер коюлган.

## БУГУ ЭНЕ

(«Ак кеме» повестинен үзүндү)

**Бул жомок эзелки окуя.**

**Атам заманда**, жер бетинде чөптөн токой көп, кургак жерден суу көп болуп турган кезде **улуу уруу** кыргыз журту Эне-Сай деген өзөндүн боюн жайлап турат. Ал улуу дайра, кең өзөн түндүктө Сибир деген жерден агат. Атчан адам аерге үч жыл, үч ай жүрүп араң жетет. Ал дайраны азыр Енисей дешет экен.

Илгери кыргыздар Эне-Сай дешчү. Ошондон улам мобул ыр калган:

Эне-Сай, сендей жайкын өзөн барбы?
Эне-Сай, сендей жаркын мекен барбы?
Эне-Сай, сендей кыйын азап барбы?
Эне-Сай, сендей ыйык азат барбы?

Эне-Сай, сендей жайкын өзөн болбос!
Эне-Сай, сендей жаркын мекен болбос!
Эне-Сай, сендей кыйын азап болбос!
Эне-Сай, сендей ыйык азат болбос!

Эне-Сай өзөн ушундай өзөн экен.

**1-тыным:** Географиялык картадан Енисей дарыясын тапкыла, куймаларын атагыла, кайдан башталып, кайда куярын байкагыла?

Ар уруу эл жашап турат анда Эне-Сайдын боюнда. **Бирин-бири чаап алган, бирин-бири талап алган** жоокерчилик заман. Кыргыз уруусун да айлана-тегерете курчап, кас уруулар туруптур. Кыргыздар да кези келгенде **аттанып казат жүрүп**, касташкан уруунун үйүн өрттөп, **күлүн көккө сапырып, элин кырып, жылкысына тийип, малын айдап кетчү** экен. **Эр өлтүрүү эрдик саналып, кишини киши аябай, адамды адам тукум курут кылмай** заман. **Адам каны суудай агып**, көк-кашка **суу жошолонуп**, ак-сары **гүл манаттанып, бөрүдөй тытышкан** доор экен. Эгин эгип, түшүм жыйнар, мал багып, мергенчиликтен олжо таап келер эр бүлө калбай, эл тукуму сооло берет. **Буту менен басып, мурду менен тынгандын** баары тынч эмгекти таштап салып, жоокерчилик, талоончулук менен күн көрүп калыптыр. **Өлтүргөндүн өчү бар, төгүлгөн кандын куну бар** деген, **өчөгүшкөн тили буруу**, кырк уруу бирин бири мойсоп бүтмөйүнчө тынчый албай калган. Кыйын

кезең күнгө чыдабай, адамдардын акыл-эси **канга уугуп турган** экен. Касташканды жараштырар жан чыкпай, душманын капилеттен чаап алган, бөтөн урууну тукум курут кырып, мал-мүлкүн талап алгандар гана кеменгер атыккан экен.

Ошондой кыйын кезең күндөрдө Тайга деген чер токойго бир сыйкырдуу куш пайда болот. Ал жөн сайрабай адамча сүйлөп, бирде ыйлап, бирде ырдап, таң атканча: «Алаамат болор!» **«Алаамат болор!»** деп сайрап чыкчу болот. Акыры ошол куштун айтканы келип, кыргыздардын башына каран түн түштү.

Ал күнү кыргыз уруусу аза күтүп, эл атасы, журт эгеси, сан колдун башчысы Күлчө баатырдын **сөөгүн жерге бергени** жаткан. Кол баштап, нечен казатта жүрүп соо калган, нечен айыгышкан чабыштан жеңиш менен чыккан карт баатыр көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп, каза табат. Кыздар кызыл кийинип, катындар кара кийинип, кыргыз эл эки күн аза күтүп, үчүнчү күнү баатырдын сөөгүн ата салты боюнча жабыла көтөрүп, Эне-Сайдын боюн бойлотуп, жарлуу жээктин мизи менен алып өтмөк. Эл анткени – баатырдын **чымын жаны көккө учуп** кетер алдында Эне болгон өзөн менен, Ата болгон мекен менен коштошуп алсын, тирүүсүндө жоого аттанып баратып, жоону чаап келатып, ушу жээктен ырдап өтчү ырын чымын жаны ырдап кетсин дегени.

Эне-Сай, сендей жайкын өзөн барбы?
Эне-Сай, сендей жаркын мекен барбы?
Эне-Сай, сендей кыйын азап барбы?
Эне-Сай, сендей ыйык азат барбы?

Эне-Сай, сендей жайкын өзөн болбос!
Эне-Сай, сендей жаркын мекен болбос!
Эне-Сай, сендей кыйын азап болбос!
Эне-Сай, сендей ыйык азат болбос!

Баатырдын сөөгү жатар жайы, коёр көрү бийик дөбөнүн чокусунда. Коёр алдында эли баатырдын сөөгүн башынан өөдө көтөрүп, төгөрөктүн төрт тарабына көрсөтмөк: «Алдында өзөнүң калды жайкын. Үстүңдө Теңир ээлеген көгүң турат. Өзөктүү өз тукумуң, калың журтуң сөөгүңдү көтөрүп, башын ийип астыңда турат азалуу. **Жаткан жериң жайлуу болсун, топурагың торко болсун!».** Ошентип, баатырдын сөөгүн жерге берип, көрүнүн башына өткөндөгү баатыр Ата, баатыр Бабалардын жолун жолдоп, чулу корум таштан Таш баба орнотмок.

**2-тыным:** Орхон-Эне-Сай таш эстеликтери тууралуу маалымат алышкыла.

Эл атасы өлгөндө айыл-айыл болуп андалап отурган урук-урук кыргыздар жабыла көчүп келип, Эне-Сайдын жээгине кыркар тартып үй тигип, улуу журт курган. **Ак асаба найзаларга кара түпөк** байла-

шып, түндүктөн чыгара аза белгисин коюшкан. Эл анткени – баатырдын сөөгүн алып өтүп бараткында асаба-тууну баатырга баш ийдирип, кыз-келиндер чурулдап кошок кошуп, уландар жер дүңгүрөтө **өкүрүп коштомок,** анан сөөктү ээрчиген элге кошулуп, кийинки үйдүн тушуна жетмек, ал оропарадан да алиги жол-жосун болуп, ошентип дөбөнүн чокусуна дейре чууруп жүрүп отурмак.

Күн күнүмдүк жолуна чыкканда элдин кам-чому да бүткөн. Түпөктүү найзалар сөөк чыгар оздо эки бет катар тизилип, баатырдын жоо-жарактарын алып чыгып, сөөктүн алдынан алып жүрчү чоролор даяр турган. **Кара жабуу жабылган баатырдын аргымагы** сөөк артынан жетелөөгө белен, суулук кемирип, кандуу көбүк булайтып, көзүн акшыйтып, жер чапчып турат. Кернейчилер **кернейлерин**, добулбасчылар **добулбастарын** белендеп, азыр сөөктү алып чыкканда, кадимки жоого кирген салтындай кернейлер озондоп, добулбастар дүңкүлдөп, жер жарылар үн чыкмак. Тайга токой чайпалып, канаттуунун баарысы күндүн бетин көрсөтпөй үркүп учмак, жолборстору күркүрөп, камандары коркурап, туңгуюк черге жите качмак, тоо жаңырып жер көчмөк, өзөн толкуп, алай-дүлөй бороон сокмок. **Кошокчулар** чачтарын жазып үн салып, чоролор табытка ийин тосуп, сыңар тизелей укуюп отурду. Токойдун четиндеги карагайларга баатырдын **кара ашына чалынар төрт түлүк мал** тогуздап байланып турду.

**Ааламат мына ушунда башталды.**

Эне-сайлык кырк уруу эл канча жоолашпасын, эл атасы каза таап, башына аза түшкөн күндөрдө бири-бирине кол салчу эмес. Бирок бүгүн салт бузулду. Салтты бузган **нарксыз жоо** түндөп курчап, тегеректеги токойдо бугуп жаткан. Эми эл **мүңкүрөп турган чакты** маалдап, капилеттен кол салды. Жарак алып каршы чыгууга, атка минип айкырып чыгууга эч ким үлгүрбөдү. Түшкө киргис кыргын жүрдү. **Өңгөктөгөн карыдан эмгектеген балага чейин** кылычтын мизине, найзанын учуна, качып кутулам дегени жебенин тилине кетип жатты. Жоо ушуну көксөгөн. Кыр көрсөтүп, тизгин бербеген кыргыздарды тукум курут кырып, күлүн көккө сапырып кетели деп келген. Жоктоп алары, боздоп ыйлап калары, **кунун кууп** издеп келери калбасын, кыргыз деген аты өчүп, кылымдын эсинде калбасын, тыптыйпыл кылалы деп келген. Жоо ойлогондой болду...

**3-тапшырма:** Кыргыз энелеринин кошогун уккула (интернеттен, дисктерден, фильмдерден алынсын).

Адамды туумак кыйын, багып өстүрмөк кыйын, а өлтүрмөк көз ачып- жумганча. Жээк бербей киши өлүгү үстү-үстүнө каршы-терши сулады. Көл мөлтүр толкун Эне-Сай кыргызынын канына кызыл-жаян болуп акты. Жээк бойлой катар тигилген үйлөр чатырап, өрткө кетти. Ошентип, кең өзөндүн жээгинде **бырыксыган күл калды, каңырсаган жыт калды.** Кулак учунда боздогон үн калды. Кыбыр эткен жан көрүнбөй, башка эчтеме калбады. Кыргыз деген бар беле,

жок беле?.. Жоо ушуну көздөгөн. Жоо көздөгөндөй болду...

«Жер биздики! Токой биздики!» деп жоо шаттанды. «Биздин жерде кыргыздын сөөгү да калбасын!» деп, өлүктөрдү жар башынан өзөнгө кулатты. Кутурөгөн сан түмөн малды айдап, колго илинер дүнүйөнү бүт олжолоп, жолго салды. Мал артынан бурулдаган чаң асманга көтөрүлүп, көк менен жер бирикти да калды. Мына ошондо токойдон **ойноо бала, секелек кыз** чыкты. Тилазар балдар эртең менен эле токойго чуркап кеткен. «Баласыңбы» деген ошо да, ал экөө токой аралап, жөкө кабыктан себет токумак, себет толтура карагат-бүлдүркөн термек. Каткыра күлүп, так секире ойноп жүрүп, күн убагын унуткан. Бир маалда айыл тараптан ызы-чуу чыкканда элеңдеп артка чуркаган. Эми экөө жетип келип, **кыргын тийген өлүү журттан** эч кимди таппады. Ата-энеден кабар жок, ага-эжеден дайын жок. Кара жер канга эзилген, «ата», «апа» деп кыйкырса, жаңырык жооп кайтарбай үндөрү жерге жутулуп кетти. Улам бир үйдүн ордуна чуркады экөө, бырыксыган күл жатат, үч буту көктү карап **тулга** жатат. Эси чыккан эки бала заматта же эртең мененки калың эли жок, өлүү журтта жетим калды. Алыста токой үстүнөн чаң уюлгуп, мал айдаган жоо кетип баратты.

A СӨЗДҮК

атам заманда
улуу уруу
бирин бири чаап алган
бирин бири талап алган
аттанып казат жүрүү
күлүн көккө сапыруу
элин кыруу
жылкысына тийүү
малын айдап кетүү
буту менен басуу, мурду менен тынуу
өлтүргөндүн өчү бар, төгүлгөн кандын куну бар
өчөгүшкөн
тили буруу
канга уугуп турган
алаамат болор
сөөгүн жерге берүү
чымын жаны көккө учуу
жаткан жериң жайлуу болсун
топурагың торко болсун
чулу корум таш
ак асаба найза
кара түпөк
өкүрүп коштошуу
эр өлтүрүү эрдик саналуу
кишини киши аябоо
адамды адам тукум курут кылуу
адам каны суудай агуу
суу жошолонуу
гүл манаттануу
бөрүдөй тытышкан
кара жабуу жабылган баатырдын аргымагы
керней
добулбас
кошокчулар
кара ашына чалынар төрт түлүк мал
нарксыз жоо
мүңкүрөп турган чак
өңгөктөгөн карыдан эмгектеген балага чейин
кунун куу
бырыксыган күл калды, каңырсаган жыт калды
ойноо бала
секелек кыз
кыргын тийген өлүү журт
тулга

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Эр – эгиз, эмгектүү – сегиз.
Эл оозунда элек жок.
Чечендин сөзү алтын, устанын колу алтын.
Уурусу күчтүү болсо, ээсин доого жыгат.
Тон жылуусун ээси билет.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Шар суунун шапатасы салкын,
Шапатасы салкын шар суунун.
Шуулдагы шумдук,
Шуулдагы шумдук шар суунун,
Шапатасы салкын.

**СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Эне-Сай кайсы жерде жана ага кантип барууга болот?
2. Енисей тууралуу силер эмне билесиңер?
3. Чыңгыз Айтматов жөнүндө билгениңерди айтып бергиле?
4. Окуя кайсыл мезгилде өтөт жана ошол мезгилдин мүнөздүү белгилери тууралуу баяндагыла.
5. Бул күнү кандай тарыхый окуя болуп өттү?
6. Баатырды эли акыркы сапарга кантип узаткан?
7. Тексттеги туруктуу сөз айкаштарын жана алардын маанисин дептериңерге жазып чыккыла.
8. Алаамат кантип башталды?
9. Бир кыз жана бир бала жоо колунан кантип аман чыкты?
10. Жогорудагы чыгарма боюнча кластер түзүү.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Жаңы сөздөрдүн баарын дептериңерге жазгыла.
2. Текстти окуп, анын негизиндеги фильмди көрүп, экөөнү салыштыргыла.
3. «Эне-Сай боюндагы эл» деген темада дил баян жазгыла.

***Жыйырма үчүнчү сабак***

## БУГУ ЭНЕ

*(«Ак кеме» повестинен үзүндүнүн уландысы)*

**Балдар чаң артынан жүгүрдү.** Көздөрүнөн **салаа-салаа жаш** кетип, эки бала жоону ээрчип баратты. «Баласыңбы» деген ошо да, жоо артынан жүгүрүп, чоң киши болсо **боюн ала качып** тетири чуркамак. Балдардын оюнда эчтеме жок, тиги кандуу, **сүрдүү жерден** алыс качуу. Уул бала, кыз бала кол кармашып, «токтогула» деп суранып, «ала кеткиле» деп жалынып, жоо артынан чуркады. **Жер дүңгүрөгөн доош** ичинде, **күтүрөгөн калың дабырт** үстүндө ал экөөнүн алсыз үнүн ким укмак.

Эки бала көпкө чуркады, кууп жете албады. Эч ким кайрылбады. **Мууну бошогон балдар жер кучактап жыгылды.** Кылчаюудан коркуш-

ту, кыбыроодон чочушту. Эси чыккан эки бала кучакташып, калч-калч калтырап, улутуна бышактап жатып, уктап калды.

Жетимдин жары **кыдыр**, бирок тагдыры **жети ача** деген ак сөз. Түн бейкут өттү. Сүрдүү токойдун жырткычы тийбеди, желмогузу келбеди. Экөө ойгонсо күн чыгып калыптыр. Токойдон түрлүү **баренде** сайрап, дүйнө эчтеме болбогондой. Экөө турду да, из кубалап дагы жөнөштү. Мөмө-чөмө менен **өзөк жалгап** жүрүп отурушту. Үч күн, үч түн дегенде бир бийик дөбөгө жетип токтошту. Төмөн этекти караса, көк жыйыкта улуу той болуп жатат. Тигилген үйлөргө сан жеткис, кайнаган казанга сан жеткис, жыйылган элге сан жеткис. Кыздар селкинчек тээп, ыр ырдап, жигиттер күч сынашып алышып, эл шатыра-шатман үн салып, кечээги кыргызды кырган жоо минтип жеңишин майрамдап жаткан экен.

Жуук кирип бара албай, эки бала **кооптонуп** дөбөдө турду. Бирок тиги казандардан бышкан эттин, ысык нандын, сарымсак-согондун жыты келип, **шилекейин** илеп жуткурду. Балдар чыдабады, дөбөдөн түшүп барды. Көргөндөр кызыгып, тегеректеп калды.

- Кимдин баласысыңар? Кайдан келатасыңар?

- Курсагыбыз ачты, – деди кыз менен бала, – нан бергилечи?

Жоо эли балдардын сүйлөгөн сөзүнөн кыргыз тилин баамдап, бул кырылган кыргыз тукуму экенин тааныды. Өлбөй калган бул экөөн азыр жайлай салалыбы, же ханга алып баралыбы деп өз ара талаша кетишти. Алар чуулдап жаткан арада бир боорукер катын эки балага алдыртан **бир кесим эт** бере койду. Анан балдарды ханга алып барышты, хан тобу али дасторкондон тура элек экен. Эки баланы чоң кызыл үйгө алып барышты. Кызыл үйдүн оозунда **күмүштөгөн айбалтачан сакчылар** турат. Ал ортодо калың элдин арасын ушак аралады: – Кыргындан аман калган кыргыздын тукуму бар экен, **кан кууп келиптир**! – деп эл сестенди.

**1-тыным:** «Кан кууп келиптир» деген сөздүн маанисин чечмелегиле.

Оюн-тамашасын, тамак-ашын таштап, эл топурап хандын ордо үйүн тегеректеди. Ал учурда хан кардай аппак кийизде жанжөкөрлөрүнүн ортосунда бал кошкон кымыздан ууртап коюп, **жаагын жанган ырчылардын** мактоо ырларын угуп олтурган. Эл топурап келген себепти угуп, хандын жаалы чыкты көзүнөн:

- Тынчымды алган ким экен? Кыргыз уруусун тукум курут кырганыбыз жалганбы? Силерге түбөлүккө Эне-Сайды тартып бергеним жалганбы? Эми кимден жан таштап качып жүрөсүңөр? Коркконуңар ушул **чыпалактай** эки балабы? Эй, Майрык-Чаар-Жезкемпир! – деп кыйкырды хан.

Анан бир кемпир **топтон суурулуп**, алдына келгенде ага буюруду:

- Бул экөөнү Тайга токойго алпаргын да, кыргыздын аты чыккыс, үнү угулгус кыл. Экинчи кыргыз деген сөздү **кулагым чалбасын.** Кыргыз тукумунда жер үстүндө орун жок, түбөлүк аты өчсүн! Бар, Майрык-Чаар-Жезкемпир, буйрукту аткар!..

**2-тыным:** Майрык-Чаар-Жезкемпир деген сөздүн ар бир бөлүгүнүн лексикалык маанисин айтып бергиле.

Ошону менен Майрык-Чаар-Жезкемпир эки баланы колунан жетелеп, тоо ашып, токой аралап жүрүп отурду. Азыркы Эне-Сайдын жээгине жетип токтоду. Анан балдарды жардан алыс түртөр алдында мындай деди:

- О, улуу дайра, Эне-Сай! Эгер сага **тоо окморуп кулатса, муштумдай таш** сыяктанып түбүңө чөгөт. Кылым турган карагай кесип кулатса, **чабындыдай** толкунуңа кетет. Эмесе, эки **көздүн эки чечекейиндей** болгон мобу адам баласын муздак койнуңа ал. Жер үстүндө бул экөөнө орун жок. Аны сага айтып-айтпай эмне, өзүң көрүп турасың. Жылдыздар адам болсо, көккө батмак эмес, балыктар адам болсо, сууга батмак эмес. Аны сага айтып-айтпай эмне! Эмесе, ач койнуңду, ал эки наристени, алып кет. Бул **жексур дүйнөдөн** экөө **чырымталында** кетсин, абийири таза, дили ак, арамдыкты биле элек, арам ойго кире элек **periште** чагында кетсин. Ач койнуңду, ал эки периштени, улуу дайра Эне-Сай!

Уул бала, кыз бала ыйлап турду. Кемпирдин сөзүнөн да жардан ылдый караса **жүрөктөрү алкымына тыгылып, түпкүрдөгү буурул толкун үрөй учуруп**, ошого ыйлап турду.

- Кана, коштошуп алгыла, балдарым. Кучакташкан бойдон кеткиле, – деп Майрык-Чаар-Жезкемпир **шымаланып жеңин түрүндү.** – Мени жаман көрбөгүлө, менде эмне айып. **Бешенеңерге жазылганы ушул экен.** Менин эрким болсо кантер элем, ким билет, бирок ушу бойдон кеткениңер өзүңөргө жакшы...

A СӨЗДҮК

чаң
салаа-салаа жаш
боюн ала качуу
сүрдүү жер
жер дүңгүрөгөн доош
күтүрөгөн калың дабырт
мууну бошогон балдар
жер кучактап жыгылуу
кыдыр
жети ача
беренде
өзөк жалгоо
кооптонуу
шилекей
бир кесим эт
күмүштөгөн айбалтачан сакчылар
кан кууп келүү
жаагын жанган ырчылар
чыпалак
топтон суурулуу
кулагым чалбасын
тоо окморуп кулатса
муштумдай таш
чабынды
көздүн эки чечекейиндей
жексур дүйнө
чырымтал
periште
жүрөктөрү алкымына тыгылуу
түпкүрдөгү буурул толкун
үрөй учуруу
шымаланып жеңин түрүнүү
бешенеңерге жазылганы ушул экен

МАКАЛ-ЛАКАПТАР
Кичинеге чоңсунба, асмандагы айга кол сунба.
Киши жаманы кирип чыкканча билинет, өз жаманы өлгөнчө билинбейт.
Кеп кутулбайт чеченден, мээнет кетпейт бечелден.
Ит жадаса – үрөт, киши жадаса – күлөт.
Жоо кеткенден кийин кылычыңды ташка чап.

ЖАҢЫЛМАЧТАР
Саамал кымыз алынды,
Сары май ага салынды.
Сабаа менен сабалды,
Сары май саамалга таралды.

**? СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. «Баласыңбы» деген сөз эмне үчүн айтылат?
2. Балдар жана жоо: кандай карама-каршы сүрөттөлөт?
3. «Жетимдин жары кыдыр, бирок тагдыры жети ача деген ак сөз» дегендин маанисин түшүндүргүлө?
4. Балдардын жалгыз калгандагы аракеттерин сүрөттөп айтып бергиле?
5. Хан жана балдар.
6. Хан менен Майрык-Чаар-Жезкемпирдин диалогун ролдоштуруп аткаргыла.
7. Майрык-Чаар-Жезкемпир менен балдардын коштошуу учурун инценировкалагыла.
8. Төмөнкү таблицаны толтуруу:

| Сөздөр | Чечмелениши |
|---|---|
| жоо | |
| хан | |
| Майрык-Чаар-Жезкемпир | |
| жеңиш | |

**! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Үзүндүнүн кыска баянын жазуу.
2. Үзүндүнүн негизинде сүрөттөр тартуу жана сүрөттөрдү талкуулоо.
3. Хан деген сөзгө синквеин түзүү.

***Жыйырма төртүнчү сабак***

## БУГУ ЭНЕ

(*«Ак кеме» повестинен үзүндүнүн уландысы*)

Ушинтип сөзүн айтып, **оозун жыйып алгыча** жан жактан бир үн чыкты:

- Ашыкпа акылман эне, күнөөсүз балдарды жайлаба!

Майрык-Чаар-Жезкемпир кылчая калды, кылчайып алып **айраңтаң:** жанында Бугу эне турат, **эки көзү балбылдап.** Балбылдаган көздөрү муңайым тиктейт, өтүнүчтүү тиктейт. **Маралдын умай энеси, асыл бугу маңкаят, омуроо-төшү наристенин маңдайындай, жону ууз ак, боору тайлак жүндөнүп көк буурул.** Он сегиз айры мүйүзү арка-



йып, жонун-жышып койгондой жымсал сулуу, көркөм. **Желини таза**, кан тамырлары көрүнүп ийип турат эки балага мээримин салып.

- Сен кимсиң? Адамча сүйлөп кубулган кандай жансың? – деди Майрык-Чаар-Жезкемпир.

- Мен Бугу эне болом. Адамча сүйлөбөсөм сен кайдан түшүнмөксүң да, кайдан собол укмаксың.

- Каалаганың эмне, Бугу эне?

- Балдарды коё бер, акылман эне. Сенден сураганым ушул эки чүрпөнү мага бер.

- Буларды эмне кыласың?

- Адамдар эгиз музоомду атып өлтүрүштү. Балдарымдын ордуна бала издеп жүрөм.

- Ушу балдарды эмизип, багып алам дейсиңби?

- Ошентем, акылман чоң эне.

- Жакшылап ойлондуңбу, Бугу эне? – деп күлдү Майрык-Чаар-Жезкемпир. – Булар деген адам баласы. Чоңоюп алып, өзүңдүн **бугучаларыңа ок атат**, ошону ойлондуңбу?

- Чоңойгондо булар бугучаларыма кол көтөрбөйт, – деди маралдын Умай энеси. – Мен буларга эне болом, булар мага бала болуп калат. Анан кантип өз ага-карындаштарына жамандык санасын?

- О, кеӊ пейил Бугу эне, адам деген кандай экенин али билбейт турбайсыӊбы! – деп башын чайкады Майрык-Чаар-Жезкемпир. – Адамдар кайберен эмес, бирин бири аябайт. **Сөзүмдүн актыгын өз көзүӊ менен көрөрсүӊ, өз мойнуӊ менен тартарсыӊ** деп, бул эки жетимди сага берип деле коёр элем, бирок башка адамдар көрөр замат бул эки кичинекей адамды өлтүрүп салат. Анда булардын да азабын тартып, сага эмне күч келди?

- Эч ким таппас алыс жактарга алып кетем, бу балдарды. Аясаӊ, акылман чоӊ эне, коё берсеӊ. Өз балдарыман **кем көрбөй асырайын**, жетимдерге эне болоюн... . Желиним сүткө толуп, ооруп турат. Бала деп сыздап турат ак сүтүм. Бала деп ийип турат ак сүтүм...

- Кантейин, болуптур, – деди ойлонуп туруп Майрык-Чаар-Жезкемпир. – Сурап калдыӊ, бирок тез кет буерден. Жетимдерди алыс жерине аман жеткир. Жок, эгер аякка жетпей жолдо өлсө, же каракчылар жайласа, же өздөрү чоӊоюп алып, ак сүтүӊдү унутуп, адамдык арамдыгына кетсе, өзүӊөн көр.

**1-тыным:** Майрык-Чаар-Жезкемпир менен Бугу-Эненин диалогун эки окуучу ролдоштуруп окусун

Бугу эне Майрык-Чаар-Жезкемпирди узатты да, анан уул бала менен кыз балага айтты:

- Балдарым, мына эми силердин энеӊермин. Мен силерди ак кардуу алкак Ала-Тоосу бар, күмүштөй Теӊир-Тоосу бар, боордо токой жери бар, ортосунда Ысык-Көлү бар жерге алпарам. **Кыргыз тукуму курут болуп кетээрде** экөөӊ элдин атын өчүрбөй кайра тукум уласын, укумтукумуна мекен болсун деп мен ал жерди Теӊирден сурап алдым.

Балдар так секирип кубанды, тепеӊдешип Мүйүздүү Бугу эненин соӊунан чуркап алды. Жүрөр жол алыс, учу-кыйыры жок жердин бир четинен бир четине. Узак жолдо балдар арып ачты, алдан тайды. Бугу эне балдарын ак сүтү менен багып жүрүп отурду, **күн ысыганынан көлөкөлөдү, суук түндөрдө бооруна кысып жылытты.** Эне сүтүнүн кубаты канчалык, кечкисин тырп этпей жыгылган балдар эртеӊ менен так секирип ойноп турду. Нечен күн, нечен түн өттү, эски мекен Эне-Сай жан кейитип алыс калды. Жаӊы мекен Ысык-Көл көздөн учуп, алыс жатты. Эки жолу кыш өтүп, эки жолу жай келди, дагы бир жолу кыш өтүп, дагы бир жолу жай келди, балдарын ээрчиткен Бугу эне ашуу ашты, бел басты, **агыны катуу суу кечти, мээ кайнаткан чөл кезди**, бирок чарчадым-чаалыктым дебей, балдарын ак сүтү менен кубаттандырып, талбай жүрүп отурду. Кээ күнү үйүр тобу менен бөрүлөр кууду артынан. Бугу эне балдарын жонуна мингизип алып, жырткычтардан алып качты. Кээ күнү жаа тарткан мергенчилер кубалады артынан. «Бугу адамдын балдарын уурдап баратат. Карма! Карма!» – деп айкырып, жаа тартты мергендер. «Бул адамдардан жакшылык жок, балдарым, бекем отургула!» – деп Бугу эне **жебеге жеткирбей качты.**



**Ошентип жүрүп отуруп, акыры Бугу эне балдарын Ысык-Көлгө жеткирди. Туу чокудан** карап туруп, көргөн көздөрүнө таң калышты. **Тегерете курчаган ак карлуу алкак Ала-Тоо, боор жапкан чер токой, ортодо мөлтүрөгөн ирим көл. Буурул жал толкундары арылдаган шамалга** бир четинен түрүлүп, бир четинен үркүп жатат. Көлдүн башаягына көз жетпейт. Этегинен күн чыкса, төрүндө али таң ата элек. Тегерете курчаган акактанган Ала-Тоо чокусуна сан жеткис. Ала-Тоонун аркасы мунарланган Теңир-Тоо катарына сан жеткис.

**2-тыным:** Эне-Сай менен Ысык-Көлдүн ортосун георгафиялык карта аркылуу көрсөткүлө, алардын кайсы жол менен келишин болжолдогула.

- Мына ушул жер силерге мекен болот, – деди Мүйүздүү Бугу эне. – **Жер тилип, эгин эккиле**, мал багып, балык улагыла, ошентип бейпил кеңчилик, бейкут тынчтыкка миң-миң жыл өмүр сүргүлө. Учуңар узарып, урук-тукумуңар көбөйсүн, **алдыңарды бала басып, аркаңарга мал толсун. Сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам,** алыстан ала келген эне тилиңерди укум-тукумуңар унутпасын, эне тилинде эл-жерин даңазалап ырдап жүрсүн. **Кишиден кем болбогула, башка элге тең болгула.** Мен эми силерге, силердин укум-тукумуңарга Умай энемин, силер менен түбөлүккө бирге жүрөм...

**3-тыным:** Кыргыздардын Умай-Эне тууралуу түшүнүгүн мугалим менен бирге талдагыла.

Ошентип, кырылган кыргыздан калган уул бала, кыз бала **Теңирдин батасы тийген** Ысык-Көлдү мекендеп туруп калат.

**4-тыным:** Ысык-Көл жөнүндө ырларды эске түшүрүп, жаныңардагы досуңарга айтып бергиле.

## СӨЗДҮК

озун жыйып алгыча
айран-таң
эки көзү балбылдап
маралдын умай энеси
асыл бугу
маңкаят
омуроо-төшү наристенин маңдайындай
жону ууз ак
боору тайлак жүндөнүп көк буурул
желини таза
бугучаларыңа ок атат
сөзүмдүн актыгын өз көзүң менен көрөрсүң
өз мойнуң менен тартарсың
кем көрбөй асырайын
кыргыз тукуму курут болуп кетээрде
күн ысыганынан көлөкөлөдү
суук түндөрдө бооруна кысып жылытты
агыны катуу суу кечти
мээ кайнаткан чөл кезди
үйүр
жебеге жеткирбей качты
туу чоку
тегерете курчаган ак карлуу алкак Ала-Тоо
боор жапкан чер токой
ортодо мөлтүрөгөн ирим көл
буурул жал толкундар
арылдаган шамал
жер тилип, эгин эккиле
алдыңарды бала басып, аркаңарга мал толсун
сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам
кишиден кем болбогула, башка элге тең болгула
Теңирдин батасы тийген

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Кыпындан жалын чыгат, оюндан от чыгат.
Кырсык жалгыз келбейт.
Өз төшүн өзү жара муштаган эр болбойт.
Тилден уу да тамат, бал да тамат.
Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Бул сүйлөмдөрдү жаттагыла: «…жанында Бугу эне турат эки көзү балбылдап. Балбылдаган көздөрү муңайым тиктейт, өтүнүчтүү тиктейт. Маралдын умай энеси, асыл бугу маңкаят, омуроо-төшү наристенин маңдайындай, жоону ууз ак, боору тайлак жүндөнүп көк буурул. Он сегиз айры мүйүзү аркайып, жонуп-жышып койгондой жымсал сулуу, көркөм. Желини таза, кан тамырлары көрүнүп, ийип турат…»
2. Бугу эне менен Майрык-Чаар-Жезкемпир эмнелер тууралуу сүйлөштү, алардын диалогунун терең мааниси эмне жөнүндө болду?

3. Бул сөздөрдү Майрык-Чаар-Жезкемпир эмне үчүн айтып жатат: «Жылдыздар адам болсо, көккө батмак эмес, балыктар адам болсо, сууга батмак эмес», «Жакшылап ойлондуңбу, Бугу эне? Булар деген адам баласы. Чоңоюп алып, өзүңдүн бугуларыңа ок атат, ошону ойлондуңбу?»
4. Эне-Сайдан Ала-Тоого чейинки жолдогу кыйынчылыктарды айтып бергиле
5. Ала-Тоонун көрүнүшүн сүрөттөп айтып бергиле?
6. Мүйүздүү Бугу эненин батасын жаттагыла
7. «Ак кеме» кинофильминин Бугу эне бөлүмү боюнча талкуу.
8. Мүйүздүү Бугу энеге карата инсерт таблицасын сызып, толтуруу.

**! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Бул сөздөрдү жана сөз айкаштарын катыштырып аңгеме жазгыла: *жошолонуп, манаттанып, сөөгүн жерге берүү, чымын жаны учуп кетер алдында, тыптыйпыл, күлүн көккө сапыруу, кулак учунда боздогон үн, кызыл-жаян, көл мөлтүр толкун, өзөк жалгап, көздүн эки чечекейиндей, учуңар узарсын, жылаажын, калайман журт, дүнүйө тепкен кесири башынан ашса, тукум курут, каран түн, акчанын арааны, шам чырак.*
2. Кыргыздардын уруу, урук деген түшүнүктөрү тууралуу билип келгиле жана Бугу уруусунун тарыхы боюнча санжыраларды окугула.
3. «Мүйүздүү Бугу эне» деген темада эссе жазгыла.

## «БУГУ ЭНЕ» ЖОМОГУ ТУУРАЛУУ

Бул чыгарма жалпы ааламга таанымал кыргыз жазуучусунун 1970-жылы жарыкка чыккан «Ак кеме» повестинен чакан үзүндү. Мына ошол повестте башкы каарман Балага таятасы ушул жомокту айтып берет. «Ак кеме» повестин жазуучу адегенде «Жомоктон кийин» деп атаган экен. Кыргыздын бугу уруусундагы калк азыр Ысык-Көлдүн баш жагын байырлайт. Мына ошол бугу уруусунун келип чыгышы ушул чыгармада баяндалат. Бул үзүндүнү уламыш деп да, легенда деп да, жомок деп да айтып жүрөбүз. Анда бейпил жаткан элди бүлүндүргөн душмандар, ошол кыямат кыргындан аман калган эки баланы Бугу эненин сактап калып, Сибирь токойлорунан Ысык-Көлгө алып келиши баяндалат. Чыгарманын сабагы – силердин ата-бабаңарды ким, кандайча сактап калганын түшүнгүлө, жаратылыш адамдарды сактаган, эми адамдар жаратылышты сактагыла деген ойду айткандыгында. Ошондуктан бул чыгарманын максаты – адам абийири, адеп-ахлак темасын көрсөтүү болуп саналат. Эгерде Бугу эне эки баланы Майрык-Чаар-Жезкемпирден сурап калбаганда кыргыздын тукуму уланбайт эле. Душман ал эки баланы да жок кылмак. Бугу эненин энелик мээрими менен балдар аман-эсен калат жана Ысык-Көлгө келип тукум улайт.

**Адабият теориясынан**

## ДИАЛОГ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**Диалог** (грекче – сүйлөшүү, аңгемелешүү) – эки же андан ашык адамдардын өз ара оозеки сүйлөшүүсү, аңгемелешүүсү. Көркөм чыгармадагы диалог – каармандын речин мүнөздөөнүн эң кеңири тара-

ган түрүнөн. Диалог бардык эле жанрдагы чыгармаларда бар, өзгөчө ал драмада окуяны өнүктүрүүнүн каражаты катары негизги ролду ойнойт. А. Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы» жомогунда эне менен баланын, эне менен сыйкырчынын диалогдору бар. Аны тексттен өзүңөр тапкыла.

*Жыйырма бешинчи сабак*

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ ЖУМУШТАРЫ

I. Өткөн темалар боюнча байланыштуу текст түзүү жумуштары:

а) Калтырылып кеткен сөздөрдү таап, ордун жазгыла:

Көздөрүнөн... кетип, эки бала жоону ээрчип баратты. «Баласыңбы» деген ошо да, жоо артынан жүгүрүп, чоң киши болсо... тетири чуркамак.

Түн бейкут өттү. Сүрдүү токойдун ... тийбеди, ... келбеди.

Бирок тиги ... бышкан эттин, ысык нандын, ... жыты келип, ... илеп жуткурду. Балдар чыдабады, дөбөдөн түшүп барды. Көргөндөр кызыгып, тегеректеп калды.

б) Сүрөттү карап (ал сүрөттө балдарды мүйүзүнө илип алган Бугу тартылган) чакан аңгеме жазгыла.

в) Майрык-Чаар-Жезкемпирди сүрөттөп байланыштуу текст түзгүлө.

г) Төмөнкү сөз айкаштары боюнча сүйлөмдөрдү кураштыргыла: тайга токой, ээн жер, Ала-Тоо, чагырык мүйүз, ак кар, көпкөк асман.

II. Өзүңөр жаттаган макал-лакаптардан алтыдан жазгыла.

III. а) Чакан дил баян жазуу.

Төмөнкү темалардан бирөөнү тандап алгыла.

1. Менин сүйгөн жазуучум
2. Бугу-Эне жана кыргыздар
3. Чын эле кээде ушундай болот. Мисалы, бир жолу мындай болду...
4. Мен кыргыз турмушун дагы терең биле баштадым. Мисалы...

б) Эссени улантып жазгыла:

1. Өткөн сабактарда «Бугу-Эне» деген чыгарманы көрүп отуруп мындай бир ойлорго келдим...
2. Чыңгыз Айтматов бизге мындай насаат калтырыптыр...

**! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Ч. Айтматовдун «Бугу-Эне» деген чыгармасынын негизинде тартылган сүрөттөрдү жыйнагыла.
2. Өткөн темалар боюнча ой жүгүрткүлө: «Бугу уруусунун уламышы мындай...».
3. Чыгармалардан дагы үзүндүлөрдү жаттагыла.

## *ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВ*
(1908–1991)



Темиркул Үмөталиев 1908-жылы Ош облусунун Жаңы-Жол (азыркы Аксы) районунун Төө-Жар айылында төрөлгөн. 1929-жылы Жалал-Абаддагы педагогикалык техникумду аяктаган.

Анын өткөн кылымдын 30-жылдары жазылган «Туратбай», «Айсулуу», «Сүйүү» аттуу поэмалары, кийинки «Кубат» поэмасы кыргыз адабиятындагы бараандуу чыгармалардан. Ал Улуу Ата мекендик согушка катышкан.

### КҮЧ БИРДИКТЕ

Илгери, эчак өткөн бир заманда,
Чокусу көк тиреген Тянь-Шанда,
Жашаптыр тогуз уулдуу бир акылман,
Тогузу тогуз азап шордуу жанга.

Карашып тогуз уулу тогуз жакты,
Тоосунан ынтымаксыз суулар акты.
Ар күнү **үрпөйүшүп** үй алдында,
**Урушкан тооктордой чукулдашты.**

- Мен жайгам кечээ күнү козуларды,
**Аңырдай** ачасыңар оозуңарды.
Түрүңөр **итий болгон балага** окшоп,
Айткыла чыныңарды, соосуңарбы?

- Мен бүгүн отун алып келдим кырдан.
- Сен өзүң **мышыктайсың сүт аңдыган**.
- Сен соргок, жеп койдуңбу мага койбой,
Канакей кызыл уйдун каймагынан?

- Сен неге жабышасың **ач кенедей**,
Ары тур чоң атадай жемелебей!
- Сен өзүң журтта калган чүпүрөксүң,
Жөн отур, колдоруңду серелебей.

Кыйкырат улам бири үнүн баспай,
Талашып айран-сүттү кырк күн ачтай.
Алышат бири-бирин кекиртектен,
Муштумдар түйүлүшөт катуу таштай.

Угушпай кой дегенди жулкат, болбойт,
Чокушуп **жүнүн жулган короздордой.**
Тытышат бир-биринин көйнөктөрүн,
Же жака, же жеңинен тамтык койбой.

Кичүүсүн уруп коет чоңураагы,
Алсызын жулуп басат тыңыраагы.
Тартылган дүрбөлөңгө керней окшоп,
Угулат кичүүсүнүн чыңырганы.

Кан агат, мурундардан кыпкызыл кан...
Томпоюп чекелери, бет айрылган.
Компоюп көтөрүлөт көп урганы,
Согушта өч алгандай душманынан.

Талаага бири барса кой артынан,
Анысы үйдөгүдөн болот жаман.
Сабашат жолун тосуп бай балдары,
Ийиндей тарып кетет көргөн заман.

**Ышкынга** бара калса мөңгү астына,
Же бири ташка чыкса жоогазынга.
Кийиздей томолонтуп бай балдары,
Кордукту көрсөтүшөт анысына.

Ышкынын манап уулу тартып алат,
Башына кара түндөй мүшкүл салат.
Алдырган оозундагы **кырмычыгын**,
Каргадай ыза болот, куру калат.

Курусун, ошондо да билишпеди,
Биригип бир туугандай жүрүшпөдү.
Ал турсун табалашып бирин бири,
Бир-бирин көргөн жерде күлүшөдү.

Атасы акыл айтты – угушпады,
Бир да күн чатагы жок турушпады.
Жоо келип согушкандай алыс жерден,
Сөз болду туугандардын урушканы.

* * *

Ак басып сакал-мурутун акылмандын,
Сездирди кайгы менен картайганын
Жүдөттү эл көзүнчө күчтүү намыс,
Аябай кантет байкуш өз балдарын.

Аралап ыргайларды колот өрдөй,
Бир күнү тоого барды түш көргөндөй.

Жасады чыбык кыркып элүү сабоо,
Жүн сабап кийиз жасар күз келгендей.

Кагайтты бириндетип жайып күнгө,
Шашылды кыйналчудай калып түнгө.
Боолады бирге таңып сабоолорду,
Көтөрүп үйгө келди кеч киргенде.

Чакырды тогуз уулун жумуш бардай,
Тогузу түгөл келди бири калбай.
Атасы алып келип тоодон элик,
Этине келгиле деп чакыргандай.

Жаңжалдуу үй курусун кейпи суук,
Көрүнөт **бокочодой** кереге, уук.
Күч алат көңүлсүздүк көргөн сайын,
Түн түшүп келаткандай кечке жуук.

Акылман тегерете тиктеп баарын,
Сынады жат кишидей өз балдарын.
Ким билет ойлодубу: акылсыздар.
Мушташып, карматат деп адаттарын.

Отургузду тогузун тең кыдырата,
Сүйлөдү балдарына ак чач ата;
- Жүк баскан төөдөн бетер картайганда,
Дүйнөгө келгениме болдум капа.

Акылдуу чыкпадыңар башкалардай,
Акылды айтып келдим арбай-талбай.
Айтканды укпадыңар дүлөйлөрчө,
Ойлодум бир кызык иш аргам калбай...

Түшүнсө бул ишимди ар бир балам,
Айыгаар эмдегендей жүрөк жарам.
Кетсеңер мурункудай укпай сөздү,
Кубанбай капа бойдон көргө барам.

* * *

Таңылган элүү сабоо ушул турган,
Боолугун чечпей туруп ортосунан.
Кагайган бир чыбыкты сындыргандай,
Баарын бир ушул бойдон бүт сындырган.

Сый алат өз колумдан азыр менин,
Жарыгын ай-жылдыздын бүт жарыгын.
Жыргалын жер үстүнөн аябаймын,
Алмадай карматамын тилегенин.



Көрүштү кармалашып топ ыргайды,
Топ ыргай тоодон бекем күч турбайбы!
Баарынын күчү жетпей сындырууга,
Айтышты: сыйлыкты ойлоо куру кайгы.

Акылман бир жылмайып мурутунан,
**Сабоону** алды кайра өзү таңган.
Боолугун чечип туруп бирден берип,
Суранды таштай каткан балдарынан:

- Канаке, сынар экен эми кандай?
Баарыңар сындыргыла куру калбай.
Балдары бычыратты чыбыктарды,
Сабоодо көптөн бери өчү бардай.

Жоо колу кан майданда кырылгандай,
Заматта баары сынды элүү ыргай.

Атасы сөз укпаган балдарына,
Бул ишти мисал кылды карап турбай:

- Көрдүңөр, бирдик деген оңой эмес,
Уксаңар бирдик үчүн берем кеңеш.
Бооланган ыргай өңдүү бир турсаңар,
Силерге каршы басып эч ким келбес.

Эч бирөө сындыралбас белиңерди,
Эч бир дөө багынта албас элиңерди
Капыстан чыга келген кагылышта,
Касташкан тепсей албас жериңерди.

Кокустан алтоо ала боло калса:
Белдери сынар жоодон көк ыргайча.
«Бөрү жейт бөлүнгөндү» деген ошол,
Бөлүнбөй, бирге жүрүп, бирге жаша.

Угушту бир туугандар ата сөзүн,
Жаңжалды таштап баары ачты көзүн.
Ойлошту жаткан тура күч бирдикте,
Бир басып кыдырышты жердин жүзүн.

Бир дагы душман каршы кезиккен жок
Бардыгы жерге житип кеткен окшоп,
Көрүнбөйт, кайда кеткен бай балдары
Жоошуптур манап уулу колдору шок.

Ынтымак үйгө кирди андан кийин,
Акылман тоготкон жок болуш-бийин.
Тогузу тогуз жолборс балдарынан,
Душмандар таппай калды кирерге ийин.

## А СӨЗДҮК

үрпөйүшүп
урушкан тооктордой чукулдашуу
аңыр
итий болгон бала
сүт аңдыган мышыктай
ач кене
жүнүн жулган короздой
ышкын
кырмычык
бокочо
сабоо

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Бөлүнгөндү бөрү жейт.
Ырыс алды ынтымак.
Ынтымагың болбосо алдыңдан таяр алтын так.
Эл менен сен бийиксиң, элсиз жерде кийиксиң (Арстанбек акын).

**СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. «Биримдик», «ынтымак», «күч бирдикте» деген сөздөрүн маанисин чечмелегиле.
2. Тогуз уул тогуз жакты карап кетишине ким айыптуу, мында атасынан күнөөсү жокпу?
3. Ынтымаксыздыктын белгилери.
4. Ынтымактуулуктун белгилери.
5. Ата балдары үчүн кандай табиялык иш-аракет жүргүздү?
6. «Ырыс алды – ынтымак» деген темада ушул чыгарманын негизинде дил баян жазуу.
7. Ырдын аяк жагындагы атанын сөздөрүн жаттоо.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. «Ынтымактуу үй-бүлө» деген темада эссе жазып келүү.
2. Ынтымак деген сөзгө кластер түзүү.

## «КҮЧ БИРДИКТЕ» ЖОМОГУ ТУУРАЛУУ

Бул чыгарманын жомок экенин биринчи сабынан («Илгери, эчак өткөн бир заманда») эле байкайбыз. Ата акылман экен, тогуз уулу бар экен, ошол тогузу тогуз жакты карап жашап, атага азап, шор болуптур. Автордун сүрөттөөсүндө балдар адегенде төмөнкүдөй сапаттарга ээ экен:

Ынтымаксыздыктын белгилери:
1. Үрпөйүшүп үй алдында, урушкан тооктордой чукулдашат.
2. Ооздорун аңырдай ачышат.
3. Түрлөрү итий болгон балага окшоп турат.
4. Сүт аңдыган мышыктай абалы.
5. Бири-бирине ач кенедей жабышуусу.
6. Бири-бирине үнүн баспай кыйкыруусу.
7. Айран-сүттү талашышы.
8. Бири-бирин кекиртектен алып, бири-бирине муштум түйүшү.
9. Жүнүн жулган короздордой чокушушу.
10. Бир-биринин көйнөктөрүн жака, жеңинен тамтык койбой тытышы.
11. Улуусунун кичүүсүн уруп коюусу.
12. Бай балдарынан токмок жеп калышы ж. б.

Акылман ата ушундай өсүп келе жаткан балдарын тарбиялап оң жолго салуу керек. Бирок кантип? Адегенде атасы акыл айтса угушпады. Айла кеткендеги атасынын абалын акын мындай сүрөттөйт:

Ак басып сакал-мурутун акылмандын,
Сездирди кайгы менен картайганын.
Жүдөттү эл көзүнчө күчтүү намыс,
Аябай кантет байкуш өз балдарын.

Ата чыгармада айтылгандай акылман да, акыры ойлоп-ойлоп бир ыкма, бир жол тапты:

Бир күнү тоого барды түш көргөндөй,
Жасады чыбык кыркып элүү сабоо.

Анан ошол сабоону алып келип балдарынын алдында боосу менен сындырганда сынбай калды. Бир-бирден сындырса ал, албетте, сынат. Ата мына ошол бир көрүнүштү балдарга насаат катары пайдаланды. Биримдик, ынтымак болсо, душман жолой албайт, ар бири бириндеп турса, душман сабоодой сындырып таштайт деген ой айтылды.

Чыгарманын тарбиялык мааниси – адамдарды биримдикке, ынтымакка чакыргандыгында. Акылман ата ошону ойлоп тапты. Балдарга таасир эте турган ыкманы көрсөтүп берди.

«Ынтымак бар жерде – ырыс бар», «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген макалдар адамдарды ынтымакка чакырып келет.

***Жыйырма жетинчи сабак***

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**

1. «Бугу эне» жомогундагы Майрык-Чаар-Жезкемпирдин сөзүнүн мааниси.
2. Жоо жана элдин кырылышы.
3. Эне-Сай жана Ала-Тоо.
4. Адамдардын акмакчылыгы, Бугунун адамгерчилиги.
5. «Бугу эне» жомогундагы адеп, ыйман темасы.
6. Жомоктогу балдар – менин сүйүктүү каармандарым.
7. Менин бул уламыштан алган таасирим...
8. Мен эмне тууралуу көп ойлоном?
9. Коомдук жайларда өзүн маданиятсыз алып жүргөндөр.
10. Мен сүйгөн жаратылыш.
11. Энелерге таазим.
12. Жалаң бир гана тамга (мисалы, б) менен башталган сөздөрдөн турган сүйлөмдөр менен дил баян жазуу.
13. Терезеден көрүп турган нерселерди сүрөттөп дил баян жазуу.

**Тапшырмалар:**

Бүгүн эрте менен мектепке келе жатып көргөн нерселерди элестетип дил баян жазуу, аны жалпы класста талкуулоо.

Кечинде телевизордон көргөн нерселериң тууралуу ойлорду жаз.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

## *ЖАЛИЛ САДЫКОВ*

(1932–2010)



Жалил Садыков – акын жана драматург. 1932-жылы Кемин районунун Кичи-Кемин айылында төрөлгөн. Анын ондогон ыр китептери, «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей» деген драмалары бар. Азыр биз ырдап жүргөн мамлекеттик гимндин авторлорунун бири.

### ЭНЕНИН ЖҮРӨГҮ

I

Балдары жем талашып **тыбырчылап**,
Жем издеп эне чымчык кеткен ыраак.
Аңгыча **темир канат** бир балапан,
Уядан учуп түштү жерге кулап.

**Сук** болчу, башкалардан жеткен **жемсээк**,
Шок болчу, дал ушуну көрмөк тентек.
Уча албай калың чөптүн арасынан,
Чыйпылдап жан талашып канат серпет.



Жем тиштеп эне чымчык кайра келип,
Уяга жакын жерге коно берип.
Караса, беш балапан арасынан
Сугу жок, оозун ашчу чебеленип.

Аңгыча, жер тарапта, тиги четтен
Үн укту жан талашып чийп-чийп эткен.
Селт этип катуу чочуп, байкабады
Тиштеген жемин төмөн кулап кеткен.

Ошондон жерди карай боюн таштап,
Шуу этип чөпкө түшүп канат жаскап.
Айланат **отко түшчү көпөлөкчө**,
Чырылдап баласы үчүн өлө жаздап.

Баа чиркин, эне мээри кандай күчтүү!
Эне экен баласы үчүн отко түшчү.
Негедир тигил экөөн карап туруп,
Өткөндөн бир уламыш эске түштү.

II

Жоо менен **ай талаада кырчылдашып**,
Сугарып жерди канча чырпылдатып.
Биздин эл кайда сүрүп баратканда,
Кылычтап туш келгенин бырчылдатып.

Кырылып өлгөндөрдөн калбай кемип,
Кайрадан кол куралат жоого келип,
Кайрадан калкандарга тийген жебе,
Кадимки мөндүргө окшойт себеленип.

Келген жоо келе берип бүтөр эмес,
Жоокерлер буга чыдап түтөр эмес,
Аңгыча, калгандарга дароо тарайт:
- Чепке кир, коргонгула! – деген кеңеш.

Жоокерлер аргасыздан чепке кирет,
Чеп бийик, куш өтпөгөн темир тирек!
Жабылат жоону тосуп дарбазалар –
Жасалган **күмүш ширеп, болот ширеп**.

Душмандар чепти айланта курчап алып,
Жол таппайт ары барып, бери барып.
Илинсе чыксак дешет аркан салып,
Ыргытса кулач жетпейт колдор талып.

Ошондо арасынан келген жоонун,
Бир адам жарып чыгып турган тоонун:
- Чеп бийик, бул аракет текке кетет.
Табам, – дейт, – дарбазанын ачар жолун.

Бир кезде ушул чепти салышканмын,
Далай жыл жондон терди агызганмын.
Акыры качып чыккам, бирок билем,
Жашыруун суу жиберчү алыштарын.

Алышты жан байкабайт, үстү жабык,
Ал келет, тээ тиги тоодон агып.
Жүргүлө, чептин элин куруталы,
Башынан башка жакка бура салып.

Сөздү угуп курчап жаткан жоонун ханы:
- Калайык, тыңшагыла! – деди дагы, –
Чын бекен? Чындык болсо, бул жигитти
Өзүмө вазир кылам мындан нары.

**Кеткендей чептин ичин сыйпап жылан,**
Ачылса, эр бүлөсүн кырып тынам!
Баргыла, чындык болсо, бул жигитти
Сөз берем, ушул чепке хан да кылам!..

Буйрукту угар менен **салдай сабап,**
Кетишти жоонун теңи тоону карап.
Калганы чепти курчап жата берди,
Оюнда талоон түшчү күндү самап...

Кеткендер тоого барып, көөнү тынып,
Кайтышты башка жакка сууну жыгып.
Хан жатты камырабай, чептегилер
«Келет, – деп, – суусуз калып, өзү чыгып».

А бирок күндөр өттү, айга кетти...
Ашынып хандын каары чекке жетти!
Сыягы, суусуз жатып өлсө дагы,
Бир адам ачып берер эмес чепти.

Бул кезде сактап алган суулар бүтүп,
Акыркы тамчыларды тең бөлүшүп,
Жатышты чептегилер айла таппай,
Жашоодон биротоло үмүт үзүп.

Хан сыртта, өз алдынча ойго келди:
«Минткенде ала албаймын чептеги элди.
А көрөк, бир амалын табайын» – деп,
Жарчыга мына мындай буйрук берди:

- Угузгун буйругумду, кылгын маалым,
Кирсем да чептегинин кырбайм баарын.
Аялдар чепти таштап сыртка чыксын,
Көтөрүп ала кетсин каалаганын.

Өлүм жок аялдарга! Айткын барып, –
Дегенде, жарчы кетти, айгай салып.
Чептеги эл, кары дебей, жашы дебей,
Дүрбөдү хан жарлыгын угуп алып...

Эртеси, бүт аялдар таңга жакын
Ачышты бийик чептин дарбазасын.
Бул кызык! Чептегинин бири калбайт,
Ким калат, кимдер менен кармашасың?


Арчындап күйөөлөрүн таңып жонго,
Балдарын ороп чулгап алып колго.
Элейип карап турган хандан оолак,
Энелер чубап барат оңго-солго.

Хан тиктеп кыжырлана эки жагын,
Акыры: «Жаңылдым!» – деп **чапты санын**.
«Сөз бирөө! Бекер айткан экенмин ээ,
Көтөрүп ала кет деп каалаганын!»

Сөз бирөө! Хан буйругу болбойт эки,
Хан үчүн сөзүн бузуу болор чеки.
Чубаган энелерди карап туруп,
**Тултуйду чыдай албай эки бети.**

Анткени өзү келди уруш баштап,
Кыргынга өзү күбө, өзү каскак!
Ойлонсо, өзүн дагы эне тууган,
Энелер кетип барат чебин таштап...

Көргөндө энелердин аккан жашын,
Чыдабай бура тартты аттын башын.
Энелер адам таппас акыл менен,
Ушинтип кайтарыптыр келген касын.



Бул өзү бир уламыш... Өзүң кара,
Энелер жанын берет дале сага.
Дагы эле эрдин жүгү аялдарда,
Дагы эле колдон түшпөйт бардык бала...

## СӨЗДҮК

тыбырчылап
темир канат
сук
жемсээк
отко түшчү көпөлөкчө
ай талаада кырчылдашып
күмүш ширеп
болот ширеп
кеткендей чептин ичин сыйпап жылан
салдай сабап
чапты санын
тултуйду чыдай албай эки бети

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Кыпындан жалын чыгат, оюндан от чыгат.
Кырсык жалгыз келбейт.
Тилден уу да тамат, бал да тамат.
Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк.
Адамдан амал качып кутулбайт.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Ай, ак кеме, ак кеме,
Ак кеме келер бат эле.
Бат эле келсе ак кеме,
Ак кеме келди бат дебе.

* * *

Кыргыз десе Чыңгыз дейбиз,
Чыңгыз десе кыргыз дейбиз.
Кыргызды Чыңгыз дейбизби,
Чыңгызды кыргыз дейбизби?

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Акынга энелер тууралуу уламыш кандай окуядан улам келди?
2. Уядагы балапан менен уламыштын кандай байланышы бар?
3. Баскынчылык кандай айыпталат?
4. Хан буйругу эмне үчүн өзгөрөт?
5. «Эненин жүрөгү» деген аталыш эмнеден улам келип чыккан?
6. Башка дагы ушундай уламыштарды эстегиле?
7. Эне деген сөзгө синквеин түзгүлө.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Ырдан үзүндү жаттоо.
2. Ырдагы окуялардын негизинде компьютерден слайд жасоо жана анын идеясын презентациялоо.
3. Эне жөнүндө бирден ыр жаттап келүү.

## «ЭНЕНИН ЖҮРӨГҮ» УЛАМЫШЫ ТУУРАЛУУ

Уламыш – канаттуулар менен адамдарды салыштыруудан башталат. Өз балапандарын тойгозуу үчүн эне чымчык жем издеп алыс жактарга кетет. Оозуна тиштеп келген жемин балдарына берет. Дагы кетет. Дагы келет. Кечке анын жумушу ошол – балапандарын багуу. Ал эми темир канат балапандын бири шок, тентек, жемди жакшы көргөн сук экен. Бир күнү ошонусу жерге түшүп кетет. Эми эне чымчык аны кантип уясына алып келет: же балапан уча албайт, же эне чымчык аны тиштей албайт. Окуя мына ушундай түйүндүү жерге келет. Биз баарыбыз ойлонуп калабыз, балапанга да, энеге да боорубуз ооруйт. Мындайлар адам турмушунда да учурайт. Ушундай абалга келүүнүн себеби эмнеде? Тентектикте, энесин укпай коюуда, сугалактыкта. Балапан өлүп калышы мүмкүн да. Эне ошон үчүн чебелектейт.

Ушундай турмуштук окуя автор үчүн башка бир окуя-тарыхты элестетет. Ал эзелки жомок. Мына ошол жомокто баскынчы хан менен балдарын, жарларын сактап калган энелер карама-каршы коюлат. Энелер – балдары үчүн баарын аткарууга даяр, алар балдарын жүк көтөргөндөй көтөрүп, душман курчоосунан алып чыгып кетет. Мына ушул көрүнүштү карап турган ачкөз, каардуу, согушкер хан:

Көргөндө энелердин аккан жашын,  
Чыдабай бура тартты аттын башын, - келген жагына кетет.

Энелер ханды жолунан кайтарды. Жарларын, балдарын, чебин сактап калды. Эне жүрөгү ошондой боорукер, айкөл, бала үчүн ар кандай мүшкүлгө барат.

***Жыйырма тогузунчу сабак***

### *СУЛАЙМАН РЫСБАЕВ*



1956-жылы мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1973-жылы Токтогул районундагы «Сары-Камыш» айылындагы «Бирлик» орто мектебин, 1978-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетин бүтүргөн. Андан кийин мектепте кыргыз тили, адабияты мугалими, илимий кызматкер болуп иштеген. Көрүнүктүү балдар жазуучусу, балдар үчүн ондогон аңгеме, жомок китептери чыккан.

## БАЛЫК-БАЛДАР, ЖЕ КӨЛ ЖЭЭГИНДЕГИ ТҮНКҮ КУМ СЕПИЛДЕР

Бул ажайып окуя биздин ыйык көлүбүздүн жээгинде бир чакан айылда кайсы бир жылдарда болуп өтүптүр. Айылдын балдары күндүн ысыгында көл жээгинен чыгышпайт. Кичинекей **камыштуу буюканын** жумшак кумдуу тайпасы көлгө түшкөнгө эң эле ыңгайлуу, куму

да шекердей майда, **майлап койгондой жумшак.** Күндүн ысыгына кактанып жаткан балдар анын кумунан бирде коргон, бирде тоо жасап, бирде чукуп суусун чыгарып көл жасап ойноп, оюндан кумары канбайт.

Ошол балдардын ичинде, мындай оюндардын башчысы – Кумар эле. Башка балдардын баары анын айтканын орундатуучулары гана.

Бир күнү Кумар көл жээгине эртең менен элден мурда келди. Келди да, **көргөн көзүнө ишенбей**, көл жээгиндеги **кум сепилдерди** кызыгып карады. Кечээ өзүлөрү жасаган коргондор менен тоолордон кыйла башкача болгон жаңы кум сепилдерди кимдер жасады экен?.. Жасаганда да, айлуу түндө келип көлгө түшүшкөн шаардыктардын балдары жасаштыбы?

Ким билсин... Шаардыктар эки-үч күнгө келишет да, бала-чакалары менен ысыкта күнү-түнү көл жээгинен кетишпейт эмеспи.

Ким жасаса да, бул сепилдерди мыкты жасаптыр...

Бирок бул эмне деген сепилдер..?

**Суроо:** Автор текстте ушундай суроо коюп жатат? Чын эле бул эмне деген сепилдер болушу мүмкүн?

**Кыркалекей чоң коргон экен.** Адегенде, коргондун дарбазалуу астанасы бар экен. Анын дубалдары бийик, эки катар. Ичинен адам өтчү жолун да унутпашыптыр. Ар кай жеринде чакан-чакан **кумпалуу майда сепилдери** да кызыктырат. Анан да коргондун ичиндеги чарчы дубалдуу, бийик-бийик үстү кумпалуу сепилдери менен **мунараларычы**!

Эң сонун экен. Бирок Кумар ар күнү досторунан кыйынсынып, буюра сүйлөп, түрдүү коргондорду, үйлөрдү жасашса да, мындай кооз сепилдерди жасай элек болчу. Эгер жасашса, колунан келет беле, ким билсин?

Кантсе да, көрүп турган көзүнөн кызганып, мындай кооз сепилдерди өзү жасай албагандыгына ичи тарыды. Анан алардын баарын заматта бузуп таштады...

Бузуп таштады да, эми достору келгенде, дал ушунун өзүндөй кооз сепилдерди курууну ойлоду. Оюнда досторуна эң сонун сепилдерди куруучу чоң устадай элестетти өзүн...

Анан достору келди. Кумар оюндагысын аткарууга киришти.

- Балдар, бүгүн биз кум-сепилдерди курабыз. – Мен айткандай кыласыңар... – деп, баягы «шаардыктардын» балдарынын түндө куруп кеткен сепилдеринин ордуна **чиймесин чие баштады.**

- Жомоктогудай кооз сепилдерди курабызбы? – деп сурады досу Арген.

- Ооба, – деди Кумар, – келгиле, баштайбыз. Балдар Кумардын айтуусу боюнча ичинде жолу, ар кай жеринде кумпалуу чакан сепилдери бар кенен чарчы коргонду курууга киришти. Бирок кумдары бир аздан соң эле күн нуруна кургап, кулап түшө баштады. Андан болбогондон кийин, коргондун ичине кумпалуу чоң сепилдерди курууга ки-

ришти. Бирок, алар дагы жанагынтип кулап түшүп жатышты. Түшкө чейин убара болушканына карабай, «жомоктогудай» кум сепилдерди алар кура алышпады.

Карды ачып, чарчагандан кийин гана үй-үйлөрүнө көңүлсүз тарашты. Айрыкча, Кумарга оор болду. Алар баарынан кыйын эмес беле? Кантип эле алыскы борбор шаардан эки-үч күнгө келип-кеткен балдардан кем болсун! Алар эле күн сайын көл жээгиндеги кумда ойноп жүргөн Кумар, Арген сыяктуу балдардан кыйын бекен?..

«Эртең келип, баарын башкача кылып, жомоктогудан да мыкты сепилдерди курабыз» деп ойлоп баратты Кумар, көл жээгин **кылчак-кылчак карап** кетип баратып...

* * *

Кумар эртең менен эрте ойгонду да, досторун күтпөй эле көл жээгин көздөй чуркады. Келип эле көргөн көзүнө ишенбей көпкө карап турду.

Кечээкиден да кооз жомоктогудай кум сепилдер өзү эле курулуп калгансып, көз жоосун алат!

Капырай, бул сепилдерди түнкү айлуу түндө баягы шаардык балдар куруп кетиштиби дагы?

Табышмактуу бул окуяга Кумар эсине келе албай, келсе да, ичи тарып карап турду да, аларды заматта тебелеп-тепсеп кыйратып таштады.

Анан көлгө барды да, балыктай эркин сүзүп, көпкө жүрдү. Бир кезде Арген баш болгон кошуна дос балдары келишти. Алар дагы көлгө түшүп кумары канган соң, жылуу кумга жата кетишти.

Кумардын ою баягы эле «жомоктогудай» кум сепилди куруу болчу. Досторуна ал тууралуу айтты эле, алар дагы каршы болушпады.

Узун коргон, майда сепилдер бат эле курулду, бирок, күнгө кургаган соң кайра кулап түшүп калды. Чарчы чоң кумпалуу сепилдерди куруу андан бетер кыйын болду. «Деги, күндө көргөн табышмактуу кум сепилдерди өзүндөй кылып куруудa чын эле мүмкүн эмеспи?! Сыйкырдуу бул окуяны ким жасап жатат?.. Эртең дагы ушундай болобу?» деген ой кыйнады Кумарды.

«Жок бүгүн дем алыш эмеспи. Шаардан келгендер бүгүн кечинде үйлөрүнө кетишет. Эртең мындай **ич күйгүзгөн окуя** болбойт. Бүттү» деп ойлоп Кумар өзүн тынчтандырды.

Бирок, баары бир Кумар ойлогондой болгон жок. Эртеси эртең менен досторунан мурда шашып эрте келсе, дагы эле баягы жомоктогудай кум сепилдер курулуп туруптур...

Табышмактуу бул окуя Кумардын ичин ого бетер күйгүздү. Эми бүгүн түндө аңдып келип, ким бул сепилдерди кантип куруп жатышканын өз көзүм менен көрөмүн деди да, сепилдердин баарын бузуп таштап, артын карабай үйүнө жөнөдү. Алдынан достору чыкты. Аларды Кумар карагысы келген жок.

- Кумар, жүрү көлгө түшөлү, – деген Аргендин сөзүнө кулак түрбөдү. Кумар ал күнү көл жээгине кайтып келбеди. Кечке ар нерсе кылып, үйдө убакыт өткөрдү. **Маанайы чөгүп**, кандай да болбосун, бүгүнкү айлуу түндө көл жээгине аңдып барууну ойлоп кеч киргизди.

* * *

Ай бүгүн **сүттөй жаркырап, көөлгүп чыкты**. Кумарлардын үйү көл жээгиндеги кичинекей дөңсөөдө да. Терезеден көл көрүнүп, жаңыдан көтөрүлүп келаткан алтын Ай **көлгө түшүп калгансып, нуру менен көл жээгин миң түргө бөлөп**, сулуу да, сырдуу да көрүнөт...

Ай өйдө көтөрүлүп, балбылдаган оттой болуп, же эркин жаткан **тоголоктогон сары майдай балкып** төгүлүп турду. Ата-энеси уктаган соң, Кумар акырын эшикке чыгып, көлдү көздөй жөнөдү. Дөңдүн түбүндө өскөн камыштардын арасына жашынып алып, «Качан шаардык балдар көлгө келер экен, борбордун балдары кандай балдар болду экен. Алар жомоктогудай кумпалуу кум сепилдерди кантип курушар экен» деп кыйлага ойлоп отурду. Эч ким келген жок.

«А-а, шаардыктар үйлөрүнө кеткен экен да... Болбосо, момундай сонун сүттөй жарыкта ысык шаарыбызга барганча бирден чумуп алалы, – деп бая эле келмек. Кап, алардын кум сепилди кантип курарын көрбөй каламбы...» деп дагы да санаага батты... Көл болсо, үстү анча-мынча тармалданып коюп, мелтиреп жатты, **Ай жарыгын жамынып**...

Ошол маалда мелтиреген көл бетинин ар кай жеринен балдар-кыздар кулп этип чыгып, бери-карай сүзүп жөнөштү...

«Бир... эки... үч... анан дагы... төрт...беш...алты...»

Булар баятан сүзүп жүрүшкөн «шаардык балдар» беле... Баятан буларды көрбөй каякты карап отурду эле Кумар.

Алар үч кыз, үч бала экен. Бул жердин балдарына түк окшобойт. Алар каткырып күлүшүп ары-бери бир аз куушуп ойношту да, кумга оонап жата кетишти. Күлгөнүнөн башка **кобураган сөздөрү** угулбайт. Бир маалда алар жапырт турушту да, кум сепилдерди куруп киришти. Адегенде, ортого чоң кумпалуу сепилди, анан кичинерээгин, андан соң дагы бир кичинерээгин, жанына бийик мунараны курушту да, бат эле тегерегиндеги сепилдүү коргонду куруп коюшту. Баарын бат эле бүтүрүштү. Бүтүрүштү да, кол кармашып алып тегеренип ойноп-бийлешти.

Өзүндөй болгон, он-он эки жаштардагы **сексегей чачтуу апакай кыздар** жана сергек көңүл бу «шаардык» балдар Кумарга аябай жакты. Айрыкча, узун бойлуурак бала менен кубалашып ойногон узун чачтуу апакай жүздүү кыз жакты. Азыр эле барып, алар менен өзү таанышып, ошол узун чачтуу апакай жүздүү кыз менен куушуп ойноп, кум сепилдерди айланып кол кармашып бийлегиси келди... А балким, тиги жанындагы узун бойлуу бала Кумардын аны менен бийлөөсүнө макул болбос...

Кантсе да, бул «шаардык» балдар жана кыздар менен барып таанышкысы келди. Ошол кезде алар экиден кол кармашкан боюнча көлдү көздөй басышты. Көлгө барышты да, бир аз сүзүп барышып, чумуп көрүнбөй калышты. Суудан көпкө чейин чыгышпады...

Кумар деле сууга жакшы сүзөт го балыктай ойкуп-кайкып, көпкө чейин суу ичинде **думукпай жүрө алат го**. Бирок, бул балдар Кумардан да кыйын белем... Сууга чумуган боюнча көпкө дейре сыртка чыгышпады.

Кумар элейип карап отура берди. Бирок ал балдар суудан кайра чыгышпады. «Алар чын эле балык болуп кетишти белем» же, башка жээктен көрүнбөй чыгып кетиштиби... Түк да билбей калды.

Кумар камыш ичинен чыкты да, тиги балдар жасаган кум сепилге келди. Айланта көпкө турду. Кечээкидей бузуп салайын деди, бирок колу барбады. «Карачы, кандай кооз сепилдер» деп ойлоду ичинен.

Көл жээгинде балдар менен кыздардын жылаңайлак издери быжырайт. Алардын ичинен баягы узун чачтуу ак жуумал кыздын изин издеди. «Кайсынысы болду экен, мобу татынакай из ошонуку белем...» деди оюнда. Анын изи кумда жайнаган бардык издерден көзүнө жылуу сезилди. «А балким, аныкы эместир...» деди экинчи ою... Анан, өзүнчө эле бушайман болуп, үйүн көздөй тез-тез басып жөнөдү.

Көз алдына ошол узун чачтуу апакай кыз кетпей, көлдү бир карап алды үйүнө жакын барганда...

### СӨЗДҮК

камыштуу буйтка
майлап койгондой жумшак
көргөн көзүнө ишенбей
кум сепил
кыркалекей чоң коргон
кумпалуу майда сепил
мунара
чиймесин чие баштоо
кылчак-кылчак кароо
ич күйгүзгөн окуя
маанайы чөгүү
сүттөй жаркыроо
көөлгүп чыгуу
көлгө түшүп калгансып
нуру менен көл жээгин миң түргө бөлөө
тоголоктогон сары майдай балкып
Ай жарыгын жамынып
кобураган сөздөр
сексегей чачтуу апакай кыздар
думукпай жүрө алат

ФРАЗЕОЛОГИЯЛАР
көргөн көзүнө ишенбөө
көрүп турган көзүнөн кызгануу
ичи таруу
көзүнө жылуу сезилүү

ПЕЙЗАЖДЫК СҮРӨТТӨӨЛӨР
Ай бүгүн сүттөй жаркырап, көөлгүп чыкты.

Терезеден көл көрүнүп, жаңыдан көтөрүлүп келаткан алтын Ай көлгө түшүп калгансып, нуру менен көл жээгин миң түргө бөлөп, сулуу да, сырдуу да көрүнөт...

Ай өйдө көтөрүлүп, балбылдаган оттой болуп, же эркин жаткан тоголоктогон сары майдай балкып төгүлүп турду.

Көл болсо, үстү анча-мынча тармалданып коюп, мелтиреп жатты, Ай жарыгын жамынып...

ЖАҢЫЛМАЧТАР
Оймокту ортого коймокмун,
Ортого оймокту коймокмун.
Оймокчу оймокту бербесе,
Кайсыл оймокту ортого коймокмун?

* * *

Ойногондор болдуңарбы,
Ойногондор болбодуңарбы?

* * *

Ойногондор ойнобогондорду ойлошобу,
Ойнобогондор ойногондорду ойлошобу?
Ойлошкондор ойногондорбу,
Ойлошкондор ойнобогондорбу?

## ? СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Силер балдар, Ысык-Көлдө болдуңар беле? Ким Ысык-Көлдө болгон болсо, ошол учурду элестетип 4 сүйлөм менен көлдүн көрүнүшүн айтып бергиле?
2. Ысык-Көлдүн кандайча пайда болгондугу тууралуу уламыштарды уккансыңарбы? Уксаңар айтып көргүлөчү?
3. Сулайман Рысбаевдин кандай чыгармаларын билесиңер?
4. Баланын аты эмне үчүн Кумар деп ойлойсуңар? Кумар деген сөздүн маанисин чечмелегиле?
5. Кумар менен Аргендин диалогун ролдоштуруп окугула.
6. Кумардын мүнөзү тууралуу айтып бергиле.
7. Жаратылыштын көрүнүшүн автор эмне максатта жана кантип көрсөтүп жатат.
8. Үзүндүнүн кыскача мазмунун айтуу.
9. Кумар деген сөзгө синквеин түзгүлө.

## ! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Сүрөт тартуу. Ага негиз болчу сүйлөм: «Кичинекей камыштуу буюткандын жумшак кумдуу тайпасы көлгө түшкөнгө эң эле ыңгайлуу, куму да шекердей майда, майлап койгондой жумшак».
2. Тексттен үзүндү жаттоо.
3. Текстти көрктүү окууга даярдануу.

***Отузунчу сабак***

# БАЛЫК БАЛДАР, ЖЕ КӨЛ ЖЭЭГИНДЕГИ ТҮНКҮ КУМ СЕПИЛДЕР

(*уландысы*)

Эртеси Кумар досторуна кошулуп ойногон да жок. Кум сепилди да куруугa **көңүлү чаппады.** Баягы түнкү «шаардык балдар-кыздар» куруп кеткен сепилди «Мен курдум, көрдүңөрбү, кандай куруптмун» деп досторуна мактанып таштаган. Алар, негедир, күндүн нуруна курга-

ганда да кулап түшпөй шашкеге чейин турду. Өзү болсо, көлгө келген **жер жайнаган элдердин** арасынан баягы узун чачтуу ак жуумал «шаардык кызды» издеп жүрө берди. Ал тургай, кумдагы балдар-кыздардын издеринен да анын изин издеп убара болду...

«Эх, десең, ал ак жуумал узун чачтуу «шаардык кыз» кайда жүрөт болду экен?..»

***Суроо***: Автор текстте ушундай суроо коюп жатат? Чын эле Кумарга табышып бергилечи, ак жуумал узун чачтуу кыз кайда кетти?

Ошентип жүрүп кеч киргизди. **Көз байланып**, караңгы болду. **Ай көөлгүп**, жай, шашпай, улуу тоолордун койнунан чыга келди. Ай чыкканда **түрсүл каккан жүрөгү ээ бербей**, түнкү «шаардык кыз-балдар» көлгө түшөр мезгилди күттү.

Кумар кечээки маалда, ата-энеси уйкуга киргенде жылып эшикке чыкты. Арча-кайыңдардын арасы менен акырын көл жээгине түшүп келди да, баягы камыштарга барып жашынды...

О-о, бир убакта Кумардын көрүп турган өз көзүнө өзү ишенбеген окуя болду. Тынч, үстү тармалданып мемиреп турган көлдүн бетинин ар кай жеринен апакай боор балыктар ай жарыгына чагылыша булт-булт эте чыга-чыга калды да, бат эле балдар-кыздарга айланып, бери сүзүп келатышты... Адегенде, Кумардын дене бою «дүр» этип отурган ордуна катып калды.

Балдар-кыздарга айланган ак боор балыктар жээктин кумуна келип, оонап-оонап алышты. Анан жумшак кумда ары-бери кубалашып ойношту...

Кумардын эки көзү баягы узун чачтуу ак жуумал кызга тигилди. Ал баягы эле узун бойлуу бала менен кубалашып ойноп жүргөнүн көрүп, ичи тарый берди. Ооба, жомоктон гана укчу окуялар Кумардын көз алдында азыр эле болуп жатканы укмуш болду. «Балык-балдар» оюнун токтотушуп, адаттарынча баягы бузулуп калган сепилдердин ордуна жаңы сепилдерин курууга киришти.

Кечээкидей окуя кайталанып жатты. Балык-балдар сепилдерин оңой эле, бат эле салып бүтүрүштү да, эки-экиден кол кармашып тегеренип ойноп-бийлөөгө өтүштү...

Ошондо Кумар өзүнөн өзү эле камыш ичинен чыгып, тиги «балык-балдарга» кантип барып калганын билбей калды. «Балык-балдар» оюндарын токтотушуп, элейип Кумарды карап турушту. Айрымдары сестенип, кеткилери келгендей **жатыркай карашып**, узун бойлуу баланын артына чогула калышты. Кумар аларды көздөй түз эле басып келди да:

- Силер кимсиңер? – деп өктөм унчукту.

Анын өктөмдүгү узун бойлуу балага жакты белем, ал дагы алдыга кадам таштап илгери басты.

- Сен өзүң кимсиң? – деди ал дагы Кумардан жалтанбай, өктөм унчугуп.

- Мен ушул жерлик болом. Атым – Кумар. Силер кайдан келдиңер?

- Менин атым – Талгар. А тигилер – менин досторум. Кел, андан көрө, дос бололу...

Бул жердик кебетеленбеген, чачы өскүлөң бул «балык-баланын» чечкиндүүлүгү, баарыдан да, «дос бололу» деп колун биринчи сунуп отурганы Кумардын көңүлүн жоошутуп койду. Ошенсе да, анын көзү тиги балдардын алдында турган узун чачтуу апакай жүздүү кызга тигиле берди.

- Биз «Алтын калаалыктар» болобуз... – деп Талгар артындагыларды бери келгиле дегендй колун жаңсады. – Бул кыздын аты – Алтынай. Бул балдар: Эрбол менен Улук. А тиги кыздар – Айкыз менен Нуркыз.

- А...а... «Алтын калаа»... Каякта..? – деди анын сөзүн угуп Кумар, ойлуу. – Алыстабы?

Талгар сөзүн улады:

- Биздин «Алтын калаа» деген шаарыбыз – көлдүн түбүндө. Ал илгери болгон, илгери-илгери... Ал шаар азыр жок...

- А силер... шаарыңар болбосо, кайда жашайсыңар...

- Мен аны сага жай түшүндүрө албайм... Андан көрөкчө, айтчы, күн сайын биздин «Кум сепилибизди» сен бузуп жүрөсүңбү... Чынбы? Айтчы, эмнеге?..

Бул суроо Кумардын жүрөгүнө оор тийди. Уялды. Ошондой кооз кылып мээнеттенип жатып салган сепилдерге ичи тарып, өзү ошондой кылып сала албагандыгы үчүн көрө албай, күндө тебелеп-тепсеп жүргөнүнө аябай сынып калды. Баарынан да момундай адилет сүйлөгөн Талгар, тиги татынакай кыз Алтынайдын алдында уялып, **жер карады**...

- Ооба, мен болчумун. Кечирип койгула... Эми биз мындан ары дос бололу... дебедикпи... Бирок айткылачы, бул кумпалуу кооз сепилдер силердин «Алтын калаанын» сепилдериби?

- Ооба, алар ошол... биздин калаанын сепилдери болчу...

- Ал аябай коозбу?.. «Алтын калаа» дегендей, баары эле алтындан болсо керек...

Талгар унчукпай калды да, улутунуп алып, сөзүн улантты:

- Кумар, «Алтын калаа» жана кумпалуу сепилдердин бардыгы узун жомок... Мен аны сага айтып бүткүчө таң атат... Эртеңден баштап келбейбиз. Ар бир жылдын баш оона айынын **жаңырган айы толгон күндүн** ары жак-бери жагында төрт-беш күн гана келебиз. Калган күндөрдө суунун түбүндө жашайбыз...

- Кантип...

- Анткени биз «балык балдарбыз» да...

Талгардын кийинки сөзүн Кумар каяктан угуп жатканын билбей, же тээ байыркы өтүп кеткен ата-бабалардан бирөө келип айтып жаткан жомоктой болуп, мунарыктап, алыстан угулуп жаткансыды. Мүмкүн, уккан сөзүнө, көргөн көзүнө ишенбей турган Кумардын башы айла-

ныып, көңүлү айнып кеттиби... Белгисиз... Бирок, ал балдар-кыздар жайдын ысык табы алиге кете элек кумда Кумарды тегеретей отуруп, биринен өтүп экинчиси толуктап, байыркы бир болуп өткөн кайгылуу окуяны айтып жатканы гана эсинде калды.

* * *

О-а, андан бери далай кылымдар өтүптүр. Кыргыздар күчтүү душмандардын баскынчыл согуштарынан жаңы кутулган жылдар экен. Анда кыргыздар **башчысы бир, баатыры миң** болуп, байлыгын эч кимге талатпай, бат эле күчтүү, эрктүү мамлекетти куруп, узак жылдар бою бактылуу жашаптыр.

> **Жаттагыла:** «Кыргыздар күчтүү душмандардын баскынчыл согуштарынан жаңы кутулган жылдар экен. Анда кыргыздар башчысы бир, баатыры миң болуп, байлыгын эч кимге талатпай, бат эле күчтүү, эрктүү мамлекетти куруп, узак жылдар бою бактылуу жашаптыр».

Борборун чылк алтын менен коздоп, «Алтын калаа» аташат экен. Калаанын четин эки кабат бекем сепилдүү дубал менен курчашат. Калаанын бир борборуна кумпалуу чоң, орто жана кичине сепилдерди жана кооз мунараларды куруп, кумпаларын жалаң алтын жалатып жасашкан экен.

Эл бактылуу турмушка жетип, арык семирип, жетим жетилип, баягы оор күндөрү унутулат. **Эсиргендер** көбөйүп, **«тай туйлап такка чыгам»** деп калат. Аялдары эркектерден эрк талашып, жаштар карыялардан сөз талашып, карыялар жаштардан жол талашат. Баатырлар даңк талашып, вазирлер так талашат. Эл-журт тапкан байлыгын «сеники-меники» дешип, экиге бөлүнөт... Ошентип, бул талаш күчөп, бир күнү эл ыдырап, **кашыктап жыйган ырыскысын өзү чөмүчтөп чачып алаар күн** келет экен. Талашканы – бир эле нерсе экен, ал – атагы алыска кеткен алтын кумпалуу чоң сепилдеги алтын такты, андагы алтын таажыны жалгыз ээлөө.

Так талашкан эки эрдин ырыскысы карга-кузгунга жем болорун билбей, эки жаат элдин ортосунда чоң уруш башталат. Уруштун акыры – ичи тар, көрө албастардын «Алтын калаанын» сепилдерине өрт коюусу менен бүтөт. Калааны жапырт өрт каптап, аны өчүрүүгө мүмкүн болбойт. Экиге бөлүнгөн элди Теңир өзү жазалаганы – ушул болчу. Ушул эле эмес, **боздогон энелердин, сыздаган кары-картаңдардын, чыркыраган жаш балдардын** ыйына чыдабаган Жер-Эне зор силкинип, чарт жарылат экен да, астынан зор суу атып чыгат экен... Жалын каптап, кара күлгө айланган шаарды эл-жери менен кошо жер алдынан чыккан түбү жок зор суу заматта каптап, биротоло жер астына жутуп кетет экен...

Ошондо эртең менен эрте тоого кеткен үч кыз бала менен үч эркек бала жана да жер кезип келаткан бир кары **дербиш** гана аман калыптыр...

- Ошол үч кыз бала менен үч эркек бала биз болчубуз, – деген Талгардын сөзү түн ортосу болсо да, түгөнбөй уланып жатты. - Биз ошол күнү тоого бүлдүркөн терип жегени чыгып кеткенбиз. Ойноп жүрө берип, кеч кайттык. Калаанын үстүндөгү дөбөгө келсек, «Алтын калаабыздын» сепилдери кызыл жалынга оронуп туруптур. Үйүбүз кайсы жеринде калганын, ата-энелерибиздин, бир туугандарыбыздын эмне болгонун билбей, буркурап ыйлап дөңдө түн киргенче отурдук. Биз түбөлүккө «Алтын калаабыз» менен кошулуп ыйлап жаттык... Анан жер катуу силкинип кирди. Биз отурган ордубуздан кулап, тоолордон таш көчүп, оттоп жүргөн жылкылар кишенеп, уйлар мөөрөп, иттер улуп, алаамат башталды. Жер алдындагы шагыл таштар жарылып, жердин тамырлары чыртылдап үзүлүп жатты. Бир кезде «та-арс!» этип жер тең экиге бөлүнүп кеткендей болду. Жер алдынан зор суу капкара ажыдаардан болуп атып чыгып, чала күйгөн «Алтын калааны» заматта жер астына жутуп көрүнбөй калды... Ай сүттөй жарык болчу... Асмандан аянычтуу **балбылдап күйүп жылдыздар жайнап** карап турушкан. Бир кезде жер жайнаган жылдыз көлү бизди көздөй каптап келатты. Биз качып тоону көздөй чуркадык...

**Жаттагыла:** «Анан жер катуу силкинип кирди. Биз отурган ордубуздан кулап, тоолордон таш көчүп, оттоп жүргөн жылкылар кишенеп, уйлар мөөрөп, иттер улуп, алаамат башталды. Жер алдындагы шагыл таштар жарылып, жердин тамырлары чыртылдап үзүлүп жатты. Бир кезде «та-арс!» этип жер тең экиге бөлүнүп кеткендей болду. Жер алдынан зор суу капкара ажыдаардан болуп атып чыгып, чала күйгөн «Алтын калааны» заматта жер астына жутуп көрүнбөй калды... Ай сүттөй жарык болчу... Асмандан аянычтуу балбылдап күйүп жылдыздар жайнап карап турушкан. Бир кезде жер жайнаган жылдыз көлү бизди көздөй каптап келатты. Биз качып тоону көздөй чуркадык...».

Ошондо алдыбыздан карт дербиш чыкты да, ыйлап туруп минтти:

- Балдарым, элдин түбүнө **эрегиш** жетти. Эрегиш элди жеп кетти. Эми мындан ары биздин «Алтын калаабыз» болбойт. Ал өрттөнүп, күлү калды. **Теңир** жазалап, жер жарылып, суу менен каптатты. Эми баарыбыз суу астында калабыз... .

Эми бул жердин баарын кылымдар бою каптап жаткан көл болот. Силер балык болуп кеткиле, балдарым. Бул алааматты урпактарга билдирер эми силер гана болосуңар. Ошондо ар бир жылдын ушул күндөрүндө баш оонанын ай толгон түнүндө балдарга айланып, көл жээгиндеги кумга ушул алтын сепилди куруп, урпактарыбызга ушундай сепилибиз, «Алтын калаабыз» болгонун айта жүргүлө... .



Дербиш ата бул сөздөрдү айтып жатканда, биз турган жерди мелмилдеген зор жылдыздуу көл каптап келаткан. Биз андан качып кутула албадык. Дербиш ата «Кошкула, балдарым!» деди да, ошол боюнча көл алдына кетти… Биз болсок, балыкка айланып сүзүп кеттик… .

Бул сөздөрдү угуп отурган Кумардын эки көзүнөн көлдөй ысык жаш агып жатканын билген жок. Ал Талгарга, анын жанында ыйлап отурган Алтынай, Эрбол, Улук, Айкыз жана Нуркызга эмне деп айтарын билбей ыйлап берди… . Аларды аяп ыйлады, эми алар кайрадан балык болуп караңгы көл түбүнө кирип кетерин, эми алар кайрадан бала болуп өзү менен ойноп жүрө албастыгын ойлоп, ыйлады… Айрыкча, айдай сулуу, узун чачтуу апакай кыз Алтынайды аяп ыйлады… .

- А, силерге биз жакта калууга болбойбу..? – деп тактап сурады бир маалда, Кумар эс алып.

- Жок, – деди алар жабыла. – Биз эми кетебиз. Таң атайын деп калды. Кош, Кумар…

Баары Кумар менен кучакташып кош айтышты. Чынында эле, булар **балыр жыттанган** татынакай сулуу балык балдар экен...

- Эмки жылдан баш оона айынын ай толгон түндөрүнө чейин кош бол!.. – деген сөзүн айтып, балык балдар кыйылып көлдү көздөй басышты.

- Талгар, Алтынай, мен силердин кум сепилиңерди кантип курууну үйрөнүп алдым. Мен аны эртең балдардын барына үйрөтөм... – деди Кумар ый аралаш, тигилерге кол булгалап.

Балдар буттарын көлгө салганда эле майда-майда апакай балыктарга айланышты да, көлгө кирип, кантип, каякка сүзүп кетишкени билинбей калды... .

Мемиреген, тынч, тармал толкундуу көл гана калды Кумар менен... .

- Э-эй! «Балык-балдар»! Менин досторум! Мен көл жээгине сөзсүз «Алтын шаардын» алтын кумпалуу сепилдерин дал өзүндөй кылып курам! Ушундай «Алтын калаабыз», алтын кумпалуу сепилдерибиз болгонун досторум, курбуларым, элдин баары көрсүн, билсин! Кошкула! Мен силерди күтөм! – деп кыйкырды Кумар тигилердин артынан үнүнүн бардыгынча... .

## СӨЗДҮК

көңүлү чаппоо
жер жайнаган эл
көз байланган мезгил
Ай көөлгүү
түрсүл каккан жүрөгү ээ бербей
жатыркай кароо
жер кароо
жаңырган айы толгон күн
башчысы бир, баатыры миң
эсиргендер
«тай туйлап такка чыгам» деген
кашыктап жыйган ырыскысын өзү чөмүчтөп чачып алуу
боздогон эне
сыздаган кары-картаң
чыркыраган жаш балдар
дербиш
балбылдап күйүп жылдыздар жайноо
эрегиш
теңир
балыр жыттанган

## ФРАЗЕОЛОГИЯЛАР

ак боор (балыктар)
көз алдында
элейип кароо
жер кезүү
кол булгалоо

## ПЕЙЗАЖДЫК СҮРӨТТӨӨЛӨР

Көз байланып, караңгы болду. Ай көөлгүп, жай, шашпай, улуу тоолордун койнунан чыга келди.

Арча-кайыңдардын арасы менен акырын көл жээгине түшүп келди да, баягы камыштарга барып жашынды... .

Тынч, үстү тармалданып мемиреп турган көлдүн бетинин ар кай жеринен апакай боор балыктар ай жарыгына чагылыша булт-булт эте чыга-чыга калды да, бат эле балдар-кыздарга айланып, бери сүзүп келатышты...

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Өрмөктү көрмөккө,
Өмөр өзү келиптир,
Өмөрдүн өзүнө өрмөктү,
эч ким бербептир.

Өстөн бою өскөн тал,
Өскөн талдан тандап ал.
Өстөндө өскөн тал,
Өргөөгө өтө мыкты ал.

Саамай чачтуу сары кыз,
Саамал куйган дары кыз.
Саамайың саамалга салынбайбы,
Саамалга саамайың малынбайбы?

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Силер балдар, жомок менен чындыктын айырмасын кандай түшүнөсүңөр?
2. Тексттен жомокторго гана тиешелүү сүйлөмдөрдү таап, дептерге жазгыла?
3. Уламыш деп кандай чыгармаларды айтабыз? Сен кайсы жердин аты кандай пайда болгонун уккан белең?
4. Сулайман Рысбаев бул чыгармасында чыныгы окуя менен жомоктук окуяны кандай байланыштырып жатат?
5. «Алтын калаа» эмне себептен суу астында калды?
6. Карт дербиштин чыгармадагы орду кандай?
7. Кумар менен Талгардын диалогун ролдоштуруп окугула.
8. Эрегиш эмнеге алып барат? Байлыкты адамдар кантип жок кылат?
9. Жомок силерди кандай адам болгула деп жатат?
10. Кумар жактыбы: жакса, кайсыл сапаттары, жакпаса, кайсыл сапаттары
11. Үзүндүнүн кыскача мазмунун айтуу.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Жазуучунун көркөм сөз берметтерин дептериңерге көчүрүп алып, аларды оозеки кебиңерде пайдаланууну үйрөнгүлө.
2. Чакан эссе жазуу (бир гана темада). Темалары: «Кумардын «бузукулугу», «Көлдөн чыгып келе жаткан «балык-балдар», «Дервиш», «Алтын калаанын» кыйрашы», «Чыгарманын мага жаккан себеби...».
3. Сулайман Рысбаевдин дагы башка чыгармаларын окугула.
4. Өткөн темага ылайыктап инсерт таблицасын сызып, толтургула.

## «БАЛЫК-БАЛДАР» ЖОМОГУ ТУУРАЛУУ

Жомоктун толук аталышы «Балык-балдар, же көл жээгиндеги түнкү кум сепилдер». Анын аталашы толук бойдон ички мазмунуна төп келет.

Жазуучу чыгармасындагы окуяларды кызыктуу алып: турмушта болушу мүмкүн чындык окуялар менен болушу мүмкүн эмес – жомоктук окуялар аралашып барат. Алар бири-бирин толуктайт. Бүгүнкү күн менен илгерки жомок биригип отурат. Шаардык балдар, айылдык балдар, анан байыркы шаарды курган жана ураткан адамдар – баары биригип келип ыймандуу болууга чакырат. Ыйман, адеп болбосо «Алтын шаар» кумга айланат.

Автор жаратылыш көрүнүштөрүн, табияттын көркүн чебер сүрөттөйт. Эрегиштин акыры жаман аяктарын насааттайт.

Чыгармадагы окуя куду эле биздин Ысык-Көлдө жай мезгилинде өтүп жаткансыйт. Чындык менен жомоктун ортосунда Кумар сыяктуу бүгүнкү күндүн баласы жашайт. Ал кум сепилдерди курган «балык-балдардан» тарбиялык таасир алат. Дербиш да жазуучунун мыкты табылгасы. Биз да ушул жомоктон тарбия алышыбыз керек.

**Адабият теориясынан**

## АДАБИЙ ЖОМОК ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Адабий жомок деп элдик жомоктордун негизинде акын-жазуучулар кайра иштеп чыгып, жазышкан чыгармалар. Анда окуялар, каармандар кошулат, элдик жомоктун тили азыркы акындардын, жазуучулардын тили менен байытылат. Кыргыз эл жомокторун, уламыштарын Тоголок Молдо, А. Үсөнбаев, А. Токомбаев, Ж. Бөкөнбаев, Т. Үмөталиев, К. Маликов, Р. Шүкүрбеков, Ч. Айтматов, Ж. Садыков, С. Рысбаев ж. б. акындар, жазуучулар кайра иштеп чыгып, элдик жомокту адабий жомокко айландырышкан.

***Отуз биринчи сабак***

## КЛАССТАН ТЫШКЫРКЫ ОКУУ БОЮНЧА АҢГЕМЕЛЕШҮҮ

Бүт окуучулар окуп келген чыгармаларын кагазга жазышат. Ким көп окугандыгы билинет.

Андан кийин Ч. Айтматовдун көпчүлүк окуп келген бир чыгармасы талкууга алынат:

- сюжети (мазмуну) бир нече окуучу тарабынан уланып-уланып айтылат;
- башкы каармандарына мүнөздөмө берилет;
- чыгарманы айтып берип жаткандардын кимиси көркөм айтып бергендиги калыстар тарабынан белгиленет;
- тексттеги түшүнүксүз сөздөр чечмеленет;
- каармандар бири-бири менен салыштырылат ж. б.

***Отуз экинчи сабак***

## ЧЕЙРЕКТИК КАЙТАЛОО

1. Адабий жомок деген эмне? Жомок менен аңгеменин кандай айырмачылыктары бар?
2. Эки команда болуп, улам бири-бирин толуктап «Бугу эне» жомогун аягына чейин айтып чыккыла.

3. «Балык-балдар» чыгармасынын сюжетин өзгөртүп, башкача кылып айтып бергиле.

4. Мелдеш өткөрүү. Биринчи команда макалдын биринчи бөлүгүн айтат, экинчи команда анын экинчи жарымын таап, улап айтат жана бул тапшырмалар командалар арасында кезектешип жүрүп отурат.

5. «Класстын жомокчусу» деген темада эң мыкты жомок айткан окуучуну дагы бир жолу табуу. Биринчи чейректеги «Класстын жомокчусу» бул мелдешке катышпайт, калыстар тобун башкарат.

6. Командага бөлүнүп жаңылмач айтышуу конкурсун өткөргүлө.

7. Төмөнкү сөздөрдүн же синонимин, же антонимин, же омонимин тапкыла: **сөз, дос, токой, душман, кайберен, Умай эне, ашуу, адамзат, арыды, кууду**.

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Казанда болсо – чөмүчкө чыгат.
Казан карасы кетет, намыс карасы кетпейт.
Кары келсе – ашка, жаш келсе – ишке.
Карын ачты, кайрат качты.
Карынын кебин капка сал.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Тотунун токтусуна,
Кокунун козусуна,
Чеберенин чебичине,
Улардын улагына.
Кыштынын быштысына,
Коконун кочкоруна,
Соконун соолугуна,
Койчунун колу тийбет,
Кишилер муну билбейт.

**! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Кыргыз жазуучуларынын адабий жомокторуна саякат кылгыла, б. а., толук талдап бергиле.
2. «Жомоктор дүйнөсүндө» деген кече өткөрүүгө даярдангыла.
3. «Бугу эне» жомогун сахналаштыргыла.

# III ЧЕЙРЕК

## КЫРГЫЗ ФАНТАСТИКАСЫНЫН ТАРЫХЫНАН

*Отуз үчүнчү сабак*

### *КУСЕЙИН ЭСЕНКОЖОЕВ*

(1920–1941)



1920-жылы Жети-Өгүз районундагы Ичке-Булуң айылында туулган. Орто мектепти 17 жашында бүтүрүп, ошол эле жылы күзүндө Кыргызстан Мамлекеттик педагогикалык институтка келип кирет. Институттун акыркы курсунда окуп жатканда Алма-Атадагы офицерлерди даярдоочу согуш мектебин бүтүрүп, офицердик наам менен фронтко аттанган. Москва алдындагы катуу салгылашта жыйырмадан жаңы ашкан кезинде курман болот.

К. Эсенкожоев кыргыз адабиятында илимий-фантастика жанрына негиз салган. Ал өзүнүн чыгармачылык өмүрүндө «Саякатчы бала», «Үчүнчү шар», «Родинанын уулу» ж. б. балдарга арналган илимий-фантастикалык кызыктуу чыгармаларды жазган.

### ҮЧҮНЧҮ ШАР

...Мен бир күнү асманда калкып жүргөн жаандын бууларын, абада сызып учуп жүргөн канаттуу куштардын учушун байкап, алардын асманда көтөрүлүп учуп жүргөндүгүнүн себептерин таба албай, көпкө ойлонуп жүрдүм. Бирок көп убакыттар өтсө да, алардын асманда көтөрүлүп, абада калкып жүргөндүгүн чече албадым. Менин мындай окуянын чындыгына жетүүдөгү максатым чоң эле. Мен ага **тажрыйба кылуунун натыйжасы** менен гана максатыма жетеримди билдим. Ал максатты иш жүзүнө аткаруу үчүн бир топ чоң окуяларды өткөрүү керек болду.

Менин белгилүү оюма жардамдаш бир буюм табылса, ошол буюм аркылуу гана астымдагы **чечилбеген максатты чечээримди** билдим. Асманда дүйнөнүн боштугунан орун алып, жер шарын тегерете курчап турган абадан жеңил бир буюм табуу эле. Ал буюмду сураштырып жана тажрыйба кылып гана таптым. Ал табылган буюм асманда калкып жүргөн калың абанын бир түрү болучу. Ал водород газы эле. Бул водород газы суу составынын үчтөн эки бөлүгүн ээлеп, жалпы абадан 14,5 эсе жеңил экендиги белгилүү.

Менин тилеген буюмум табылгандан кийин, баягы чечилбеген максатым да чечилди. Мен ал водород газын бир шарга толтуруп, оозун бууп, көккө кое бердим. Ал шарым жогорулагандан жогорулап, алыстай берди. Мен, мындай жеңил газ аркылуу шардын жогорулап учушунан булуттардын жогоруда көтөрүлүп жүрүшүн билдим.

Мен экинчи шар жасап, ал шарга белгилүү оордукту көтөртүүнү ойлодум. Бир күнү экинчи шарымды жасап бүтүп, өзүмдүн багып жүргөн бир итиме жакшылап үй жасап, терезе салып, тамак камдап, абанын суюк катмарында кислороддун жетишсиздигин эске түшүрүп, иттин дем алууга керектүү абасын даярдап, газга толгон шар менен бирге чиркештирип, асманды көздөй учуруп кое бердим. Ит белгилүү ыраактыкка чейин терезеден башын чыгарып барды да, алыстаган сайын караанды жоголуп, кайда кеткени белгисиз болду.

Мен үчүнчү шар жасап, өзүм учууну туура таптым. Өзүм түшүүчү үчүнчү шарды абдан мыктап жасадым да, ага үй жасап, жолго алып жүрүүчү **шаймандарымды** жана азык-түлүктөрдү алып, белгисиз, калың **аба боштугуна** жол тартууну ойлондум. Акырында ал да орундалды. Абага көтөрүлүп уча баштадым. Шар көтөрүлгөндөн көтөрүлүп, жерден алыстагандан алыстай берди. Жердеги кыбыраган жан-жаныбарлар кичирейгенден кичирейди, алар барган сайын бопбоз болгон гана мейкин талаадай көзгө үлпүлдөп көрүндү. Бир аздан кийин эч нерсе көрүнбөй, белгисиз бир караңгы түнгө кезиге баштадым. Кайда жылып бара жатканын сезе албадым, аны токтото да албадым. Себеби, ал шарды белгилүү жакка башкаруучу менде **тетик** болбоду. Шардагы газды чыгарайын дейм, бирок корком, себеби, газды чыгаргандан кийин токтоосуз барып жерге тиеримди билемин. Кармоого эчтеке жок. Жалгыз гана кармалбаган абанын ичинде шар менен мен учуп бара жаткансыйм. Жер шарын тегерете курчаган абанын арасында кетип бара жаткан жандын бири мен гана болсом керек.

Күн нурун тосо албаган суюк аба менин дем алышыма да суюктук кылгансып, **демим кысылып, башым каңгырай баштады.** Бирок мен жолго чыкканымда, абанын сейрек болушун эске алып, өзүм менен бирге белгилүү дем алдыруучу коюу абадан запас кылып алган элем. Мен ошол запас аба менен дем алып келе жатам. Кыбыраган жан, шырп эткен дабыш жок.

Эч жылчыксыз караңгылыктын арасында гана келе жатамын, келген жолум ушу го дегенсип, үйүмдүн терезесинен башымды чыгарып ылдый карайм. Бирок миң карасам да көзүмө караңгылыктан башка эч нерсе көрүнбөйт. Күндүн ачык-бүркөгү да белгисиз. Учсуз, түпсүз узак жолдун кайсы жагын көздөй шардын көтөрүлүп бара жатканы белгисиз. Жерден кабар алгым келди. Кат жаздым да, нандын ичине салып ыргытып жибердим. Ал каттын мааниси мындай эле.

«Мен бир шар жасап, ал аркылуу көтөрүлүп, жогору карай учтум эле. Бирок менин шарымда кемчиликтер болгондуктан жана өзүмдүн болжогон жериме бара албай, белгисиз жолго түшүп, суюк абанын

арасында гана жогорулап кетип бара жатам. Жарык шооласы да жок, караңгылык, менден башка эч бир жандын бардыгы сезилбейт. Ал караңгылыкты сөз менен айтып, көз менен болжолдоор эмес.

Мен 25-майда асманга учтум эле, ошондон бери нече сутка болгондугун да билбейм, себеби, мага күндүн чыкканы жана батканы билинбейт. Андыктан жер менен байланышуу үчүн кат жазып таштоого туура келди. Ким билет, бул катым кургак жергеби, же сууга түшөбү? Мейли эмне болсо да, тобокелге салып, бул катты жазып, атымды коюп, нандын арасына тоголоктоп салып, ыргытып олтурамын, менин азыркы кыскача абалым ушул» – деп жазып, кол койдум.

Мына мен шар менен дагы эле көтөрүлгөндөн көтөрүлүп учуп бара жаткан сыяктанам. Жерди көздөй ыргыткан катымдан гана үмүт кылгансыйм. Бирок ал каттын кетишине бир топ убакыттар болсо да, мен жакка эч кабары сезилбейт.



Шарды жарып жибергим келет, кайрадан сабыр кылам.

Аңгыча, калың караңгылыктын арасынан кулагыма бир дабыш пайда болду. Бул сапар тарткандан бери дабыш укканым ушул гана. Кулакка чалынган бул дабыш санааны эчен түргө бөлдү. Ал дабыш негедир уламдан-улам жакындай бергенсиди. Дабыш катуураак угула баштады. Алыстан угулган дабышты белгилеп ажырата билүүгө болбоду. Жерге ыргыткан катымдан бир жардам келе жатабы деген ойго да батам. Бирок **абанын жогорку катмарына** менден башка ким келмек эле деген ойго чөгөмүн. Бир нерсе көзгө көрүнөр бекен деп,

үйүмдүн терезесинен баш багып, көзүмдү ачып, айланамды карайм. Үн чыгарайын дейм, корком. Дагы бир кырсыкка учурабагай элем деген ойго кетем.

Калың караңгылыкты жаңырткан үн жакындай берди. Бул эмненин үнү экен дегенсип, ага мен кулагымды тосуп тыңшадым. Ал үн кез-кездерде арсылдап үргөнсүп кетет. Мен ал үндү экинчи учурган шардагы ит болбосун деп болжодум. Кулагымды салып дабышты тыңшайм. Ал дабыш чыны менен иттики экени жакындаган сайын айкындалды. Бирок, ал чыккан иттин үнүнөн канча алыстыкта келе жаткандыгымды билбейм, караңгыдагы абадан көп эле алыстыктан угулгандыгы белгилүү иш. Менин итим го деген үмүт менен итти атынан чакыра баштадым, ит ого бетер дабышын күчөттү. Муңдуу үн менен улуп, тааныгансып кыңшылай баштагансыды. Итимдин артынан барган сайын чакырып, калың караңгылыктын тынчын алгандай болот. Итим да мени белгисиз жерден учураткандай болуп, кубангансып **улугандан улуду.**

Аңгыча жогорулап бара жаткан шарым бир буюмга урунган сыяктанды. Итимдин дабышы жогору жактан чыкканы ачык айкындалды. Бир аздан кийин шарым кайрадан жогору көтөрүлгөндөй болуп сезилди. Иттин шары үйүмдөн чыккан чырактын жарыгы менен көрүнө түшүп, ылдыйлап бара жаткан сыяктанып, шардын газы азайып, куушурулуп бара жатат.

Терезеден колумду чыгарып, ылдыйлап кетип бара жаткан шарды кармай калдым. Кармаган шарымды өйдө тарттым да, андагы итти өз үйүмө чыгарып алып, шарды кое бердим. Ал жарылып калган экен. Шуулдаган бойдон жерди көздөй түшүп кетти. Итим кайдан жолуктуң дегендей мага эркелеп, кыңшылады, итке тамак бердим. Ит мени сагынгандай, көзүн балбылдатып, мага карап жалооруй карады. Мен жарайсың деген ой менен башынан сыладым. Менин ички сырымды ал билбей, анын ички сырын мен билбей, сүйлөшүп, акылдашпагандыгыбызга экөөбүз тең буулугабыз.

Итиме кездешкенден кийин менде да чоң кубаныч пайда болду. Себеби, менден бир топ күндөр мурун кеткен итиме кездештим. Эми эли-журтума деле кездешемин деген үмүт мени бир кубанычка салгандай болот. Албетте, мындан чоң кубанычта ойдун, санаанын кайда кеткенин билбей, болуп жаткан окуяны күнүмдүк дептериме унутпас үчүн жазып да барамын.

Шар кылкылдап жогорулаганынан токтолгон сыяктуу болуп сезилди. Шардын ылдыйлашы мени дагы кубандырды. Бирок бул шардын жарылгандыгынан ылдыйлаганыбы, же болбосо ит экөөбүздүн салмагыбыздан болгон ишпи, айтор белгисиз. Чындыгында **салмактын басышынан** болуп чыкты. Жаш жүрөк кабына батпай, алып учкандай болду. Итти ким билет. Ал айбан го, билеби, билбейби, бирок ал да кубанычта экендиги сезилет.

Бир маалда калың караңгылык суюлгансып, ылдыйлаган сайын жарыктын шооласы көзгө элестей баштады.

## КҮНДҮН КӨЗҮ КӨРҮНГӨНДӨ...

Шардын ылдыйлаганы ыкчамдаган сыяктуу, уламдан-улам караңгылык азайып, жарык көбөйө берди. Бир маалда күндүн көзүн көрдүк. Биз менен амандашкансып, жарык нурун бизге чачырата тийгендей болду. Бир калың булуттун үстүндө болдук. Андан ылдыйладык, калың булут **күндүн көзүн калкалады**. Бир маалда жаркылдаган чагылгандуу калың жаанга кездеше түштүк. Жер көрүнбөй калды, күн жаап жатат. Ит да чыдай албай кыңшылап, шардын бат түшүшүн күтүп жойполоктойт. Жер, ай... Ой-тиричилик, жер деген ичтеги күңгүрөнгөн дабыш менен мен дагы терезеден башымды чыгарып карап турам.

Бир маалда, мунарланып тоо чокулары көрүнүп, мурда көрбөгөн, чокусун ак кар каптаган бийик тоого кездешүүчүдөй жакындап кирип келе жатабыз. Бир аздан кийин шар, эки жагы жалама кызыл чополуу жардын бооруна жакындай баштады. Шарыбыз бир гана көк чөптүү тектирчеге барып конуп калды.

Алды зоо, үстү аска, жолсуз туюк капчыгайдын арасында бир кичине тектирчеде, коркок коён өңдөнүп, итим экөөбүз алдыбызда таштан-ташка урунуп, көбүрүп агып жаткан сууну карап коёбуз да олтурабыз. Жан сактап, жашап турган жар боорундагы тектирчебиздин чоңдугу чейрек гектардай гана жер. Биз турган мындай белгисиз жер жана агып жаткан суу карта боюнча кайсы жерде экени да сиздерге белгисиз. Беттешкен маңдай жагыбыз – **жалама капчыгай.** Туура жагыбыз болсо, **бодурлуу аска таштар, үңүрөйгөн үңкүрлөр**. Мындан башка көзүбүзгө эч нерсе көрүнбөйт.

Асмандан айдын шооласы – асмандап көк тиреген зоодон ашып келип, нурун чачыратат. Күндүз күн да түшкө жакындаганда гана асман тиреген зоонун башынан ашып келип тийип, түш оогон ченде маңдай жагыбыздагы чоң зоого жашырынат да кетет. Мындан башка эч нерсе көрүнбөйт. Шар менен кошо түшкөн азык-түлүгүбүз да түгөнүүгө жакындады. Азык табууга дарман да жок. Өзүбүз жашап турган чейрек гектар түзөң тектирчеде бизге тамак болуу үчүн эч нерсе көрүнбөйт. Жалгыз гана көзгө жагымдуу көк чөп, андан башка эч нерсе жок. Мындай турмуш өтпөс жерден кантип кутуларымды да билбейм. Шар менен учуп, дагы башка жакка кетели деген үмүт болот. Бирок шарыбыз – жашап турган жерибизге конордо, жогор жакта бир чоң борчукка урунуп жарылган. Мына азыр биздин дарман ушул гана абалда турат. Эптеп жол таап, түшүп кетемби деген ойго батам да, жол карайм.

Албетте, мынча асман тиреген бийик зоо болсо жана алды жакта көбүгүн чачып агып жаткан чоң суудан, көзгө чоочун жерден кандайча жол тапмакчымын. Кандайча жол болмокчу. Жол жасап, ылдый түшүүгө же жогору чыгууга колдонула турган белгилүү курал жок. Жалгыз гана шар менен көтөрүлүүгө керек болчу, майда курал бар. Мындан башка ырымга курал жок. Санаа көптү ойлотот, акыл жет-

пейт. Итим да кантип кутулабыз дегендей болуп кыңшылайт да, ички сырын мага айткансыйт. Бирок ал – айбан, мен – адам, экөөбүздүн ортобузда акыл алмаштыруучу тил жок. Эртеден кечке аракет кылгансып, жашоо турмушун ойлойм да олтурам. Итим да менин оюма көз салуучудай, алыска көз жиберип маңдай жагыбыздагы асман тиреп, көз мелжиткен бийик зоону тиктеп, бир нерсени көргөндөй болот да, арс-арс үрүп, шыйпаңдап тим болот. Мен да көк тиреген зоонун боорундагы арсак бодурлардын арасына көз жиберип, бир нерсе көрүнөбү деген үмүттө болом. Бирок, менин ал үмүтүм орундалбагансып, көзүмө эчтеке чалынбайт да, үмүт үзөм.

Биздин күнүмдүк бактыбызга жаралгансыган биз турган тектирченин күн чыгыш жагындагы зооканын боорунан жылжып агып жаткан кичине булактан суу ичем да, үнөмдүк менен тамак жейм. Кагырап каткан сухарды сууга бир кесимден салып, бир маал наар аламын да, итиме да бир маал наар алдырып, тамак берем. Шардагы үйүмө түнкүсүн кирип жатсам да, күндүзгүсүн бул арадан кутулуу аракетинде болом.

Бирок мага жардам берүүчү бирөө да болбоду. Ойлоном, санаага түшөм, кутулуу жолун таба албайм. Таң атат, күн батат, мен күн сайын аракетте болом. Албетте, канчалык аракеттенбейин, канчалык ойлонбоюн, мен ал жерден оңойлук менен кутулбай турганмын. Менде курал да жок, жалгыз гана бир бычагым бар. Анын кыры менен оттук ташты чактым. **От кыпыны** пайда болду. Аны пахтага тутанттым. Бирок күйүү буюму болбогондуктан, мен от аркылуу курал жасоо максатымды да таштадым. Мына мындай кырсыктар менден кетпей турган болду. Күндөр өтүп жатты, азыгым да азайды. Мен эчен аракет кылсам да, эчен акыл ойлоп, ой жүгүртсөм да, бул кыйынчылыктан кутулуунун амалын таба албадым. Жашап турган жерибизге эч бир адамзат барбаган. Жалгыз гана учкан канаттуулар бир аз коно калып, кайта учуп кетишет.

А СӨЗДҮК

тажрыйба кылуунун натыйжасы
чечилбеген максатты чечүү
шайман
аба боштугу
тетик
деми кысылуу
башы каңгырай баштоо
абанын жогорку катмары
улугандан улуду
салмактын басышы
күндүн көзүн калкалоо
жалама капчыгай
бодурлуу аска таштар
үңүрөйгөн үңкүрлөр
оттук таш
от кыпыны

МАКАЛ-ЛАКАПТАР


Жат – жарытпайт, өз – өлтүрбөйт.
Көрбөс – төөнү да көрбөйт.
Көп түкүрсө – көл болот, көл толкуса – сел болот.
Өз тууганын кордогон, душманына кор болот.
Санаасы жок – уйкучул, акылы (ары) жок – күлкүчүл.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Талаадагы таруунун,
Тазасынан терели.
Тарууну талкандыкка берели,
Тарууну талаага себели,
Тарууну тазалап берели.

**СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Бул чыгарма эмне үчүн фантастикалык чыгарма?
2. Ушул чыгарма жазылган кезге мүнөздөмө жана адамдын космоско көтөрүлүшү.
3. Каарман эмне үчүн экинчи шарга итин чыгарды?
4. Чыгарманын сюжетин айтып бергиле.
5. Башкы каарманга мүнөздөмө бергиле.
6. Илимий терминдерди тексттен таап, дептериңерге жазгыла.
7. Асман менен Жерге Венндин диаграммасын түзгүлө:




**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Фантастикалык бир аңгеме окуп, аны жогорудагы «Үчүнчү шар» менен салыштыруу.
2. Асманга учкандагы сезимди сүрөттөп жазгыла.

*Отуз төртүнчү сабак*

## ҮЧҮНЧҮ ШАР

(*уландысы*)

Таң аткан, бирок күн бүркөк, **көзгө сайса көрүнгүс туман** менен тунжурайт да турат. Мен андай күндүн бүркөгүнөн катуу коркунучта болом. Себеби, өткөндөгүдөй жашап турган аянтчамдын калган жерлерин жаандын суусу агызып алып кетсе, менин **көрүүчү күнүм** эмне болмокчу? Мына менин башымды дагы санаа каптай баштады. Кантейин, итимди экинчи жолу үйгө жөнөткөнүмө бүгүн араң гана 15 күн болот. Эгер бир ай чамасында кайрылып келсе, иттин келишине дагы 25 күнчө убакыт керек. «Балким, кырсык болуп, менин итим өлүп калдыбы, эмне болду, анда көрөр күнүм, **ичер суум** эмне болор экен?» деген терең санаага батып, түнөрүп, too башын курчап турган кара булутка муңумду айткандай болуп, көзүмдү балбылдатып жата бердим. Калдайган кара булут мээримсизденгендей, анда-санда жаанын себелетип коюп, нөшөрлөп турду. Чындап каарына алуучудай күркүрөп-шаркырап нөшөрлөгөн кара жамгырын төгө баштады. Мен ордумдан жылып, чоң кара таштын түбүнө барып олтурдум. Айла кан-

ча, жаан чындап жааса, мен жашаган аянтчаны бүт бойдон жаандын суусу алып кетүүгө мүмкүн. Эгер бул аянтчаны жаандын суусу эзип, уратып кетсе, менде ал аянтчаны ажыратып калуучу күч жок болчу. Ошондуктан астыдан агып жаткан чоң суунун агымы менен кошо кетүү коркунучу бар эле. Асманда уюлгуган кара булут көшөрүп, карандай кара жаан **көнөктөп куя берди**. Жогору жактан шаркырап түшүп жаткан жаандын суулары менин аянтчама жайыла берди.

Тектирдин ортосунан агып жаткан кичине булак өзүнүн агып жаткан көлөмүнөн бир нече ирет ашып, туптунук булак бул арада кызыл түскө келип мурунку жылжыган ылдамдыгын таштагансып, алды жактагы чоң сууга күрүлдөп түшүп, кошулуп жатат. «Булагым, кантесиң?» дегендей болуп, башымды көтөрүп, агып жаткан булакты улам карап коём. Ал булактын башында күнгө кактанып олтуруп, бети-кол жууганым, тамак-аш ичкеним ойго келет. Булактын башындагы көк чөптөр **кыян** менен агып келген кум менен таштын алдында калып жатат. Аларды көргөндө зээним ого бетер кейигендей болот. Мээримсиз нөшөрлөгөн кара жаан эч тынымсыз төктү да турду. Бир маалда жаткан ташымдын эки **саржандай алыстыгынан** бир жик ажырап, ураган бойдон сууга күп дей түштү. Аянтчамдан айрылдым, жалгыз гана жаандан корголгон ташымдын тегереги калды. Чоң суу үстүнө урап барып түшкөн көчкүнү толкундана түшүп, тосуп алгандай болду. Мен жаткан таштын алдынан мурунку аянтчанын баарында суунун чеке бели көрүнүүчү эмес эле, азыр болсо, көбүктөгөн чоң суунун бер жак чекеси да көрүнүп калды. Кантейин, муң ичке жыйылгансып, мурунку кичинекей чейрек гектарча көк мейкиндик жер бул арада сууга кетип, ал тектирдин ордуна көз мелжиткен аска-зоо болуп калды, жалгыз гана бир боору зоого жабышкан чоң кара таштын түбүндө эки саржандай аянтча калды, калганынын баары тең сууга кетти.

Мурунку, суусунумду кандырып, бети-колумду жууп, эс алып, күн көрдүрүп турган суу, мен турган **калканчтуу кара таштын** ар жак капталынан тик ылдый шаркырап куюлуп жатат. Кыскасы, миң бир капа жаш башты күчөп басып, кантер айланы билбей, амал курган учур. Эгер эптеп турган кара таш зоодон суурулуп куласа, мен таштын алдында каларыма шек жок. Бул кара жаан жердин денесин жибитип жаап жатканда зоого жармашкан бөтөнчө кара ташты кулатпайт деген да мүмкүн эмес. Чынында бул учурда мен «жашоо» **үмүтүмдү үзгөнсүп** турган элем.

## УЙКУ КЕЛГЕНДЕ...


Узун санаага батып, күндүн кеч киришин да билбей кала турган болдум. Баш көтөрбөй кара таштын түбүнө гана жата бердим. Албетте, таштын айланасындагы эки-үч саржан аянттан башка жер жок. Ошондой коркунучта жатсам да, кандайдыр калың уйкуга кирип кетиптирмин. Кыскасы, уктасам уйкумда тынчым жок. Ойгон-

сом ойгоомдо тынчым жок болуп жаттым. Мен ошондой калың уйку ичинде күндүзгү көргөнүмдү түшүмдө көрүп, коркуноч менен көзүмдү ачамын. Көзүмдү ачып, баш көтөрүп обдулган жүрөк, коркок көзүм менен алдыда агып жаткан чоң сууга мойнумду созуп, эки жагымды каранамын. Мээримсиз күркүрөгөн чоң суу мага жардам берчүдөй көрүнбөйт, көпкө узабай эле таң атып, күн ачылып калды.

Козголууга дарман жок, кара таштын үңкүрүнөн мойнумду созуп чыгарып, маңдай жактарга көз жиберип жата бердим. Жанымда аз гана тамак бар. Ал тамак итим алып келип берген тамактын калдыгы эле. Жейин десем жүрөгүмө баспайт. Көз тунарат, алыскы жерлерди көрө албайм, жамбашым ооруйт, тура албаймын, турууга жер жок.

Мына ошондой кыйынчылыкта калдым. Алыстан чоң суунун дабышына кошумча дабыш кошулуп, кулагыма бөтөнчө үн пайда боло баштады. Ал үндү айрып тааный албай, таң каламын. Таштын коңулунан башымды чыгарып, эки жакты каранам. Бирок эч нерсе көрүнбөйт. Кайра тынчтанам да жатам. Жок, болбойт, кайрадан кулагыма чоочун дабыш угулат. Дагы башымды көтөрүп, эки жакты карайм. Жок, эч нерсе көрүнбөйт! Кайрадан кулагым суунун дабышынан бөлүнө түшкөн бөтөнчө дабыш угат. Угулган менен эмне экенин ажырата албайм. Бир маалда таанымал итимдин дабышы кулагыма угула түштү, башымды көтөрүп, келип кеткен жолун карадым. Чын эле итим калыбындай зоо боору менен тырмышып келе жатат. Итти көргөндө денем чымырап, эсим ооп, көзүм тунарып, көзүмдөн чыккан жашты жеңим менен аарчып, кайрадан карадым. Итим чын эле келе жатат. Итимдин кеткенине бүгүн 20 күн болгон. Аңгыча, тектирченин мурунку кулаган чекесине келди да, бери көздөй жүрүүгө жол таба албады. Мен башымды таштын коңулунан чыгарып, итиме көз жибердим. Итим да көптөн бери көрбөгөнгө жана мурунку аянттын ураганына, бир кенедей аянтчада жашап тургандыгыма боору ооругансып кыңшылап жиберди да, мага жете албай туруп калды. Үстүндө **бир таңылчак жүгү** бар. Анын көзү менен менин көзүм бетмебет чагылышты да турду. Ит жол жаман жерде буттарын зоо боорунда **бекем матап** коркунуч менен турат.

Кайдандыр белгисиз жактан бир дабыш жаңыдан пайда боло баштады. Мен ал дабыштын аныгына жете албай, кулагымды тосуп туруп калдым. Итим да башын бир **чулгуп алып**, чыккан үндү көздөй көз жиберип үрө баштады. Жок, дабыштар чындап көтөрүлө баштады. Көз жеткис эки жагы аска-зоолуу капчыгай адаттагысындай ал чыккан үндү да бирге эки кылып экиленте баштады. Мен ал үндүн кайдан чыккандыгын биле албай, бир топко кулак тосуп, акыл бөлүп тыңшагандан тыңшаймын, ит ал үндүн кайда экендигин аныктагандай болот. Иттин бет алып үрүшү көз калкып мелмилдеген зоонун чокусун көздөй багытталат. Аңгыча таштар урай баштады. Мен ал таштын кулашынан чоку жакта бирөө бардыгын аныктадым.



Аңгыча адамдын дабышы кулагыма чалына түштү. Үңкүрдөн башымды чыгарып карай калдым. Менден 20 метрдей алыстыкта, чынжыр аркылуу зоонун баш жагындагылар менен улашкан ящиктин ичинде бир адам мени карап үн салып, сөз айтты. Ал адамды тааныбайм, белгисиз таштын коңулунан баш чыгарган мени көздөй жылды да:

– Амансыңбы, баатыр? – деди.

Мен да таштын коңулунан башымды чыгарып амандаштым. Аңгыча мен жашап турган чоң кара таштын коңулуна жакындап келди да, колун сунуп мени көтөрүп ящигине салды. Мен да ал адам менен көрүшүп кучакташтым. Акырындап жылып, итимди да ящикке салып алып, бир нече ай бою жатып **табият туткунунан** коштошкондой болуп жана менин жанымды алып калган кара таш менен коштошуп, үчөөбүз ящик менен көтөрүлүп тартылган зым аркылуу жогору чыга баштадык, зоонун чокусуна жакындап калдык. Ал чокуда менин зоо боорунан чыгышымды күтүп турган үч адам бар экен. Алар да мени менен учурашты. Мен да катамды мойнума алгандай болуп, итиме карап аны эркелеттим. Албетте мен белгилүү даражага жетерлик шар менен учсам, мындай кордукту көрбөс элем. Алар да мага таң калыш-

кандай болушат. Итиме айрыкча кубанышат, айбан болсо да алкыш айтышат. Анан болгон окуяны менден таңыркап сурай башташты. Мен дагы көргөнүмдү, билгенимди айтып бердим. Анан алыскы жолго чыктык. Мына менин башыман өткөн окуянын бир орчундуу жери.

## А СӨЗДҮК

| | |
|---|---|
| көзгө сайса көрүнгүс туман | калканчтуу кара таш |
| көрүүчү күн | үмүт үзүү |
| ичер суу | бир таңылчак жүк |
| көнөктөп куя берүү | бекем матоо |
| кыян | чулгуп алуу |
| эки саржандай алыстык | табият туткуну |

## ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Итке бут менен тап бербейт.
Итке жугунду куюп жатып тилеген ниет-тилек ишке ашат.
Итке суу чачпайт, итке суу чачса колго сөөл чыгат.
Итке суу чачса, бети-колуңду сөөл басат.
Итке чөмүч менен тамак куйбайт.
Итти «кет» деп айтпайт.
Итти жакын адамына бербейт, иттей ырылдашып калат.
Итти кордогондун баласы итий болуп туулат.
Итти күчүк кезинде «уурдап» алышкан.
Итти тартууга, белекке бербейт, бирөөгө жагып калса, акырын үй ээсине айтпай күчүгүн «уурдап» кетет.
Итти теппейт, итти тепсе ырыскы качат.
Итти урбайт, итти урса ырыскы качат.
Итти чаппайт, итти чапканың анын ээсине кегиң бардыгың.
Иттин жүнү менен тиштерин тумар катары колдонот.
Иттин терисине көп отуруп жүргөн киши ооруга аз чалдыгат.
Иттин тилеги жакшы.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Ташбака таарынып,
Таштарды аттап,
Бет алдын беттеп,
Бегишти кектеп,
Бемишти жектеп,
Безип кетти.

Таш ташыткан Таштан,
Таш ташыдык алыштан.
Таштан ташыткан таштан,
Таш үй салат кайра баштан.

* * *

Таштабадыңарбы баштаганыңарды,
Баштабадыңарбы таштаганыңарды.
Таштасаңар баштаганыңарды,
Таштадыңарбы баштабаганыңарды?

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Бул чыгармадан силер кандай таасир алдыңар?
2. Сөздүктөрдү карап «фантазия», «фантастика», «илимий фантастика» деген сөздөрдүн маанисин чечмелегиле.
3. Каармандын таштын коңулунда калган абалын сүрөттөп айтып бергиле?
4. Оозеки аңгеме түзүү: «Адам менен иттин достугу».
5. Жаратылыш деген сөзгө кластер түзгүлө.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. «Үчүнчү шар» аңгемесин толук окуп чыгып, мазмунун сүйлөп берүүгө даярдануу.
2. Тексттин негизинде план түзүү.
3. Аңгемеге ылайыктап сүрөт тартуу.

## «ҮЧҮНЧҮ ШАР» АҢГЕМЕСИ ТУУРАЛУУ

Автор бул чыгармасын жыйырма жашка да чыга элек кезде жазган. «Үчүнчү шар» аттуу фантастикалык аңгеме жазылган кезде – мындан сексен жылдай мурда адамдар космоско чыгат деген ой болгон менен аны ишке ашыруунун жолдору табыла элек болчу. 1961-жылы гана адам баласы космос мейкиндигине көтөрүлгөн. Андан чейрек кылым мурда эле К.Эсенкожоев космоско чыккан адам тууралуу аңгеме жазган. Ошондуктан ал фантастикалык чыгарма аталган. Жазуучунун чыгармада жазганы кийин ишке ашкан, адамдан мурда Лайка, Стрелка деген иттер да космоско учкан. Космос – ар дайым адамдарды өзүнө тартып, табышмактанта берген. Ошол кезде ага жаңы гана колуна калем кармаган жаш жигит да кызыгып, ушул аңгемесин жазган. Аңгеменин окуялары тез-тез алмашып, кызыктуу жүрүп отурат. Каармандары да жандуу. Алардын кызыгуулары көп тармактуу.

Жазуучу мындан башка да «Саякатчы бала», «Родинанын уулу» деген фантастикалык чыгармаларын жазып, кыргыз адабиятында мындай чыгармалардын баштоочусу катары таанылган. Согушта аны менен бирге болгон белорус балдар жазуучусу мындай деп айтат: «жазуучу ушул күнгө чейин аман-эсен жашаганда анын калеминен дүйнө эли суктанган бир катар бараандуу чыгармалар жаралмак. Анын чыгармачылык дарамети толкуп-ташып, ээ-жаа бербей, мелт-калт болуп турган 24 жаш курагында дүйнө менен кош айтышкан».

### Адабият теориясынан

## ИЛИМИЙ-ФАНТАСТИКАЛЫК ЧЫГАРМА

Илим менен техниканын кийинки өсүшүнө байланыштуу али боло элек, болушу мүмкүн, же деги эле болушу мүмкүн эмес окуялар жөнүндө ойдон чыгарылып жазылган чыгармалар. Илимий-фантастикалык чыгармаларда сүрөттөлгөн нерселер жазуучунун кыялынан, көркөм токуусунан гана жаралат жана чындыкка негизделбейт. Бул

жанрда иштеген жазуучулар илимдин, техниканын эң соңку жетишкендиктери менен тереӊ тааныш болушат жана алардын келечек багытын аӊдай билет. «Орус авиациясынын атасы» К. Э. Циалковский, геолог-географ, академик В. А. Обручев да фантастикалык романдар жазышкан. Жюль Верн – фантастикалык жанрдын классиги. Кыргыз адабиятында илимий-фантастикалык чыгармаларды К. Эсенкожоев, К. Жантөшев, Б. Сартов ж. б. авторлор жазган болсо да, жалпысынан бул жанр анча өнүгө алган эмес.

***Отуз бешинчи сабак***

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**

1) Илим деген эмне?
2) Асманга саякаттын кызыгы («Үчүнчү шар» аңгемеси боюнча).
3) Балык-балдар жана мен (С.Рысбаевдин аңгемеси боюнча).
4) «Балык-балдар» чыгармасындагы адеп, ыйман темасы.
5) Мен сүйүп окуган фантастикалык чыгарма.
6) Кинофильмдеги фантастика жана анын мага таасири.
7) Мен да асманга учкум келет, себеби...
8) Адабий чыгарма жана мен.
9) Менин Ата Журтум.
10) Эне – бакыт, ата – ырыс.
11) Жалаң бир гана тамга (мисалы, ж) менен башталган сөздөрдөн турган сүйлөмдөр менен дил баян жазуу.
12) Терезеден көрүп турган нерселерди сүрөттөп дил баян жазуу.

**Тапшырмалар:** Бүгүн эрте менен мектепке келе жатып көргөн нерселерди элестетип дил баян жазуу, аны жалпы класста талкуулоо.

Кечинде телевизордон көргөн нерселериң тууралуу ойлоруңду жаз.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

*Отуз алтынчы сабак*

## *ЫСАК ШАЙБЕКОВ*
(1880–1957)



1880-жылы Кемин районуна караштуу Чоң-Кемин айылында жарык дүйнөгө келген, жашынан жетим өсөт, он жашында эки жылдай Токмок шаарындагы диний медреседе билим алат да, сабатын ачып, кайра Быстровкага кетет. Кат тааныган соң өзү да бала окутат, ар кандай кеңселерде майда иштерди аткарып жүрөт. 1916-жылы эл менен кошо Кытай жерине качып барат. Мына ошол учурда көргөн окуялар, адам тагдырлары анын «Азган эл», «Кайран эл», «Кайткан эл» аттуу поэмаларынын жазылышына негиз болгон. Ал кат сабаттуу, жазгыч акын болгон.

### КАЙРАН ЭЛ

Бир конгон жерге бир
жылкы,
**Зарып кылды**, кайран эл.
Айгыр атка эки сээр,
Карып кылды, кайран эл.
**Кара жанын карч уруп,**
Карып кылды, кайран эл.
Өзүн-өзү ар кимге,
**Тарып кылды**, кайран эл.
Антпегенде кантеди,
Акыл, эси айран эл.
Бир жүз сомдук аттарын
Сээрге сатты, кайран эл.
Алган сээрин бир конгон,
Жерге жатты, кайран эл,
Ала кийиз, төшөк жок,
Жерге жатты, кайран эл,
**Аксы, Турпан** сыз жери
Белге батты, кайран эл.
Төөлөр өлүп, эшекке
Жүгүн артты, кайран эл.
Чылгый-чылгый терини
Бутка тартты, кайран эл.
Жүктөп алып эшекти,
Жетеледи, кайран эл.
«Арзан шаар кайда» – деп,
**Төтөлөдү**, кайран эл.
Карылары баса албай
Жөтөлөдү, кайран эл,
Жаш балдарын мойнуна
Көтөрөт го, кайран эл.
Караңгы уйгур тамына
Корголоду, кайран эл.
Баарын берип жан үчүн,
Жорголоду, кайран эл.
Жазгы жамгыр мойнуна
Шорголоду, кайран эл.
Чыны менен ошентип
Кор болобу, кайран эл?
Жөө басып таманы
Чор болобу, кайран эл?
Капка аштык таба албай
**Дорболоду** кайран эл.
Убактында кир жуубай.



Мор болобу, кайран эл?
Антпегенде кантеди
Акыл, эси айран эл.
Ат жабууга үй боосун,
Чарчылады, кайран эл.
Көп **көзөнөк** алам деп,
Чачылады, кайран эл,
Кайсы күнү кабагы
Ачылады, кайран эл?
Кийиз, тери сатышып,
Кажылады, кайран эл.
Сата электе базарчы
Бажылады, кайран эл.
Бажы деген зордукка
Зар ыйлады, кайран эл.
Бажы алуучу улугу
Калжырады, кайран эл.
Кийим, тамак таба албай
Алдырады, кайран эл.
Ар кимге там бергин деп,
Жалдырады, кайран эл.
Бай малынан түңүлүп,
Шалдырады, кайран эл.
Жарды жанын канетип,
Калдырады, кайран эл.
Сатмак үчүн бозону
Салдырады, кайран эл.
Антпегенде кантеди
Акыл, эси айран эл.
Тополоңу тоз болуп,
Тозуп кетти, кайран эл.
Өз элинен адашып,
Бозуп кетти, кайран эл.
Элдин алды илгери
Озуп кетти, кайран эл.
Кымбат кылып кыштакты
Бузуп кетти, кайран эл.
Эртели-кеч дос, жарын
Көрүшпөдү, кайран эл.
Чогулушуп өлгөнүн
Көмүшпөдү, кайран эл.
**Өкүмүнө Николай**
Көнүшпөдү, кайран эл.
Чыдап тирүү зордукка
Өгүз беле, кайран эл.
Койбой сатып үй ичин



Эгин тапты, кайран эл.
Иши кылып жан сактоо
Эбин тапты, кайран эл.
Баасына жеткирбей
Тегин сатты, кайран эл.
Уул, кызга калуучу
Себин сатты, кайран эл.
Соодагерге алдатып
Жеңил сатты, кайран эл.
Жесир калган эри өлүп,
Келин сатты, кайран эл.
Бир, биринен адашып,
Тоз-тоз болду, кайран эл,
Оокат үчүн бир күндүк
Ашпоз болду, кайран эл.
Эртели, кеч бир-бири
Баш кошподу, кайран эл.
Болжоп жолдун боюна
Бозо сатты, кайран эл.
Чем-чем болуп жол-жолго,
Болжоп жатты кайран эл.
Бир топ уук, бир түндүк,
Сайма кылды, кайран эл.
Жүгөрүнүн унунан
Жарма кылды, кайран эл.
Өз жеринен адашып,
Арман кылды, кайран эл.

Бир-биринен адашып,
Таппай жүрөт, кайран эл.
Олтурууга бир аймак,
Батпай жүрөт, кайран эл.
Бир жерине тынч алып
Жатпай жүрөт, кайран эл.
**Көзү кыйып** бай малын
Сатпай жүрөт, кайран эл.
Жарды байкуш эч нерсе
Таппай жүрөт, кайран эл.
Таяк алса колуна
Аттай жүрөт, кайран эл.
Почто менен жиберген,
Каттай жүрөт, кайран эл.
Жакындары карабай,
Жаттай жүрөт, кайран эл.
Мурункудай тамагын
Татпай жүрөт, кайран эл.
Казан, аяк, табактар,
**Үбүн** сатты, кайран эл.
Чычырканак казышып
Түбүн сатты, кайран эл.
Кымыз, бозо ачыткан
**Күбүн** сатты кайран эл.
Тоо, токойдун ичинен
**Дүмүр** сатты, кайран эл.
Үйгө жыйган төшөнчү,

Жүгүн сатты, кайран эл.
Нечен көчөт термелүү
Түрүн сатты, кайран эл.
Кийиздерин кылалбай
Жүнүн сатты, кайран эл,
Оокат үчүн аларды
Күнүн сатты, кайран эл.
Күмүш чапкан куюшкан,
Жүгүн сатты, кайран эл.
Эч немесин калтырбай
Түгөл сатты, кайран эл
Түрлүү-түрлүү көчөттүү
Шырдак сатты, кайран эл
Мал базарга бышырып
Шыйрак сатты, кайран эл.
Арзан шыйрак мында деп
Ырдап сатты, кайран эл.
**Актай чийди** кызылга
Чырмап сатты, кайран эл.
Түрлүү-түрлүү чырмаган
Чийин сатты, кайран эл.
Түгөнгөн соң үй ичи
Кийим сатты, кайран эл.
Кийимдерин баарынан
Кийин сатты, кайран эл.
Көчүп барган жерлерин
Кымбат кылды, кайран эл.
Аксы, Турпан байына
Кызмат кылды кайран эл.
Кедеңдетип эшекти
Жорго ат кылды, кайран эл.
Алты ай багып өз атын
Зор ат кылды, кайран эл.
Өзү сүйгөн буюмун
Арзан сатты, кайран эл.

Аштык, саман, чөп үчүн
Арзандатты, кайран эл.
Өз наркына жеткирбей
Айрандатты, кайран эл.
Так ошентип акылын
Айрандатты, кайран эл.
Көйрөңдөрүн чачылап
Дардаңдатты, кайран эл.



Бегим жакшы бегим деп,
Жарбаңдатты, кайран эл.
Чакырып алып үйүнө
Тайраңдатты, кайран эл.
Табак тартып, колдорун
Тарбаңдатты, кайран эл.
Колун улам алың деп,
Арбаңдатты, кайран эл.
Аштык салып алгыдай,
Кабын сатты, кайран эл.
Алып келип калемдин
Сабын сатты, кайран эл.
**Ыңырчак менен көтөрмө**
Аркан сатты кайран эл.
Ачкасына чыдабай
Арзан сатты, кайран эл.

Кийип турган үстүндө
Тонун сатты, кайран эл.
Эч нерсесин калтырбай
Сонун сатты, кайран эл.
Үйгө жыйган казына
Булун сатты, кайран эл.
Энелерин ээрчитип,
Кулун сатты, кайран эл.
Илме менен сайдырган
Сайма сатты, кайран эл.
Мал базарга бышырып
Жарма сатты, кайран эл.
Тогуз карыш, он карыш
Казан сатты, кайран эл.
Азаттыкты эңсешип
Зарлап жүрөт кайран эл.






Боом капчыгайында Үркүн окуясына арналып орнотулган эстелик.

## СӨЗДҮК

зарып кылуу
кара жанын карч уруу
тарып кылуу
Аксы, Турпан
төтөлөө
дорболоо
көзөнөк
Николай өкүмү
бозо
көзү кыйуу
үбү
күбү
дүмүр
актай чий
ыңырчак менен көтөрмө

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Убадасыз кишиден, жүрүп кеткен жел артык.
Чирикке чымын үйүр.
Чөптөн жапыз, суудан тайыз.
Энелүү баланын өзү ток, энесиз баланын көзү ток.
Эмгекчинин эмгеги байлык, билимдүүнүн пикири байлык.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Асманда ак булут,
Асманда туруп.
Карарып-карарып барып,
Мөндүрүн төктү уруп,
Жамгырын төктү куюп.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Үркүн» деген сөздүн маанисин түшүндүрүп бергиле?
2. Үркүн учурундагы тарыхый абал тууралуу айтып бергиле?
3. Элдин Кытай жериндеги абалын мүнөздөгүлө?
4. Ырдан үзүндү жаттагыла?
5. Ырдын негизинде бир окуяны сахналаштыргыла.
6. Төмөнкү таблицаны толтургула:

| Сөз берметтери | Сенин түшүнүгүң | Сүйлөм жазуу |
|---|---|---|
| бир конгон жер | | |
| карып кылуу | | |
| кор болуу | | |
| чор болуу | | |
| тополоңу тоз болуу | | |
| тозуп кетүү | | |
| зарлап жүрүү | | |

7. Сүрөттөрдүн негизинде чакан эссе жазуу.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Кыргыз акын-жазуучуларынын Үркүн темасындагы чыгармаларынан окуп келгиле?
2. Үркүн тууралуу фильм көргүлө?
3. 1916-жылдыгы Кытай жерине качып баргандардын эскерүүлөрүнөн окуп чыккыла?
4. СӨЗДҮКндагы сөздөрдү катыштырып, башка темада текст жазгыла.

## «КАЙРАН ЭЛ» ДЕГЕН ЧЫГАРМА ТУУРАЛУУ

1916-жылы кыргыздардын айрым айылдары падышалык Орусиянын жазалоосуна кириптер болуп, аларды аткылай баштаганда кытай жерине карай качат. Мына ошол окуяга Ысак Шайбеков да катышкан. Өзү катышкан, көрүп-билген окуяларды аябай таасирдүү, таамай кылып жазган.

Кыргыздар качып барган жактан дале жыргап кеткен жок. Кыйынчылыктарды, азаптарды көрдү. Аны акын бир четинин айтып отурат:

Үйгө жыйган төшөнчү,
Жүгүн сатты, кайран эл.
Нечен көчөт термелүү,
Түрүн сатты, кайран эл.
Кийиздерин кылалбай,
Жүнүн сатты, кайран эл.

Мында «кайран эл» деген сөздү улам кайталоо менен акын ошол сөзгө басым жасап, элге боор ооруу, аёо сезимдерин билдирген.

Чыгармада башкы орунда бул же тигил адам эмес, жалпы эл турат, Үркүн окуясына катышкан кыргыз эли турат.

***Отуз жетинчи сабак***

## *КАСЫМАЛЫ БАЯЛИНОВ*
(1902–1979)



Касымалы Баялинов – 1902-жылы Ысык-Көл областынын Тоң районуна караштуу Көк-Мойнок деген жерде орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энесинен эрте ажырап, жетимдиктин айынан оор күндөрдү башынан өткөргөн.

Анын «Чабалекей менен жылан», «Түлкү менен суур», «Жетимдин өлүмү», «Мурат», «Ажар», «Жетилген жетим», «Кош жүрөк», «Турмуш түрткүсүндө», «Көл боюнда», «Курман жылга» жана башка чыгармалары бар.

### АЖАР
*(Повесттен үзүндү)*

Ажар 1916-жылы **Үркүндө** кытай элине сатылган кыргыз кыздарынын бири. Атасы Айткулу Үркүндө окко учкан, энеси Батма кечээ жакында, кытай жеринде өлдү. Ажар Айткулунун карыганда көргөн жалгызы болчу... Үркүнгө чейин эч бир жаманчылык көрбөй, бир үйдүн эркеси болуп өстү.

1-тыным: 1916-жылдагы Үркүн окуясы тууралуу эмне билесиңер?

Үркүндө Турпанга барып **томолок жетим** калган Ажар Козубайдын колунда калат. Козубай Айткулунун **кыйыр тууганы.**

Турпандык Сабитахун дегендин ат кепесинде жумуш кылып бермек болуп, Козубек батирге алды. Ал терезесиз, эшиксиз, үстүндө жарык түшө турган киши баткандай гана тешиги бар, асты жер. Нымдашып, аттын чыласы жыттанат. Эшигине кийиз калап, жерине **курмушу** төшөп, эки үй-бүлө сарайга киришти. Күн өттү, ай өттү, кыш түштү, турмуш кыйындады. Жагууга отун, кийүүгө кийим, жешке тамак керек. Бирок аларды кайдан, кимден алмакчы? Тегерегиндегилер да «өлбө жаным, өлбө!» деп, өздөрүнө окшоп, ач олтурган качкындар. Турпандыктардан алуу үчүн бир нерсе сатуу керек. Сатмайынча алардан алуу кыйын иш.

* * *

...Март айы жаңырды. Жаз чыкты, сөөк жукарды. Качкындар бирин-экин малын, буюмдарын сатып, кыштан эптеп чыгышты. Эми кара баштарынан башка эчтемелери калбады. Тамак издеп, туш-туш жакка тентишти. Басууга курсактын тогу, кийимдин бүтүнү керек го, кийим дегенден буларда эч нерсе жок. Үстүлөрүндө мурдагы эле кийимдери. Алары дагы жазгы койдун жүнүндөй самсаалап, тамтыктары кетип жыртылган. Жол боюнда **ак шишик** болуп өлүп жаткан кыргыздар: ыңгыранып, кынжыйып, арыгынан баса албай келе жаткан катын-балдар; колдон-колго өтүп, сатылып жаткан кыргыздын кыздары, балдары. Баасы – бир кап жүгөрү. Оо, дүйнө ай! Ал күнкү окуялар кайсы кыргыз баласынын оюнан кете коёр экен?

Эл жөөлөп-жалаңдап, Какшаалдагы кыргыздарга кетмекчи болушту. Козубек да кетмекчи болду. Бирок Козубекти Сабитахун көчүрбөдү. Кыштан берки болбогон **жалган чыгымын** айтып, берген бир чымчым чайы, бир ичим көжөсү болсо да доолады. Козубек анын бутуна жыгылды, жалынды, жалбарды. Акысы болсо да кечип коюшун сурады. Ага Сабитахун болгон жок, каарын төктү. Бербесе, шаңыяга (болушуна) билгизип, **набакка** соттолорун айтты. Козубек кыйналды, эмне кыларын билбеди. Ою алып учуп тоо-ташка урунду. Бир күнү ал Сабитахундун зордугу өтүп кеткенин, Ажарды сатсакпы деген оюн аялына айтты. Айша «койчу» деп так секирип, Батма өлөрүндө Ажарды тапшырып, айтып кеткен **керээзи** эсине түшүп, эрине бир нерсе айтмакчы болду эле, эшиктен келе жаткан добуш угулду. «Акырын укпасын келе жатат!» – деди Козубек.

...Ажардын сулуу, сүйкүмдүү, ак жуумал өңүн көрүп, Сабитахун мурунтан эле ага кызыгып жүргөн. Анын ою иши кылып Ажарды колуна алууда. Сабитахун ал тилегине жетти. Ажарга баалап Козубекке бир эшек, үч **зээр акча, бир пуд жүгөрү ун** берди. Андан калганын доолаган акысы үчүн **чегерди**, Козубек көчүп Какшаалга кетти.

**2-тыным:** Географиялык картадан Турпан, Какшаал деген жерлерди тапкыла жана ал жакка кыргыздар кайсыл жолдор аркылуу барганын көрсөткүлө

Эң оболу Ажар чоочуркап, ичкен-жегени аш болбой, анын үстүнө ата-энесин сагынып жүдөп кетти. Бирок кийинчерээк Сабитахундун үй ичи менен таанышып, үйүр алышып, оңолуп өңүнө кирди, каткан чери тарап, капасы, муңу жазылайын, унутулайын деди. Ошентип бир жыл өттү. Ажар десе, Ажар дегендей эки бети алмадай, кара көзү балбылдап, көргөн жанды эрксиз өзүнө тарта турган болду. Сабитахундун тамыры турпандык Чыр деген бир бай дунган бар эле. Сабитахунга ал коңшу турчу. Ажарды ал эки-үч курдай көрүп, бир күнү Сабитахунга келди. Ажардын **түп-жайы** менен жакшылап таанышты.

- Бир олжоң экен, досум. Ажарды мага бер. Бул үчүн эмне алам десең да, мына мен даярмын, – деди Чыр.

- Досум, сенден эмне алмак элем? Колумдан чыккан чыгымдарымды гана төлөсөң болду! – деди Сабитахун.

Чыгымга келгенде, Сабитахун эшегин ат кылып, унун күмүш акча кылып көрсөттү. Андан Чыр качкан жок. Шагыраган накта алтымыш зээр акчаны ага санап берип, Ажарды алды. Аны алгандагы ою – карыганда Ажарга үйлөнүү. Ошентип аны кучактамакчы, сүймөкчү, өмүр кызыгын көрмөкчү. Чырдын мындай суук кабарын уккандан кийин Ажар ошол жердик эки-үч катын менен энесинин мүрзөсүнө бармак болду.

## СӨЗДҮК

орто дыйкан
үркүн
томолок жетим
кыйыр тууган
курмушу
ак шишек
жалган чыгым
набак
керээз
зээр акча
бир пуд жүгөрү ун
чегерүү
түп-жайы

## ФРАЗЕОЛОГИЯЛАР

окко учкан
томолок жетим
кыйыр тууган
сөөк жукаруу
жазгы койдун жүнүндөй самсаалоо
ак шишик
колдон-колго өтүү
каарын төгүү
тоо-ташка урунуу

## ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Кыз бала атасына окшош болсо, бактылуу болот.

Кыз бала атасынан көп уруш укса, бактысыз болот.

Кыз бала бар үйгө сын такпайт.

Кыз бала барган жеринен төркүнүнө ташый берсе, эки жактан да береке, ырыс качат.

Кыз бала бирөөнүн көзүнчө керилип-чоюлбайт, андай кылуу эрге тийгиси келгенин билдирүүсү.

Кыз бала бөйрөк жебейт.

Кыз бала бутун учкаштырбайт.

Кыз бала жүктүн үстүнө отурбайт – сепсиз болуп калат.

Кыз бала казанга салып идиш-аяк жууп жатса, ырыскы качырат.

Кыз бала кара кийим кийбейт, жакыны каза болот.

Кыз бала кашын өзү тербейт, жеңелери, эже-сиңдилери, достору терип берет.

Кыз бала койдун жаагын жебейт, жаакташып калат.

Кыз бала көк боор жебейт, көк бет болуп калат.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Тоодон түшүп таш кулап,
Томурайды кашкулак.
Тамаша кылды жаш улак,
Тайраландады башка улак.

* * *

Тоокто томого болорбу,
Томогосуз тоок тоок конокко конорбу?

Тоонун тегизи болобу,
Түлкүнүн семизи болобу?
Төөнүн эгизи болобу,
Табылгынын сүтү болобу,
Таранчынын күчү болобу?

## ? СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Касымалы Баялинов тууралуу эмнелерди билесиңер?
2. «Ажар» повестиндеги башкы каармандар
3. Ажар Үркүнгө чейин кандай жашаган?
4. Мурдагы сабакта окуган Ы. Шайбековдун чыгармасы менен бул чыгарманын кандай байланышы бар?
5. Төмөнкү таблицаны толтуруу:

| 1916-жылдагы Үркүн окуясы кандай сүрөттөлөт (мисалдарды жазгыла) | | |
|---|---|---|
| тарыхта | адабиятта | көркөм өнөрдө (кино, скульптура) |

## ! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Үркүн темасында эссе жазып келүү.
2. Үзүндүнү окуп, анын негизинде сүйлөп берүү.
3. Ажар деген сөзгө синквеин түзүү.

*Отуз сегизинчи сабак*

## АЖАР

(*Повесттен үзүндүнүн уландысы*)

... Калың **бейитти** бет алган жалгыз аяк жол менен үч аял келе жатты. Бирөөнүн үстүндө шайы, ала чапаны бар, жоолугу бош, ийинине түшүп, башы жылаң баш, аягында кепич-маасы, өңү саргайыңкы, жүдөңкү, ак жүзүнүн көркү кетип, көзүнүн алды карарган. Жашы 15–16 чамасында, сенделип буту араң гана шилтөөгө келип, көз жашы тыйылбай, **үшкүрүгү таш жарат**. Бул – Ажар деген кыз, беркилери ошол жердик аялдар. Булар көп бейиттин четинде турган бир кичирээк мүрзөгө келип токтошту. Ал – Ажардын энесинин мүрзөсү. Ажар аны көргөндө токтоп тура албай, мүрзөнү кучактап, буркурап боздоп ыйлап жиберди.

**1-тыным:** «Көкөй кести», же «Кыргыз көчү» деген күүнү уккула.

- Жаным, апа! – деди Ажар. Үн жок... Жымжырт. - Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп, артыңда калган жалгызың келип, жалооруп жаныңда олтурат. Жалгызыңдын **сөзүн ук, ая**! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы тааныбаган бөтөн журттун бирөөнө **башы байланганы**, ага сатылганы жатат. Андан кутказ, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал, ач койнуңду!..

Сенин өлгөнүңө кайгырып, **кан жутуп**, санаа тартып жүргөн кезимде, багат-көрөт деген тууганың мени бир жат кишиге сатып кетип, сай-сөөгүмдү сыздатты, зарлантты, муңдантты, мага да өлүм керексинтти. Бирок сага берген ажалды кудай мага ыраа көрбөдү. Жасаган ай, мунуң эмне?

Кантейин, эң болбогондо теңтуш болсо, кыздын барар жери күйөө дегендей, жаттыгына карабай, «мейли» деп коет элем. Бирок ал **маркум** атаман да карыган киши экен. Ага канткенде барам? Кантип аны өмүрлүк жолдош кылам? Андан канткенде кутулам? Кимден кеңеш, кимден жардам сурайм? Айт, апа! Мага айла тап! Менин сенден башка **таянар тоом**, жашынар караган-бутам калбай калды. Бирок сен, апа, жоксуң... Сен боору суук кара жердин койнунда түбөлүк уйкуда жатасың... – деп боздоп ыйлады...

... Майдын кечки салкын жели сокту. Кошоктошуп көктө жүргөн ак булуттар каалгып учат. Жел аларды көрүнбөгөн сүйкүмдүү колу менен түртүп учуруп, Тянь-Шандын көк тирешкен аскаларына айдап барып токтотот. Кээде булуттардын үзүлгөн бөлүндүсү, күндүн үлпүлдөп батып бара жаткан көзүн каптап, Какшаалдын элсиз, мейкин талаасындагы нерселердин баарын да кара күүгүм, ага көлөкө тарттырат. Талаа тынч... Булуттардын көлөкөсү Ажар жаткан алтыгананын үстүнө түшүп, улакча ойноду. Коңур жел да Ажарды кытыгылады, эркелетти, ойготту. Ажар кыбырап туруп, жолуна түштү.

Түн кирди. Кайрадан сулуу ай муңайып, алтын бууга боёлуп, чыгыш жактан көтөрүлдү. Аппак нур шооласы менен түндүн мээримсиз караңгылыгын алда кайда кубалап, кең талааны кубантты. Талаа да ыйлап соорондгон жаш баладай жылмайып, кучагын жайып, Ажарга жол берди. Аңгыча арт жагынан созултуп улуган, үргөн үн жакындай баштады. Ажардын **жүрөгү опкоолжуп**, дүпүлдөп алып учуп, оюна ар түрдүү коркуу сезимдери келди.

Бир мезгилде Ажардын айланасына карышкырлар толуп кетти. Баары ач, кабыргалары саналып, кынжыйып эң эле арык, тилдерин салаңдатышып, кыңшылашып Ажарды **камап алышты.** Ал коркту. Ыйлап жиберди... Жан деген кыйын го, жанын корголоп жерден тырмалап таш алып, туш-тушка ыргытты. Качты. Жүгүрдү... Колу-буту ташка тийди. Айрылды. Кызыл ала болду. **Шордуу** ага карабай жаш денесин алып учкан кызуулугуна берилип, жүгүрүп отурду. Бирок **илешкен жоо** калчубу? Ажарды **бура бастырбады**, кутказбады. Тийип-качып, алды-артын тороп, бир **алтыганага** камады. Ажар жан талашып, жанын сыйпалап, жарты боо ширеңке тапты. Оттон карышкыр качат деген бала кезиндеги энесинен уккан сөзү оюна түштү. Ширеңкенин бирөөнү тартып жиберди. Карышкырлар отту көрүп, азыраак алыстады... Айтор, эстен танган Ажар карышкырлар жакындап кирип келген сайын ширеңке тартып жатып, көбүн жерге чачып, ширеңкенин да аягына чыгып, бир гана тал ширеңкеси калды.

- **Шамдай жанган жаш жаным**, ушул ширеңке өчкөндө, сен да кошо өчөт экенсиң, мына эми мен өчөм, карышкырга жем болом... – деди Ажар. Ал бирөө айткандай, жанындагы алтыганага өрт койду. Алты ай жазы менен жаан көрбөй, күнгө куурап, араң турган алтыгана ширеңке жандырганда эле дүркүрөп асманга чыкты. Оттун жалындуу кызгылт шооласы учуп ыраак кетти. Айланасындагы нерселерди апакай кылып, бадырайтып Ажарга көрсөттү. Карышкырлар жоголуп калышты, кеткендей болушту. Ажардын биртке акыл-эси кирейин деди. Анын медери, жөлөгү жалгыз ошол от. Андан ажырагысы келбейт. Бардык үмүтү, тилеги күн көрүү, өмүр сүрүүсү – ошол отто. Ошого байланышкан. От өчсө, от менен бирге Ажар да өчмөк. Аңгыча от басылды. Кайтып карышкырлар улушту, жакындашты. Ажардын алды-артын тороп, айлантып курчап алышты.

Ажар эми чындап **жанынан үмүт үздү.** Таянган жалгыз отунан ажырарын, жоосунун колуна түшөрүн, ырайымсыз жырткычтарга жем болорун билди, көңүлү караңгылады. Акылы, алы кетти. Эси ооду. Көзүнө жер, чөптөр, тоо-таш – баары жоо болуп көрүндү. Арбайып-тарбайып, оозун ачып, жакындап келе жаткан сыяктанат. Ага айла кылмакчы, каршы турмакчы болду. Колу менен чоктуу күлдү шилеп, жан жагына ыргытты, чачты. Карышкырлар болбоду, күчүнө алды, кыңшылашып туш-тушуна качырышты.

- Мына эми, мен силердики, алгыла! – деди Ажар. Башка сөз айтууга кубаты келбеди. Жыгылып кетти... Үстүнө **карышкыр-**

**лар үймөлөктөшүп** калды. Жемди талашты, ырылдашты, ары-бери сүйрөштү. Чырылдаган Ажардын аянычтуу үнү гана угулду... Асмандагы көп жылдыздар Ажарды аяшты, кызганышты, сулуу ай да муңайып, Ажарга актык нурун берип, кош айтышты.

**Кош боорум!** Сага окшоп, өз боштондук, өз теңдигин талашып, кулдуктан кутулууну самаган эчен миңдеген ага-туугандарың, эже-сиңдилериң канкор падышанын куугуну, сүргүнү астында тепселишти, көбү максатына жете алышпай, **арманда кетти**. Кыргыздын далай кыздары, балдары, жер-суусунан, эли-журтунан, ата-энесинен ажырашып кан-какшады... Сен ошолордун бирөөсүсүң. Сен көздөгөн тилегиңе жете албастан азаттык, теңдик жолунда, ээн жер, элсиз чөлдө арманда кеттиң... Кош, боорум Ажар!

**2-тыным:** Үркүн тууралуу фильмден эпизод көргүлө.

ТЕКСТТЕГИ ЭНЧИЛҮҮ АТТАР

Көк-Мойнок – Ысык-Көлдүн Балыкчы шаарына жакын жердеги айыл.
Тянь-Шань – Борбор Азиядагы ири тоолордун жалпы аты.
Турпан – азыркы Кытайдагы жер аты.
Какшаал – Кытайдагы талаа, чөл жер.

СӨЗДҮК

бейит
үшкүрүгү таш жарат
сөзүн ук, ая
башы байлануу
кан жутуу
маркум
таянар тоом
жүрөгү опкоолжуу
камап алуу
шордуу
илешкен жоо
бура бастырбоо
алтыгана
шамдай жанган жаш жан
карышкырлар үймөлөктөшүп
кош, боорум
арманда кетүү

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Сөз сөөктөн өтөт, таяк эттен өтөт.
Сөзүң өлгөнчө, өзүң өл.
Сөз атасы – кулак, жол атасы – туяк.
Эли журтуң болбосо, ай-күнүңдөн не пайда.
Элге эл кошулса – дөөлөт, элден эл кетсе – мээнет.
Элиңде тынчтык жок болсо, алдыңдан таяр алтын так.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Өрмөктү көрмөккө Өмөр өзү келиптир,
Өмөрдүн өзүнө өрмөктү эч ким бербептир.

* * *

Жел боону келе,
Жел боону жоготтуң беле?
Жердеги жел боо жерге оонап,
Желимдей болуп жатпады беле?

ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Камчыны сүйрөй кирген адамдын кеги бар.

Караңгыда ак сурабайт.

Кийимди желбегей жамынбайт.

Коноктордон бата тилеген бала ордунан туруп, «оомийин» деп алакан жаят.

Короодогу ит жоголсо байлыктын кеткени.

Кирине кирген адамды же туз, же нан, же бычак, же кесек, же кагаз менен киринелейт.

Койдун мээсин жаш бала жебейт, жаш бала койдун мээсин жесе мурдунан маңкасы агып калат.

Кол жуугандан кийин колун силкпейт.

## ? СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Ажар кимге, эмне үчүн сатылды?
2. Ажар каякка, эмне үчүн качып чыкты, анын максаты эмне эле?
3. Ажардын жолдогу абалын сүрөттөп айтып бергиле?
4. Топко бөлүнүп талашып-тартышуу үчүн суроолор:
   а) Ажар качып чыкпай эле жашай берсе тирүү калмак эле да, эмне үчүн качып чыкты?
   б) Ажардын тагдырындай тагдырдагы адамдар азыр да барбы?
   в) Ажар өз мекенине жете алат беле? г) Жазуучу чыгармасын эмне үчүн мынчалык трагедия менен аяктады?
5. Текстке карата инсерт таблицасын толтургула.

## ! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Повесттен үзүндүнү көрктүү окугула.
2. Үзүндүгө карата өзүңөрдүн ой-пикириңерди айткыла.
3. Ажардын монологун жаттагыла.
4. Чыгармага карата элестүү сүрөт тарткыла.
5. Макалдардан каалооңор боюнча жаттагыла.
6. Үркүн деген сөзгө кластер түзгүлө.

## «Ажар» повести тууралуу

Бул чыгарманы кээ бир адабиятчылар аңгеме дешсе, кээ бири повесть дешет. Анын жөнү бар. Себеби чыгарма жазылган 1928-жылдарды кыргыз прозасында көлөмдүү чыгармалар жазыла элек болчу. Бул алгачкы чыгармалардын бири болчу. Жазуучу анда өзү да жаңы эле жазган, повесть кандай, роман кандай, аңгеме кандай – аларды түшүнө элек кези. Ал билгенин, көргөнүн, укканын жазып салган. 1916-жылы кыргыздардын башынан оор окуя өткөн. Ошол Үркүн окуясы повесттин негизин түзөт. Эл менен кошо үркүп кытай жерине барган жаш кыз Ажар ал жактан көрбөгөн азаптын баарын көрдү. Кытай байларына сатылды. Ошондо ал эркиндик талашып, туулган жерин самап качып чыкты. Бирок жолдо ал куугундар менен кездешпей ач карышкырлар менен кездешти. Карышкырлар менен бет келген кыз өз өмүрүн ширеңкенин талындай өчүрдү.

Мына ушул чыгарма эң алгачкы чыгармалардын бири болуп, жарыяланары менен эле окурмандар талашып окуй турган китепке айланды. Өз кезегинде «Ажарды» окубаган, билбеген, Ажардын тагдырына ыйлабаган кыргыздар болгон эмес, «Ажар» эң сүйүктүү чыгарма катары эл арасына кеңири сиңген.

**Кошумча окуу үчүн:** А. Токтомушев «Какшаалдан кат».

**Адабият теориясынан**

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМАДАГЫ ПРОЛОГ ЖАНА ЭПИЛОГ

**Пролог** (грекче – алгачкы сөз) – адабий чыгармалардагы киришүүнүн бир түрү. Анда автордун ниети, чыгарманын кыскача мазмуну алдын-ала баяндалат, каармандары жөнүндө алгачкы түшүнүк берилет, бүткүл чыгарманын кийинки жүрүшү үчүн өзөк болуучу окуялар баяндалат. Же болбосо окуянын ортосу, же аяк жагы берилип жатып, анан кайра ошол учурга чейинки окуялар айтыла баштайт.

**Эпилог** (гр. – соңку сөз) – негизги окуя баяндалып бүткөн соң каармандардын кийинки тагдыры жөнүндө, же ошол окуянын кийинки айрым жыйынтыктары жөнүндө автордун баяндоосу. Бул термин Байыркы Грек театр өнөрүнөн алынган. Анда драмалык чыгарма коюлуп бүткөндөн кийин, ошол баяндалган окуялар жөнүндө түшүнүк беришип, мына ушул бөлүктү эпилог дешкен. Азыркы маанисинде пролог жана эпилог бардык эле чыгармаларда кездеше бербейт, айрым зарыл деп эсептелген учурда гана авторлор чыгармасынын башына пролог, аягына эпилог беришет.

***Отуз тогузунчу сабак***

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**

1. Үркүн окуясы тууралуу менин уккандарым, билгендерим.
2. Азаптуу эл турмушу («Кайран эл» поэмасынын негизинде).
3. Ажардын тагдыры – 1916-жылдагы кыздардан тагдыры.
4. Үркүн тууралуу чыгармалардагы тарых.
5. Мен сыйлаган адам.
6. Мекеним – Кыргызстаным.
7. Жакшы жүрүш-турушум – элиме кошкон үлүшүм.
8. Жалаң бир гана тамга (мисалы, *м*) менен башталган сөздөрдөн турган сүйлөмдөр менен дил баян жазуу.
9. Терезеден көрүп турган нерселерди сүрөттөп дил баян жазуу.

**Тапшырмалар:** Бүгүн эрте менен мектепке келе жатып көргөн нерселерди элестетип дил баян жазуу, аны жалпы класста талкуулоо.

Кечинде телевизордон көргөн нерселериң тууралуу ойлоруңду жаз.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

## *САГЫНДЫК ӨМҮРБАЕВ*
(1930–1999)



Жазуучу Кочкор районундагы Ак-Кудук айылында туулган. Кыргыз эл жазуучусу. 1951-жылы КМПИнин тил, адабият факультетин бүткөн. Чыгармачылыгын 1948-жыл ыр жазуудан баштаган. Чакан аңгеме, түрмөк ырлары республикалык газета-журналдарга, жыйнактарга чыккан. Алгачкы ыр китептери «Тынчтык нуру», «Айна» Ата Мекен, тынчтык жөнүндө. Андан кийин ар жанрда ондогон китептери (ыр, аңгеме, очерк, публицистика, повесть, көп котормолору өз-өзүнчө жыйнак болуп чыккан.

Өзгөчө, эл башына келген эки кыйын кезеңди – 1916-жылдагы Үркүндү, 1941–45-жылдардагы согуш коогалаңын баяндаган «Бороондуу күндөр», «Телегей» романдары менен журтчулукка кара сөз чебери катары таанылган.

### ТЕЛЕГЕЙ
(*Романдан үзүндүлөр*)

#### Бөтөн жердеги балалык

Биздин айыл тоо-ташты жамынып, күндөп-түндөп жүрүп отурушту. «Турпанга качып баратабыз!» – деди апам байкуш. **Бедел** ашып үрктүк. Канча күн жол жүргөнүбүздү кайдан билейин, биздин айылдын өлгөндөн калганы **жер кезип олтуруп** Турпанга жеттик. **Куйруктап алган кырсык** Турпанга да барыптыр. Анда бизди калың **чечек** каптады. Эл кырылды. Элге келген кырсыктан буйтап кетүү кайда, баягы менин өзүмдөн кичүү эки бир тууганым да чарчап калды.

Өздөрү араң, илең-салаң басып турган байкуш апам менен атамды тиги эки эркегинин бирдей чарчап калышы катуу **өбөктөтүп кетти**. Ачкалык менен күйүткө оору кошумча болуп, апам менен атамды биротоло төшөккө жыкты. **Үйлөп ийсе учуп кеткидей** илбиңдеп алардын маңдайында жалгыз мен...

- Шордуум ай!... Бөлөк эл, бөтөн жерде биз көз жумуп кетсек күнүң не болор экен?! – Курган энем ушинтет да, эрдин кеберситип маңдайында отурган менин саамайыман сылаган болот. – Аа, арман!... Шордуу атаң менден да алсыз. Минтип айтып тигинде кыңкыстап жаткан атама бурула караган апамын сүлдөрү учуп кеткенин көрдүм, **чыкый сөөгү** чыгып, **көзү ары чарасына кирип** кетиптир. Чачы жыдып, какчыйган баш сөөгүнөн куйкасы кашкаят. Алсыз арык манжаларын зорго көтөрүп, менин саамайыман сылап, зээни кейиген анын

эрди кемшиңдегени менен көзүнөн жаш чыгар эмес. Апам айткандай атамдын абалы өтө кыйын көрүнөт, эки күндөн бери тил ката элек. Анда-мында гана кеберсип, черт жарылып кеткен эрдин ымдап, батташкан ууртттарын ырсыйтып тамшанып коет. Анан «суу» деген угулар-угулмаксан алсыз үнү угулат.

«Шордуум ай!... Биз көз жумуп кетсек сенин күнүң не болор экен?!». Апам байкуштун бул сөзү ичиме уу куюп, өздөрүнүн көрүнүшү жүрөгүмү канатып жиберди. Мен токтоно албай буркурап турдум:

- Апаке, ай! Антпечи?! Мен... мен... коркуп атам!..

Батташкан кирпиги солгун туушап, тунара караган апам байкуш менин көз жашыман коркту бейм. Арык колуна тамган жашым алсыз эненин сай-сөөгүн сыздатса керек. Өңү-башы туташа түштү да, кайра ошол замат жүзүнөн кыйналуу белгисин шыпырып таштап, мага жылмайды:

- Коркпо! Коркпо жыттоочум, мен... тимеле сени кантер экен деп жатса... Киши болбойсуң бейм?! Кудай жакшылыгын берип жерге кайткыча... жанымды бекем уучтайм! Сени кантип бозортоюн?! – Үнүнө кайрат чыгарган апамын бул айтканына мен атайын демөөр байлап, катуу ынандым. Төшөктөн көтөрүлүп келип менин көз жашымды аарчыган анын арык манжалары мага келчү кырсыкты калкалап калчудай, менин жүзүмөн ыйды биротоло желпип жиберчүдөй көрүнөт...

* * *

Апам айткандай, кудай жакшылыгына баштадыбы, «качкындар жерине кайтат экен» деген каңшаар угулду. «Ак падыша тактан кулаптыр!» Муну уккан калың качкындын, анын ичинде биздин кубанычыбызды айта көрбө! Бул кабарды бири-бирибизге сүйүнчүлөп, канат болсо **киндик кан тамган жерге** ошол замат учуп жеткиң келет.

Жерден азган качкын кыргыздар самсып жолго чыкты. Бар кайратын боюна жыйып ордунан баш көтөргөн атам менен апам да эл караандап илкип баратты.

- Кагылайын туулган жер, кайдасың?..

- **Чымындай жанды** уучтап, эптеп жетер күн бар бекен?!

- Киндик кан тамган жердин суусун татаар күн гана?!.

Жолдо самсыган качкындардын ар кимиси ушинтип зар тилегендей болсо, ооздорунан көк түтүн буркурайт. Таягына сүйөнгөн атам байкуш илкип артта, илээлеген апам да мага кобурап коет.

- Жыттоочум! Жыттооч сарым! Жерибизге баратабыз, көрдүңбү!? Жерибизге барабыз эми!.. О, жараткан! Чын эле жерге... О, топурагыңдан айланайын туулган жер! Топурагыңдан бир жыттап анан... – Минтип демиккен апамдын көзү алдыдагы самсыган качкындарга, андан ары тээ мунарыктап үлбүл көрүнгөн тоолорго түшөт да, саал ууртунан жылмайган болот. Аа, курган апам... алыстан бүлбүл көрүнгөн тоолордун карааны өз үйүндөй, болгондо да өз колу менен **уугун сайып**, өз колу менен **керегесин жайган** жалпак боз үйүндөй көрүндү белем. Тоолордун караанын көзүнөн кетирбей илгерилей берди.

Азыр кай жерде жүргөнүбүз менен ишим эмне, куду азыр эле босогосун аттап кирип баргансып, менин көзүмө да жатактагы калың айыл арасында калган үйүбүз элестейт…

## КАЧКЫНДАР

Биздин жол учу жок санаадай узара берди, канча бассак да жер арбыр эмес. Качкындардын арымы барган сайын жайлап... Мунун баарын анча таназар албаган мен бир күнү катуу кубанып кеттим. А мени кубанткан атамдын жүзү болду. Кадимки калыбында илээлеп артта келаткан анын жүзү балкайып, толмоч тартып агарып алыптыр. Карасам энемки да ошондой. Күдүңдөгөнүмдү айта көрбө.

- Байкуш атам! Элге баратканына сүйүнүп, семирип алган тура! Баарыдан апамды карасаң, үйүбүздө жүргөндө да мындай эттенген эмес… карасаң эми?!

Менин бул сүйүнчүм ошо күндүн эртесине жеткен жок. Желге тийген чырактын жалынындай үлп этип өчтү да калды.

**1-тыным:** Бул сүйлөмдүн маанисин терең чечмелегиле: «Желге тийген чырактын жалынындай үлп этип өчтү да калды»

Бир суунун боюна келип конгон жерибизден кайра өйдө боло албай атам **жан берди.** Атамдын аяк-башын тартып боздогон апам, мен, анан атамдын Итибай деген агасы үчөөбүз болдук. Өзү илкип араң-араң бут шилтеп келатканына карабай атам бизге бир аска бел тура байкасам. Белибизди омкоруп алдык да, ботодой боздоп жолго чыктык. Апам байкуш тээ артта атам калган жээкти теше карап эчкирет, сыягы өзөгү өрттөнүп баратса керек.

**2-тыным:** Бул сөз айкаштарынын маанисин чечмелегиле: «жан берүү», «аяк-башын тартып боздоо», «бут шилтөө», «аска бел», «белди омкоруп алуу», «ботодой боздоо», «өзөгү өрттөнүү»

- О, кургур, кайда калдың?! Эми сенден ажыраган биз байкуш... кай талаадан карга-кузгунга жем болобуз?!

Минтип сендиректей түшкөн апамды жанагы Итибай агабыз сүйөп кайрат айткан болот:

- Койсоңчу, балам, кантесиң! Береги баланын эсин чыгарып. Э, өлгөндүн артынан кошо өлчүбү, кандай кылабыз. Калкка келгенди көрбөскө чара барбы? Карачы, айлананды. Боору бүтүн ким бар бу күндө? Үмүтсүз шайтан деген. Үмүт кылалы! Сабыр этели...

Итибайдын айтканына чыйралды бейм, апам көпкө үнсүз келатты. Бирок, бир оокумда Итибай экөөбүз сүйөй калгыча болбой үстөмөнүнөн кулап, ошо боюнча ордунан тура алган жок, үнү кыңылдап араң чыкты:

- Жы... жыт... тоочумм. Ыйлаба... Кайраттуу бол...

Апам дагы бирдемелерди айтат беле, анте албай тунарган көзү менен мени тиктеген бойдон калды. Мен отко салган чучуктай чыркырап басып жыгылдым.

- Апа-а... Апа! Мээнетиңди алайын апа-ке-е! Мен канте-ем? Мени кайда таштадың, апаке-е?!

Минтип канчалык чыркырасам да апамды тилге келтире албадым. Менин апамдан бөлө албай айласы кеткен Итибай тигиндей чөк түшүп алып өзү да өксөп турду:

- Оо, жараткан! Бизди кандай каарыңа алдың? Калдайган бир айыл кишиден коколой башым калабы, оо, жараткан!..

Апамдын муздаган көкүрөгүн менин жашым жууп, тырбаңдаган сол колум да ошо замат оң колтугундагы төрсөйгөн бирдемеге уруна түштү. Ал бая жолукка түйүлгөн бир чөйчөк талкан эмес беле. Аа, байкуш апам, такыр алдан тайып өзөөрүп бараткандa гана искеп таңдайына салып койгону болбосо, мындан өзү да жарытылуу татчу эмес. Күндө эки маал мага чаңыттап берчү.

- Апа, өзүң ичсең, – дегениме жообу даяр болчу:

- Ичтим айланайын. Мен куруюн, менин кабыргам катып калбадыбы. А көрө ушунун жугу үзүлө электе эл караандап алсак. Сени тууган жерге аман жеткирип алсам, олжом ошо. Менин жүрөгүмө деле анча баса бербейт. Уурта, ууртай кой, жыттоочум! – Мага телмире көпкө тунжурап калчу. Мына эми, ошо өз жанынан кечип, мага деп сактаган бир чөйчөк талканы жашка жуурулуп колтугунда.

Кайсы маал болгонун билбейм. Эсим оогон мен апаман бөлүнбөй көпкө жатсам керек. Көзүмдү ача салсам башым айланып жер көчөт. Айланам капкараңгы, күн батып кеткен тура. Туура жагыман үшкүрүк чыкты, карай салсам башын жерге салаңдатып үңкүйгөн Итибай чалдын караанды. Турган бойдон жаны чыгып кеткенсип, анда кыймыл да, табыш да жок. Менин айланган башым шылк дей түштү, апамын колтугуна кайра кирип жатып алдым. Кайда бармак элем, бөлүнбөйм апакемен.

Күн эчак батып кетиптир!..

A СӨЗДҮК

Бедел
жер кезип олтуруу
куйруктап алган кырсык
чечек
өбөктөтүп кетти
үйлөп ийсе учуп кеткидей
чыкый сөөгү
көзү ары чарасына кирүү
киндик кан тамган жер
чымындай жанды уучтап
уугун сайып
керегесин жайган
жан берүү

ФРАЗЕОЛОГИЯЛАР

өлгөндүн артынан кошо өлчүбү
калкка келгенди көрбөскө чара барбы

боору бүтүн
үмүтсүз шайтан
сабыр этүү
отко салган чучуктай
чыркырап басып жыгылуу
тилге келтире албоо
коколой башы калуу
муздаган көкүрөк
алдан тайып өзөөрүп бараткан
кабыргасы катуу
жугу үзүлө элек

## ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Мал байлаган желени аттабайт.
Мал байлаган желени кыркпайт.
Мал байлаган көгөндү аттабайт.
Мал байлаган көгөндү кыркпайт.
Мал жоголсо алыс кетпес үчүн үйдөгү баланын бут кийиминин боолорун бири-бирине чырмап байлап керегe башына илип койгон.
Мал короого акыр-чикир төкпөйт.
Мал санагандай адамдарды санабайт.
Мал сатканда, чылбырын, жүгөнүн, байланган жибин алган кишиге кошо бербейт.
Мал сатып аткан кишиден кардар эч буюмун сурабайт, эгер мал ээси бир буюмун берип койсо малы өтпөй калат.
Мал сойгон адам өзүнө кол кесер, кол учтук деп чийки кезинде бир аз эт чыгарып алат.
Мал сойгон адам эгер ал мал жамандыкка союлуп жатса өзүнө кол кесер чыгарып албайт.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Төрөкулдун төөсүнүн төбөсүндө агы бар,
Төрөкулдун өзүнүн төбөсүндө калы бар.

* * *

Тулпарды туяк сактайт дешсе,
Тулпар туякты сактайбы,
Туяк тулпарды сактайбы?
Тулпардан туяк сакталабы,
Туяктан тулпар сакталабы?

* * *

Тулпарын темингенде Телибайдын тебетейи тегеренип,
Тегеренген Телибайдын тебетейи тебеленип,
Тебеленген Телибайдын тебетейи тоголонуп,
Телибайдын тулпарынын туягында калды конуп.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Роман деп кандай чыгармаларды айта турганыбызды билесиңерби? Мурда кандай роман окугансыңар?
2. Төмөнкү сөздөрдүн, сөз айкаштарынын маанилери жакын же маанилештерин учтуу сызык менен туташтыргыла:

| | | |
|---|---|---|
| күндөп-түн жүр | | оору |
| буйтап кетүү | | жан таслим болду |
| жыттоочум | | тынбай |
| төшөккө жыгуу | | акырын басуу |
| чарчап калды | | жолотпоо |
| бут шилтөө | | балам |

3. Өткөн сабактардагы «Кайран эл», «Ажар» деген чыгармалар менен салыштыргыла:

| Автор | Аты | Окуя өткөн жер | Жанры | Каарманы | Сага жаккан жагы |
|---|---|---|---|---|---|
| Ы. Шайбеков | «Кайран эл» | | | | |
| К. Баялинов | «Ажар» | | | | |
| С. Өмүрбаев | «Телегей» | | | | |

4. Тексттен сага жаккан 3 сүйлөм (шилтеме) жазгыла жана алардын маанисин түшүндүрүп, эмне үчүн жакканын айтып бергиле:

| Сүйлөмдөр | Түшүндүрмөсү |
|---|---|
| 1. | |
| 2. | |
| 3. | |

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Романдын окуу китебинде берилген үзүндүсүн окуп, түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.
2. Ооруп жаткан ата менен апанын абалын текстти пайдаланып сүрөттөп жазгыла.
3. Апа деген сөзгө синквеин түзгүлө.

***Кырк биринчи сабак***

# ТЕЛЕГЕЙ

(*Романдан үзүндүлөрдүн уландысы*)

## КАРЫШКЫР МЕНЕН КАРМАШУУ

Быйыл жергеде эгин жааты начар. Анан бизге окшогон **жаш аялмете** эмне! **Кызыл чиедей** он балам менен караганым карала каптын түбүндөгү бир чакадай талкан. А нан бетин көрбөгөнүбүзгө көп болду. Эртең менен өңүн бозортуп текши бир чөйчөктөн ууртайбыз да, кечке

ошону менен канием кылабыз. **От табын гана эш кылган** ачка балдарым, кечтин киришин, менин келишимди күтүп, тынчы кетишет көрүнөт. Койдун чурулдагына аралаш эшик талаша тышка чубурган алар, кечке көргөн-билгенин түгөл айтып, мага арызга отурушат: «Апа, курсагыбыз ачып!.. Анан тигилер ыйлап!..»

О, соолгон согуш! Ушулардын ырыскысын оп тарттың! Тигинтип кыңырылган ач балдарымын үнү кулагыма келгенде **жанымы коёрго жеп таппай калам…**

Ыйлаган балдарымын, ыйлактаган кызымын үнү кулагыман кетпей турганда, төмөнтөн коюм дыр берди. Мен кыйкырып да, чуркап да барам. Үрккөн койдун эки четин араң имердим. Имергени курусун, карышкырдын улуганы жакындан угулду. Айтпадымбы!..

Мени кара басканда, кечээ мылтыкты бир койчу сураганынан кармата салып, өзүм союл менен чыкпадым беле жайытка, кечинде алып келип берем дегенинен. Ишенген жарагым – чокмор баш шилби союлум.

Карышкырдын жытын алган кой эмненин токтогону, аягынан имерсең тиягынан дыр берип; мен чырылдап кыйкырып да жүрөм, койду тосуп да жүрөм. Карышкыр кыйкырганымы тоготпой калды бейм. Улуганы улам жакындап келет. **Үй ордундай жерге** чогулуп камалышып турган кой дүр этип жарыла берип, өзүмдү жыга коюп… Бир оокумда койдун астынан тура калып жогору чуркадым. Койдон дарек жок! Тоо-таш да көрүнбөйт, асман-жердин арасында ак бороон болуп туруптур. Койдон ажыраганымы билдим! Ачуу менен ыза кекиртектен алып муунтуп барат… «Оо, куда-ай! Кара көзүмдү кашайттыңбы?!»

Бир чаңырып алдым да, бет алды темтеңдеп барам. Асман, жерди чалмакей кылган ак бороондон кой түгүл өзүмдү тапкыдай эмесмин. Аңгыча бута атым жерден… кой… жо, кой эмес, будалактап жаткан бозоргон караан көрүндү. **Кар ширеген кирпигимди укалап** алдым да, жазбай тааныдым. Эгиздин энеси чоң ак кой. Аны карышкыр толорсуктап алыптыр. Жедеп деним өлүп калганбы, жанымды чымынча көрбөй аны карай атырылдым:

– Жуткуч өлүгүңдү!.. Же койго кошуп сен мени жут, же!.. – Ушуну айтып үнүм туттукту. Кандай жеткенимди билбейм. Койду таштар түрү жок өлармандын. Толорсуктан аткыган экен, ары-бери булкуп жүрөт. Жанталашкан кой маарап, илгери жүткүнөт. Койдун толорсугуна аттиштей жармашкан капкара тумшукту, каракушту далдап туруп, шилби чочмор менен тартып-тартып жибердим. Тырак дей түшкөн карышкырдын оозунан кан атты. Эми билдим, ач карышкыр жанатан карышып калган тура. Болбосо жалгыз койго жармашып турабы. Кой түгүл мени жара тартып таштамак.

Эми араң эсими жыйдым. Бороон жанагыдан басаңча тартканы менен күн бүркөк. Бул арада үчөөбүз гана – толорсугун чайнаткан кой, сулаган карышкыр, анан өзүм. Бөлөк **как эткен карга** жок. Ушул



азыр менин коркконум да, кубанганым да белгисиз. Коркоюн десем – береги мени коркуткан карышкыр алдымда сулап жатат. Кубанайын десем – минтип короосу менен коюман ажырап отурам...

Бир аз дел боло түштүм да, бет алды кетип бараттым. Асман-жер чалмакей, али тоо-таш көрүнбөйт. Көңүлүм айнып, көз алдымда жаман көрүнүштөр. Бурганакка аралаш карышкыр кырып кеткен калың койдон бөлөк эч нерсе көрөр эмесмин.

Ак бороон жүргөн тоонун ою-кыры көрүнбөй, атайын мага өчөшүп, менин көзүмү байлап жаткандай алды-артым борошо. Ооба, бүгүнкү борошо аныктап эле менин алдымы тороп, мени ыза кылып, көз жазгырып короолуу коюмду уурдаганы аз келгенсип, өзүмдү кошо упат кылып, үй бетин, балдарымды кайра көргөзбөчүдөй улуйт да, улам көмөлөтө коет. Кээде ташка мүдүрүлүп, кээде жерди жаза басып алам да, эт-бетимен кетип, анан төрт аяктап тура калам. Тура калып кайра жолумду улайм.

Кай тарапка баратканым белгисиз. Ошентсе да токтоп калбай жүрө бербесем, өзүм да тоңуп өлүп калчудаймын. Баамдасам капталда баратам. Кээде бутум токтобой калат да, бурганак мени төмөн учуруп отуруп, тээ бир коонун күрткүсүнө тыгып салчудай болот. Тайгаланып оңкомон кеттим да, бет алдыман барып бирдемеге күп этип, өпкөбоорум куушурула түштү. Эмне болгонун билбейм, көз алдым түн бо-

луп карарып, көңүлүм караңгылап кетти. Көзүмдү ачсам, оозу-мурдум кан! Жүрөгүм үзүлүп кетпегенин карасаң! Казандай арсак ташты кучактай жыгылыпмын. Жанталашып туруууга ашыктым. Бурганак так ушу жаткан ордуман тургузбачудай кар-борошо менен көмө коюп ышкырып турат. Ичим ысып-күйүп, **таңдайым так катат** да, мына кызык, суук бу болсо?.. Оозу-мурдумдун канын кар менен жуудум да, кардан эки-үч аткып сугунуп алдым. Бар күчүмдү жыйнап өйдө болдум да, бурганакты жиреп кетипбараттым.

Бүркөк асман ого бетер түнөрүп, түн кирип бараткандай. Мен ансайын ашыгып, койдун дареги чыкмайын бир аз буйдалгым жок. Колу-бутум тоңуп тоголонуп калсам да боорум менен жылармын, акыры бул бурганактын астында кыймылсыз калбасмын, жаным чыгып кетмейин.

Канча кыр ашып, канча жер басканым белгисиз. Бир оокумда бурганактаган ак бороон басылып, айлана сүттөй чаңкая түштү. Ой-тоо, а түгүл асман да жалаң гана кардан бүткөндөй аппак. Жети түндө баратсаң кар үстүнө түшкөн койдун кумалагы көрүнчүдөй.

Аңгыча тээ коктудан кар жамынып бапыйган калың алтыгананы көзүм чалды. Бир азга көз токтотуп карап турдум. Жок... алтыгана дейин десем... Кечке карыккан көзүмдү бардап-бардап алып, эңиштеп жетип барсам коюм! Короолуу коюм короосу менен чогуу буюгуп келип ушул жерге ыгып калган тура.

Сүйүнчүмөн өзүмү да унутуп койсом керек. Оозум ачылып коюмун тегерегинде айланкөчөк болуп... Койду бат эле өңүнөн чыгардым. Бирөө жок, бирөө гана. Болгондо да баягы... Ии, карбаластап жүрүп акылыман шашканымы эми анык билдим белем. Жанагы ач карышкыр кармаган чоң ак кой. Ал тигинден ары... Жоо, тигинден ары эмес. Аныктап баамдасам, мен ошол арада айланып жүргөн түрүм бар.

Алыс эмес экемин. Аңгыча жалгыз койдун маараганы жанымдагыдай угулду. Бир кыр ашып, аксак койду койго коштум да, өлгөн карышкырды сүйрөп алып үйдү карай бет алдым.

Күн көзү жок. Кай маал экенин болжоп болбойт. Койду айдап, карышкырды сүйрөп, тына-тына караңгы киргенде үйгө келдим. Жайыттан кайткан койдун чуусуна аралашкан балдарымын чурулдагы менин короонун жанынан тосту.

- Апам келатат!
- Апа-а!
- Апаке-е!
- Ээй... Апам ит сүйрөп келатат!

Үн алыша алдыман тоскон балдарым мен сүйрөп алган карышкырды көрүп селее түшүштү. Өзүмү тегеректеп алып кужураган алар айтарга кеп таппай чечекейи чеч. Кантишет. Кечке коломто тегеректеп көздөрүнөн кара учкан эмелер энесин коргөндө эркейт тура. Менин келишим менен үй толгондой, менин келишим менен баары болгондой, жарпы жазылып, кагылайындарым.

Кой көңдүн табына кепенин ичи апылдап ысып, жаман мештин озун ачып койсок, кепе ичи жарык. Үй ичиндей менин көөнүм да ачык-жарык ушул азыр. Бүткөн боюман үшүк качып, балкып отурам. Көөнүм ачылбай, денем балкыбай анан!

## ТЕЛЕГЕЙ САГЫНБАЕВА ЖАНА «ТЕЛЕГЕЙ» РОМАНЫ ЖӨНҮНДӨ

Бул чыгарманын башкы каарманы Телегей Сагынбаева. Ал 1902-жылы Кочкор районунун Ак-Жар айылында туулган. Улуу Үркүн мезгилинде Кытай жерине качып баргандардын ичинде болгон. 1927-жылы кой чарба совхозу уюштурулуп күйөөсү Дүйшөналы Сагымбаев экөө чабан болуп иш баштайт. Кийин күйөөсү тракторист болуп, 26 жашында Телегей өзү бир короо кой бөлдүрүп алат. Короосун 700–800 башка жеткирип, ар бир койдон 5–6 килограммдан жүн кыркып алат. Кыргыз ССРиндеги атактуу чабан катары таанылып, ага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилет. 12 бала төрөп, тарбиялап, «Баатыр-Эне» наамына да татыктуу болгон.

Жогорудагы чыгарма мына ошол баатыр чабандын, көп балалуу эненин турмушунан алынып жазылган.

### СӨЗДҮК

жаш аялмет
кызыл чиедей
от табын гана эш кылган
жанымы коерго жеп таппай калам
үй ордундай жерге
кар ширеген кирпигимди укалап
как эткен карга
таңдайым так катат
чечекейи чеч

### МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Ынтымак түбү – ийгилик, тирилик түбү – бирдик.
Ырыскысыз адам болбойт.
Эл ичи – алтын бешик.
Элинен безген – эр оңбос, көлүнөн безген – каз оңбос.

### ЖАҢЫЛМАЧТАР

Кой, койлугуңду кой,
Койлугуңду койбосоң, ой.
Кечинде биздикинде той,
Келини кайнатасына айтар:
- Ушул койду эле сой!

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Тексттин мазмунун түшүндүрүп кайра айтып берүү үчүн суроолор: Кыргыздар кайда, кантип жашаган эле жана алардын турмушунда эмне өзгөрүүлөр болду?
   а) Бул үй-бүлө неге капаланды?
   б) Элдин кырылышына эмне себеп болду деп ойлойсуңар?

в) Карышкыр келген күнү кандай окуя болду?
г) Эне менен балдардын диалогун айтып бергиле?
д) Эненин бактысы жана кайгысы эмнеде?

2. Телегей Сагымбаева тууралуу маалымат билдирүү.
3. Тексттин планын түзгүлө.
4. Тексттеги бир өңчөй мүчөлөрдү таап, окуп бергиле, кандай ролду аткарганын белгилегиле.
5. Текстти ролдоштуруп окуу.
6. Өзүңөрдү текшерип көргүлө: төмөнкү фразеологиялардын маанисин билесиңерби? Чечмелеп жазгыла:

| | | |
|---|---|---|
| 1 | караганым карала каптын түбүндөгү бир чакадай талкан | |
| 2 | ырыскысын оп тартуу | |
| 3 | кара басуу | |
| 4 | кара көзү кашаюу | |
| 5 | акылынан шашуу | |

**! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Тексттин негизинде дил баян жазуу.
2. Романдан дагы бир нече үзүндүлөрүн өз алдынча окуп келүү.
3. Телегей боюнча кластер түзүү.

## Адабият теориясынан

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМАНЫН ТИЛИ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Адабият – сөз өнөрү. Адабий чыгарма сөздөн куралат. Эгер балет бийден, опера ырдан, живопись боёктордон жаралса, көркөм чыгарма сөздөн жаралат. Сөз – бул тил. М. Горький жоокердин куралы мылтык болсо, жазуучунун куралы сөз экендигин айтат. Ал эми ошол сөз жазуучунун тил байлыктарынан улам сөз болуп калат. «Тил – адабияттын биринчи элементи» (М. Горький). «Сөз чыгарманын негизги материалы» (К. Федин). Жазуучу бай тилге ээ болгондо гана анын жазгандарын окурмандары талашып окуйт, эгер андай тили болбосо турмушту образдуу бере албайт, оюн жеткире албайт. Чыгарма жазып атканда автор өз тили менен окуяны баяндап барат, каармандардын сүйлөшүүлөрүн (диалог) жана жеке ой жүгүртүүлөрүн (монолог) берет. Каарманы кайсыл жердин, кайсыл кесиптин адамы экенине, анын мүнөз-сапаттарына, курагына жараша сүйлөтөт. Мына бул сүйлөмдөрдү окуп көргүлө: «Алда уйку ай!.. Чечекейим суурулуп жерге түшчүдөй болуп, башым кеңгирейт. Айла канча, ошондо да бир аяк басуу жок, дикилдеп жүргөнүм жүргөн. Таежем баштап бул үй-бүлөгө тыйынча көрүнбөдү го кызматым. Төбөм менен жер казсам да кымындай жылыта албадым булардын ичин» (С. Өмүрбаев «Телегей»). Мында адамдын абалын, эмоциясын «алда уйку ай» деген сөздөрдө берет. Баштын кандай ооруп жатка-

нын «башым аябай ооруп атат» деп койбой «чечекейим суурулуп жерге түшчүдөй болуп»деп образдуу салыштырып жатат. «Төбө менен жер казуу»деген өтмө маанидеги сөз аябай кызмат кылгандыкты билдирет, чынында адам төбөсү менен жер казбайт, бул өтмө маани, образдуулук.

Көркөм чыгарманын тилин жаратуу үчүн жазуучу элдин тилин пайдаланат, айрым адамдардын сүйлөгөнүн угуп жүрүп, ошолордон үйрөнөт, өздөрү да жаңы сөздөрдү жасайт, тарыхый, архаикалык, диалектилик, кесиптик лексикаларды колдонот, эпитет, метафора, метонимия, гипербола, литота ж. б. троптун түрлөрүн пайдаланат.

***Кырк экинчи сабак***

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ ЖУМУШТАРЫ ЖАЗУУ ИШТЕРИ

1. Өткөн темалар боюнча байланыштуу текст түзүү жумуштары:

а) Калтырылып кеткен сөздөрдү таап, көп чекиттин ордуна жазгыла:

«... үймөлөктөшүп калды»

«Сен ошолордун...».

«Бедел ... үрктүк...».

«Батташкан кирпиги ... туушап, ... караган апам... менин көз жашыман... бейм»

«Бир суунун боюна ... конгон жерибизден кайра ... ... албай... ...».

2. Кыргыз жеринен Кытай жеринде адамдар кантип жеткенин айтып бергиле.

3. Окуган тексттердин ичинен силер үчүн түшүнүксүз болгон сөздөрдү таап жазгыла, алардын маанисин мугалим менен бирге чечмелегиле.

4. Китепте белгиленбеген синоним, антоним, омоним сөздөрдү таап, дептериңерге жазгыла.

5. Бирден кыска аңгеме жазып жана аны талкуулагыла.

6. Бул сөз айкаштары боюнча эссе жазуу: ашуу; жылкы жаныбар; бир ууч талкан; мекенсиз; алыс-алыс жол басып; өлүм менен бет келет; адам баарына чыдайт эмеспи; ал күндөрдү эч ким көрбөсүн.

7. Чакан дил баян жазуу. Төмөнкү темалардан тандап алгыла:

Менин сүйүктүү жазуучум (акыным).
Менин сүйүктүү каарманым.
Кыргыз жеринен эч кимди айырбасын.
Жашоо – күрөш.

### МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Айды этек менен калкалай албайт.

Айдын жарымы – жарык, жарымы – караңгы.

Айдын жарыгында жүргөнчө, күндүн көлөкөсүндө жүр.

Айран сураган – аягын жашырбайт.
Айткандын сөзү, ыйлагандын көзү жаман.
Айтпа, айткандан кийин кайтпа.
Айтып кылган иштин айыбы жок.
Айылды алалык бузат, достукту каралык бузат.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Талааларда таш көппү,
Таш ташыган Ташбай көптү.
Ташын талаадан ташыбай ушу,
Ташбайдыкы өттү.

* * *

Жөрмөлөгөн жөжөлөрдү жөжүрөтпөй,
Жөрмөлөбөгөн жөжөлөрдү жөжүрөткүлө

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Үркүн тууралуу фильм көргүлө.
2. Авторлордун чыгармаларынын темасы жана идеясы, каармандары тууралуу айтып бергиле.
3. Тексттерден туруктуу сөз айкаштарын таап, жазып, маанисин чечмелегиле.
4. Жаңы макал, табышмак, жаңылмачтар ойлоп тапкыла.
5. Кызыктуу аңгеме ойлоп таап, дептериңерге жазгыла.

# УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ТЕМАСЫНАН

*Кырк үчүнчү сабак*

## *АЛЫКУЛ ОСМОНОВ*
## (1915–1950)



1915-жылы 21-мартта Чүйдүн этек жагындагы Панфилов районуна караган Каптал-Арык деген айылда туулган. Жашынан томолой жетим калып, 1925-жылы Пишпек шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат, бир аздан кийин эле Токмок балдар үйүнө которулуп, ал жерде 1928-жылга чейин тарбияланат. 1945-жылы «Махабат» деген жыйнагы чыгып, ошол китебине кирген ырлары, поэмалары аны жаңычыл акын, поэзиябыздын чолпон жылдызы катары көрсөттү. Ал ушул китеби менен кыргыз поэзиясына жаңы үн кошту. Ал мыкты котормочу катары да таанымал.

### НЕГЕ КЕЧИГЕТ?

(*1942-жылдын жазына*)

Эсимде... Бир жолу эмес, нечен ирет,
Бул айда **тоо боорунан гүл терчү** элек.
А быйыл... күн жылыбайт, жер тегиз кар,
Шумдук ай, неге мынча жаз кечигет?

Алда эмне? Алмаштырып сан кылымды.
Өзгөрбөй келе берип ар бир жылы.
Же биздин каршы келип бактыбызга,
Алсырап, жол жүрө албай чарчадыбы?

Анда эмне?.. Жашообуздун негизгиси,
Келатып, бир **кырсыкка кезиктиби**?
Болбосо, үй алдында гүлдөрү аз деп,
Же бизге таарынуунун белгисиби?

**Эл жүдөп**, жан-жаныбар арыктады,
Сулуу жаз бул кандайча сагынтканы?
Болбосо **ак ирени сары болуп,**
Байкоосуз катуу ооруга чалдыкканбы?

Жок, жаным, чарчабаган, таарынбаган...
Жогорку үч себеп тең бирдей жалган.
Эмесе, кечигүүнүн чын себеби
**Немецтин уулуу огунан жараланган.**

Күн нурлуу, кайгы билбейт, күлүп чыгат,
Бир күндө биздин колдон жаз айыгат.
Андан соң жазасы үчүн кек алмай бар,
Күнөөкөр анда кандай айла табат.

## БҮКӨН

Бүкөнтай – **бучук мурун**, үч жашар кыз,
Бир күндө жүз жыгылып, жүз басар кыз.
Аз ыйлайт, **борс-борс күлөт**, көп да күлбөйт,
Кемпирден токсондогу таза сүйлөйт.

Кыргыз да... **ачырканбай** кымыз ичет,
Кучактап уктап калат **бир жилик эт**.
Ар убак абалары «Ырдап кой» дейт,
Бүкөнтай көздү жуумп, ырдап кирет.

«Сагындым, атакем ай, келсе экен», – дейт,
«Ал жеңип, тилегимди берсе экен», – дейт.
Карылар муну укканда жым болушат,
Көзүнөн **жаш чууртуп бурчак-бурчак**.



Анткени үч жыл болду кабар келген,
«Палан күн... палан жерде өлдү», – деген.
Эл үчүн **каза таап жоо огунан,**
Бүкөндүн атакеси кайтпай калган.

## СӨЗДҮК

тоо боорунан гүл терүү
кырсыкка кезигүү
эл жүдөп
ак ирeңи сары болуу
немецтин уулуу огунан жарaлануу
бучук мурун
борс-борс күлүү
ачырканбоо
бир жилик эт
жаш чууртуп бурчак-бурчак
жоо огунан каза табуу

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР


Комуз сынды – ыр жок, көңүл сынды – сыр жок.
Өзөн башы ашуу болот, жардын башы кечүү болот.
Тил баш жарат, жел таш жарат.
Өзүн өзү билет, өтүгүн төргө илет.
Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Күүнүн башы – «Камбаркан»,
Күү чыгарган Камбардан.
Калып келген чалдардын,
Эчен-эчен жандардан.
Арабызда Камбар бар,
Ал Камбарда не кам бар?

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Силер буга чейин Улуу Ата мекендик согуш тууралуу эмнелерди билет элеңер?
2. Эмне үчүн жаз кечигип жатат? Жазды атып коюуга мүмкүнбү?
3. Эки жаз: мурдагы жаздар жана быйылкы 1942-жылдын жазын салыштыргыла?
4. А.Осмонов оюн кандай кылып көрсөтүүдө, эмне үчүн түз айтпайт?
5. Тест: «Бүкөн» деген ырдын текстинде кандай ойду айтуу башкы планга чыгат?
   а) Бүкөндүн канча жашта экендиги
   б) Бүкөндүн эт жегендиги
   в) Бүкөндүн уктап калышы
   г) Жаздын кечигиш себеби
6. Эки ырды салыштырып Венндин диаграммасына жазгыла:



## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Эки ырды тең жаттап келип, сабакта үн кубултуп, кыраaты менен айтып берүү.
2. Эссе жазуу. Темалары: «Согуш жана балдар», «Бүкөндүн ыры».

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ЫРЛАРЫ ТУУРАЛУУ

Силер, балдар, кыргыз элинин эң эле таланттуу акыны Алыкул Осмоновдун эки ыры менен тааныштыңар. Биринчи ыр «Неге кечигет?» деп аталат. Же дагы «1942-жылдын жазына» деген кошумча ат берилет. Демек, чыгармада 1942-жылдын жазы эмне үчүн кечигип жаткандыгы тууралуу акындын ой толгоолору айтылат. Бул жыл Улуу Ата мекендик согуштун жылы болуп, биздин элдин абалы оор эле.

Акын согуштун каарын, азабын башкача бир образдуулук менен берет. Жаздын кечигиши – анын немецтин огунан жараланышы экен. Жаз деген ок тие турган да, жаралана турган да нерсе эмес, бирок акын согуштун катаалдыгын көрсөтүү үчүн аны ок тийип жараланды деп айтып жатат. Бул немецтердин мыкаачылыгын, баскынчылыгын көрсөтүүчү ыкма. Немецтер адамдарды гана өлтүрүп, шаар-кыштактарды гана талкалап койбой, жазды да жаралаптыр. Бул чоң ой, чоң жана терең маани.

Ал эми «Бүкөн» деген ыр он алты гана саптан, төрт куплеттен турат. Акындын чеберчилиги ушунда – ошол он алты сапка бүтүндөй Улуу Ата мекендик согуштун азап-тозогун батырат. Кыргыздын бир айылында өскөн тоолук бир карапайым кыз Бүкөн накта улуттук белгилерге ээ: «бучук мурун», «бир күндө жүз жыгылып, жүз басат», «аз ыйлайт, борс-борс күлөт, көп да күлбөйт, кемпирден токсондогу таза сүйлөйт». Анан да «ачырканбай кымыз ичет, кучактап уктап калат бир жилик эт». Ушул бир кыз карапайым жашоодо күн кечирип келет. Аны ырдап кой дешсе эле:

«Сагындым, атакем ай, келсе экен», – дейт,
«Ал жеңип, тилегимди берсе экен», – дейт.

Эмне деген жөнөкөй ыр, жөнөкөй тилек. Бирок кыздын ошол тилеги эч качан ишке ашпайт. Анткени Бүкөндүн атасы үч жыл мурда эле жоо огунан каза болгон. Акын согуштун таасирин мына ушундайча көрүп, ушундайча айтып берет. Ырдын идеясы, таасири ушунда.

***Кырк төртүнчү сабак***

## *СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ*
### (1925–2016)



1925-жылы 15-майда Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Алай-Куу өрөөнүндөгү Кызыл-Жар кыштагында туулган. 1943-жылы урушка чакырылып, айтылуу панфиловдук 8-гвардиялык дивизияда байланышчы болуп катышат, эки жолу ок тийип, жараланат. Алгачкы ыры «Алдыга жүргүн, кыргыздар!» деген ат менен 1943-жылы «Советтик Кыргызстан» (кийинки «Ала-Тоо») журналына басылат. Чыгармачы-

лыгы согуш майданынан башталган. Анын ошондогу фронттон салган ырлары Кыргызстандын басма сөзүнө байма-бай жарыяланып турган. 1950-жылы «Эмгек күүсү» аттуу биринчи китеби жарык көргөн. Ага 1981-жылы Кыргыз Эл акыны деген ардактуу наам берилген. 1994-жылы жарыяланган ыр менен жазылган «Курманжан датка» романы үчүн 1998-жылы Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлык ыйгарылган. Ал эң жогорку – «Кыргыз Республикасынын Баатыры» наамынын ээси (2007).

## АЛАКАН

Балам мына төшөгүнөн турду бат,
**Моюнумдан кучактады булдурап.**
Алаканын өптүм дагы баламдын,
Тээ согушту ойлоп турдум тунжурап.

... Самак эле менин досум сырдашкан,
Укмуш болчу күлкү менен ыр жактан.
**Ызылдаган октор туна калганда**,
Ыр, күлкүгө бизди бөлөп жыргаткан.
Самак айтты: – Кайда жүрдүң жанатан?
Мына балам! Сен баламды карасаң...
Ал бала эмес. Турду кагаз үстүндө,
**Беш манжалуу кичинекей алакан.**

Самак аны өөп, өөп аптыга,
Улутунду: – Бала кандай жакшына!
Ошол түнү **алакандуу кагазды**
Коюп жатты жаагынын астына.

Далай өөп Самак ошол сүрөттү,
Далай жолу алмаштырдык **түнөктү.**
Бир кыштакка кирип бардык жоо сүрүп,
Дүкүлдөтүп үмүтү зор жүрөктү.

Бир короодо бала турат байлануу,
Бул не шумдук таппай калдык айланы.
Жардам сурап бала колу **эрбеңдеп,**
Бала көзү бизден өтүп жайнады.

Ал баланы биз таң калып карасак,
Баарыбыздан Самак тура **баласаак.**
Наристени бошотууга **байлоодон**
Аттап-буттап чуркап кетип баратат.

Ыйлап турган ал балага таңылып,
Жеткен кезде атасындай сагынып.

Кара түтүн, боз топурак бурк этти
Коюп койгон жоо минасы жарылып.
Андан ары мен айталбай баратам,
Айткан сайын жүрөгүмдү канатам.
Экөө тең жок. Жерде жатты бир гана
**Купкуу болгон** кичинекей алакан...

Кээде түшүп мен торуна санаанын,
Көргөнүмдүн көбүн эске саламын.
Согуш десе көз алдыма көрүнөт.
Ошондогу алаканы баланын...

## СӨЗДҮК

моюнумдан кучактады булдурап
ызылдаган октор туна калганда
беш манжалуу кичинекей алакан
алакандуу кагаз
түнөк
эрбеңдөө
баласаак
байлоо
купкуу болгон

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Куу алган Кушка сын жок.
Куш жаңылса торго түшөт, эр жаңылса колго түшөт.
Куш канаты менен учат, куйругу менен конот.
Куштун алганынан, салганы кызык.
Ойлонбой сүйлөсөң, оорубай өлөсүң.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Боёкчунун боёгунун боздугунан,
Боёкчунун боёк билбес баёолугунан,
Балконумду боёкчунун боёгуна боётпостон,
Боёкчунун боёкторун коротпостон,
Боёктобос боёкчуну бошоттурдум.

* * *

Босогодо босого таяк болбосо,
Босого босогодой болбойбу?
Босого таяктын ордуна башка эле койбойбу?

* * *

Бөжөңдөгөн бөжөктөр,
Бөжөңдөбөй бөлүнгүлө.
Бөлүнбөй бөжөктөсөңөр,
Бөрүлөр бөктөрүшөт,
Бөжөңдөтпөй жеп тынышат.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Тексттин негизинде план түзүү.
2. Тексттин мазмунун ошол план боюнча сүйлөп берүү.
3. Окуя кайсыл мезгилде, кайсыл жерде болгон?
4. Бири-бири менен байланышкан үч алакан тууралуу айтып бергиле?

5. Тест суроолору: Ыр эң негизгиси эмнени көрсөтүүгө багытталган:
   а) алакандын адамга пайдасын;
   б) адамдын акылмандыгын;
   в) согуштун азаптарын;
   г) согушта жеңишке жетүүнүн жолун.
6. Ырга ылайыктап инсерт таблицасын толтургула.

**! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Ырды жаттоо.
2. «Согуштун кесепети» деген темада дил баян жазуу.

## «АЛАКАН» ДЕГЕН ЫР ТУУРАЛУУ

Сооронбай Жусуев жаштык кезин Улуу Ата мекендик согушта өткөргөн. Алгачкы ырларын да ошол майданда жазган. Согуш тууралуу көптөгөн поэмаларды, ырларды жаратты. Согуш темасына ар кыл өңүттөн кайрылды. Бул чыгарма кандайдыр бир даражада акындын өз өмүр баяны менен байланыштуудай. Ушул окуяны өзү көргөндөй айтат. Чындыгында мындай окуялар согушта болбой койбойт. Ошол алаамат жылдардын кайгысын акын бир гана нерсе – баланын алаканына байланыштуу ачып берип жатат. Адам денесинин бир бөлүгү болгон алакан – бейпилдиктин, жашоонун белгиси болсо, анын адам денесинен бөлүнүп үзүлүп түшүшү – согуштун белгиси. Ырдагы Самат баланы сүйгөн, бала үчүн жанын берүүгө даяр каарман. Ошол Саматтай адамдар бар үчүн совет эли согушта жеңишке жетишти.

*Кырк бешинчи сабак*

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**

1) Улуу Ата мекендик согуш тууралуу менин уккандарым, билгендерим.
2) Мекенди коргоочулар – биздин аталар.
3) Менин сүйүктүү акыным.
4) Алыкул Осмонов – таланттуу акын.
5) Ал биздин замандашыбыз.
6) Эмгек менен элди гүлдөтөбүз.
7) Кыргыз жеринин байлыктары.
8) Жалаң бир гана тамга (мисалы, с) менен башталган сөздөрдөн турган сүйлөмдөр менен дил баян жазуу.
9) Терезеден көрүп турган нерселерди сүрөттөп дил баян жазуу.

**Тапшырмалар:** Бүгүн эрте менен мектепке келе жатып көргөн нерселерди элестетип дил баян жазуу, аны жалпы класста талкуулоо.

Кечинде телевизордон көргөн нерселериң тууралуу ойлоруңду жаз.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

*Кырк алтынчы сабак*

## *ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ*

# АТАДАН КАЛГАН ТУЯК

(*Аңгемеден үзүндү*)

**Кашарда...**

Күндөрдүн биринде чоң **кашарга көчмө кинонун** машинасы келип калса болобу. Аны элден мурун эле Авалбек көрүп, өпкөсү жарылып кете жаздап:

– Кино келди! Тигинекей кино келди! – деп балдардан мурда озунуп, **кыркынчыларга** кабар салды.

Кино жумуштан кийин башталды. Ошого чейин эч бир чыдамы жетпей, күн кеч кирбей качан эми деп – зарыкты, думукту. Качан болот деп кыңкылдап, энесин да тажатып бүтүрдү. Ушунусуна жараша кино анын тилегин ойдогудай орундатты.

КИНО – СОГУШ ЖӨНҮНДӨ ЭКЕН

Кашардын дубалына илинген аппак кездеменин үстүндө кым-куут салгылашуу жайнап жатып калды. Замбирек снаряддары жер челип, кулак тундура жарылып, удаа-удаа асманга ышкырына сызылган ракеталар түн караңгысын бир оокумга ийне көрүнчүдөй жап-жарык тутандыра, боортоктоп жылган **чалгынчылар** жаткан жерин кулачтай селейип, кара түн, кара жер, кара асман астын-үстүн чатышып, сапырылып жатты. Ал эми пулеметтор жаакташа тытырап ок жаадырчы болсо – баланын жүрөгү алып учуп, аптыккан деми колкосуна тыгылат. Мына согуш деп ушуну айт! Мына согуш десе!

Замбирекчилер жети-сегиз адам экен. Арасында кебете-иреңи кыргызга окшогон бирөө (а балким, ал тек гана кандаш элдерден чыгар), экранда улам көрсөтүлүп көзгө жылуу учурай берди. Атам экен деп бала аны эч убакта ойлобос беле, мындай ишти өзү капарына да албас беле... кандай десе болот... Энеси. Баарын энеси кылды.

- Тигиногу сенин атаң,– деп койду ал бир убакытта, баланын кулагына шыбырап.

Ушундан баштап жанагы замбирекчи Авалбектин атасы болду. Ушундан баштап кино анын атасы жөнүндөгү киного айланды. **Совхоздо** эле жүргөн жигиттер курдуу атасы жапжаш неме экен. Тыгырчыгынан келген, тоголок жүздүү, курч тиктеген көздөрү, көө, кир болгон бетинде жалт-жалт этип чагылат. Бала анын ачуулуу кабак-кашын, кашкайган тиштерин, башындагы темир каскасын, ыйыгындагы погондорун – баарын тең байкап отурду. Атасы мышыктай чапчаң экенине да баа берди. Мына азыр эле замбиректин дөңгөлөгүн карысына сала

тирей берип, өзү артына чап кайрылып, алда кимге катуу кыйкырды: «Снаряддарды токтотпогула! Тез! Тез!»

- Апа, менин атам ушубу? – деди бала.

Жээнгүл түшүнө бербей:

- Тынч отур. Алаксытпа,– деп койду.

- Менин атам дебедиңби өзүң.

- Ийи ошол. Жөн отурчу деги. Кишилер урушат.

Аттиң десе, эмне үчүн ушинтип айтты болду экен? Көңүлү миң бөлүнүп, согушта мерт болгон теңин эстеп, ошого кайра күйүп, кайра санааркап, оозунан кокус чыгып кетти бекен? Же анчейин эле кайдыгер сүйлөп койду бекен? Же алда кандай кылт эткен оюна алданып, «Тигиногу сенин атаң» дегени, атасы аскерге кеткенде боюнда калып, дүйнөгө көз жарганы, ата дегенди билбеген, укпаган чунак бала кинодон көрүп болсо да элестетип жүрсүн дегениби?

Мына эми ал да аталуу болуп чыкты. Энеси: «Тигиногу сенин атаң»,– дегенден бери, экрандагы солдат анын атасы болду. Ушуга эч шек койбой ишенип, бала атасына чын дили менен жан тартып эреркеп отурду. Мурда билип көрбөгөн аталуу балалыктын даамын ал эми оозанды. Атасынын бардык жүргөн-турганын жактырып ичи элжиреп, аны үйдөгү айнектин астында илинип турган өз атасынын сүрөтүнө айнытпай окшоштуруп жатты. Мурду, кашы, көзү – бүт эле өзү…

Жан ынтаасы менен тигиле, баланын азыр карап отурганын билгендей, анын атасы да кинодогу учкундай кыска өмүрүндө, өзүн эч убакта эстен кеткистей кийин баласы сыймыктана тургандай жоокер кайратын **кан майданда**, эл алдында көрсөттү. Авалбек согуштун оюнчук эмес экенин эми сезди, окко учкан адамдын кулаганы тамаша эмес экенине да көзү жетти. Жоонун түрү каардуу, айбаттуу болуп бара жатты. Азыр эле тапкан атасы кантер экен деп, мына ошондо жакын кишиси үчүн мурда баштан өтпөгөн коркунуч туулуп, ал коркунуч баланын жүрөгүн камады.

Киноаппарат чыртылдап, согуш жүрө берди. Нары жакта каптап келе жаткан кылка танкалар көрүндү. Шакылдаган чоюн каз тамандары удургута топурак шилеп, ок атар тумшуктары алдыга сунулуп, өңгүл-дөңгүл аңызда өйдө-төмөн килеңдеп, болот кийген кара күчтүн күркүрөп келе жатканы сүрдүү да, шаңдуу да. Танкалар көтөргөн чаң алардын артынан ээрчип, кайнап келе жатты. А биздин үркөрдөй болгон топ аскер жалгыз замбирегин сүйрөшүп, ал кезде сай кырына чыгууга жакын калышкан. Аз эле жер калган экен. Аны көрүп Авалбектин дити качып: «Ата, бол эртерээк! Бол. Биртике эле калды. Биртике эле. Карачы танкалар келе жатат. Танкалар!» – деп атасын шаштырып сүрөп жатты.

Мына замбирек да кырга чыкты. Замбирекчилер аны майда бадалдын четине бура тартышып, танкалардын жолун тороп, ок ата башташты. Бир аздан соң танкалар да ок кайрышты. Алар көп экен. Танкалардын суук түрүнөн үрөй учат…



Атышуу кызыды. Өз кыялында Авалбек атасы менен кошо өрт жалынды аралап, салгылашууда жүргөнсүп жатты. Немецтин танкалары кара түтүнгө чулганып, каз тамандары быркырап, эки көзү оюлган дөөдөй албууттанып, ордунан жылбай калганда, энесинин алдына отурган бала кубанганынан тыбырчылап, туйлап жатты. Ал эми биздин замбирекчилер жарылган снаряддардын сыныгы тийип жыгылганда, бала боюн жыйрып, томсоруп калып отурду. Замбирекчилер четинен кулап, азая берди. Эненин бети ысык жашка нымданып, күйүп чыкты.

А СӨЗДҮК

кашар
көчмө кино
кыркынчы
чалгынчылар
совхоз
кан майдан

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Эне сыйлаган элине жагат.
Эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада.
Энени көрүп кыз өсөт, атаны көрүп уул өсөт.
«Балам бар» деп мактанба, топто бирөө жок болсо, «атам бар» деп мактанба, атаң санда жок болсо.
Балаң пайдалуу болсо аштыгың айдалуу.
Энеге баланын алалыгы жок.
Энеге жакканың – балалык, элге жакканың – адамдык.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Кийикчинин кийикке келип кейигенин көрүп,
Кейикчээлдин кешпирине кейий берип,
Билбей калдык кайберендин этин кандайча жедик?
***
Жоргологон жоргонун жорткону неси,
Жоргологон жорго жолдо чын эле жортот дечи,
Жоргологон жоргонун жолунан чыкпагылачы дечи?

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Силер кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматов тууралуу эмнелерди билесиңер?
2. Авалбек көчмө кинонун келишин кандай кабыл алды?
3. Кино коюу кантип, кайсыл жерге даярдалды?
4. Кинодо согуш окуясы кандайча көрсөтүлдү?
5. Согуштук терминдерди атагыла?
6. Авалбек «атасын» кантип тапты?
7. Жээнгүл жана анын ички дүйнөсү.
8. Авалбектин кино көрүп жаткан мезгилиндеги абалын сүрөттөп айтып бергиле.
9. Авалбектин «атасына» кластер түзгүлө.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. «Атадан калган туяк» аңгемесинин негизинде «Авалбек жана атасы» деген темада эссе жазуу
2. Чыгарманы автордун же артисттердин аткаруусунда (көркөм окуусунда) угуу.

***Кырк жетинчи сабак***

# АТАДАН КАЛГАН ТУЯК

(*Аңгемеден үзүндүнүн уландысы*)

### Авалбектин атасы

Киноаппарат бир үндө чыртылдап, согуш жүрүп жатты. Кармашуу күчөгөндөн күчөдү. Танкалар улам жакындап сүрүп келе берди. Замбиректин калканына далдаланып Авалбектин атасы телефондун трубкасын кош колдоп, алда-эмнелерди заардуу кыйкырып, бакырып жатты. Бирок анын эмне деп жатканы бул **алааматта** кулакка илешпейт. Балким, ал жардам сурап жаткандыр, балким, жардамга келчү замбиректер мына-мына жетип да келишер, согушта кандай деп болот... Аңгыча дагы бир солдат замбирек четинде жалп этти. Мүдүрүлүп кайра турууга умтулуп, жүз төмөнүнөн жерге жыгылды. Замбиректин жанында эми эки эле киши калды. Авалбектин атасы менен дагы бир солдат. Алар замбиректи токтолбой октоп, бир жолу, анан эки кайтара атууга үлгүрдү. Танкалар аларды кысмакка алды. Замбиректин тушуна жана бир снаряд келип жарылды эле, топурак, таш, кесектерди абага омкоро бүркүп, заң этти. Жерден эми бир гана замбирекчи өйдө турду. Ал Авалбектин атасы: Замбирекке жулуна жетип, өзү дүрмөттөп, өзү мээлеп, өзү атты. Бул анын акыркы атышы болду. Жана да келип тийген снаряд, замбиректи талкалап жайлады.

Кан жайылган бир жак ныптасын кармана, Авалбектин атасы теңселип жерден зорго турду. Үстүндөгү кийими түлөп, зааркантткан түрү бир шумдук. Жакындап келе жаткан танканы көздөй гранатаны колго алып, ал тайманбай бет алды. Алдан тайып, кансырап, жыгылып кете жаздап, Авалбектин атасы гранатаны шилтөөгө камданып, бир оокумга кулачын кере туруп калды. Экран анын бул көрүнүшүн көз алдыга жүгүртүп алып келип такады. Өлүмгө баш койгон жоо-

кердин айбат чачкан ажарынан, жалтанбас кудуретинен, «токто фашист!» – деген таш жарган бакырыгынан кино көрүп отургандар дүр дей түштү.

Жээнгүл баланын колун бекем мыкчып жиберди. Бала атасына жетүүгө умтулуп, атасын көздөй жулунду. Дал ошол учурда танканын пулемет атар оозунан шалактаган ок төгүлүп, Авалбектин атасы кыйган **теректей** сулады. Ал эки-үч ала-сала оодарылып, туруугa жүткүнүп, анан чалкадан түшүп, эки колун эки жагына таштап жатып калды...

Киноаппарат токтоду, согуш да үзүлдү. Бул бир бөлүктүн аягы эле. Жаңы лентаны аппаратка коюш үчүн киномеханик электрди күйгүзө салды. Кашардын ичи жапжарык боло түшүп, отургандар көздөрүн жумуп, алакан менен басып, кинонун дүйнөсүнөн, согуштун майданынан өз дүйнөсүнө, азыркы өз абалына кайтышты. Ушинтип ал эсин жыялекте кимдир бирөөнүн сүйүнүчтүү кыйкырыгы тынчтыкты жарды:

- Балдар менин атамдын өлгөнүн көрдүңөрбү? Ал менин атам болчу! Көрдүңөрбү, менин атам...

Кишилер жапырт кайрылып эмне болуп кеткенин андабай айраңтаң болушту.

- Силер көргөн жоксуңарбы, ошол менин атам болчу! Аны пулемет менен атпадыбы, ал өлбөдүбү! – деп, кишилер унчукпаган сайын күчөп, алардын үн катпаганына ызаланып, булар эмне үчүн менин атамды жактырышпайт, эмне үчүн аны макташпайт деген ой менен кайта-кайта: «Ал өлбөдүбү! Ал өлбөдүбү!» – деп жатты.

Кино көрүп жаткан балдарга кинодогу атасын туурап берип жаткан Абалбек.

Кимдир бирөө жактырбагандай чырт этти:

- Тек, антип айтпа, оозуңа таш!

- Ал эмнеси экен! – деди анда ары жактан мойнун созгон чал. – Эмнеси бар экен. Атасы согушта **ноопат** болгону жалган беле? – анан унчукпай калып, ылдый карап кобурады: – Атасы эмей, атасы да...

**Ал кимдин атасы?**

Ошондо мектепте окуп калган балдардын бири чындыкты бетке айтты:

- Ал сенин атаң эмес. Эмне кыйкырасың? Түк да сенин атаң эмес, ал артист. Ишенбесең, тигиногу киночунун өзүнөн сура.

Иштин жайын сезе калган эстүү-баштуулар атасыз баланын жасап алган таттуу да, ачуу да алданмасын бүлдүргүсү келбей, жок, ал сенин атаң эмес, башка дегенге оолдору барбай, балдардын талашына аралашпады. Кантсе да чындыкты кино алып келген чоочун жигит өзү айтсын дегенчелик кылып, баары тең **киномеханикке** бет алып, күтүп калышты. Тигил да кийлигишпеди. Аппаратын ондомуш болуп жатты.

– Жок, ал менин атам болчу, менин атам! – дей берди ызага туталанган Авалбек.

– Кайсынысы эле сенин атаӊ? Айтчы, кайсынысы эле? – деп алиги окуучу бала да тилин тартпады.

– Сен көргөн жоксуӊбу? Менин атам гранатты алып танкага минтип... Анан минтип жыгылбадыбы! – Авалбек боюн жерге таштап, атасынын кандайча окко учканын көрсөттү. Дал өзүндөй келтирип, эки-үч ала-сала оодарылып, анан чалкадан түшүп, экрандын алдында эки колун эки жакка таштап, өлгөн жоокердей жатып калды. Отургандар айласыздан дуу жарылып жиберди:

– Ой бул артист турбайбы!

– Ой жоругуӊ түшкүр!..

Бирок Авалбек күлгөн жок. Былк этпей, баатыр атасынын кейпин кийгендей, ошол калыбында экрандын бери четинде сулап жатты.

Күлкү тыйыла калып, кашардын ичин дагы да **жүрөк өйүткөн** дым басты.

– Э, Жээнгүл,– деди баягы «тообалап» кино көргөн аял. Анын үнү каргылданып, титиреди. – Эмне шал болуп отурасыӊ? Карабайсыӊбы тетиги балаӊы!

Эми элдин баары Жээнгүл жакка бурулду. Анын көзүнө жаш алып, унчукпай эрдин бек кымтып, түз басканын узата караšты. Жээнгүл баланын жанына келди да, аны өйдө тургузуп:

– Жүр, балам, жүрөгой. Ошол сенин атаӊ,– деп акырын айтып, аны колунан жетелеп тышка чыгып кетти.










## СӨЗДҮК

алаамат
терек
ноопат
киномеханик
жүрөк өйүтүү

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Эне элжиресе – өпкө-боорун чабат,
баласы акылдуу болсо – ысык мээрим табат.

Эр азыгы – элден, бөрү азыгы – жолдон.
Чабал өрдөк мурда учат.
Чабандын иши – чатак иш.
Чала молдо дин бузат.
Үнүң жетпес жерге кыйкырба, үйүңдү тикпес жерди шыпырба.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Мергендин тергенин кара,
Терилген мергендин ууларын сана
Терилген ууларын мерген,
Терисин береби сага
Тең бөлүп береби мага?

* * *

Бийиктеги кийиктин кыйыктыгын кара,
Кыйык кийиктин бийиктигин кара.
Бийиктеги кыйык кийик келмек беле сага,
Келбеген бийиктеги кыйык кийикке бара кал анда.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Атадан калган туяк» деген сөздүн маанисин чечмелегиле.
2. Авалбектин кайгысына ким айыптуу?
3. «Бала атасын кинодон көрдү» деген темада дил баян жазуу.
4. Эне жана бала, алардын турмушундагы атанын орду.
5. Атасыз өткөн балалык.
6. Бала дүйнөсүнүн баёолугу, баланын трагедиясы.
7. Жазуучунун тил байлыктарына, монологдор жана диалогдоруна талдоо жүргүзгүлө.
8. Жупта иштөө. Төмөнкү ырастоолордун туурасын же катасын жазгыла:

| Ырастоолор | Туура | Ката |
|---|---|---|
| Бала атадан калган туяк эмес эле | | |
| Авалбек чын эле атасын кинодон көрду | | |
| Бала ошол менин атам деп өмүр бою ишенип өтөт | | |
| Бала атадан калган туяк эле | | |

9. Авалбектин адамдар менен диалогу.

10. Таблица толтуруу:

| № | Каармандар | Каармандарга баа берүү | Тексттен мисалдар |
|---|---|---|---|
| 1. | Авалбек | | |
| 2. | Жээнгүл | | |
| 3. | Кинодогу киши | | |

11. Чыгарманы ролдоштуруп окуу.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Аңгеме боюнча тартылган иллюстрацияларды чогултуу, алардын негизинде дил баян жазуу.
2. Аңгемени толук окуп чыгуу.
3. «Ата жана бала» деген темада эссе жазуу.

## «АТАДАН КАЛГАН ТУЯК» ТУУРАЛУУ

Ч. Айтматовдун чыгармаларынын ичинде бул чыгармасы чакан аңгеме катары эсептелет. Анын идеясы – согуштун бир үй-бүлөгө, анын ичинде жаш балага тийгизген таасирин көрсөтүү.

Окуя согуштан кийин кыргыздын бир айылында өтөт. Согуш бүткөн. Ал жактан тирүү калгандар айылдарына келип, турмуш кайра өз нугу менен башталган. Көрсө согуш Авалбек үчүн бүтпөптүр. Анын жүрөгүндө, дилинде согушка кеткен атасын сагынуу, кусалануу жашап жатыптыр. Аны чыгара албай жүрүптүр. Ошол букту, сагынычты чыгарууга кино түрткү берди. Адатта, кинодо ролдорду актёрлор аткарат. Авалбек ага ишенбейт. Ошол бир актёрду актёр дебей атам деп алат. Автор үчүн кино согуш трагедиясын көрсөтүүнүн бир ыкмасы болгон. Бекеринен жазуучу аңгемесин «Атадан калган туяк» атабаптыр. Авалбек атасынан калган жалгыз эркек бала экен. Аңгемени окуп жатып Авалбекти ушул абалга алып келген немецтерди күнөөлөп, аларга наалат айтабыз.

### Адабият теориясынан

## АҢГЕМЕ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**Аңгеме** – эпикалык текке кирүүчү, көлөмү чакан, кара сөз түрүндөгү чыгарма. Аны повесть, роман менен салыштырып түшүнүү керек. Алардын өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөрдөн көрүнөт: 1) көлөмүнүн чакандыгынан. Дал ушунусуна карай аңгеме кичи жанр делет. Бирок чакан гана көлөмгө бир залкар ойлор сыйдырылат. 2) композициялык түзүлүшүнөн. Аңгеменин композициялык түзүлүшү өтө тез өнүгүп-өсүп, окуялар бат алмашат; 3) каармандарынын аздыгынан. Адатта аңгемеде каармандар аз санда (бирөө, экөө, үчөө) болот да, алардын белгилүү бир учурдагы аракеттери гана сүрөттөлүп, каармандардын образы көп деталда көрсөтүлбөстөн, аз гана деталдарда ачылат.

*Кырк сегизинчи сабак*

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**

1) Мен билген, мен уккан согуш.

2) Баарынан кымбат бала алаканы (С. Жусуевдин «Алакан» деген ырынын мисалдында).

3) Авалбек жана кинодогу киши.

4) Болбосун согуш! Болбосун!

5) Мен билген согуш ардагери.

6) Менин кичи Мекеним.

7) Адам көркү – жүрүш-турушта.

Жалаң бир гана тамга (мисалы, *и*) менен башталган сөздөрдөн турган сүйлөмдөр менен дил баян жазуу.

Терезеден көрүп турган нерселерди сүрөттөп дил баян жазуу.

**Тапшырмалар:** Бүгүн эрте менен мектепке келе жатып көргөн нерселерди элестетип дил баян жазуу, аны жалпы класста талкуулоо.

Телевизордон көргөн нерселериң тууралуу ойлоруңду жаз.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

*Кырк тогузунчу сабак*

## КАРАГУЛ БОТОМ

(*Элдик чыгарма*)

**1-тыным:** Ашыраалы Айталиевдин аткаруусундагы «Карагул ботом» дастанын угуу (Интернетти же аудиокитепти пайдалануу менен)

Илгери Тумаш деген бир мерген болот. Анын беш уул баласынан жалгыз баласы калат. Анын аты – Карагул. Бир күнү ошол мерген мылтыгын көтөрүп тоого чыгып кетет. Атама барамын деп Карагул ыйласа, апасы бир аз **какыс-кукус** кылып коёт. Бала энесине таарынып, атасын издеп чыгат. Бир топ барат. Акыры чарчап, талыкшып арчанын түбүнө уктап калган Карагулду **жолу болбой келе жаткан** мергенчи эликтин баласы экен деп атып салат. Барып караса, өзүнүн баласы экен, баласынын сөөгүн алып минтип арманын боздоп айтат:

- Ушул беле көрөрүм, ботом,
Кыска беле өмүрүң, ботом.
Эрмегим сенден айрылып,
Эмне болот көрөрүм, ботом.
Эркелик менен эригип, ботом,
Кой десе болбой жөнөдүң, ботом.
Адырда аркар жатканда, ботом,
Аңдып барып атканда, ботом,
Алыска кетчү куу мылтык, ботом.
Менин ардагыма түз тийип, ботом,
Айылымды таппай курудум, ботом.
Менин жетимиме түз тийип, ботом,
Жетимиш жаштан ашканда, ботом,
Менин желегиме түз тийдиң, ботом,
**Желегим өлүп ич күйдүм**, ботом.
**Балдыркандын** бар ойлоп,
Бала деп билбей чала ойлоп,
Балалуу элик деп ойлоп,
**Бараңдан** сага ок койдум, ботом.
Мергендигим карачы,
Атып салдым баламды ай, ботом.
Апаң менен жеңе,
Аркама салып барамбы, ботом.
Жалгызым сенден айрылып,
Жарык күн болду караңгы ай, ботом.
Бешөөнөн бирдей ажырап,
**Какбаш чал** болуп каламбы ай, ботом.

Экөө айтышып жүрүп доодо өлдү, ботом,
Экөө атышып жүрүп жоодо өлдү, ботом.
Как баштын колу түзүнөн,
Карагул байкуш тоодо өлдү, ботом.
Ак бараң мылтык эгемби, ботом,
Атканда көрдүм сени да, ботом.
**Аңтара элик терисин**, ботом,
Апаң кийгизиптир тонуңду, ботом.
Качып келип сен жатып, ботом,
Катырдың менин шорумду, ботом.
Турчу элең чуркап жолумду тосуп,
Келчү элең бер деп колуңду созуп.
Айтпай келип артымдан
Атаңды койдуң боздотуп, ботом.
**Торпунун жолун торполоп**, ботом,
Атамды тосом дедиңби, ботом.
Алдымдан ойноп эркелеп,
Бышырган бөйрөк, жүрөгүн
Берет деп жолго токтойсуң.
Мен кара жолтой как башты
Келет деп күткөн окшойсуң.
Эртеден бери кыдырып,
Эчтеме таппай кайрылдым, ботом.
Элик деп атсам бала экен,
Эрмегим, сенден айрылдым, ботом.
Өзүмдүн кылган ишиме
Өксүдүм, өзүм кайгырдым, ботом.
**Чыйырчык боздон кийипсиң**, ботом,
Чырпыктын башын ийипсиң, ботом.
Чын келер атам жолу деп,
Чын кайгы башка үйүпсүң, ботом.
Чырпыгым сенден ажырап,
Чыркырап ыйлап күйүктүм, ботом.
Бешөөнөн калган бир жалгыз,
Чынары элең бийиктин.
Каргышына калгамбы,
Кайберен, теке, кийиктин, ботом.
Күтсөм бир атам келер деп,
Көлөкөлөп жатыпсың, ботом.
Жалбырак үзүп, таш жыйнап,
Көп кызыкка батыпсың, ботом.
Атамдын жолун тосом деп,
Апаңа болбой качыпсың.
Айыл кайда, мен кайда
Аябай узак басыпсың.

Өлүмгө жетпей өксөгүн
Өлгөнүңчө шашыпсың, ботом.
Эчкисин аттым эгизден,
**Серкесин** аттым семизден.
Ажалың менден экен да,
Айланайын периштем.
Короодон аттым кулжасын,
Кубалай келип артымдан
Куураган какбаш дедирдиң.
Арык деп эч ким атпаган
Бастырып ийдим маралын.
Байкабай элик экен деп,
Башын жедим баламдын, ботом.
**Кара канын чууртуп**
Кантип үйгө барамын, ботом.
Атаны арман күн болду,
Карып калган атакең
Кара жер менен тең болду.
Букасын башын бургузбай,
Жуушаган жерден тургузбай,
Бугусун койбой көп аттым,
Булчуң эттен моюндан
Бузуп тийсин деп аттым.
Каргышы ката болбостон,
Каралдым жалгыз сени аттым.
Кайберен этин тууратты ң,
Карыганда атаңды
Көк жыгачтай куураттың.
Оо, Карагул жалгызым, ботом,
Жашында кеттиң байкушум, ботом.
Бурчтан түтүн булаттым, ботом,
Бугунун этин тууратты ң, ботом,
**Мусапыр** кылып куураттың, ботом.
Капталдан улап карасам,
Кара улак дедим кара сан.
Эликче бугуп жатыпсың,
Эңкейип, өңүп карасам.
Кара канын чууртуп,
Каруугa салып баратам.
Эликтин этин жедирдиң, ботом,
Элиме как баш дедирдиң, ботом,
**Өлсөм турпак саларым**, ботом,
**Өксүсөм колдон аларым**, ботом.
Атып алдым сени деп,
Апаңа кантип барамын, ботом.



Кара бет эжең чыркырап,
Канакей десе бөбөгүм,
Кандайча жооп табамын.
Ой, Карагул, чырагым,
**Ойронум чыккан убагым.**
Ордуңду сыйпап турамын, ботом.
Улгайып калган кезимде,
Үшкүрүк тартып куурадым.
Түбүнөн сынды чырпыгым, ботом,
Түтүндө калды мылтыгым, ботом,
Уча элек темир канаттуу
Өзөндөн учтуң чымчыгым, ботом.

A СӨЗДҮК

какус-кукус кылып коюу
жолу болбой келе жаткан
желегим өлүп ич күйдүм
балдыркан
бараң
какбаш чал
аңтара элик терисин
торпунун жолун торполоп
чыйырчык боздон кийипсиң
серке
кара канын чууртуу
мусапыр
өлсөм турпак саларым
өксүсөм колдон аларым
ойронум чыккан убагым

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Жата берсе, ат арыйт, жүрө берсе, жол арбыйт.
Жазгы суук жандан өтөт.
Керектүү таштын ордугу жок.
Ай талаада аткан ок ажалдууга тиет.

## ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Кыргыз эли колдонгон ар кандай нерселердин пирлери (колдоочулары):

1. Адамзаттыкы – Адам Ата
2. Азиздики – Корошон ата
3. Акылдыкы – Шайык баба
4. Акындыкы – Секелек сары кыз, Асан шайыр
5. Алгыр куштардыкы – Алп кара куш, же Буудайык, Чегир баян
6. Аңчылыктыкы – Куланчы
7. Асмандыкы, көктүкү – Көкө теңир
8. Аялзаттыкы, наристеники – Умай Эне
9. Бакшыныкы – Ак тайлак (Ак тайлак-Коркут деп да айтылат)
10. Бакыттыкы – Дөөлөт куш; Кыдыр Илияз
11. Баланыкы – Умай-Эне
12. Булут, чагылгандыкы – Чагыл хан
13. Дарактыкы – Чынар терек, байтерек
14. Дыйкандыкы – Баба дыйкан
15. Дыйканчылыктыкы – Боз кептер
16. Жакшылыктыкы, ак жолдуку – Кыдыр Ата (Кызыр)
17. Жамандыктыкы, кара жолтойлуктуку – Жез тырмак (Желмогуз)
18. Жамгырдыкы – Күлдүр ата
19. Жердики – Жер Эне
20. Жигиттики – Шаймерден
21. Жолдуку – Жоломан
22. Жоокерчиликтики, баатырдыктыкы – Кырк чилтен
23. Жыландыкы – Шаамаран
24. Жылдыздыкы – Үркөр Ата
25. Жылкыныкы – Камбар Ата
26. Жырткычтыкы – Баян жабыр
27. Иттин пири – Кумайык
28. Казан-аяктыкы, үй тиричилигиники – Бүбү Батма
29. Калктыкы – калкаман
30. Кийиктики – Ак байбиче же Кайберен
31. Койдуку – Чолпон-Ата
32. Күлүк аттыкы – Дулдул
33. Күлүк төөнүкү – Желмаян
34. Кумурсканыкы – Кумпа Баян
35. Кумурсканыкы – Алтай
36. Күндүкү – Күн теңир
37. Курттуку – Кара Чаян
38. Кыздыкы – Арзыкан
39. Кыргыздыкы – Кыргыз Ата

40. Малдын пири – Малабай,
41. Намыстыкы – Ак бугу
42. Оюндуку – Ордо кыз
43. Сооданыкы – Имам Мазам
44. Сүйүүнүкү – Жусуп менен Зулайка (Секелек сары кыз деп да айтылат)
45. Сууктуку – Аяз Ата, Чилде Баба
46. Суунуку – Сулайман (Сувай)
47. Суурдуку – Солтон Мерген
48. Табыптыкы – Улукман, Улукман аким
49. Тамдыкы, дубалдыкы, топурактыгы – Ибрагим Халилулла
50. Темирдики – Ак бугу (Дөөтү)
51. Тоонуку – Тастар Ата (Өтүкан)
52. Топоздуку – Ак Мүйүз
53. Төөнүкү – Ойсул Ата
54. Уйдуку – Заңги Баба же Заңги Ата, Үзөңгү Баба
55. Үндүкү – Камбаркан, Камбар Ата
56. Устачылыктыкы, темирдики – Дөөтү Ата, Төөкөр уста Бөлөкбай
57. Чегиртkenики – Черте Баян
58. Чечектики (ooру) – Коросон ата
59. Чилденики – Кырдач
60. Чүкөнүкү – Кара чеке (Какчеке)
61. Чычкандыкы – Чие Ата
62. Шамалдыкы – Жел кайып, Айдар
63. Ыр-күүнүкү – Коркут ата
64. Эгиндики – Баба Дыйкан
65. Элдики – Элеман
66. Эмчи-домчулуктуку – Коросон Ата
67. Эчкиники – Шыйпаң Ата, же Чычаң Ата, же Шыбар Ата ж. б.

## ❓ СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Карагул ботом» деген ырдын ар кандай варианттарын уккула, «Карагул ботом» деген фильмди көргүлө жана аларды текст менен салыштыргыла.
2. Карагулду атасы эмне үчүн «Өлсөм турпак саларым, ботом, өксүсөм колдон ала-рым, ботом» деп атат?
3. Атанын кайгысы кандай сөздөр менен берилет?
4. Карагулдун өлүмүнө эмне себеп болду:
   а) Апасынын какыс-кукус кылышы; б) Атасынын жолдуу болбой келе жатканы
   в) Карагулдун элик терсин аңтара кийип алгандыгы
   г) Мергендин кайберендердин каргышына калгандыгы.
5. Төмөнкү сөздөрдүн маанилерин чечмелөө:

| Сөздөр | Маанилери |
|---|---|
| какыс-кукус | |
| жолу болбой | |
| как баш | |
| жаш кеттиң | |
| кара бет | |

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Карагул ботом тууралуу видеотасманын негизинде слайд жасоо.
2. Тексттен үзүндү жаттоо жана аны А.Айталиевдин обонуна салып аткаруу.
3. Ата-энеңер менен бирге төмөнкү сөздөрдүн маанисин чечмелегиле: «оңко тургузуу», «колдоочусу», «кайберен», «шиши толгон».
4. Мерген деген сөзгө синквеин түзүп дептериңерге жазгыла.







## *ААЛЫ ТОКОМБАЕВ*

### АЙ НУРУНДА КЫШКЫ ТҮН

Ай нурунда кышкы түн,
Айран төгүп койгондой.
**Жаңырыксыз** токой-чер
Уктап жатат ойгонбой.



Менменсинген карагай –
Пейли кенен чалдардай.
Кар жамынган **чегедек**
Ак тон кийген балдардай.

### ЖАЙКЫ ТАҢДА

**Таң кашкайды**, мен турдум,
Көрөйүн деп көлүмдү.
Чар тарапты бир карап
Көркkө көңүл бөлүндү:
Коргон жасап койгондой
Ак чач тоолор көрүндү.

Бир-бирине жөлөнүп
Эрмектешип жаткандай,
Менменсинген чокулар
Көккө барып баскандай.
Чексиз асман кара көк
Көк сыр менен жапкандай.

**Алтын көзү асмандын**
Уктагансыйт ойгонбой.
**Азуулардай аскалуу**
Төр магдырайт тойгондой.

Таң тамылжып, көк жүзү
Жылмайгандай көрүндү.
Ойгонгонсуп кең дүйнө
Чыгыш нурга чөмүлдү.
Тил жетпеген жайкы таң
Көкөлөттү көңүлдү.

Алгым келет кучактап
Бүт дүйнөнү койнума.
Баскым келди көтөрүп,
Сүрөттөрүн мойнума.
**Кангым келди турмуштун**
**Суктандырган ойнуна.**

Тамылжыган күн нуру
Кучактады тоолорду.
Бийик кылып көрсөттү
Көлөкөсү **коолорду.**
**Чайкагансып алтынга**
Жаркыратты зоолорду.

Көлүм көпкөк, жер жашыл
Кеште, сайма болгондой.
Кызыл макмал кызгалдак
Кыраң өрткө толгондой.
Жашыл нооту жамынып,
Белес жатат ойгонбой.



Кандай акын бул жерди
Бүт сүрөттөп айта алат.

Жибек желге тор талаа
Ойку-кайкы чайпалат.
**Ыксыраган эгиндер**
**Зумуруддай** байкалат.

Шылдыр булак сымаптай
Таштан ташка туйлаган.
Өргүбөстөн телмирип,
Кылым байлап ыйлаган.
Сүйлөгөнсүйт: «Сырымды
Кандай жүрөк туйбаган!»

Өрттөгөнсүп асманды
Көтөрүлдү күн дагы.
Туш-туш жактан көбөйдү
Чой-чойлогон үн дагы.
Шүүдүрүмдү тамызып
Көркүн ачты гүл дагы.

**Мекшейишкен** серкелер
Кулак-башын кашышты.
«Жүргүн мындай»– дегенсип,
Төшкө карай басышты.
Ойноп жаткан улактар
Чыйрыкканын жазышты.

Укуругун сүйрөтүп
Ышкырды жылкычы.
Окшош боеп кийгендей
Чоктой тору жылкысы.
Жылкычыдай ышкырды
**Чакчыгайдай** ырчысы.

Көрүнүшкө магдырап
Көлгө көзүм бурулду.
Кербен өңдүү кемелер
Көзгө келип урунду.
«Көр»дегенсип түтүнү
Бургуп көккө жулунду.

Чагылышып күн менен
Көлдүн бети жылтылдайт.
**Тармалданып**, дирилдеп,
Ак балыктай кылтылдайт.

А СӨЗДҮК

жаңырык
чегедек
таң кашкайды
алтын көзү асмандын
азуулардай аскалуу
кангым келди турмуштун,
суктандырган ойнуна
коо
чайкагансып алтынга
ыксыраган эгиндер
зумуруд
мекшейишкен
чакчыгай
тармалданып

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Сылыктыктын белгиси – алыш-бериш,
ынтымактын белгиси – барыш-келиш.

*Тааныбасты – сыйлабас.

Тил – кылычтан өткүр.
Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк.
Чөйчөктөн төө сугаргандай

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Бак – шагы менен бак,
Шак – багы менен шат.

Шаттуу бактын шагы көп,
Шактуу бактын баары көп.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Ай нурунда кышкы түн» деген ырдын негизинде оозеки баяндап сүйлөп бергиле?
2. Салыштыргыла: *кышкы түн, жазгы түн, жайкы түн, күзгү түн.*
3. Бул ырлар аркылуу акын эмне ойду айткысы келген?
4. Жайында таңдын атышын автор кандай салыштыруулар менен, көркөм боёктор менен туюндуруп жатканын талдагыла.
5. Ырлардагы кыргыз жергесинин сулуулугу, сөз менен тартылган сүрөт.

### ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Ырлардын негизинде слайд жасагыла.
2. Ырлардан үзүндү жаттагыла.

## «ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА АДАМ» ТЕМАСЫНДАГЫ ЫРЛАР ТУУРАЛУУ

Адабиятта ар кандай темалардагы чыгармалар жазыла берет. Ошолордун арасында жаратылыш, Ата Журт темасы да орчундуу орунда турат. Жаратылыш – бул биздин айлана-чөйрөбүз, табият, жан-жаныбарлар. Мына ошолорду сактоо керек дейбиз. Аны үчүн адамдарды жаратылышты сүйүүгө жана коргоого тарбиялайбыз. Муну илимий тил менен экологиялык тарбия дейбиз. «Карагул ботом» мына ошол жаратылышка сарамжал кылууга элди үгүттөгөн чыгарма. Мерген жаратылышка кол салды, ысырап кылды. Кайберендерди өлтүрүп, алардын убалына калды. Мунун акыры өз баласын да ачкөздүк менен атып алууга жеткирди. Бул ой Р. Шүкүрбеков «Тоо эчки» деген чыгармасынан да көрүнөт.

А. Токомбаевдин «Ай нурунда кышкы түн», «Жайкы таңда» деген чыгармаларында жаратылыштын көрүнүштөрү сүрөт сыяктуу таамай тартылат. С.Эралиевдин «Жамгыр» жана «Булут» ырлары да жогорудагыдай эле тематикада жазылган.

Мындай ырларды жазууда акындар эпитеттерди, салыштырууларды кеңири колдонот. Ыр менен табиятты жандандырып берет. Окуп аткан адам ошол жаратылыш кол тийгиз кооз экенин түшүнөт да, аны сактоо зарыл деп ойлонот. Ата Журтту сүйүү керек, ага кызмат кылуу керек деген идеялар А. Осмоновдун «Ата Журт» деген ырында берилсе, «Кыргыз тоолору» деген ырында тоолордун керемети, табияты сүрөттөлөт.

М. Алыбаевдин «Ала-Тоо», «Соң-Көл», «Тянь-Шань» деген ырлары акындын өз жеринин мекенчил атуулу экендигин көрсөтүү менен Ата Журтка сүйүү сезимдери берилет.

Мындай ырларды жаттап алып, дайыма айтып жүрүү биздин милдетибиз.

### Адабият теориясынан

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМАДАГЫ ПЕЙЗАЖ

**Пейзаж** (фр. – мекен, жер) – көркөм адабий чыгармаларда жаратылыш көрүнүштөрүн, табияттын көркүн сүрөттөө. Жазуучу мындай сүрөттөөлөрдү жазуу менен табият көрүнүштөрүнө карата өз мамилесин билдирет, жалпы чыгармадагы окуянын жүрүшүнө олуттуу таасир киргизет, каармандардын ички сырын, мүнөзүн ачууга жардам кылат. Кыргыз адабиятында элдик эпостордон тартып аңгеме-очерктерге чейин пейзаждык сүрөттөө кеңири колдонулуп жатат. Жогорудагы ырларды кышкы түн жана жайкы таң образдуу сүрөттөлгөн жана алардан акындын жаратылышка болгон сүйүүсүн көрөбүз.

***Элүү биринчи сабак***

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ОКУУ БОЮНЧА АҢГЕМЕЛЕШҮҮ

Бүт окуучулар окуп келген чыгармаларын кагазга жазышат. Ким көп окугандыгы билинет.

Андан кийин көпчүлүк окуп келген бир чыгарма талкууга алынат:

- сюжети (мазмуну) бир нече окуучу тарабынан уланып-уланып айтылат;
- башкы каармандарына мүнөздөмө берилет;
- чыгарманы айтып берип жаткандардын кимиси көркөм айтып бергендиги калыстар тарабынан белгиленет;
- тексттеги түшүнүксүз сөздөр чечмеленет;
- каармандар бири-бири менен салыштырылат ж. б.

***Элүү экинчи сабак***

## ЧЕЙРЕКТИК КАЙТАЛОО

I. Үчүнчү чейректе өткөн темалар боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. «Атадан калган туяк» аңгемесинин сюжети.
2. «Атадан калган туяк» аңгемесиндеги Эне жана Бала.
3. «Атадан калган туяк» аңгемесиндеги Ата жана Бала.
4. Ч. Айтматовдун жазуучулук табылгасы.
5. Согуш темасындагы чыгармалардагы окшоштук жана айырмачылык.
6. Адамдын ички дүйнөсүн берүү (Ч. Айтматовдун чыгармалары боюнча).
7. Өтүлгөн темалардан үзүндүнү көркөм окуу.
8. Бир чыгарманы алып каармандардын сүйлөшүүлөрүн талдоо.

II. Өткөн чыгармалар, тексттер боюнча бири-бириңерге суроо бергиле жана жоопторду уккула.

III. Он синоним, он антоним сөз тапкыла жана үч омоним сөз таап, маанилерин жазгыла.

IV. Бири-бириңерди улап макал-лакаптарды айткыла.

V. Жаттаган чыгармалардан көрктүү окугула.

VI. Жаттаган жаңылмачтардан онду кыраааты менен айткыла.

VII. Элдик ишенимдерден жазуу.

### МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Малдуунун сөзү өткүр, малсыздын көзү өткүр.
Малдын аласы да, куласы да болот.
Мергенчи жанын жейт, үйдөгүлөр майын жейт.
Минип жүрүп, атын издейт.
Кыйыктаса жумурткадан да кыр табылат.
Кырк жыл кыргын болсо да, бейажал чымын өлбөйт.
Кымыз – кишинин каны, эт – кишинин жаны, токоч – тоют, жарма – оокат.

### ЖАҢЫЛМАЧТАР

Күүчүнүн күүсүнүн күүлөнүшү,
Күүлөнгөн күүчүнүн күүсүнөн күүчүнүн күңгүрөнүшү,
Күңгүрөнгөн күүчүнүн күүсүнүн күчүн карачы ай.

* * *

Кезек – керек,
Кезек келет,
Керек кезек келет деп,
Кезек күтүп кезерип,
Кетпейбизби безерип.

### ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Сапардан келген кишини суу куюлган идиш менен тосуп алып, анын башынан тегеретип, ошол суута түкүртүшкөн да, сууну төгүп, идишти босогого көмкөрүп койгон

Күүгүмдө (шам аралаш) жатпайт, бул мезгилде уктап аткан адамды да ойготот
Көк чөптү үзбөйт
Канаттуунун уясын бузбайт
Бутун адам өзү тушабайт
Колду адам өзү бириктирип байлабайт

### ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Бештен макал-ылакап жаттагыла.
2. «Айтматовдун чыгармалары жана Мен» деген темада чакан дил баян жазгыла.
3. Өтүлгөн чыгармалардан ролдоштуруп окугула жана сахналаштыргыла.
4. Окуу китебинде жазылбаган жаңылмачтардан онду таап жазып жана жаттап келгиле.
5. Элдик ишенимдерден жыйырмадай таап, жазып келүү.

# IV ЧЕЙРЕК (18 саат)

***Элүү үчүнчү сабак***

## *АЛЫКУЛ ОСМОНОВ*

### АТА ЖУРТ

**1-тыным:** А. Осмоновдун сөзүнө жазылган Ш. Өтөбаевдин аткаруусундагы «Ата Журт» деген ырды угуу.

Жылуу кийин, **жолуң кыйын үшүүрсүң,**
Кыш да катуу… бороон улуп, кар уруп…
Суугуңду **өз мойнума алайын,**
Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!

Түндөр жаман… **кырсык салып кетпесин,**
**Наалат** келип, **ат тизгинин шарт буруп…**
**Азабыңды** өз мойнума алайын,
**Из карайын,** токтой турчу, Ата Журт!

Жазда башка… **Жел тийбесин** абайла,
Көпкө турбас мобул турган **сур булут.**
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!





### КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Тоого тоолор курамалап курашып,
Узун тартып, уламалап улашып,
Алда кайдан кебез тартып келаткан,
**Кербенчинин** төөлөрүндөй чубашып.

Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарлашып, калың тартып заңкайып.
**Алмаз** сындуу көккө тийген миздери,
**Арстандын** азуусундай арсайып.

Мөңгү кетпей, чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар **шөкүлөдөй** жаркырап,
Ар жагынан бер жагына куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.



Жаз келерде эң биринчи жаз конуп,
Кыш болордо эң биринчи кыш тоңуп.
Ай-ааламга ай тие элек кезинде,
Эң биринчи ай жамынып ак болуп.

Түн болордо эң кийинки түндү алат,
Түз жерлерден кийин кетип мунарык.
Дүйнө жүзү көзүн ача электе,
Эң биринчи күндү тосуп кызарып.

## СӨЗДҮК

жолу кыйын үшүү
өз мойнуна алуу
кырсык салып кетүү
наалат
ат тизгинин шарт буруу
азап
из кароо
жел тийбөө
сур булут
кербенчи
алмаз
арстан
шөкүлө

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Ата-журтуң – алтын бешик
Туулган жердин топурагы – алтын, эли – мазар
Туулган жерге тууңду тик

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Ак улактын кулагын кара,
Ак улактын кулагы – кара.
Кулагы кара ак улак,
Караны кайдан тапты бу чунак.

* * *

Бу баланын башынын чачы чала,
Чачы чала баланын башын кара.
Башындагы чачынын карасын кара,
Башындагы чачынын аласын кара,
Чачын дагы алдырбаса уят го таза.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Ырларды көрктүү окугула.
2. Силер «Ата Журт» дегенди кандай түшүнөсүңөр?
3. «Ата Журттун топурагы – алтын» деген макалдын мазмунун чечмелеп бергиле?
4. Акын ырында Ата Журтка карата кандай камкордуктарды көрүп жатат?

5. Макал-лакаптарды, жаңылмачтарды окугула жана жаттагыла.
6. Кыргыз тоолоруна эмне үчүн таң биринчи атат, күн биринчи тиет, мунарык эң кийин кетет, жаз да, кыш да биринчи келет, мына ушул сырдын себеби эмнеде экендигин айтып бергиле.
7. Тексттеги төмөнкү салыштыруулардын маанисин чечмелегиле:

| Салыштыруулар | Мааниси | Жасалыш жолу |
|---|---|---|
| Алмаз сындуу көккө тийген миздери арстандын азуусундай арсайып | | |
| Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап | | |
| Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып | | |

8. Өз тегерек-четиңердеги тоолор тууралуу аңгеме айтып бергиле.
9. Кыргызстандагы кандай тоо кыркаларын билесиңер? Өзүңөр айлана-чөйрөңөрдө курчап турган тоо кыркаларын атагыла?
10. Тоолор эмнелерден түзүлгөн? Тоолордун кандай пайдасы бар?
11. «Тоо», «зоо», «аска», «капчыгай», «дөңсөө», «адыр», «жайлоо» деген сөздөрдүн лексикалык маанисин тапкыла, жакындыгын-алыстыгын белгилегиле?

| Сөздөр | Чечмелениши |
|---|---|
| тоо | |
| зоо | |
| аска | |
| капчыгай | |
| дөңсөө | |
| адыр | |
| жайлоо | |

12. Дайыма кар кетпеген кандай тоолор бар?
13. Сабакты тоолор арасында улантып көргүлө.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**
1. Ата Журт жөнүндө эссе жазгыла.
2. Макал-лакаптарды, жаңылмачтарды окугула, жаттап, айтып бергиле.
3. «Жүрөгүм менин тоолордо» деген темада дил баян жазгыла.
4. Ырлардан үзүндү жаттагыла.
5. Тоолордун сүрөтүн тарткыла жана Ата Журт тууралуу фотолорду жыйнагыла.

## Адабият теориясынан

### САЛЫШТЫРУУ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮКТҮ ТЕРЕҢДЕТҮҮ

«Алмаз сындуу көккө тийген миздери арстандын азуусундай арсайып», «тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап», «кербенчинин төөлөрүндөй чубашып» деген сыяктуу салыштыруулардын маанисин чечмелөө менен салыштыруу тууралуу билгениңерди кайра эске түшүргүлө. Эмне үчүн бул же тигил көрүнүштү башка көрүнүш менен салыштырып жатат. Салыштыруу кандай жолдор менен уюштурулууда?

Башка тексттерден ондон салыштыруу таап, ошолорду талдагыла.

## *РАЙКАН ШҮКҮРБЕКОВ*
(1913–1964)



Талас өрөөнүндө, Кара-Буура районунда, Ак-Чий (азыркы Суулуу-Маймак) айылында малчынын үй-бүлөсүндө 1913-жылы туулган. Ата-энеден эрте ажырап, жөө Олуя-Ата (кийинки Жамбыл, азыркы Тараз) шаарына келип, ал жерден 1923–26-жылдары мектеп-интернатта казакча окуйт. 1936-жылы филормония театрдан бөлүнгөндө, көп жылдар бою ошол уюмдун адабият бөлүмүнүн башчысы катары ал жерде Мураталы, Калык, Алымкул, Осмонкул, Саякбай, Атай, Карамолдо, Ыбырай, Токтоналы, Ысмайыл өңдүү залкарлар менен иштеп, алар үчүн термелерди, интермедияларды ж. б. ар кандай тексттерди жазат. «Жер жөнүндө терме», «Жинди суу», «Кыз-жигит» деген термелери чыныгы элдик чыгармаларга айланат. Улуу Ата Мекендик согушка катышып, эки жолу жарадар болуп, 1943-жылы кайра келет.

### ТОО ЭЧКИ

Улагын **тоо эчкинин** мерген атты,
Күлүк ок жаш улакты **тырпыратты**.
Энеси **кылчаң-кылчаң артын карап**,
Зыркырап ичи күйүп бара жатты.
Кабагын бекем түйүп кеги бардай,
Тиштенип мерген карайт эчки жакты.
Түбүнө бир арчанын тура калып,
Тоо эчки **мөлтүлдөтүп төктү жашты**.
Диркиреп жалбыракка жаан болуп,
Байкуштун **желининен** сүтү да акты.
«Кетпеймин, кең Ала-Тоо, качып сенден,
Жамандык кимиң көрдүң, кана, менден?
Айылдан койчу сурап **жалкыттымбы**,
Мынчалык не кегиң бар, айтчы, мерген?
Биз деле Ала-Тоонун малыбыз го,
Жайылып аскаларда күнүн көргөн.
Тоо эчки көбөйөбү тоо-ташынан,
Тентектер кырып турса тууган **төлдөн**?» –
Дегендей тоо эчкинин акты жашы,
**Сүйөнүп куу арчага муңдуу башы**.

## СӨЗДҮК

тоо эчки
тырпыратуу
кылчаң-кылчаң артын карап
мөлтүлдөтүп жашын төгүү
желин
жалкыттымбы
төл
сүйөнүп
куу арча
муңдуу баш

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Отуз өлчөп, бир кес.
Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман.
Тамакты таттуу кылган – туз, ыраакты жакын кылган – кыз.
Төө минип, эчкиге жашынба.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Козучу Козубайдын козусу,
Козубай козунун койчусу.
Козу да, Козубай да бөлүнчү эмес эле,
Карачы,
Козубай да, козу да көрүнбөйт дейби?

* * *

Кой семиз болсо, козусу – эгиз,
Эгиз козунун энеси – семиз.
Семиз койдун козусу – тегиз,
Тегиз койдун козусу – эгиз,
Ошон үчүн койго от жегиз.


* * *

Кол көтөргөндөр кол көтөрбөгөндөрдү көңүлгө албагыла,
Кол көтөрбөгөндөр кол көтөргөндөрдү бир карагыла.
Кол көтөрбөгөндөр кол көтөргөндөрдү жандагыла,
Кол көтөрбөгөндөр кол көтөргөндөрдөн калбагыла.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Акын тоо эчки деп кайсыл жаныбарды айтып жатат?
2. Мерген жана тоо эчки: булардын душмандыгы эмнеде?
3. Тоо эчкинин кайгысын акын кандайча берет?
4. Венндин диаграммасы менен каармандарды мүнөздөө

Мерген Тоо эчки



5. Жаратылыш, мерген, тоо эчки – үчөөнүн байланышын айтып бергиле.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Ырды жаттагыла.
2. Кыргыз жеринин жаныбарлары тууралуу слайд жасагыла да, тоо эчкини улагы менен ага катыштыргыла.
3. «Тоо эчкинин көз жашы» деген темада дил баян жазгыла.

*Элүү бешинчи сабак*

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**

1. Менин Ата Журтум ыйык.
2. Жаратылыш – жан досум.
3. Бир жолу тоого барганда...
4. «Сен ооруба, мен ооруюн Ата Журт».
5. Ааламга жол айылдан башталат.
6. Жаратылышты жабыркаткандар.
7. Ар кимдин жери – алтын.
8. Адам адам менен – адам.
9. Жалаң бир гана тамга (мисалы, *т*) менен башталган сөздөрдөн турган сүйлөмдөр менен дил баян жазуу.
10. Терезеден көрүп турган нерселерди сүрөттөп дил баян жазуу.

**Тапшырма:** Бүгүн эрте менен мектепке келе жатып көргөн нерселерди элестетип дил баян жазуу, аны жалпы класста талкуулоо.

Кечинде телевизордон көргөн нерселериң тууралуу ойлоруңду жаз.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

*Элүү алтынчы сабак*

## *МИДИН АЛЫБАЕВ*
## (1917–1959)



М. Алыбаев 1917-жылы Нарын облусуна караган Жумгал районунун Чаек кыштагында туулган. Айылдагы жети жылдык мектепте 1931-жылга чейин окуп, кийин Фрунзедеги педтехникумга кирет.

Мидин Алыбаевдин 1934-жылдары башталган чыгармачылык турмушу көп кырдуу болгон. Ошентсе да, акын көпчүлүк күч-жөндөмүн поэзияга берген. Мидиндин ырлары бир жагынан терең лирикага толуп турса, бир жагынан сатиралык курч мазмунга ээ. Акын салттык сөз ыргактары менен ошол кезде жаңы калыптанып келе жаткан жаңы поэзиялык агымдардын ыкмаларын чеберчилик менен айкалыштыра билген.

Ал лирикалык ырларында тууган жерге сүйүүсүн, жаратылыш көркүн берилип ырдаган.

## АЛА-ТООГО

**1-тыным:** М. Алыбаевдин сөзүнө жазылган «Ала-Тоого» ырын угуу.

**Кереметтүү** сен атасың-энесиң,
Салыштырып сага ким жер теңесин.
Көңүл толкуйт, көркөмүңдү көргөндө
Кандайдыр бир **жүрөккө дем бересиң.**
Ырым менин, сенин демиң эмеспи
**Шыктанамын, минип кыял кемесин.**
Карааныңдан кагылайын Ала-Тоо,
**Калкып жаткан** кандай сонун немесиң?!

Качан жүрөк кагышынан тангандa,
Бир тартылып өтүп кетээр элесиң
Бир тартылып өтүп кетээр элесиң...
Өс, Ала-Тоо! Өзүм өскөн турагым,

**Уяң болбо** улуу жолуң улагын,
Жымың-жымың жылдыз болуп жылжысын,
**Канга дары, каштай тунук булагың.**
Ай-ааламдын мунарасы болуп кал,

Аз калса да асманга тий турбагын!
Ээрчий берсең, бир сонунга жетесиң,
Улуу орустун Волга менен Уралын.
Улуу орустун Волга менен Уралын...



## СОҢ-КӨЛ

**2-тыным:** М. Алыбаевдин сөзүнө жазылган Н. Турсунбаевдин «Соң-Көл» деген ырды угуу.

**Шарпылдап** шаңы чыгып толкуп ташкан,
Жээгине **жайкай түшүп көбүк чачкан.**
Ай Соң-Көл! Кызыгыңды унутамбы?
Калдайган колхоз малы баш адашкан.
Тамшанткан тамашаңдан чыккым келбей
Тарыхта тагы калган Тулпар таштан.

Жээгинде турдум, Соң-Көл, болдум сынап,
**Көйкөлүп көлкүп жаткан сен бир сымап,**
Сөөлөтүң, сулуулугуң кубандырды,
Эзилтип жүрөгүмдү кытыгылап.
Берилип, куштар болуп, жедеп сага,
Кээде шат, кээде мени алат санаа.
Кайгысыз, ойсуз, муңсуз кайкып учкан,
Кап чиркин, каз-өрдөгүң болсом гана...

Кош, Соң-Көл, сен турасың кылым санап,
Мелтиреп кадимкидей көктү карап,
Кош, Соң-Көл! Же келермин, же келбесмин,
Болжошту айтыш кыйын атаганат...
Мен өлүп, сени экинчи көрбөсөм да,
Эскирген сары кагазда ырым калат.

**Тынчыбай ойго кеттим удургудум,**
Калкыгын үстүңдөгү булутуңдай,
Элесиң эске түшсө, элжиретсе,
Канткенде кайрат кылам улутунбай.
Бул ырды жаздым Соң-Көл калсын үчүн,
Карааның көз алдымдан унутулбай.



## ТЯНЬ-ШАНЬ

**3-тыным:** М. Алыбаевдин сөзүнө жазылган «Тянь-Шань» деген ырды угуу.

Береке, байлыкка мол Ата Мекен
Жүрөккө бардыгынан жакын экен.
«Тянь-Шань» деген бир сөз ойго түшсө
Мээ сергип, медер кылып толкуп кетем.

Жеримдин суусу – дары, таштары – алтын,
Жыргалда, эркиндикте жашайт калкым.
Таалайга тандап туруп жаралгансып,
Тянь-Шань кышта жылуу, жайда салкын.

Ар дайым алыс жүрсөм сагынамын,
Ардагың артык мага, Тянь-Шаным!
Көңүлдү көтөрүлткөн көрк эмеспи,
**Ителги** имерилген көк асманың.

Мөңкүшүп мол кашка суу, өзөн, сайың,
Кулакка симфония берет дайым.
Бейкутка, берекеге белги берип,
Термелет тентек желге арча, кайың.

Жай-кышы бел кырчоодон чөпкө калың,
Кең Жумгал, Кара-Кочкор, Ак-Сай, Нарын.
Кой маарап, бээ кишенеп ар өзөндө,
Бай элим күтүрөтүп айдайт малын.

Тептегиз келечегиң алга барсын,
Алтын эл беш жылдыкта мөрөй алсын.
Челекке айран, жуурат батпай ташып,
Шарпылдап сары саамал сабаа жарсын.



СӨЗДҮК

кереметтүү
жүрөккө дем берүү
шыктануу
кыял кемесин минүү
калкып жаткан
уяң болбоо
канга дары
каштай тунук булак
шарпылдоо
жайкай түшүп көбүк чачуу
көйкөлүп көлкүп жаткан сен бир сымап
тынчыбай ойго кетип удургуу
ителги

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Карысы болбой эле болбойт, тулаңы болбой жер болбойт.
Эт – этке, сорпо – бетке.
Ал тоо менен бул тоону, арзыган кийик ачтан өлөт.
Адам акылынан, дарак жалбырагынан билинет.
Ажалдуу кийик адырга качат.
Азоого – тушоо, күлүккө – чалма.
Айран ичкен кутулуптур, челек жалаган тутулуптур.
Айран сураган аягын жашырбайт.
Аксак кой түштөн кийин маарайт.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Асманда жүз көгүчкөн,
Бөлүнүшүп үч-үчтөн.
Учуп өттү үстүбүздөн,
Үстүбүздөн өткөн жүз көгүчкөн,
Бөлүнүптүр үч-үчтөн.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Мидин Алыбаевдин ырларындагы негизги ойлор тууралуу сүйлөп бергиле?
2. «Ала-Тоого» деген ырдагы эпитеттерди жана салыштырууларды тапкыла жана алар кандай поэтикалык кызмат аткарып жаткандыгын белгилегиле?
3. Ала-Тоо – кыргыз элинин түшүнүгүнө кандай мааниде экендигин изилдегиле.
4. Соң-Көл, анын географиялык абалы, климаты тууралуу изилдеп, ошол өзгөчөлүктөр акындын ырында кандай чагылдырылгандыгын тапкыла.
5. Ырлардын уйкаштыгын талдагыла.
6. Ырларды талдоо менен акындын образын ачып бергиле.
7. Акындын ырлары боюнча инсерт таблицасын толтургула.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Жогорудагы эки ырдан үзүндү жаттагыла.
2. Акын колдонгон тил байлыктарына талдоо бергиле.
3. Макал-лакаптардыды, жаңылмачтарды жаттагыла.
4. Ала-Тоо, Соң-Көл тууралуу фотолорду жыйнагыла.
5. Жогорудагы эки ырга тематикалык жактан окшош башка ырлар менен таанышып чыккыла.
6. Бир ырды алып, анын негизинде кара сөз формасында чыгарма (этюд, эссе, аңгеме ж. б.) жазгыла.

*Элүү жетинчи сабак*

# *СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВ*
# (1921–2016)



Сүйүнбай Эралиев 1921-жылы азыркы Талас районунда туулган. Улуу Ата мекендик согушка катышкан. Биринчи ырлар жыйнагы 1949-жылы чыккан. 1959-жылы жарыяланган «Ак Мөөр» поэмасы анын чыгармачылыгындагы бийиктик болуп, эл арасына атын кеңири таанытты. С.Эралиев лирикалык ырлардын чебери. Анын «Жылдыздарга саякат», «Жаңыл Мырзанын керээзи», «Ак жыттар», «Кесиринсан» поэмалары кыргыз адабиятынын сыймыктанар чыгармалары бар. Кыргыз Эл Баатыры.

## ЖАМГЫР

Бүтүн жерге жамгыр жаады,
Жамгыр жаады **морголоп.**
А биз тышка чыгалбастан,
**Калдык үйдө корголоп.**

Асман менен жер билинбейт,
**Алды-кийин түнөрүп.**
Көл айрыкча **көйрөңдөнөт,**
Толкун жарга тирелип.

Асман жакта бирөө туруп,
**Бытырадан** аткансыйт.
Анын баарын шашып-бушуп,
**Көл койнуна каткансыйт.**

Даңгыр жерге көлчүк толуп,
Көз-көз болуп жайнады.
Экиленип толуп-ташып,
Акты суулар сайдагы.

**Көк тулаңдар жалтылдашты,**
**Жашаргандай кулпуруп.**
Тоо тараптан түркүн гүлдүн
Жатты жыпар жыты уруп.

Мен коргонуп олтурам да
Ойлойм жамгыр тууралуу:
«Жамгырдын да өз обону,
Ырлары бар, туурабы?!

Жалбыракка тиет дагы,
«Шырп» деп добуш чыгарат.
Темирлерге тийген кезде,
Ыйлагансыйт: «ыңаалап».

Үнүн кошуп дарактар да,
**Термелишет шуудурап.**
«Эмне мынча чаң болгонсуң?»
Дене-башын жуудурат.

Чөптөр жерден баш көтөрүп,
Умтулушат жамгырга.
Жалбырактар аны жутуп,
Айтышкансыйт: «Жан
жырга!»

Жан-жаныбар жыргап турат
Жакшы көрүп жамгырды.
Көп сагынып калган экен
**Жер суусунун кандырды.**



Жамгыр! Жамгыр! Ар
тамчыдан
Сезем тунук асманды
Сенин өлбөс кубатыңдан,
Жер ойгонот жаз жандуу.

Жамгыр! Жамгыр!
Ар тамчыдан
Табам күндүн нурларын.
Көрөм сенин ар тамчыңда
Жылдыз жанып турганын...»

Мына жамгыр дале жерге
Куюп жатат нөшөрлөп.
Куштар учпай олтурушат:
«Качан бүтөр экен?» деп.

Ал аңгыча ыр жаңырды,
Адыр, талаа-түздөрдөн,
Тоодон, таштан,
Ысык-Көлдөн,
Жолдон, баскан издерден.

Көк чөптөрдөн, дарактардан,
Түркүн тилдүү куштардан.
**Ободогу** булуттардан,
Булуңдардан-бурчтардан.

Ал ыр – жердин ыры болчу,
Чаңкаганын кандырган.
Эми өтүнөт: «Тойдум, тойдум!
Токтогун!» деп жамгырдан.

Жамгыр тынып тура калды,
Ырга тосуп кулагын.
Ошол кезде кыт-кыт күлдү,

Тоо чаптырып булагын.
**«Боору катып кыткылыктап,**
**Алды жакта ким күлөт?»** –
Деп булуттун арасынан
Күн карады күлмүңдөп.

Лагердеги чатырлардан
Тышка чуркап чыгабыз.
Жашыл жердин жаңы
ырларын,
Жаш ырларын угабыз.

Көк чөптү биз куттуктайбыз,
Көлгө салам беребиз.
Толкундарда чабак уруп,
Жыргай түшөт денебиз.

БУЛУТ

Карайм көктө булутту:
Кара чач, кара муруттуу,
Көөдөй кара сакалдуу,
**Тону саңсел жакалуу.**
**Чачтары жерде чубалат.**
Жай алдырбай бир жерге,
Келатат жел кубалап.

Булут желге кайрылат:
- **Булкпачы, тонум айрылат!**
Минтип булка бергендей,
Мен белем сенин **өгөйүң?**
Жаалданбай тура тур,
Жамгырым жерге төгөйүн…

Жооп берет жел анда:
Булут болгон менен да,
Жок турбайбы акылың,
Байкап кара акырын:
Кең талааны эгиндүү,
Буудай, арпа быша элек,
Бышпаганы **тегинби?**
Бышырууга күн керек,
Демек, жамгыр төкпөгүн.
Таңдан кечке жадырап,
Тийип турсун көктө Күн…

Анда булут кеп айтат:
- Аксымсың да, – деп айтат,
Биз экөөбүз тууган да.
Бир четинен асмандын
Бир четине кууганда,
Чыкмак беле мүйүзүң?



Андан көрө сабыр эт,
Акылдашып алалы:
Сугарбаса талааны
Сугарбайлы, а бирок,
Тетиги топ баланы,
Суу кылып жолго салалы…

Булутту жел укпады:
«Турба менин жолума!»
**Сакалдан кармап булкту аны,**
Сакалы келди колуна.
**Капшытын ары кайрыды.**
**Калдактап учуп жөнөдү,**
**Кара тондун айрыгы.**

Булут белем намыстуу,
Бул кордукка чыдабай,
Жашын мөлт-мөлт тамызды.
Айдап барып жел аны
Ашырды тоону алыска.

## СӨЗДҮК

чорголоп
калдык үйдө корголоп
алды-кийин түнөрүп
көйрөңдөнүү
бытыра
көл койнуна каткансыйт
көк туландар жалтылдашты
жашаргандай кулпуруу
шуудурап термелүү
жер суусунун кандырды
жер ойгонот
обо
боору катып кыткылыктоо
алды жакта ким күлөт
тону саңсел жакалуу
чачтары жерде чубалуу
булкпоо
тонум айрылат
өгөй
тегин
аксым
чыкмак беле мүйүзүң
сакалдан кармап булкуу
капшытын ары кайруу
калдактап учуп жөнөө
кара тондун айрыгы

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт.
Жамгыр жаабай булут көчпөйт, жан кыйналбай жумуш бүтпөйт.
Жамгыр – жер ырысы.
Булут шамалга каршы жылбайт.
Булуттун көркү – жели менен, буудайдын көркү – тери менен.
Жел жүрбөсө дарактын башы кыймылдабайт.
Булут ала – жер чоло.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Аш катыкты,
Аяш катып,
Аш катыксыз,
Баш катып.
Аш катыксыз аш катып,
Ашсыз калдык таш катып.

***

Эзип айтсаң эчен кур,
Ээ бербеген Эсентур.
Ээликкенде эчен кур,
Ээрчип алган Эсентур.
Ээрчитпедим эчен кур,
Эрегишкен эчен жыл.
Эбелектей Эсен бул?
Эми канттиң эсиң жый,
Эстен кетпей эсен тур.


## ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Бут менен тээп буюмдарды жылдырбайт.
Себепсиз эле тескери карап отурбайт.
Адам адамга артын салбайт.
Баш кийимди тескери кийбейт.

Баш кийимди сатпайт.
Баш кийимди тегеретип ойнобойт.
Баш кийимди тепсебейт.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Жамгырдын жер үчүн, эл үчүн пайдасы эмнелерде?
2. Эгер жамгыр жок болсо, анда жер жүзүндө кандай кырсыктар болмок?
3. Акындын жамгырды сүрөттөө чеберчилиги.
4. Ырдагы метафоралар, салыштыруулар, эпитеттер.
5. Эки ырдагы табият көрүнүшү жана адамдар.
6. Булуттун пайдасы.
7. Булуттун зыяны.
8. Желдин образы.
9. Поэтикалык ойду берүүдө акын колдонгон ыкмалар.
10. Табият көрүнүштөрүн жандандыруу.
11. Ырларды көркөм окуу.
12. Жаңы сөздөр менен иштөө.
13. Жамгыр менен булутка Венндин дигараммасын түзүп, толтуруу.




### ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Ырдан үзүндү жаттагыла.
2. Жамгыр менен булут, шамалдын сөздөрүн ролдоштуруп, диалог түзгүлө.
3. Силер өзүңөр эсте калган табияттагы көрүнүштөрдү айтып бергиле.
4. «Жамгыр ыры» деген темада эссе жазгыла.

### Адабият теориясынан

## ЫРГАК (РИТМ) ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**Ыргак,** р и т м (гр. – ыргак) – кандайдыр бир иш-аракеттин белгилүү бирдей убакытта кайра-кайра кайталанып турушу. Турмушта бардык нерсенин өз ыргагы болот, маселен жүрөктүн согушу, күн менен түндүн алмашышы, суунун агымынын бирдейлиги, толкундун кыймылы ж. б. Мына ушул ыргак бузулганда нормалдуулук сакталбайт, жүрөктүн бирдей сокпошу адамдын дартын билдирет, демек, ыр ыргагынан бузулушу ырдын ырдык касиетин жоготот. Ырды ыр кылган ушул – ыргак. «Ритм – ырдын негизги күчү, негизги кубаты» (В. Маяковский). «Ак учук бердим саптап ал» десек ал ыр болгон жок, ошого дагы сап улайлы: «анан аны үйүңө алып кет», деле ыр болгон жок, себеби биринчи саптагы ыргак дагы кайталаныш керек эле, андай болбогондуктан ыргак бузулду. Ыргак калыбына келиш үчүн «ак учук бердим саптап ал» деген сөз айкашына «ак шумкар бердим таптап ал» дегенди кошкондо ыргак пайда болду да, эми ырга окшоду. Ыргак – ырдын жаны.

## ЭЛ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

*Элүү сегизинчи сабак*

### *ТОГОЛОК МОЛДО (БАЙЫМБЕТ АБДЫРАХМАНОВ)*
(1860–1942)



Тоголок Молдо Нарын областына караштуу Ак Талаа аймагындагы Куртка айылында туулган. Ал чоң акын, манасчы, элдик оозеки чыгармаларды жыйноочу, тамсилчи жана санжырачы. **Тоголок Молдонун өз аты Байымбет. Ал сабаттуу болуп, арабча окуй жана жаза билгени үчүн, анан тоголок киши болгондуктан Тоголок Молдо дешип койгон.** Акындын зор таалим-тарбия берүүчү «Кемчонтой», «Куштардын аңгемеси» деген дастандары, «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» өңдүү тамсилдери, «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы», «Устанын аялынын кошогу», «Чалга берген кыздын арманы» деген сыяктуу ырлары бар. «Телибай тентек» поэмасы эл жомогунун негизинде жазылып, 1939-жылы жарыяланган.

### ТЕЛИБАЙ ТЕНТЕК
(*Поэмадан үзүндү*)

Мурунку өткөн заманда
Дадаңбай деген бай-болгон,
Баласынын жогунан,
Бала деп тилеп зар болгон.
«Куубаш Дадаң» деген сөз,
Дадаңбайга **ар болгон**
Ыйлап жүрүп бала деп
Арман менен күн өтүп,
Арасынан бир катар,
Алда канча жыл өтүп,
Капалык бар сөзүндө,
Карып кеткен кезинде,
Бала көрдү Дадаңбай.
Арманы калбай өзүндө.
«Балам аман жүрсүн деп,
Аман жүрсө балам деп,
Баладан тынды санаам» – деп.
Эр жеткенде Телибай,
Акылы жок жан болду.

Балам жинди болду деп,
Дадаңбай буга **дал болду**.
Балдары малга ээ болду.
Баарынан Телибай дөө болду.
Эс-акылы жогунан,
Дөө болгону кээ болду.
Эки агасын Телибай,
Малга-жанга ээ кылбай
Малым бар деп ойлобой
Бир айткан кебин эки айтат,
Дадаңбайды мээ кылат,
Малдын, жандын баарына,
Жалгыз өзүн ээ кылат.
Түк жебестен этинен
Түгөтүп кирди четинен.
Аз күн өтүп арадан,
Малдын баарын түгөттү,
Тоого алып барып бир далай,
Бөрү, **жору** тойсун деп,
Балакетти баштады,
Малдан жарып таштады.
Арадан канча күн өттү,
Күнгө аралаш түн өттү.
Акмактык кылып Телибай,
Агаларын **жүдөттү**.
Баштагыдан **беш бетер**,
Акыл-эстен айрылды.
Талатып малын түгөтүп,
Акыры өзүн кар кылды.
Капа болуп атасы,
**Камыгып ыйлап кайгырды.**
Кармаар малдан түк калбай,
Телибай такыр айрылды.
«Балам жинди чыкты» деп,
Күйүп жүрүп чок болуп,
«Багуучу балам жинди» деп
«Шайтанга болду минги» деп
Жалгыз эмес Телибай,
Жана бар эки агасы.
Телибай тентек шок болду,
Эс-акылы жок болду.
«Оңолуп кетер балам» деп,
«Баладан тынбайт санаам» деп,
«**Кудуреттин ишине**,
Барбы менин чарам» деп.

Молдого берип окутсам,
Жиндилиги калар деп,
Тентектиги жоголсо,
Анан тилимди алар деп,
Атасы менен энеси,
Баласын алып ортого,
Телибайды жетелеп,
Алып барды молдого.
Атасы Дадаң кеп айтат:
— Ай, молдоке, деп айтат,–
Балам тентек болду, – деп,
Бир айтпастан көп айтат.
Оң айткан сөзгө тил албайт,
**Иштин жөнүн биле албайт**.
Бузулду балам жоругу,
Бузуктук кылбай жүрө албайт.
Бүткөн ишти бүлдүрөт.
Элдин баарын күлдүрөт.
Өзү билбейт кумсарып,
Отурбайт үйгө тынч алып.
Айланайын молдоке,
Жалгыз балам ушу эле,
Жалгыз деп жазып айтпаймын,
Улуусу мындан кыз эле
Кызымды бердим күйөөгө,
Айлымда жакын бирөөгө,
Тентек болду бул балам,
Бала үчүн менин убарам.
Бул баланы окутуп,
Тентектигин тыйып бер,
Айткан тилиң албаса,
Аябай мыктап уруп бер!
Телибайды тапшырып,
Молдонун берди колуна.
Катынын Дадаң ээрчитип,
Кайта басты жолуна.
Молдо туруп кат жазып,
Кат жазганда бат жазып.
Алды калем колуна,
Алиппе деп ат жазып,
Телибай тентек баласын,
Табайын деп чарасын,
Телибайдын колуна
Берди окутчу кагазын.
Молдого Телибай тил албайт,

Тентек кылбай жүрө албайт,
Молдо ойлонуп баланы,
Не кыларын биле албайт.
Молдо айтса, терс айтып,
Молдонун жанын күйдүрдү.
Айрып, жыртып бир канча
Дептерин да бүлдүрдү.
Зерикти молдо Телибайдан,
«Кеткин, – деди, – бу жайдан!»
Телибай кайтты үйүнө,
**Жини арбыды** күнүгө.
Телибай деги чыдабайт,
Тентектик кылбай жүрүүгө.
Келе жатса жолунда,
Келтеги бар колунда.
Телибайдын сөзүнө
Кулагың тунат сонунга.
Бир топ бала ойношуп,
Жүрүптүр музоо кайтарып,
Телибайдын өзүндө
Коркуу жок жандан жалтанып,
**Байкап басып озунду**,
Балдарга келип кошулду.
Мал кайтарган балдарга,
Көрсөтмөк болду **жосунду**.
Мен Телибай тентек деп,
Балдарды уруп келтектеп,
Балдарды уруп кыйратты,
Баштан аяк ыйлатты.
Айдап алды музоосун,
Ал балдарга бербестен,
Бул музоо меники деп,
Теңдикке Телибай келбестен,
Музоону салып алдына,
Телибай келди үйүнө,
Музоону баккан балдардын,
Жооп айтпайт бирине.
Музоону Телибай жыйнады,
Токмоктоп уруп кыйнады.
Бул кордукка чыдабай,
Кайтарган балдар ыйлады.
Телибай тентек музоону,
Токмоктоп уруп сойду деп,
Музоонун баарын алып  барып,
**Туюкка** камап койду деп,

Ыйлап барды үйүнө.
Балдардын баары чуркурап,
Энесине барган соң,
Жаңырып ыйлайт буркурап.
Атасы буга кайгырып,
Музоосун берди балдарга.
Телибай тентек ызалап,
Ыйлап келген жандарга,
Музоодон калган түңүлүп,
Балдар кайтты сүйүнүп.
Айдап алып музоосун,
Айлына барды жүгүрүп.
Бир топ жоон күн өтүп,
Күнгө аралаш түн өтүп,
Ал-аңгыча болбоду,
Дадаңды ажал торгоду.
Кесел болуп нечен күн,
Акыретке жөнөдү.
Телибай тентек тескери,
Айткан сөзгө көнбөдү.
Көптөн бери Дадаңдын
Өз колунда малы жок,
Баласы жинди жаны жок.
Мал табарга алы жок.

A СӨЗДҮК

ар болгон
дал болуу
жору
жүдөттү
беш бетер
камыгып ыйлап кайгыруу
кудуреттин иши
иштин жөнүн биле албайт
жини арбыды
байкап басуу
озунуу
жосун
туюк

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Тентекке санат болбосо, журт ыраатын бузулат.
Тентек чокмор жыйнайт.
Тууган күйдүрүп айтат, душман күлдүрүп айтат.
Түз жүрсөң – ток жүрөсүң.
Түбү бирге түтпөйт.

ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Түнү акча бербейт.
Түнү кир жайбайт.
Түнү күзгүгө каранбайт.
Түнү кыздар суу албайт.

Түнү түш жорубайт.
Түнү тырмак албайт.
Түнү үйдү шыпырбайт. Шыпырса да шыпырындысын сыртка чыгарбайт.
Шыпырындыны түнү сыртка чыгаруу – ырыскыны үйдөн чыгаруунун белгиси.
Түпкүчтү тебелебейт, тебелесе, буту оорукчан болуп калат.
Түпкүчтү тегеретпейт.
Түпкүчтү тээп жылдырбайт.
Түтөк болгондо аттын жалын жыттташат.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Ала-була балык алабуга,
Алабуга балык болбойт экен,
Ала-Бука сууда.

* * *


Көчкөндөр көчпөгөндөрдү көчкүлө дебеди,
Көчпөгөндөр көчкөндөргө көчөлү дебеди.

* * *

Саадатбектин саатынын тактыгынанбы,
Самыйбектин сагызгандай сактыгынанбы.
Сай боюндагы сайраган сагызганды,
Секирип туруп серпип кетели.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Тоголок Молдо ким болгон? Анын мурда кандай чыгармаларын окуган элеңер?
2. Эл оозунан «Телибай тентек» деген сөз укkансыңарбы? Ал кандай учурда, эмне максатта айтылат?
3. Каармандарды мүнөздөгүлө.
4. Атасы менен баласынын мүнөздөрүн салыштырып, алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын Венндин диаграммасы аркылуу аныктагыла:




5. Фразеологиялардын маанисин табуу:

| Фразеологиялар | Маанилерин чечмелеп жазуу |
|---|---|
| малдан жарып таштоо | |
| кар кылуу | |
| күйүп жүрүп чок болуу | |
| тил алуу ж. б. у. с. | |

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Түшүнбөгөн сөздөрүңөрдү дептерге жазып келип, класста чогуу талкуулагыла.
2. СӨЗДҮК бөлүмүндөгү сөздөрдү катыштырып аңгеме жазгыла.

*Элүү тогузунчу сабак*

## ТЕЛИБАЙ ТЕНТЕК

(*Уландысы*)

Кембагал Дадаң өлгөн соң,
**Кепин кылар** бөзү жок.
Телибайдын энеси
«Балам, – деп буга кеп айтат.
«Атаң өлдү келбейт», – деп,
«Айласын кылгын», – деп айтат.
Кайрылып келбейт атаң жок,
Кепин кылар **матаң** жок,
Кантип муну көмөбүз?
Мындан башка капам жок.
Эчтеме менен оюң жок,
Конокко соёр коюң жок.
Салпайган жинди кунуң жок,
Сатып алар пулуң жок.
Кантип жерге жашырам,
Кара жанда тыным жок.
Эч болбосо үйүңдө
**Челпек** кылар унуң жок.
Элеңдебей жүгүрүп
Эжең жакын, барып кел.
Кепин берсе, кечикпей
Ылдам барып алып кел.
Акыл салып кеп айтып,
Атаң өлдү деп айтып,
Эжеңе кабар салып кел.
Эки агаң мында көр казсын,
Кантип булар тим жатсын.
Ылдамыраак барып кел,
Эмне берсе алып кел!
- Энеке, макул болот деп,
Телибай кетти жүгүрүп.
Эрте өлгөн бир жан деп,
Атасынан түңүлүп.
Эжесине барды далдаңдап,
Телибай тентек кеп айтат:
«Арманың барбы эжеке?
Атаң өлдү», – деп айтат.
Эжеси туруп ыйлады,
Элинин баарын жыйнады.
Атаң өлдү дегенде,
Ыйлабай чыдап турабы.

«Мен келдим, эже өзүңө,
Кулак салгын сөзүмө.
Энем сага жиберди,
Алып кел деп силерди.
Конокко соёр кой сурап,
Челпек кылар ун сурап.
Кеңеш кылып кеп сурап,
Кепин кылар бөз сурап,
Энем мени жиберди,
Берсин деди силерди.
Берериңди камдагын
Бүгүн түштөн калбагын».
Айтып сөзүн угузуп,
Телибай турду темселеп,
Бачымыраак кетсек деп,
Айтып турду энтелеп.
Эжеси анда кеп айтат:
- Азыраак токто, – деп айтат,
Сарамжалын бүтүрүп,
Санжап кылып күтүнүп,
Койду саап алайын,
Сураганың берейин,
Койду саап болгон соң,
Өзүң менен жөнөйүн.
Азыраак сабыр кылгын деп,
Баланы ала тургун деп.
Баласын берди колуна,
Байкагын сөздүн соңуна.
Эмчектеги жаш бала
Алар замат ыйлады.
Токтобостон көп ыйлап,
Ыйлаганы ырбады.
Телибайды мээнет чырмады.
- Басыл-басыл, бөбөк, – деп,
Баланын башын сылады.
Сылап көрсө баланын
Былкылдап турат **эмгеги**.
Жара чыккан экен деп
Башка сөзгө келбеди.
«Ыйлабаптыр бекер» – деп,
«**Ириңдеп** калган экен» – деп,
«Аман болсо бөбөгүм,
Мындан айыгып кетер» – деп,
Телибай тентек шашпады,
Балакетти баштады.
Баланын мээсин «ириң» деп,
Алып жерге таштады.

Мээсин чукуп алган соң,
Өлүп калды баласы.
Акылы жок Телибайдын
Акмактыгын карачы.
Тынчып уктап калды деп,
Ойлоп калды санаасы.
Өлбөй бала калабы?
Өлөр жерде жарасы.
Ал аңгыча эжеси
Малын саап бүтүрдү.
Малын саап болгон соң,
Бармак болуп күтүндү.
Телибай тентек кеп айтат,
Эжесине эми айтат:
«Ириңдеп башы калыптыр,
Ириңин алдым», – деп айтат.
Акылсыз эже, билбепсиң,
Жарасын байкап жүрбөпсүң.
Жаман эже, билбепсиң,
Жакшылап байкап жүрбөпсүң.
Мына береги жара – деп,
Жарасын эже кара – деп.
Ириңин алып салган соң,
Уктап калды бала» – деп.
Эжеси алса баланы
Эчак өлгөн жаны жок.
Жаны кеткен балада
Бетинде кызыл каны жок.
«Телибай, түпкө жеттиң! – деп,
Тентек ит, турбай кеткин – деп,
Убалыма калдың – деп,
Уят кылып салдың» – деп.
Эжеси ыйлап бакырып,
Эли-журту чакырып.
Телибайды Кудай урду деп,
Темтейип карап турду деп.
Түбүмө Телибай жетти деп,
Жетпегенде нетти! – деп.
Түрү суук түгөнгүр,
Түгөтүп таштап кетти – деп.
Балама кылды кесир – деп,
Балакетти кетир – деп.
«Жаш баламды өлтүрүп,
Бар беле менде өчүң?» – деп.
Кейип ыйлап сөз айтып,
Кепин кылар бөз берип.

Челпек кылар ун берип,
Конокко соёр кой берип.
Буларды берип колуна
Телибайды салды жолуна.
Тентек Телибай не кылат?
Байкаңар сөздүн соңуна,
Жетелеп кою колунда,
Келе жатса жолунда,
Алдынан бөрү жолукту.
Акмак Телибай оолукту,
«**Чубалжык куйрук көк чунак**
Бул Кудайдын ити» – деп.
«Ити менен Кудайдын
Эч кимдин болбойт иши» – деп.
«Жолумдан тосуп жүрүптүр,
Келеримди билиптир,
Кудайдын ити күлүкпү?
Менин коюм күлүкпү?
Билейин койдун чамасын,
Табайын иттин чарасын,
Көрөмүн койдун өнөрүн,
Жарыштырып көрөмүн.
Коюмдан бул өтпөйт – деп,
Өтмөк турсун жетпейт» – деп,
Бөрүгө коюн жиберди,
«Сынайын» деп «силерди».
Кою кетти колунан,
Бөрү кууду соңунан.
Каргашалуу Телибайдын
Келеби иши оңунан?
Жеткен жерде карышкыр
Койду басып жеп алды.
«Бүгүн жолум болду» – деп,
Тоого барып дем алды.
Жана Телибай жүгүрүп,
Азыраак жолго барганда,
Айылына жакындап,
Арасы жакын калганда.
Казандай кара **кудукту**
Көрө салды көз менен,
Сүйлөп турду сөз менен:
«Кудайымдын казаны,
Куру кайнап туруптур.
Көргөн билген адам жок,
Көптөн бери куруптур.

Унду буга салыш – деп,
**Чалгыч** менен чалыш – деп,
Ашты кылып бүтүрүп,
Анан үйгө барыш» – деп.
Эчтемесин калтырбай
Кудукка унду салыптыр.
Агаласын кетирип
Чалгыч менен чалыптыр.
Азыраак болуп калды деп,
Армандуу болуп калыптыр.
Андан өтүп Телибай,
Көп **камышка** барыптыр.
Шамал тийсе камыштар
Нары-бери ыргалат,
Алгандын баарын жоготуп,
Акмак Телибай кур калат.
«Мен көрбөпмүн башынан,
Өтүүчү элем кашынан.
Кур жүгүнүп туруптур.
Кудайымдын келини
Алып келе жатканым –
Атамды ороор кепини.
Келинге кылып **бүркөнчөк**,
Табайын мунун эбини.
Буга байлап өтөм – деп,
Тартынганым бекер – деп,
Бүркөнчөк байлап өтпөсөм,
Таарынып келин кетер» – деп.
Айрып алып бир баштан,
Байлап жатат камышка.
Телибайдын ою жок,
Тартынып мындан калышка.
Баарын байлап бүткөн соң,
«Жарашып калды келин – деп,
Ушу кылган жумушум,
Кеткени жок тегин» – деп.
Акылсыз, акмак Телибай,
Акмактыгы билинип,
Атасынын кепини
Камышка калды илинип.
Адамда мындай заң болбойт,
Телибайдай акмак жан болбойт.
Энесине барбастан,
Эч кимдин тилин албастан,
Жакшы айткан сөзгө көнбөстөн,

Атасын келип көмбөстөн,
Телибай жинди темтейип,
Талаадан качып жоголду.
Минтип жүргөн Телибайдын
Иши кайдан оңолду.
Акылы жок ордунда,
Атанын акы мойнунда.
Агалары күтүнүп,
Көрдү казып бүтүрүп,
Карап турган кезинде,
Уят жок Телибай бетинде,
Эчтемени ойлобой,
Жетип барды кечинде.
Туруму болбойт сөзүндө,
Уяты жок өзүндө.
Анын арка жагынан
Эжеси барды алсырап,
Атасынын үстүнө
Баласы өлүп кансырап.
Эл жыйылып келишти,
Кошумча жардам беришти.
«Тапканыбыз ушу» – деп,
Дадаңбайды көмүштү.
«Бул Телибай оңбойт» – деп,
«Дегеле адам болбойт» – деп,
«Акыры бизди жок кылат,
Анан бизди койбойт» – деп.
Телибайды алышты,
Алыс жерге барышты.
Кийимин дырдай чечтирип,
Жылаңачтап салышты.
Агалары мындай дейт:
«Тоого чыгып барабыз,
Томкоруп алтын алабыз,
Бай болуп жыргап калабыз.
Алтын алып кулатсак,
Алтын келет жаркырап,
Кучактап кал алтынды
Карап турбай алсырап.
Карап тургун көргөндө,
Басып калгын келгенде!»
Телибай буга ынанды
Келгенде карап турабы.
Агалары барышты,
Отунду арбын алышты.

Казандай ташты **чок** кылып,
Аябай отту жагышты.
Өлтүрүүгө Телибайды
Кептери бүтүп калышты.
Таш кызарып болгон соң,
Көңүлүнө толгон соң,
Телибай деп чакырды.
Токтобостон бакырды:
- Акылы жок ит элең,
Аянып мындан калба – деп.
Таш барып түзгө барганда,
Басып калды кучактап.
Акмактыгын мындан бил,
Аяныч жок кылчактап.
Териси ташка жабышты,
Тентектин эбин табышты.
Анда Телибай кеп айтат:
- Аянбаймын, – деп айтат.
Эки акем мында келгенче,
Эрдигимди көргөнчө,
Ыркырасаң ыркыра,
Шыркырасаң, шыркыра.
Эрдик кылар салтым – деп,
Коё бербейм алтын – деп.
Күйүп жатып жан берди,
Акмакты мындай ким көрдү!

## СӨЗДҮК

кепин кылар бөз
мата
челпек
эмгеги (баланын эмгеги)
ириң
чубалжык куйрук көк чунак
кудук
чалгыч
камыш
бүркөнчөк
чок

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Керектүү таштын оордугу жок.
Жаш кезде берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү.
Билгенден биле элегиң көп, көргөндөн көрө элегиң көп.
Илим – ийне менен кудук казгандай.
Боор ooруса, боорго тебет.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Үймөлөктөшкөн жөжөлөрдү,
Үймөлөктөшпөгөн жөжөлөр,
Үшүн алып үркүттү.

Оймокту ортого коймокмун,
Ортого оймокту коймокмун,
Кайсыл оймокту ортого коймокмун.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Сабак-сот: Телибайды соттоо
2. Текстти талкуулоо үчүн оозеки суроолор:
   - Кыргыздардын сөөк көмүү салты кандай болгон?
   - Атасы өлгөндө баласы эмне кылуу керек эле?
   - Апасы уулу Телибайды эмнеге жумшады?
   - Телибай эжесине кабар айтып барып, салт билбегенин кандайча көрсөттү?
   - Эжесинин баласын Телибей эмне үчүн өлтүрүп алды?
   - Телибайды эжеси эмне деп урушканын айтып бергиле?
   - Телибай коюнан кантип айрылды?
   - Телибайдын кудукка ун чылашы туурабы?
   - Камышты келин кылып кепинди ороп койгонун кандай түшүнөсүңөр?
   - Телибайды жок кылуунун амалын кантип табышты?

ОЙЛОНУП КӨРГҮЛӨ.
«Телибай тентекчилик» кайдан чыгат? Азыркы учурдун телибайлары кимдер?
Бул чыгарманын жалпы мааниси, автордун айтайын деген ою эмнеде?

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Тоголок Молдонун «Кемчонтой» поэмасын окуу жана аны «Телибай тентек» поэмасы менен салыштыруу.
2. Чыгарманын үзүндүлөрүн жаттоо.
3. Поэманын негизинде баяндоо дил баянын жазуу.
4. Телибай тентекке кластер түзгүлө.

## «ТЕЛИБАЙ ТЕНТЕК» ПОЭМАСЫ ТУУРАЛУУ

Тоголок Молдо адамдардын мүнөзүн, жүрүш-турушун кылдат баамдап, аларды жумшак күлкү менен шылдыңдап жазган акын. «Телибай тентек» жана «Кемчонтой» деген чыгармаларынын башкы каармандары кийин ылакапка айланып кеткен. Азыркы күнгө чейин айрым балдарды ата-энелери «телибай тентектенбе», «кемчонтойлонбо» деп урушуп жатканын угуп калабыз. Бул ал каармандардын эл арасына аябай сиңип кеткенин айгинелейт.

Телибай – акыл-эси кем гана эмес, өзүн өзү тарбиялабаган адам. Адам касиетине да жете электей. Малкиши сыяктуу.

Чыгармада кыргыз элинин ар түрдүү салттары, жөрөлгөлөрү да көрсөтүлөт. Телибай ошол салттарды тепсеп, тескери жасап, элден чыгып калат.

Автор бул чыгармасын балдарды, жаштарды оң жолго түшүрүү, туура жолго баштоо үчүн жазган. Сөзү күчтүү, каармандын жоруктарын күлкүлүү кылып ачып бергендиктен бул чыгарма узак жылдардан бери мектептерде окутулуп келе жатат.

*Алтымышынчы сабак*

## СӨЗ ӨСТҮРҮҮ ЖУМУШТАРЫ

1. Өтүлгөн чыгармалар боюнча байланыштуу текст түзүү жумуштары:

а) бул чейректе окулган чыгармаларды эстеп, бул ойлорду улап баяндама жазгыла:

Лагердеги чатырлардан тышка чуркап чыгабыз…

Жаалданбай тура тур, жамгырым жерге төгөйүн…

Кан жайылган бир жак ныптасын кармана, Авалбектин атасы…

Карып кеткен кезинде, бала көрдү Дадаңбай…

б) сүрөттү карап (сүрөттө Таластын Шекер айылы, андагы Манас-Ата чокусу тартылган) чакан эссе жазгыла.

в) Авалбектин абалын түшүндүрүп, «Мен Авалбек…» деген дил баян жазгыла

г) бул сөз айкаштары боюнча сүйлөмдөрдү түзгүлө: Алып барды молдого…; Бир топ бала ойношуп, жүрүптүр музоо кайтарып…; Эч болбосо үйүңдө челпек кылар унуң жок… Көп камышка барыптыр…

д) Тоголок Молдо тууралуу маалыматтарды дептериңерге кыскача жазгыла.

2. Жаттаган макал-лакаптарыңардан, жаңылмачтарыңардан катыштырып бештен сүйлөм жазгыла.

3. а) Чакан дил баян жазуу. Темалардын бирин өзүңөр тандагыла:

Жаз. Жамгыр. Булут.
Кыргыз жеринин керемети.
Тоолорум – мекеним.
Телибай: акылсызбы, тентекпи?

б) Эсселерди улантып жазгыла:

1. Биз Телибай тентек менен жолугушуп калдык. Ал...
2. Тоолор – Кыргызстандан символу. Себеби...
3. Тоголок Молдо «Телибай тентек» поэмасында...

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Куш жаңылса, торго түшөт, эр жаңылса, колго түшөт.
Күз – күрөш, жаз – жарыш.
Куурдактын акесин төө сойгондо көрөсүң.
Күзүндө чыгынбаган, кышында жылынбайт.
Буудайдын барар жери – тегирмен.
Буюмдун кирин самын жууйт, көңүлдүн кирин акыл жууйт.
Жамгыр болбой, дан болбойт, тегирмен болбой, нан болбойт.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Ала улагымдын туягында аласы,
Ала улагымдын кулагынын тазасы ай.

Ала улагымдын туягынын аласы ай,
Ала улагымдын туяктарын, кулактарын карачы ай.

* * *

Обу жок Орунбайдын оолжуганын кара,
Орунбайдын обу жоктонуп оолжуганын сана.
Оолжуган Орунбай обужоктонуп,
Оодарылып атынан түшпөдүбү жана.

ЭЛДИК ИШЕНИМДЕР

Жеген тамакка түкүрбөйт.

Адамды ийнинен баспайт. Бул ийнинен басуу – башка адамдарды басынтуу, же жерге кир деп айтуу.

Адамдын башынан жаздыкты сууруп албайт. Жаздыкты сууруп алуу – өлгөн адамга теңөө, анткени өлгөн адамды ушундай кылат.

Идиш-аяк сынса, адамдын башынан айлантып-айлантып туруп анан «башы-көзүңөн садага» деп таштаган.

Алыс жолго адам кетерде нандан кертип тиштеп койгон, анан ошол нанды ошол бойдон сакташкан. Кайра келген соң баягы нанды сууга, же тамакка чылап сапардан келген адамга жедирген.

**! ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Жаратылыш темасындагы ырлардын негизинде аңгеме жазгыла.
2. «Телибай тентек» поэмасындагы эскирген сөздөрдү таап, маанилерин чечмелеп жазып келгиле.

***Алтымыш биринчи сабак***

## *БАРПЫ АЛЫКУЛОВ*
## (1884–1940)



1884-жылы азыркы Жалал-Абад облусуна караштуу Сузак районундагы Ачы деген айылда туулган. 1929-жылы катуу ооруп, ошондон кийин эки көзү тең көрбөй калат. Анын айтуусу боюнча элдик фольклордун «Кулмырза жана Аксаткын», «Жалайыр жалгыз» сыяктуу мыкты дастандары жазылып калды. Көзү азиз болсо да, көкүрөгү менен баарын көрүп-билген. «Шамал», «Ажал», «Адам», «От», «Дүйүнө», «Айт, айт, десе», «Ала-Тоо көркkө келбейт эл болбосо» деген сыяктуу философиялык ырлары анын ой жүгүртүүсүнүн кенендигин, кыргыз сөздөрүн мыкты колдоно билгендигин далилдейт. Барпы Алыкулов таалим-тарбияга түздөн түз үйрөтүүчү ырларды көп чыгарган. Анын ырларын жазып алуу 1943-жылдан башталган.

## ЖАКШЫ КЫЗ

Сайраган жайкы булбул –
Гүлдүн көркү.
Жаркырап жайнаган кыз –
Үйдүн көркү.
Жазында жайкалган чөп –
Дөңдүн көркү.
Сулуу кыз суктандырган –
Төрдүн көркү.
**Далида сындап өргөн**
Кара чачы.
Маңдайга келишимдүү
**Калем кашы.**

Жакшы кыз –
Жайкы таңдай
Үйдүн куту.
**Аңкыган гүлбурактай** –
Кыздын жыты.
**Берметтей жаркыраган**
Катар тиши.
**Келтирип сайма саят** –
Онун иши.
Ыракмат айтып кетет
Көргөн киши.

Ак бетке жарашыктуу
Кошмок калы.
Көз артат көрүп калган
Жандын баары:
Болот деп тагдыр буйруп
Кимдин жары?
**Оймоктой оозун** кара
Майин күлгөн.
Чолпондой көзүн кара
Таңда күйгөн.
Бир күлсө, сүйүнчүгө
Берер элем,
Кетсе да, өмүр бою
Тапкан дүйнөм.

Жакшы кыз –
Эне-атанын ырыскысы.
Турмуштун тунук, таза
**Уюткусу!**
Уккандар жалган дебес
Ырымды ушу.

## ӨЗҮ КААР, ТИЛИ ЗААР КЫЗ

Айылдан айыл **гезген** кыз,
Ата-энеден **безген** кыз.
Чарчабай басып жүргөн кыз,
Ушактын сөзүн сүйгөн кыз.

Уяты жок – **таскак** кыз,
Этек-жеңи **баткак** кыз.
Кашына көөнү сүрткөн кыз,
Кишинин баары үрккөн кыз.

Балтыры жоон күчтүү кыз,
Күрөктөй **орсок** тиштүү кыз.
Мойнуна баарын таккан кыз,
Момундар үчүн мастан кыз.

Жумуш кыл десе сулкуюп,
Сом темирдей жаткан кыз.
Он алтыда көпкөн кыз,
Озунуп өзү өпкөн кыз.

Ырысын жерге тепкен кыз,
Ымандан ыраак кеткен кыз.
Ушак айтып айылга
**Азандан** мурда жеткен кыз.

Нан ордуна аш кылат,
Ичкениңди таш кылат.
Айыбын айтсаң алкынып,
Сенден мурда кол сунат.

Буудай куурат тил менен,
Муунтат заар зил менен.
Өзү кара бул кыздын,
Тили заар бул кыздын.

Миңдин бири – ушундай,
Ушундайдан кутулбай,
**Кыжы-кужу** түгөнбөйт,
Кыздын көбүн күнөөлөйт.

ДИАЛЕКТИЛИК СӨЗДӨР
дали – далы
онун – анын
майин – акырын, жумшак
гезген – мааниси жок кыдыра берген (кезген)
мастан – жомоктугу желмогуз кемпир

## СӨЗДҮК

далида сындап өргөн
калем каш
аңкыган гүлбурактай
берметтей жаркыраган
келтирип сайма саюу
оймоктой оозу
уютку
гезген
безген
таскак
баткак
орсок тиштүү
азандан мурда жетүү
кыжы-кужу
өзөк болор
саресеп менен сүйлөгөн

## ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Кыз бала төркүнгө келгенде төргө өтөт.
Кыз бала чалкасынан жатпайт.
Кыз бала чач өстүрөр жесе, чачы өсөт.
Кыз бала чачын жайып жүрбөйт, аза күтүп калат.
Кыз бала чачын кыркпайт, чачын кыркса, ырысын кошо кыркат.
Кыз бала шилини тарап жесе, чачы өсөт.
Кыз бала шыйрак жебейт.
Кыз бала эл көзүнчө күзгүгө каранбайт.
Кыз бала эл көзүнчө чачын тарабайт.
Кыз бала эркек баланы теппейт.
Кыз бала эркектин алдынан кесип өтпөйт, андай кылса, жолун бууп коёт.
Кыз бала эркектин кийимин кийбейт.
Кыз балага баштын таңдайын берген кишиге ошол кыз сайма (кол жоолук) сайып бериши керек.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР


Керегелерди ашташтырдыңарбы?
Ууктарды машташтырдыңарбы?
Отургузгандарды жашташтырдыңарбы?

* * *

Тоодон түшүп таш кулап,
Томурайды кашкулак.
Тамаша кылды жаш улак,
Тайраландады башка улак.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Барпы Алыкулов тууралуу кандай маалыматтарды билесиңер?
2. Кыздардын жакшы жана жаман сапаттары боюнча Венндин диаграммасын толтургула:



3. Жакшы кыздын жана жаман кыздын ондон белгилерин табуу (таблица толтуруу):

| Жакшы кыздын белгилери | Жаман кыздын белгилери |
|---|---|
| | |
| | |

4. Адам сапаттарын ачып берүү үчүн акын колдонгон көркөм сөз каражаттары кайсылар?
5. Тексттеги диалектилик сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. «Мен билген жакшы кыз» деген темада макала жазып келүү.
2. Жакшы кыз жана жаман кыз тууралуу башка кыргыз акындарынын ырларын окуп, ал ырларды Б. Алыкуловдун ырлары менен салыштыруу.

***Алтымыш экинчи сабак***

## *БАРПЫ АЛЫКУЛОВ*

### БОЛОР ЖИГИТ

Киши болор жигиттин
Киши менен иши бар.
Өзү менен барабар
**Өзөк болор** киши бар.
Көлөкө жерге күн тийсе,
Көрө албайт экен ичи тар.

Адам болор жигиттин
Ак бетинде нуру бар.
Ар кимдерге ашкере
Айтылбаган сыры бар.
Алп мүчөгө жарашкан
Ак туйгундай сыны бар.
Андайларды айтууга,
Акындардын ыры бар.

Жакшы болор жигиттин
Жүрөгүндө мүлкү бар.
Ырыс толуп үйүнө
Тамаша менен күлкү бар.
Азгырсам деп мындайды
Аңдып жүргөн түлкү бар.
Сөзгө алынар жигиттин
Сарайында сынчы бар.
**Сарасап менен сүйлөгөн**
Сөздөрүнүн курчу бар.

Душманына калганда
Калемпир менен мурчу бар.
Сыпаттап айтып өтүшкө
Бизге окшогон ырчы бар.

Көзгө илинер эр жигит
Кедей да болсо малдуудай.
Чырмаган дартка карабай,
Чабал да болсо алдуудай.
Чындык сөзүн бетке айтат,
**Чангеттен** аккан шар суудай.

**Шагдам** болор жигиттин
Шаарга бербес эрки бар.
Алыстан келген душманга
Арстандай көркү бар.
Күйүп турган жалындап,
Жүрөгүндө өртү бар.
Элди сүйгөн жигиттин
Эндүү болот мандайы.
Чаласы жок ишинин
Чечен болот таңдайы.
Ушундайды көрө албайт
Деги, ушакчынын кандайы?

Жигиттин иши эл менен,
Элдин иши жер менен.
Эл аралап, жер басып
Эрикkende бир келем.
Эр жигиттен сөз баштап,
Эрмек болуп мен берем.
Эси бар жигит жол тапсын,
Эки ооз ушул термеден.

## БОЛБОС ЖИГИТ

Киши болбос жигиттин
Киши менен иши жок.
Жакын тартып өзүнө
**Жан ачытар киши** жок.
Теңтуш менен сүйлөшүп
Отурушка **кушу жок.**
Тууганды тууган билбестен
Иштегени доомат-док.
Адам болбос жигит бар,
**Бозодо салат жаңжалды,**
**Керилип сунат чаңгалди.**

Орундатпайт жумушун,
**Тозутат** күткөн турмушун.
Жети бөлөк кыялы,
Жериге тиет зыяны.
Жүргөн жерин чыр кылып,
Элине тиет зыяны.

Сөздөн калар жигиттин
Күндө бүтпөйт урушу.
Конок келсе жазылбайт
**Маңдайынын тырышы**.
Арагын ичип, шишесин
Ташка уруп талкалайт.
Көрдүбү мени дегенсип
**Көң дөбөдө** чалкалайт.
Улуунун укпай сөзүнү,
**Шүмшүк** кылат өзүнү.
Ичерине аш таппай
Жалдыратат көзүнү.

Болбос жигит терс басат,
Терстигинен эл качат.
Адамсынып короёт,
Өзүнөн өзү зороёт.
Иште деген кишиге
Жеп ийчүдөй ороёт.
Туугандан, достон ажырап
Өрттөнгөн бактай сороёт.
Минтип жүрсө андайдын
Иши кайдан оңолот?
Элден, жерден калган соң,
Эссиздикке барган соң,
Эки болбой жоголот.

## ЭР ЖИГИТКЕ СЫН

Эр жигиттин жакшысы
Сөзүндө болбойт жалганы.
**Оймок ооз, кумар көз**
Өзүнө теңтуш алганы,
Ичинде калбайт арманы.

Эр жигиттин жакшысы
Кеңешин элге билгизет.
**Береке-паиз** киргизет.
Элине пайда тийгизет,
Артык доор сүргүзөт.
Жигиттердин жаманы

Айылдашын күйгүзөт.
Күндө чатак көп кылат,
Жаш башын мурда карытат.
Жакындарын кайитат,
Түйшүктү катуу көрсөтөт.
Ачуусу келсе булкунат,
Айылга күндө чыр кылат,
Көрүнө залал тийгизет,
Көп адамды күйгүзөт.
Карды тойсо мардаңдайт,
Мактап койсо аз гана
Көчөгө батпай дардаңдайт.
Тойгон күнү шаттанат,
«Оңой оокат кылам» деп,
Аялына мактанат.
Эр жигиттин жакшысы
Элдин ишин тууралап,
Жылдан жылга чыйралат,
Кишиге кылбай кыянат.
Өзүнөн улуу кишиден
Адеп сактап уялат.
Айткан сөзү орундуу
Бекемдиги билинет.
Топ жыйындын ичинде
Чечендиги билинет.
Элине жагат кыялы,
Эч кимге тийбейт зыяны.
Жигиттердин жаманы
**Сөз талашып такымдайт**
Өзүнүн сөзүн макулдайт.
Карындаштан жат болот,
Абийири кетип ачылат.
Жатындаш тууган бар болсо,
«Акым көп», – деп асылат.
Жөнөкөй тууган кишиге
Тийиштик кылып катылат.
Бузуктукту иштөөгө
Көңүлүн бурат, шашылат.
Эркин өссө эр жигит,
Эр намысын талашат,
Тууганына туу болот.
Душманына калганда,
Чылап койгон уу болот.
Болбой турган жигиттин
Өзүндө турат айыбы –

Уйкудан көзү ачылбайт.
Ол жигиттин жаманы
Кылган иши арбыбайт.
Өмүрүндө жарыбайт,
Жакындаса бирөөгө
Кийинки жылы таанылбайт.
Эр жигиттин жакшысы
**Каалгалуу коргондой**.
Кадыр канат болгондой,
Казынасы толгондой.
Тоо тиреген түркүктөй,
Бөрүнү алчу бүркүттөй,
Башкарат элин үркүтпөй.

Эр жигиттин жаманы
Ашыгып кетип алп сүйлөйт,
Адамдарга калп сүйлөйт.
Эр жигиттин жакшысы
Жылдан жылга чыңалат.
Болжолу менен сөз сүйлөп,
Элинен дайым сый алат.
Кайраты артык шер болот,
Калкына пейли кең болот,
Кадырлуу сөзү эм болот.
Эр жигиттин иши эл менен
Кеңештүү сөзүн билгизет.
Кенебей келген душманга
Керилип найза тийгизет.

ЭНЧИЛҮҮ АТТАР
Чаңгет – Сузак районундагы жердин жана суунун аты

ДИАЛЕКТИЛИК СӨЗДӨР
шагдам – чечкиндүү, тез
чаңгал – чеңгели
жериге – жерине
сөзүнү – сөзүн
өзүнү – өзүн
көзүнү – көзүн
пайиз – береке, ырыскы, ырыс
кайитат – кейитет
сынчы – үйдүн ылай дубалдары
бышык турсун үчүн араларына
каршы-терши коюлган түркүк

## СӨЗДҮК

өзөк болор
сарасап менен сүйлөгөн
шалгам
жан ачытар киши
кушу жок
бозодо салат жаңжалды
керилип сунат чаңгалди
тозутат
маңдайынын тырышы
көң дөбө
шүмшүк
оймок ооз
кумар көз
сөз талашып такымдайт
каалгалуу коргондой.

## МАКАЛГА АЙЛАНЫП КЕТКЕН ЫР САПТАРЫ

(*буларды жаттагыла*)

Сайраган жайкы булбул –
Гүлдүн көркү.
Жаркырап жайнаган кыз –
Үйдүн көркү.
Жазында жайкалган чөп –
Дөңдүн көркү.
Сулуу кыз суктандырган –
Төрдүн көркү.

* * *

Жакшы кыз –
эне-атанын ырыскысы.
Турмуштун тунук, таза
Уюткусу!

* * *

Киши болор жигиттин
Киши менен иши бар.

* * *

Адам болор жигиттин
Ак бетинде нуру бар.
Ар кимдерге ашкере,
Айтылбаган сыры бар.

* * *

Жакшы болор жигиттин
Жүрөгүндө мүлкү бар.
Ырыс толуп үйүнө
Тамаша менен күлкү бар.

* * *

Элди сүйгөн жигиттин
Эндүү болот маңдайы.
Чаласы жок ишинин
Чечен болот таңдайы.

* * *

Жигиттин иши эл менен,
Элдин иши жер менен.

Киши болбос жигиттин
Киши менен иши жок.

* * *

Сөздөн калар жигиттин
Күндө бүтпөйт урушу.
Конок келсе жазылбайт
Маңдайынын тырышы.

* * *

Эр жигиттин жакшысы
Сөзүндө болбойт жалганы.

* * *

Эр жигиттин жакшысы
Кеңешин элге билгизет.

* * *


Эркин өссө эр жигит,
Эр намысын талашат,
Тууганына туу болот.
Душманына калганда,
Чылап койгон уу болот.

* * *

Эр жигиттин жаманы
Ашыгып кетип алп сүйлөйт,
Адамдарга калп сүйлөйт.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Жигиттердин жакшы жана жаман сапаттары боюнча Венндин диаграммасын толтургула:




2. Төмөнкү таблицаны аягына чейин толтургула:

| Адамдын оң адептик сапаттары | Адамдын терс адептик сапаттар |
|---|---|
| сабырдуу | шашма |
| айкөл | колу тар |
| эмгекчил | жалкоо |
| чынчыл | калпычы |
| таза | балит |
| токтоо | кырс |
| сөзүндө турган | убадасын аткарбаган |
| . . . | . . . |

3. Эмне үчүн адамдар жаман жана жакшы, болор жана болбос болуп чыгат?
4. Сенин оюңча жаман сапаттарга ээ балдарды кантип жакшы сапаттарга өткөрүү керек?

5. Төмөнкү салыштыруулардын маанисин кеңири ачып бергиле:

Каалгалуу коргондой.
Кадыр канат болгондой,
Казынасы толгондой.
Тоо тиреген түркүктөй,
Бөрүнү алчу бүркүттөй,
Башкарат элин үркүтпөй.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Ырларды толук, кыраатты менен окугула.
2. «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген темада эссе жазгыла.
3. Эр жигит деген сөзгө кластер түзгүлө.

## АЛП АКЫНДЫН АЖАЙЫП ЫРЛАРЫ

Барпы Алыкул уулу куйма кулак, сөздүн мыктыларын билген жана аларын ырларына кошо алган акын болгон. Осмонкул Бөлөбалаев ага «Жарышка түшсө жел менен, жаактуу пенде жеңбеген» деп баа берет. Өзү болсо «Ак кымкаптан тон албайм, ак күмүштөн сом албайм, ар кимди барып бир мактап, ары жок ырчы боло албайм» деп акындык өнөрүн акчага, байлыкка сатпастыгын жарыя кылган. Андыктан да өмүр бою кедей жашап, кыйналып күн көрдү. Байлык топтободу, бийлик адамдарын мактабады. Бирок ал жаштарды жакшылыкка насааттады, байлыктын адам көзүн караңгылатар касиетин сөз менен айтып берди. Чыгармалары аркылуу ачкөз, алдамчы дин кызматкерлерин да ашкерелеген. Тилинин жатыктыгы, аваздуулугу, лексикалык байлыгы – анын чыгармачылык бөтөнчөлүгү болгон. Көзү азиз болгону менен көкүрөгү чечен болгон.

Акын таалим-тарбияга түздөн-түз үйрөтүүчү дидактикалык маанидеги ырларды көп чыгарган. Ал ырларын кагазга жазган эмес, куюлуштуруп төгүп кете берген. Мында акын «балдар, ай» деген редифти (ар бир сап аягында кайталанып келүүчү сөз) колдонуу менен ушул айткандарымды балдар уксун, эсине алсын, дилинде сактап жүрсүн деп айткан. Ырлары жеңил окулат, уйкаштыктары шыр кетет. Өзү жашаган доорго ылайык кандай сапаттарга ээ болгон адамдар жакшы болорлугу көрсөтүлүп, андай адам болуу үчүн кандай жүрүм-турумдарга жетишүү керектиги насааттaлат.

Барпы Алыкул уулу айткан оң сапаттар – бирөөнүн үстүнөн күлбөө, кичи пейил, эмгекчил болуу, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо ж. б. жүрүм-турум эрежелери. Бул жагынан Барпы Алыкуловго окшогон элдик акындар элдик педагогдор катары журт ичинде кадыр-барктуу болгон, булардын сөздөрүн адамдар жаттап алышып, балдарды тарбиялоодо пайдаланып муундан муундарга айтып келген.

### Адабият теориясынан

## САНАТ-НАСЫЯТ, ҮЛГҮ ЫРЛАРЫ

**Санат-насыят ырлары** – кыргыз элинин оозеки адабиятында кеңири тараган чыгармалар. Мындай ырларда белгилүү бир каармандар, сюжет, окуялар жок, жөн гана элдин турмуш-тажрыйбаларынын жыйынтыгы берилет, бул же тигил жаман-жакшы сапаттар саналып өтүлөт жана ошонун өзүнөн адамдарды оң сапаттарга үгүттөө идеясы көрүнөт. Мисалы,

Айталбаган сөз үчүн
Оозуңду бекер ачпагын.
Мактаганга март болуп,
Оокатыңды чачпагын.
Колдон келер иш болсо,
Коркуп, бекер качпагын.
Мурунку жаман ишиңди
Кийинки жерде таштагын.
Жолдош болбо коркокко,
Жүк артпагын торпокко
Иш кылдырба чоркокко.
Күлүк минсең күүлөнүп,
Эки жагың каранба
Көйрөң атка коносуң,
Көрүп калган адамга.
Сурап ичкен тамагың,
Суу ичкен менен барабар,
«Сук» атанып, айлыңа,
Суук болбо жаш балдар!

(*Т. Сатылганов*)

Бул келтирилген үзүндүдө толуп жаткан турмуштук көрүнүштөр саналып, автордун жалпылаштырылган ойлору, адамдарга болгон көз карашы көрүнүп турат. Мындай ырлар Калыгул, Тоголок Молдо, Барпы, Жеңижок ж. б. элдик акындардын чыгармачылыгында кеңири учурайт. Төкмөчүлүк өнөрдүн ашкере чеберлери, сөз кору, ой жүгүртүүсү өтө бай, нускалуу акындар гана санат-насаат ырларын бийик деңгээлге чыгара алышкан.

*Алтымыш үчүнчү сабак*

## ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ САБАГЫ

**Болжолдуу темалар:**

1. Аталар сөзү – акылдын көзү.
2. Жигиттердин сыны (Б. Алыкуловдун ырларынын негизинде).
3. Кыздардын сыны (Б. Алыкуловдун ырларынын негизинде).
4. Канткенде адам жакшы болот.
5. Жакшы болуш – аста-аста, жаман болуш – бир паста.
6. Кандай адамды жакшы адам дейбиз?
7. Мен билген жакшы жана жаман адамдар.
8. Жалаң бир гана тамга (мисалы, *с*) менен башталган сөздөрдөн турган сүйлөмдөр менен дил баян жазуу.
9. Терезеден көрүп турган нерселерди сүрөттөп дил баян жазуу.

**Тапшырмалар:** Бүгүн эрте менен мектепке келе жатып көргөн нерселерди элестетип дил баян жазуу, аны жалпы класста талкуулоо.

Кечинде телевизордон көргөн нерселериң тууралуу ойлоруңду жаз.

Дил баянды кантип жазуу керектиги тууралуу мугалимиң менен дагы кеңеш ж. б.

## ОРУС КЛАССИКАЛЫК АДАБИЯТЫНАН

***Алтымыш төртүнчү сабак***

### *АЛЕКСАНДР СЕРГЕЕВИЧ ПУШКИН*
**(1799–1837)**

Орус элинин акыны А. С. Пушкин «Кечинде жомок угам жана ошону менен каргыш тийген тарбиямдын кемчиликтерин толуктайм. Эмне деген укмуш, бул жомоктордун ар бири өзүнчө жаткан поэма», – деп айткан. Ал элдик жомокторду кайра иштеп чыккан. Алардын бири мына ушул «Балык жана балыкчы тууралуу жомок». Аны кыргыз тилине Узакбай Абдукаимов которгон.

### БАЛЫК ЖАНА БАЛЫКЧЫ ТУУРАЛУУ ЖОМОК

I

Көк деңиздин боюнда
Бир кемпир, чал болуптур.
Жер тамда алар турганга
Отуз үч жыл толуптур.
Чал деңизден күнүгө
Балык уулап жүрчү экен.
Кемпир дайым үйүндө,
**Ийик ийрип** турчу экен.
Чал бир күнү эртелеп,
Деңизге барып тор салды,
Тартып алса энтелеп,
Илип чыкты чөп-чарды.
Экинчи жолу абышка
Салса торун деңизге,
Толуп чыкты камышка.
Үчүнчү жолу тор салса,
Илинип чыкты бир балык.
Жөн балыкка окшобойт,
Алтын экен караса.



Кишиче сүйлөп жалынып,
Алтын балык кеп айтат:
«Коё бер мени, абышка,
Мен деңизге кетейин,
**Кунум** үчүн мен сага,
Тилегениң берейин».
Абышкага ошентип,
Алтын балык сөз салды,
Эси чыгып калтырап,
Абышка кыйын таң калды.



Отуз үч жыл абышка,
Сүйрөп сууга тор салган,
Кишиче сүйлөйт балык деп,
Кулагы такыр чалбаган.
Жиберип алтын балыкты,
Жумшактап ага сөз айтты:
«Алтын балык, барагой,
Берүүчү дүйнөң албасмын.
Көк деңизде сайрандап,
Эркин ойноп жүрөгой».

II

Үйүнө ылдам чал кайтты,
Кемпирге укмуш кеп айтты:
«Бүгүн бир балык кармасам,
Жөн балыкка окшобойт,
Алтын экен карасам.
Сүйлөгөн бизче сөзү бар,
Коё бер суугa деп сурайт.
Кунум үчүн мен сага
Берейин баарын деп сурайт.
Коё бердим балыкты,
Суроого оозум барбады.
Кемпир чалды каргады:
«**Алжыган** акмак, абышка,
Балыктан кун албапсың,
Биздики кыйрап калды эле,
Жок дегенде оңбогур,
Бир **тепши** сурап албапсың!»

## СӨЗДҮК

ийик ийрип — алжыган
кун — тепши

**СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Силер А. С. Пушкин тууралуу кандай маалыматтарды билесиңер?
2. Жомок деп кандай чыгармаларды айтабыз?
3. Бул сөздөрү менен каармандарды мүнөздөгүлө:

| Алтын балык | Абышка | Кемпир |
|---|---|---|
| Кое бер мени, абышка,<br>Мен деңизге кетейин,<br>Кунум үчүн мен сага,<br>Тилегениң берейин. | Берүүчү дүйнөң албасмын.<br>Көк деңизде сайрандап,<br>Эркин ойноп жүрөгой.<br>Алтын балык, барагой, | Алжыган акмак, абышка,<br>Балыктан кун албапсың,<br>Биздики кыйрап калды эле,<br>Жок дегенде оңбогур,<br>Бир тепши сурап албапсың! |

4. Кемпир эмне үчүн болгону бир тепши сурап жатат?
5. Жомоктун негизинде тартылган сүрөттөр боюнча сүйлөп бергиле.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Тексттин негизинде сүрөт тартуу.
2. Үзүндү жаттоо.
3. Балыкчы деген сөзгө синквеин түзгүлө.

***Алтымыш бешинчи сабак***

## БАЛЫК ЖАНА БАЛЫКЧЫ ТУУРАЛУУ ЖОМОК

(*Жомоктун уландысы*)

Абышка барды деңизге,
Караса, деңиз чайпалды.
Чакырып алтын балыкты,
Абышка туруп үн салды.
Алтын балык акырын,
Сүзүп келип сурады:
«Не керек сага, абышка?!»
Сылык сөз менен ийилип,
Кайтарды жооп балыкка:
«Балык төрөм, ырайым кыл,
Жектеп, каарып кемпирим,
Өткөрдү жаман катуу тил.
Кемпирге керек болуптур,
**Кир чайкоочу** бир тепши.

**Эбинен кетип бөлүнүп,**
Биздики сынып болуптур».
Балык жооп кайтарат:
«Капа болбой бара бер,
Тепшиңер кайта жаңырат».
Кайтса үйүнө абышка,
Тепши жаңы болуптур.
Андан бетер кемпири
Алды катуу каргышка:
«Алжыган акмак, абышка,
Бир тепши араң сурапсың,
Тепшиде эмне касиет?
Аялдабай бат баргын,
Баш уруп сурап, үй алгын!»
Деңизге ылдам чал барды,
Көк деңиз бети карарды.



Жакындап келип жээкке,
Чал балыкты чакырды.
Сүзүп келип акырын,
Алтын балык сурады:
«Не керек сага, абышка?!»
Сылык сөз менен ийилип,
Кайтарды жооп балыкка:
«Балык төрөм, ырайым кыл,
Кемпирим катуу тилдеди.
Жолотпой үйгө кубалап,
Мага тынчтык бербеди.
**Долу катын буркулдайт,**
Жаңыраак чоң бир үй сурайт».

Балык жооп кайтарат:
«Капа болбой бара бер,
Үйүңөр кайта жаңырат».
Кайтса үйүнө абышка,
Жер үйдөн из да калбаптыр.
Көз алдында заңгырайт,
Жыгачтан салган чоң ак там,
Дарбазалар зыңгырайт,
Асыл кымбат жыгачтан.
Терезенин түбүндө
Отурган кемпир жинденди.
Жер-сууну айтып күйөөсүн,
Андан бетер тилдеди:
«Алжыган акмак, абышка,

Алганың барып бир үйбү?
**Баш уруп баргын** балыкка,
**Кара сөөк какшыган**
Дыйкан катын болбоймун.
Түбү түптүү жакшыдан
Дөөлөттүү катын боломун!»
Барды абышка деңизге,
Барса деңиз чайпалды,
Жакындап барып жээкке,
Чал балыкты чакырды.
Келип балык кеп сурайт:
«Не керек сага, абышка?!»
Сылык сөз менен ийилип,
Жооп берди балыкка:
«Балык төрөм, ырайым кыл,
Кемпир кайта жинденди,
Мурункудан бешбетер
Тилдеп, тынчтык бербеди.
Букара дыйкан болбойм дейт.
Түбү түптүү жакшыдан,
Дөөлөттүү катын болом дейт,
Муну кантем, жооп бер?»
Балык жооп кайтарды:
«Бар, кайгырбай бара бер».
Кайтса үйүнө абышка,
Чоң үй турат жаркырап,
Кемпири бийик олтурат,
Кийгени көздү уялтат.
Жакасы алтын, жеңи жез
Үстүндө бешмант кулпурат.
Алтын шакек колунда,
Акак, шуру мойнунда,
Саймалуу өтүк бутунда,
Сан кызматчы жолунда,
Санжыргалуу салтанат,
Санаасыз кемпир олтурат.
Төбө чачтан тик кармап
Кызматчысын дагы урат.
Абышка келип кеп айтат:
«Амансызбы, байбиче,
Бак-дөөлөт башка конуптур,
Айтканың мына келиптир.
Көңүлүң ыраазы болдубу?»
Кемпири чалга бакырды:
«Оокатын кылсын ары» – деп,





Атканага жиберди.
Бир-эки жума өткөн соң,
Кемпир кайта жинденди,
Жумшамак болуп балыкка:
«Барып **жүгүн**, абышка,
Байбиче болуп турбаймын,
Боломун эркин падыша».
Абышкадан жан чыкты:
«Сен катын жинди болдуңбу?
Же басканга бутуң келбесе,
Кой десе тилди албайсың,
Умтулба кемпир сен ага,
Сен падышалыкты булгайсың».
Кемпирдин келип ачуусу
Жаактан ары бир койду:
«Мен байбиче болсом жакшыдан,
Сен **мужук** болсоң какшыган,
Кербезденип кеп айтып,
Керишкенди ким койду?
Жакшылыкча деңизге
Барар болсоң, баргын бат,
Барбас болсоң, бул жерден
Дегдеңдетип апарат».
Деңизге кайта чал барды,
Көк деңиз бети карарды,
Жакындап келип жээкке,
Чал балыкты чакырды.

A СӨЗДҮК

кир чайкоочу
эбинен кетип бөлүнүү
долу катын буркулдайт
баш уруп баруу
кара сөөк какшыган
жүгүн
мужук

ИШЕНИМДЕР ЖАНА ТЫЙЫМДАР

Малдын жашын оозун ачып, тишин карап санап аныктайт.
Малдын көзүнчө сата турганын айтпайт.
Малдын көзүнчө соё турганын айтпайт.
Малдын төлүн башка кишиге көрсөтпөйт.
Малдын төлүн санабайт.
Малдын төлүнө көз артпайт.
Малы өлгөндө кайгырбайт, «малга көрүнүптүр», «жанга аралжы» деп коёт.

Малы өтө жакшы болуп, кокус союу же аргасыздан сатуу керек болсо, үй ээси ошол малдын кылынан жулуп калып, короого катып койгон.

Малы өтө жакшы болуп, кокус союу же аргасыздан сатуу керек болсо, үй ээси ошол малдын шилекейин кийимдеринин жакасына сүртүп койгон.

Малы өтө жакшы болуп, кокус союу же аргасыздан сатуу керек болсо, үй ээси ошол малдын шилекейин башка малдарынын башына сүртүп алган, бул анын тукуму үзүлбөсүн дегени.

Маңдайың кычышса – жолго чыгасың да жолуң болот.

Манжаларды кырсылдатпайт.

Мейман барда үй шыпыруу аны кет же жат дегендик.

**ОЮН УЧУРУ**

I.

1. Абышканын кийими (сүрөткө тарта коюу)
2. Кемпирдин кийими (сүрөткө тарта коюу)
3. Абышка-кемпир жашаган үй (сүрөткө тарта коюу)
4. Алтын балык (сүрөткө тарта коюу)

II. Ойлонбой жооп берүүчү аңгемелешүү:

- Абышка-кемпир кайда жашаган?
- Алар канча жыл жашашкан?
- Абышка эмне жумуш кылган?
- Кемпир эмне жумуш кылган?
- Бир күнү абышка кайда барды?
- Эмнеге барды? ж. б. ушундай жол менен суроо-жооп кете берет.

III. Текстти төрт түрдүү үн менен окуу (автор, балык, балыкчы, кемпир)

IV. Видеоматериал көрүү.

V. Топтордо иштөө: 1) иллюстрациялар менен. 2) мүнөздөмө берүү менен.

**СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

1. Бул чыгарма эмне үчүн «Балык жана балыкчы тууралуу жомок» деп аталат?
2. Адамдын тойбостугу, канааттанбастыгы тууралуу ой кандай берилет?

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Жомоктун мазмунуна ылайык макал-лакаптарды жазып келүү.
2. Жомоктун сүрөттөрүн пайдаланып, слайд жасоо.

***Алтымыш алтынчы сабак***

## БАЛЫК ЖАНА БАЛЫКЧЫ ТУУРАЛУУ ЖОМОК

(*Жомоктун уландысы*)

Алтын балык акырын,
Сүзүп келип сурады:
«Не керек сага, абышка?!»
**Баш уруп төмөн** балыкка,
Абышка жооп кайтарды:
«Балык төрөм, ырайым кыл!
Кемпир кайта бузулду.
Байбиче төрө болбойм дейт.
Болгон күндө эгерде,
Эркин падыша болом дейт».



Балык жооп кайтарды:
«Бар, бара бер, абышка,
Кемпириң болсун падыша».
Кайтса үйүнө абышка,
Үйлөр турат бир башка.
Алтын, күмүш кээ бири,
Ортодо болуп падыша,
Олтурган экен кемпири.
Кызматында төрөлөр,
Ичкени укмуш винолор.
Жегендери бал токоч.
Жанында **ай балталуу**,
Кароолу турат айбаттуу.
Кемпирден коркуп абышка,
Бутуна келип жыгылды.
«Аманбы, таксыр падыша?
Бак-дөөлөт башка кондубу?
Көңүлүң ыраазы болдубу?»
Чалга көзүн буруууга
Кемпири көңүл бурбады.
Айдап азыр чыгууга,
Кемпир көзүн ымдады:
Бай, төрөлөр жакалап,
Чалды эшикке сүйрөдү,
Сырттан чуркап кароолу
Коё жазды балталап.
Эл шылдыңдап күлүштү:
«Ким үйрөттү, абышка,
Мындай жерге жүрүштү?
Аңкоо, жаман билип кой,
Сен басар жер бир башка».
Күн өтүп, айга созулду,
Кемпирдин түрү бузулду,
Сарайдан киши чаптырды,
Күйөөсүн издеп таптырды:
«Угуп тур, жинди абышка,
Барып **жүгүн** балыкка,
Болгум келбейт падыша,
Көл дарыяны ээлесем,
Деңиз болсо мекеним.
Алтын балык алдымда
Жумшачу болсо **нөкөрүм**».
Абышка ооз ачпады,
Бирдеме деп айтууга
Жүрөк коркуп, батпады.
Келсе абышка деңизге,
Капкара катуу бороон бар.
Күрүлдөп көккө чамынып,
Сүрүлүп жүрөт толкундар.
Үн салды чал балыкка,
Сүзүп келип акырын,
Алтын балык сурады:
«Не керек сага, абышка?!»
Сылык сөз менен ийилип:
«Балык төрөм, ырайым кыл,
Каргыш тийген катынга,
Кандай айла кылайын?
Падыша катын болбойм дейт,



Көк деңиз болсун мекеним,
Алтын балык алдымда
Кызматчы болсун нөкөрүм».
Абышка айтып токтоду,
Балыктан жооп болбоду.
**Куйругун сууга чапты** да,
Деңизге кирип жок болду.
Көпкө турду абышка,
Жооп күтүп жалдырап.

Болбогон соң эч кабар,
Кайтты үйүнө шалдырап.
Мурдагы түргө келиптир,
Орноп кайта эскиси,
Жер тамдын кирер оозунда
Отурган экен кемпири,
Алдында жатат бөлүнүп,
Баягы сынык тепшиси.



Сүрөттөр И. А. Цыганковдуку

## СӨЗДҮК

баш уруп төмөн
ай балталуу
жүгүнүү
нөкөр
куйругун сууга чабуу

## МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Кордук – оору, мундук – өлүм, зарлык – жокчулук.
Муңдуу жүргөн адамга мукамдуу айткан ыр жакшы.
Санаа – саргайтат, убайым – картайтат.
Азапка чыдасаң жашоону үйрөнөсүң.
Азапты тарткан билет, жүктү арткан билет.
Аз кайгыны аш басат, көп кайгыны дос басат.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Базардан Базарбай базарлык алды,
Базарбайдын базарлыгын базардан Базаргүл алды,
Базаргүл Базарбайдын базардан алган базарлыгын балдарына алып барды.

* * *

Беш бала «беш» алат,
«Беш» алган беш бала,
Беш алманын жанына барат.
Беш алма «беш» алган беш баланы
Башына чыгарып алат.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Бул жомок эмне үчүн бир топ кылым өтсө да кайра-кайра китеп болуп чыгып, эл тарабынан окулуп келе жатат?
2. Орус тилиндеги түп нуска менен айрым сөздөрдү салыштырып чыккыла:

| Орусчасы | Кыргызчасы |
|---|---|
| | |

3. Чыгарманын сюжетин айтып бергиле?
4. Чыгарманын тексттин ролдошутуруп окугула.
5. Ар бир каармандын сөзүн талдагыла.
6. Кайталанган сөздөрдү тапкыла жана анын ролун белгилегиле.
7. Жомоктун негизинде инсерт таблицасын толтургула.

## ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ

1. Жомоктун негизинде тартылган сөлөкөт фильм көрүү.
2. А.С.Пушкин дагы башка жомокторун окуп чыгуу.
3. «Балык жана балыкчы тууралуу жомоктун» негизинде азыркы турмуш тууралуу ой жүгүртүү дил баянын жазуу.
4. Жомоктун сюжетине негизденип сүрөт тарткыла.

## «БАЛЫК ЖАНА БАЛЫКЧЫ ТУУРАЛУУ ЖОМОК» ЖӨНҮНДӨ

А. С. Пушкин – орус элинин эң эле таланттуу акыны. Ал орус сөзүн чеберчилик менен колдонгон, өзү да тилге жаңы сөздөрү киргизген. Бул поэма шыр окулат, уйкаштары жеңил, ыргактуу. Анын кыргызча котормосу да көпчүлүккө жагат. Мезгилдер өтүп, доорлор алмашып, көз караштар өзгөрсө да, бул жомокко кызыгуу токтогон жок. Себеби анда ачкөздүк, ичи тарлык, байлыкка тойбостук сыяктуу түбөлүктүү маселелер көтөрүлгөн. Ошол пушкиндик доордогудай эле бүгүн да дүнүйө кууп, байлык артынан түшкөн адамдар толуп жатат. Акын ошолорго сабак болсун деп жазган. Бул жалпы элдик чыгармага айланган. А.С.Пушкин жомоктогу идеяны элден алып, жакшылып көркөмдөп кайра элге берген. Ач көз кемпирдей болбогула деген насаат айтылып келет жана кийин да айтыла бермекчи. Чыгарманын таасирдүүлүгү, улуулугу ушунда.

***Алтымыш жетинчи сабак***

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ОКУУ БОЮНЧА АҢГЕМЕЛЕШҮҮ

1. Бүт окуучулар окуп келген чыгармаларын кагазга жазышат. Ким көп окугандыгы билинет.

2. Андан кийин көпчүлүк окуп келген бир чыгарма талкууга алынат:

- сюжети (мазмуну) бир нече окуучу тарабынан уланып-уланып айтылат;
- башкы каармандарына мүнөздөмө берилет;
- чыгарманы айтып берип жаткандырдын кимиси көркөм айтып бергендиги калыстар тарабынан белгиленет;
- тексттеги түшүнүксүз сөздөр чечмеленет ж. б.

***Алтымыш сегизинчи сабак***

## ЧЕЙРЕКТИК КАЙТАЛОО

I. Төртүнчү чейректе өткөн темалар боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. «Балык жана балыкчы тууралуу жомоктун» сюжети.

2. «Класстын эң мыкты көркөм окуган окуучусу» наамы үчүн ушул чейректе жаттаган ырларды көркөм айтуу конкурсу.

3. «Балык жана балыкчы тууралуу жомоктогу» Абышка жана Кемпир: салыштырып талдоо.

4. Кыргыз акындарынын ырларындагы Ата Журт темасы (ырлардан цитата айтуу менен).

5. «Телибай тентек» деген чыгарманын окуялары.

6. Ырлардагы пейзаждык сүрөттөөлөрдүн таамайлыгы (А. Осмоновдун, М. Алыбаевдин, С. Эралиевдин чыгармалары боюнча).

7. Өтүлгөн темалардан үзүндүнү көркөм окуу.

8. Тоголок Молдонун «Телибай тентек» поэмасынын бир эпизодун инценировкалоо.

II. Өткөн чыгармалар, тексттер боюнча бири-бириңерге суроо бергиле жана жоопторду уккула.

III. Он синоним, он антоним сөз тапкыла жана үч омоним сөз таап, маанилерин жазгыла.

IV. Бири-бириңерди улап макал-лакаптарды айткыла.

V. Жаттаган чыгармалардан көрктүү окугула.

VI. Жаттаган жаңылмачтардан онду кыраат менен айткыла.

VII. Элдик ишенимдерден сурап жыйырмадан жазып келүү.

МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Билген суу ичет, билбеген уу ичет.
Эликтин мойнун ок кесет, эрдин мойнун жок кесет.
Мергендер тилейт кийикти, кийиктер тилейт бийикти.
Чымындуу жерде курт күчөйт, ырымдуу жерде дарт күчөйт.
Колунда талканы бар бала сүйгүнчүктүү.
Кушту жырткыч кылган тырмагы, кишини сүрдүү кылган мансабы.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Курут – куруду,
Курутту – унут.
Курутту куруттук,
Куруган курутту,
Кантип унуттук?

* * *

Курутту камышка куруттуңарбы,
Курутту камышка курутпадыңарбы?

* * *

Куурай куураган,
Куураганына кубангам.
Куураган деген куурайым,
Куураган тура ылайдан.
Куураган куурайды кууратпа деп,
Куурай сурангандыр кудайдан.

ЭЛДИК ИШЕНИМДЕР

Аш аякты аттабайт.
Аш аякты ыргытып бербейт.
Аш тактаны бийикке койбойт.
Ашарга келген киши күчүн аябай жакшы иштеп берет.

Ашарга келгендерди үй ээси мал союп, тамак кылып, конок сыяктуу тосуп алат.
Ашарга чакырылган киши барышы керек.
Ашардын жумушун карыялар баштап берет да, жаштар улантат.
Аш-тойлордо аны өткөрүп жаткан кишиге туугандары кошумча кошот.
Аш-тойлорду качан, кайда, кандай өткөрүүнү уруу аксакалдары чечет.
Ашуу-белдердеги обоо жайлар мазар катары эсептелип, ага сыйынышкан.
Ашуу-белдердин ээлери болот дешет.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ**

1. Бештен макал-ылакап жаттагыла.
2. «Жаратылыш жана Мен» деген темада чакан дил баян жазгыла.
3. Өтүлгөн чыгармалардан ролдоштуруп окугула жана сахналаштыргыла.
4. Окуу китебинде жазылбаган жаңылмачтардан онду таап жазып жана жаттап келгиле.
5. Элдик ишенимдерден жыйырмадай таап, жазып келүү.

*Алтымыш тогузунчу сабак*

## ЖЫЛДЫК КАЙТАЛОО ЖАНА ЖАЗУУ ЖУМУШТАРЫ

1. Кыргыз тилинде бир жомок айтып, аны талкуулоо менен баштагыла.

2. Быйыл окуган чыгармалардын негизинде кыргыз адабияты тууралуу жалпылап айтып бергиле.

3. Биринчи топ «Мекеним – менин Кыргызстан» деген темада кыска эссе жазгыла, экинчи топ «Быйыл мага жаккан чыгарма» деген темада дил баян жазгыла, эки топ биригип талкуулагыла.

4. «Менин сүйүктүү досум» деген темада быйыл окуган чыгармалардагы бир каарман тууралуу сүйлөп бергиле.

5. Мелдеш өткөрүү: Биринчи команда макалдын биринчи бөлүгүн айтат, экинчи команда анын экинчи жарымын таап, улап айтат жана бул тапшырмалар командалар арасында кезектешип жүрүп отурат.

6. «Класстын чечени» деген темада унутулган сөздөрдү эң мыкты колдонуп аңгеме айткан окуучуну табуу.

7. Командага бөлүнүп жаңылмачтарды, элдик ишенимдерди айтышуу боюнча конкурс уюштургула.

МАКАЛ-ЛАКАПТАР
Жабылуу аяк жабуусу менен калсын.
Жазгы суук жандан өтөт.
Жазда кылган мээнетти, кышта көрөт дөөлөттү.
Жазда магдырасаң, күздө жалдырайсың.
Жаздын бир күнү жыл азыгын берет.
Жайында жаткан, кышында катат.
Жакшы адам – жер эсебинен, жаман адам эл эсебинен жашайт.
Жакшы – ишке келет, жаман – ашка келет.

ЖАҢЫЛМАЧТАР
Тып-тып баскан тыйын чычкан,
Жерге барды тыйын чыккан.
Тыйын чыккан жерде тыйын чычкан,
Тамашага батты тыйындардан.

* * *

Бегиш менен эңишпе,
Бегиш жеңет эңиште.
Келдиш менен тебишпе,
Келдиш жеңет тебиште.
Келдиш келип эңишсе,
Бегиш келип тебишсе,
Мен жеңмекмин эңиште,
Бегиш жеңмек тебиште.

*Жетимишинчи сабак*

## ЖЫЛДЫК КАЙТАЛОО ЖАНА ЖАЗУУ ЖУМУШТАРЫ

1. «Кыргыздар жана жаратылыш» деген темада оозеки баяндап бергиле.
2. Мугалим сунуш кылган бир чыгарманы тандап алып, эски сөздөрдү колдонуп мазмунун айтып бергиле.
3. Бул жылы үйрөнгөн эң оор сөздөрүңөр кайсылар болгондугун дептериңерге жазып чыккыла.
4. Быйылкы жылы жаттаган ырларыңарды айтып бергиле.
5. Кайсы чыгармадагы кимдин образы жакты? Эмне үчүн? (Оозеки аңгеме).
6. Бир элдик ырды ырдоо менен сабакты аяктагыла.

МАКАЛ-ЛАКАПТАР
Баатыр – орток, кут – жалгыз.
Баатыр согушта, акыл ачуу келгенде, дос зарылдыкта сыналат.
Баатырга таяк да жарак.
Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт.
Баатыр болуп, бай болсоң, бүрдөп турган терексиң, баатыр болуп, жок болсоң, үрүп чыккан серексиң.
Баатыр жоодо мактанат, коркок үйдө мактанат.
Баатыр туулса – эл ырысы, жамгыр жааса – жер ырысы.

ЖАҢЫЛМАЧТАР
Жорунун жоругу жолдо калсын,
Жоболоңдуу жоругун жоготуп алсын,
Жоболоңдуу жоругун жоготпосо,
Жоголгур жоруң жаныбызга жакындабасын.

## ЖАЙКЫ КАНИКУЛ МЕЗГИЛИНДЕ ҮЙГӨ БЕРИЛГЕН ТАПШЫРМА

1. Кыргыз элинин макал-лакаптарынан, табышмактарынан, жомокторунан, жаңылмачтарынан, элдик ишенимдеринен жыйнап, дептериңерге жазып жүргүлө.
2. Синоним сөздөрдөн элүүнү жыйнап, дептериңерге жазгыла.
3. Ата-энеңер, досторуңар менен сүйлөшүп, аларга ыр, аңгеме, жомок, макал-ылакап, табышмак, жаңылмачтар айтып бергиле.
4. Эл арасында болгондо силер билбеген сөз болсо, маанисин сурай жүргүлө, унутуп калбас үчүн сөздүк дептериңерге, же компьютердеги (чөнтөк телефондогу) өз баракчаңарга жазып койгула.
5. Таза сүйлөгөн адамдар менен достошкула, алар менен мүмкүн болсо электрондук жана конверттүү кат жазышкыла.
6. Жайкы каникул мезгилинде жок дегенде он көркөм чыгарма жазгыла.

# МАЗМУНУ

## I ЧЕЙРЕК (18 саат)

Китеп – акыл казынасы . . . . . . . . . . 3

ЭЛДИК ЖОМОКТОР

Кыргыз элинин жомоктору тууралуу . . . . . . . . . . 8
Алтын куш (кыргыз эл жомогу) . . . . . . . . . . 9
Акыл Карачач (кыргыз эл жомогу) . . . . . . . . . . 15
Акылдуу дыйкан (кыргыз эл жомогу) . . . . . . . . . . 20
Өнөрлүү бала (кыргыз эл жомогу) . . . . . . . . . . 24
Адабият теориясынан: Жомок жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . 29

ЭЛДИК ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДАН

Макал-лакаптар . . . . . . . . . . 30
*Адабият теориясынан*: Макал-лакаптар жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . 34
Табышмактар . . . . . . . . . . 34
*Адабият теориясынан*: Табышмак жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . 36
Жаңылмачтар . . . . . . . . . . 37
*Адабият теориясынан*: Жаңылмач жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . 39
Апыртмалар . . . . . . . . . . 40
*Адабият теориясынан*: Апыртма – адабий жанр катарында . . . . . . . . . . 43

ЭЛДИК ЭПИКАЛЫК МУРАСТАН

«Манас» эпосу тууралуу . . . . . . . . . . 45
Манастын бала чагы . . . . . . . . . . 46
*Адабият теориясынан*: Салыштыруу жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . 55

## II ЧЕЙРЕК (14 саат)

АДАБИЙ ЖОМОКТОР

А. Токомбаев. Жетим менен сыйкырчы . . . . . . . . . . 58
Ч. Айтматов. Бугу эне . . . . . . . . . . 74
*Адабият теориясынан*: Диалог жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . 86
Т. Үмөталиев. Күч бирдикте . . . . . . . . . . 88
Ж. Садыков. Эненин жүрөгү . . . . . . . . . . 95
С. Рысбаев. Балык-балдар, же же көл жээгиндеги түнкү кум сепилдер . . 100
*Адабият теориясынан*: Адабий жомок жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . 113

## III ЧЕЙРЕК (20 саат)

КЫРГЫЗ ФАНТАСТИКАСЫНАН

К. Эсенкожоев. Үчүнчү шар . . . . . . . . . . 115
*Адабият теориясынан*: Илимий-фантастикалык чыгарма . . . . . . . . . . 126

ҮРКҮН ТЕМАСЫ

Ы. Шайбеков. Кайран эл . . . . . . . . . . 128
К. Баялинов. Ажар . . . . . . . . . . 134

*Адабият теориясынан*: Көркөм чыгармадагы пролог жана эпилог . . . . . 142
С. Өмүрбаев. Телегей . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 143
*Адабият теориясынан*: Көркөм чыгарманын тили жөнүндө түшүнүк . . . 153

УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ТЕМАСЫНАН

А. Осмонов. Неге кечигет? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .156
А. Осмонов. Бүкөн . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 157
С. Жусуев. Алакан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 160
Ч. Айтматов. Атадан калган туяк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 163
*Адабият теориясынан*: Аңгеме жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . . . . 170

ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА АДАМ

Карагул ботом . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .172
А. Токомбаев. Ай нурунда кышкы түн . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 179
А. Токомбаев. Жайкы таңда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 179
*Адабият теориясынан*: Көркөм чыгармадагы пейзаж . . . . . . . . . . . . 182

IV ЧЕЙРЕК (18 саат)

А. Осмонов. Ата Журт . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 184
А. Осмонов. Кыргыз тоолору . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 184
*Адабият теориясынан*: Салыштыруу жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү . . 186
Р. Шүкүрбеков. Тоо эчки . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 187
М. Алыбаев. Ала-Тоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 190
М. Алыбаев. Соң-Көл . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 190
М. Алыбаев. Тянь-Шань . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 191
С. Эралиев. Жамгыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 193
С. Эралиев. Булут . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 195
*Адабият теориясынан*: Ыргак (ритм) жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . . 197

ЭЛ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

Тоголок Молдо. Телибай тентек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 198
Барпы Алыкулов. Жакшы кыз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 214
Барпы Алыкулов. Өзү каар, тили заар кыз . . . . . . . . . . . . . . . . . . 215
Барпы Алыкулов. Болор жигит . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 217
Барпы Алыкулов. Болбос жигит . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 218
Барпы Алыкулов. Эр жигитке сын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 219
*Адабият теориясынан*: Санат-насыят, үлгү ырлары
жөнүндө түшүнүк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 225

ОРУС КЛАССИКАЛЫК АДАБИЯТЫНАН

А. С. Пушкин. Балык жана балыкчы тууралуу жомок . . . . . . . . . . . . . 227

О к у у  б а с ы л м а с ы

**Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич,**
**Асакеева Рейна Акматалиевна,**
**Кыдырбаева Бурулкан Алдаяровна**

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ**

5-класс

Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби

Редактору *С. Дуулатова*
Сүрөтчүсү *Б. Жайчибеков*
Көркөм редактору *Д. Тимур*
Корректору *Р. Бектурова*
Тех. редактору *В. Крутякова*
Дизайнери *Б. Тимуров*

Терүүгө 12.01.18-ж. берилди. Басууга 19.06.18-ж. кол коюлду.
Форматы $70\times100^{1}/_{16}$. Офсет ыкмасы. «Мектеп» ариби.
Көлөмү 15,25 ф. б. т. Нускасы 68 200. Заказ №

«Билим-компьютер» басмасында даярдалган.
720031, Бишкек ш., С. Ибраимов көчөсү, 24, 409.